


Рахим КАРИМОВ

Камила

Хр
С корр.
К 23

РАХИМ КАРИМОВ

КАМИЛА

Роман

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 472522

ОТДЕЛ
ХРАНЕНИЯ ФОНДОВ

«Шам»–2005
Бишкек

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7-4
К 23

Каримов Р.
К 23 Камила: Роман. — Б.: «Шам». 2005. — 272 б.

ISBN 9967-10-185-7

Романда Камиланын чоноюшу, атасын табышы, жаштардын сүйүүсү, турмуштун карама-каршылыгы адам жашоосундагы жакшылык менен жамандыкты автор чеберчилик менен ачып бере алган.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7-4

К 4702300100 / М 455 (11) — 2005 2005

ISBN 9967-10-185-7

© Каримов Р., 2005
© «Шам» басмасы, 2005

I ГЛАВА

I бөлүм

Камила ата-энесинин дидарын эч качан көргөн эмес. Ал таенесинин колунда өсүп, бойго жетти. Кыздын капкара көздөрү, каймактай аппак өңү таң атып келаткандагы толгон айды элестетер эле. Кыпкызыл эриндери анардын, капкара каштары өзүнүн чачтарынын түспөлүнө окшоп турчу... Анын келишкен сымбаты бойбашына жарашып, сулуулугуна табийгаттын өзү да көзү күйүп тургансыйт. Бирок ушул сулуулукту берген тагдыр аны башка жагынан мүчүтүп койгон эле. Ал жетимдиктин азабынан өксүк, турмушунан көп деле ыңгайлуу шарттарды күтпөгөн жарым көңүл капалуу маанайда чонойду. Таежеси Айбарчын согончогу канап, перзент көргөн эмес. Камиланы ымыркай кезинен өз кызындай бапестеп өстүрдү. Камила табиятынан ак көңүл, чынчыл, жөнөкөй мүнөздүү болуп бойго жетти. Ал өзүнүн энеси Гүландабегимге куюп койгондой окшош экенин ар кимден угуп калчу.

Маркум жогорку окуу жайында окуп жүргөн жылдары Максуд аттуу курсташын сүйүп калат. Шаардагы бай бүлөлөрдүн биринде туулуп-өскөн бул жигит да Гүланданы жанынан артык көрүүчү. Бирок маселе тойго барып такалганда, Максуддун ата-энеси уулунун айылдык жөнөкөй арабакечтин кызына үйлөнүшүнө караманча каршы чыгышат...

Гүланда энесинен өтө эле эрте жетим калган. Атасы да тез эле жарык дүйнөдөн кетти. Натыйжада кичине-

кей кыз алыс-жакын тууган-уруктун колунда өстү. Өзүнүн тырышчаактыгы, сезимталдыгынан жогорку окуу жайына киргенде ал өзүн дүйнөдөгү эң бактылуу адам деп эсептеген. Эх, эгерде кыз махабат дартына чалынып калбаганда өмүрү мынчалык эрте үзүлбөс беле?! Ким билет... Тагдырга айла жок тура...

Максуддун жалындуу көздөрү биринчи эле жолугушууда Гүланданын эркин ээлеп алган болчу. Жигит да каерде болбосун Гүланданын оттуу көздөрүн кезиктирчү. Максуддун көздөрү Гүланданын каректерине туш болгон сайын сүйгөнүнүн бажырайган чырайлуу көздөрүнө чагылышып, кумары күчөп кетчү. Алар көпкө чейин бирине өз махабатын көздөрү аркылуу гана билдирип жүрүштү. Бирок, барган сайын бул сезим алоолоп, чыдап болбос ооруга айланып бараткан эле...

Акыры пахта терим күндөрүнүн биринде Максуд жарылып кызга өзүнүн жүрөгүн ачты. Көптөн бери ушундай болорун күтүп, барган сайын жан дүйнөсү жалындап бараткан Гүланданы бул ачылыш биротоло өрттөп жиберди. Ошол учурда ал махабаттын демине мас болуп, өзүн жоготуп коё жаздап жүргөн. Дүйнөдө сүйүү менен сүйүүлүүдөн улуу бакыт барбы?!

Аттиң-аттиң... Максуд үйлөнүп жаткан учурларда Гүланданын ай-күнү жакындап калган эле. Ал улам өткөн күндөрдү эстеп, туш болгон тагдырына кайгырып, күнүтүнү ыйлады. Боюнан алдырып коёюн десе эми кеч болуп калган. Жатаканадагы жердештери курбусун алдапсоолап, аны сооротуп жүрүштү. Гүланда болсо төрөлө элек баласы бул дүйнөдө жапжалгыз калышын ойлоп, өзүн коёрго жер таппай жүрдү.

Түндөсү чакырылган «Тез жардам» аны төрөткканага жеткирип койду. Гүланда кезек-кезек «Максуд ака, Максуд ака» деп алаксый калып жатты. Кез-кезде апасын чакырып, кыйкырып ыйлап-сыктады... Ымыркайдын ыйлаган үнү угулганда таң атып калган эле. Бирок, Гүланда үчүн аалам карангы. Анткени бул учурда ал жарык дүйнө менен кош айтышып көз жумган эле...

II бөлүм

Шаардын саялуу-салкын, абасы таза бөлүгүндө жайгашкан эки кабаттуу ак сарайга баш багып карасаңыз көзүңүз күйөт. Бийик чынарлардын койнунда көшүлгөн бул имараттын жарык түсү түн бир убак болгонуна карабай карангылыкка бой бербей, аны өзүнөн оолактаткандай сезилет. Үйдүн короосунун дал ортосундагы оргумадан атылып чыгып жаткан мөлтүр суу көккө атылып, анан көлмөчөгө чумуп кетүүдө. Короо кооз гүлдөр, чоюн тосмолор менен көркөмдөлүп тосулган. Короого көз жиберсек, анда көптөгөн адамдар көрүнөт. Ыр-күүлөр жаңырат. Тойканадагы меймандардын көптүгүн айтпай эле коёлу. Биринин артынан экинчиси бийге түшүп, ызы-чуу, тополоң. Төр жакта жигит менен келин отурушат.

* * *

Төрөткканада ымыркай ыйлап жатты. Анын атасы да, энеси да жок эле. Эң өкүнүчтүүсү, бул шорлуу кыз энесинин эмчек сүтүн бир ууртам да татый албай калды. Анын улам чыңырып ыйлаганын апасы да, атасы да укпайт болчу. Эмесе ал кимге, эмне деп ыйлап жатат? Тилекке каршы, бул сурооо эч ким жооп бере албайт. Бир гана нөөмөтчү дарыгер ымыркайдын оозуна упчу салып сооротууга аракеттенер эле...

* * *

Күйөө баланын көңүлү негедир суз. Ал жанында олтурган куурчактай сулуу колуктусунун көздөрүнө тике карай албай башын жерге салып олтурат. «Күндөрдүн бир күндөрүндө ушунун баары өтүп кетет, унутулат» — деп өзүн-өзү сооротуп жатты ал.

Бирок, анын ата-энесинин кубанычы чексиз эле. Оо, алар элдин баарына белгилүү, шаардагы эң кадырлуу адамдардан эле. Максуд алардын тунгуч баласы. Дилфуза болсо бул үйгө келген алгачкы келин. Ким эле өз баласынын бактысыз болушун кааласын? Максудду алар көз карегиндей сактап, бапестеп багып өстүрүшпөдүбү. Алардын да өздөрүнө жараша максат-тилектери бар да. Кудалары

да түптүү жердин адамдары. Дилфуза болсо алардын эң кенже перзенти...

* * *

Тууган-уругунун баары колунда бар кишилер. Тойго бирөөсү да жөө келген жок. Баары иномарка «минип» келишти. Ушул маалани чет элдик машиналар басып кеткени кокустук эмес...

* * *

Али көздөрү ачылып-ачыла элек, кайда келип калганын да биле албаган ымыркай ыңгыранып, шишедеги сүттү соруп жатып уктап калды. Таң ата баштады. Бул кичинекей адамдын экинчи гана таңы болчу. Аны алдыда бир өмүрлүк жарык күндөр жана караңгы түндөр күтүп жаткан эле...

* * *

Эртең менен той да таркады. Бош калган короодогу ыпыр-сыпыр, ар жерде томолонуп жаткан арактын бош шишелери, узун-узун столдордо чачылып жаткан мөмө-чөмөлөрдүн калдыктары болбосо бул жерде той болуп эми эле таркап кетти деп ойлоого да болбойт эле. Бир гана үй кызматкерлери короону шыпырып-сыйрышып, идиш-табактарды жуун-тазалоо менен алектенип жатышты.

Бир аздан кийин эле келиндин бет ачары башталат. Септери жайылып коюлат. Кудалар келишет, айланадагы коңшу-колоңдор, тууган-урук келе башташат...

* * *

Ымыркай балким, түш көргөнбү, айтор бир нерседен чочуп ойгонуп кетти. Ойгонгонунда не пайда, аны асырап карап алчу апасы көз жумбадыбы.

Төрөтканадагылар, мында келип-кетип жаткан кары-жаштардын баары кечээтен бери Гүланданын аянычтуу тагдыры, анын жетим калган ымыркай кызы жөнүндө боор ачышып сүйлөшүп жатышты. «Жамандык кабар тез тарайт» деген ушул тура...

III бөлүм

Пакса менен урулган дубалдын үстүнө шак-бутактар ташталып, бир-эки карыш ылай менен басылган үй. Короонун айланасы эски-уску чүпүрөк-сапырыктар менен тосулган.

Урап түшөйүн деп араң турган бул кунарсыз үйгө баш баксаңыз, бул жерде эркек жоктугун дароо эле түшүнөсүз. Чындыгында эле Айбарчын эженин күйөөсү жок. Алар алда качан ажырашып кетишкен. Жети жыл жашап перзент көрө алышпады. Ошондон бери Айбарчын эже бул чоң короодо жапжалгыз жашап келе жатат. Ата-энеси каза болушкан. Синдиси шаарда окуйт. Аны акыркы жолу мындан жети-сегиз ай мурда көргөн. Айбарчын эже таң азанда туруп, намазын окуду да, кичи бөлмөсүнө чыкты. Кечээ анын көзү тартып, жүрөгү негедир ойноктоп турган. Түндөсү болсо синдиси Гүланда түшүнө кириптир. Ал кайра-кайра эжесин кучактап өөп, колуна алтын кулак сөйкө карматып жатыптыр.

Ушул учурда көчө жактан бир аялдын үнү угулуп калды:

— Айбарчын эже, ай Айбарчын эже!

— Мына баратам, ким экен бул?

— Бул мен, Назирамын.

— Кел, кел синдим. Кайсы шамал учуруп келди сени? Тынччылыкпы деги? Гүланда келген жокпу?

Назира үнсүз-сөзсүз турду. Анын көздөрүнөн салаа-салаа болуп жаш атып жатты. Айылдаш курдашы Гүлданын кокусунан көз жумганын эжесине кантип айтат? Ал өн-алеттен кетип бозоруп турду. Эриндери титиреп, эч нерсе айта албады. Назира бул шумдуктуу кабарды айта электе эле Айбарчын эже эстен танып, астанага жыгылды...

* * *

Бет ачарга келген катын-калач он алты бөлмөгө араң сыйды. Ар бир бөлмөнүн шыбында кымбат баалуу хрусталь асма чырактар. Кооздолгон дубалдар көздүн жоосун алат. Сеп жайылган экинчи кабаттагы үч бөлмөдө куда тараптан келгендер отурушат. Биринен-бири кооз, кымбат баалуу акыркы мода менен тигилген кийим-кечелер.

Дасторконун айта көрбө! Эсиң ооп кала жаздайт. Албетте, ушинтип төгүлүп-чачылып турганга не жетсин. Уул үйлөйбүз дешип Васила эже менен Мардан ака өмүр бою мандай терин агызышпадыбы. Ушундай кооз ак сарай ды куруп бүткөрүүнүн өзү эле не деген албан эмгек. Төрт баланын тарбиясычы? Үч уул, бир кызды чоңойтушту го, булар...

* * *

Жансыз Гүланданын сөөгүн ымыркай менен кошо кыштагына алып келишкенде маркумду көмүш үчүн кектүү нерселер даяр эле. Раматылык Садык арабакечтин үйүнө бүткүл кыштак көчүп келгенсиди. Адегенде жаназа окулду. Кыпкызыл баркыт тартылган төрдү Айбарчын эже олтуруп көз жашын мөлтүлдөтүп ыйлап-сыктады. Тууган-урук, коншу-колоңдор да боор толгоп көз жаштарын агызышты. Эх, ушул учурда Гүланда тирилип кетип, короодогу бешикте ыйлап жаткан ымыркайын бооруна кыссачы! Эй, дүйнө, дүйнө! Мынчалык таш боорсун!..

Жаназа окулуп бүтүп, кишилер сөөк салынган анбарды көтөрүшүп, көрүстөн жакка бет алышты. Күтүлбөгөн жерден талаа жактан шамал келип, даректардын бутактарын чайкалтып ымыркай кыз жаткан бөлөнчүнү тербетти. Бешиги эжесине бөлөнчүсү шамалга калган бул кызалак жүрөктөрдү эзип мынчалык кыйкырып ыйлабай турсачы!..

* * *

Бет ачтыга келген аялдардын дээрлик бардыгы бирдей кийинишкен. Башындагы жоолугунан баштап, бутундагы маасы-көлөчтөрүнө чейин коёндой окшош. Бир гана өңү-түсүнө, бою-башына карап аларды ажыратууга болор эле. Бирок, ар биринин тагдыры, түйшүктөрү жана кубанычтары ар түрдүү эле. Бири кичүү келини жөнүндө наалыса, экинчиси күйдүргүлүү абысыны тууралуу сүйлөйт. Кимдир бироо тапкан-туткан байлыгы менен мактанса, экинчиси уул-кыздары менен сыймыктанат. Кыскасы, күнү бою ичип-жеп, көңүл ачышып чарчаган аялдар. «Дасторкон кайгысына» түшүштү. «Тойго жеткизсин» деп дасторкондон бала-чакасы үчүн насип алышат. Кайната келинин колуна май салуу расмиси башталганда күн да батайын деп калган эле...

IV бөлүм

Айбарчын эже адаттагыдай эле эрте туруп, багымдатты окуп бүтүп, атасынан калган арабаны эшекке чекти. Уй саап, Камилага атала бышырып ичирди. Кызалак эми каз-каз басып калган эле. Арабага төшөкчө салып Камиланы отургузуп өзү да жанына жайгашты. Эшегин «кыкы» деп көчөгө бет алды. Ар күнү ушул ахывал. Айбарчын эже кудаанын куттуу: күнү Камиланы жанына алып, тамекизарга кетет...

* * *

Васила эже менен Мардан ака неберелүү болушту. Максуд уул көрдү. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн кубанычы көккө жетти. Ымыркайга Сиявуш деген ат коюшту. Бүгүн жаңы мейманды төрөтканадан алып келишмек. Ошого таң азандан бери даярдык көрүлүүдө...

* * *

Камила чынар астындагы арабада жатып уктап калды. Томолок колунда бир сындырым нан. Чайнап-чайнап уктап кетиптир бечара. Айбарчын эже алысыраак бир тууганынын тамеки талаасында эртеден кечке иштейт. Ушул бактылуу да бактысыз да эжеге кудай өзү күч-кубат берсин. Эптеп эле Камиланы чоңойтуп алса болду. Жакын арада эле Камила да сүйлөп калат. «Ал мени «эже» дээр бекен же... эмне десе да башы аман эсен болсун» — деп кыялданаар эле бул боорукер аял.

Дилфузаны баласы менен төрөтканадан төрт машинада барып алып келишти. Кичинекей Сиявушту бирде чоң атасы, бирде чоң энеси колго алышып, эркелетишет. Дилфуза туңгуч перзентти кызганган сайын кайнилери менен кайынсиндилери биринен-бири талашып көтөрүшөт.

* * *

Күн да батайын деп калды. Аптапта тердеп-тепчип эмгектенген Айбарчын эже алдан тайып, арыкта шырылдап аккан сууга бети-башын чайкады. Анан арабасын эшекке кошуп, Камиланы отургузду да, чаң баскан көчөлөр менен кыштагын аралап, үйүнө бет алды.

V бөлүм

Камила бир жумадан бери ысытмалап жатат. Ынтылып-ынтылып, бирдемелерди жөөлүп барып тынчый түшөт. Кээде онтоп, кээде ордунан тура калып, бирседен чочуп, өзүн-өзү сезбеген абалда бирде апасын, бирде атасын чакырат. Жүрөгү туйлап, оор-оор дем алат. Кызынын тынчы кетсе дайыма Айбарчын эженин жүрөгү оозуна тыгылат.

«Кудай-ай, кызыма боор ачыт. Аны ата-энесиз калтырдын. Эми балалыгын аяп койчу! Аны өз паанаңа ал» — деп Жаратканга жалынат. Көздөрүнөн шурудай тизилип аккан жаштары анын күндүн ысык аптабынан карарып кеткен жүзү ылдый агат.

Июль айы. Күн сайын беш-он чакырымча жол басып, тамеки талаасына барып келиш оңойбу. Кечээден бери айылдык ооруканадан эки фельдшер келип-кетип жатышат. Толгон-токой дары-дармектерди жазып бериштн. Бирок, алардын баарын сатып алууга Айбарчын эженин дарманы жок эле. Өзүлөрү араң тиричилик кылып жатышпайбы. Ичкени атала, жегени чаваты. Бул жолу кызалакты эскиче дабалашка туура келди. «Ысык уруп кетиптир» деп талдын жалбыректарына орошту. Ар түрдүү дары чөптөрдү кайнатып ичирип, айылдагы бакшыга көрсөттү, молдого «окутту»...

Күндүзү Айбарчын эженин жанына бир дувал коңшусу Ширманхан эже келе калып, кол кабыш кылып турду. Антип-минтип кеч да кирет. Айбарчын эже түндөсү Камила менен жалгыз калууга жүрөгү даабайт. Коркот. Бирок, атасынан калган бул кенири короодо ал жапжалгыз эмес эле. Синдиси Гүланда ушул эле жерде жүрдү!

Сүйүктүү кызалагы, жанбирге эжеси жанында! Анын такымына чейин түшүп турган капкара чачы жазылып кеткен. Жүзү периштелердикиндей тунук. Үстүндө узун көйнөк. Мына, ал акырын басып Камиланын жанына

келди. Кызын бооруна кысайын деп канчалык аракеттенбесин, ал такыр колуна илинбей койду. Гүланда эжесин тиктейт. Ал канча ирет чакырса да, ал анын үнүн укпайт. Гүланда эжесинин алдынан да чыгып көрдү. Жок, эжеси аны такыр көрбөйт. Тескерисинче, Гүланда үйдүн төрүнө эч байкалбай өтүп кетти...

* * *

Сиявуштун кыркы чыгайын деп калган эле. Бүгүн ага бешик той өткөрүп жатышат. Мардан акенин бөлмөсүнө тууган-уругу, дос-жолдоштору топтолду. Үй кызматкерлери таң аткандан бери колу-колуна тийбей суй жыгылышты. Акыры дасторкон да жыйыштырылды. Дуба кылышкан соң чоң энеси ички бөлмөдөн баланы алып чыкты. Чоң бөлмөнүн ортосундагы бешиктин жанында бир кемпир отурган эле. Айланасында тууган-уруктар, куда-сөөктөр. Кемпир ымыркайды чоң энесинин колунан алып, бир аз эркелеткендей болду да, ооончудан бошотуп, бешикке бөлөдү.

Гүланда меймандар турган бөлмөгө кирип келгенде бешиктин үстүнөн ар кандай момпосуй, ширин даамдар чачылып жаткан эле. Гүланданын жаш толгон көздөрү өзүнүн эң жакын кишиси-сүйгөнү Максудду издеп жатты. Ал бөлмөдөн-бөлмө кыдырып, бейтап жаткан кызалагынын «чыккынчы» атасын издеп тапты...

VI бөлүм

Мына, сегиз жылдан бери Айбарчын эже кабатырлыкта жашап келе жатат. Камила күндөрдүн бир күндөрүндө аны көптөн бери кыйнап келе жаткан ошол суроону бериши мүмкүн да. Ошондо жашырын сырдын бети ачылат! Ушуга окшогон ойлор Айбарчын эжени кыйладан бери тынчсыздандырып келатат. Ал кээде түндөсү уйкусунан чочуп ойгончу болду. Анын жүрөгүн жоop берүүгө эң кыйын бир гана суроо мыжыгар эле...

* * *

Камила зээндүү, паам-парасаттуу кыз болуп чоңоюда. Биринчи классты мыкты баалар менен аяктады. Эси-

не бир топ кирип калды. Чоң эле адамды кичирейтип койгон сыяктуу туюлат. Сөздөрүн уксаңыз оозуңуз ачылып калат. Камила эжесине ушундай суроолорду берет, Айбарчын эже кээде ага жооп таба албай эси оойт. Бир күнү ал баягы чоң жана аянычтуу суроону бериши да турган иш. Бирок, качан жана каерде? Айбарчын эже ушундай ойлорго термелип олтурганда Камила күтүлбөгөн жерден көчөдөн өкүрүп-бакырып кирип келди. Ал өзүн эжесинин көкүрөгүнө таштап, өксүп-өксүп ыйлап жиберди:

— Эжекебай, менин атам кайда?!

Күтүп-күтпөй турган бул оор суроону угуп, эсинен тана жаздаган Айбарчын эже кызалагын бооруна ого бетер бекем басты. Бирок, бул суроо аны көп жылдардан бери түйшөлтүп келе жаткан ошол оор суроонун жарымы гана болчу. «Калганычы, калганы?» — деп ойлоду аял.

* * *

— Кудай-ай, бул эмне деген азабың?— деп жиберди Айбарчын эже. — Бизди неге мынча кыйнайсың, жараткан?! Пешенемде шор болбосо ушундай күндөргө туш болот белем? Кимдергедир перзент бербейсиң, бирөөгө бала берип, ымыркайды ата-энесинен ажыратасың! Гүланда тирүү калып, мен өлсөм болбойт беле?! Мага өмүр берип коюп, мени азапка салдың го. Сиңдиме кубаныч берип туруп, жанын алып тындың! Булардын кайсы бирине чыдаса болот, акыры?!

Ошол түнү Айбарчын эже кирпик какпай чыкты. Жанында уктап жаткан Камилага тигилип, кызалагын алдап, ага калп сүйлөгөнү үчүн андан кечирим сурады. Эмне, бардык чындыкты айтып Камиланы тирүүлөй өлтүрүш керекпи? Ошондуктан «Атаң бизди таштап алыска кетип калган» деп айта салды кызына. Жалган сүйлөгөнү үчүн Кудай өзү кечирсин. Бирок, ушул кырдаалда жалган сөз ар кандай чындыктан орундуурак эле...

Камиланы көчөдөгү балдар «Сен жетимсин, асырандысын» дешиптир. Жашоо ушундай оор болуп турган чакта неге адамдар аны андан бетер оорлотууга урунушат экен? Балдарга эмне жок десең. Жөн эле ойношсо болбойбу? Муштай болуп алышып, чоңдордун ишине неге аралашышат алар?...

Васила эже бул арада экинчи уулу Машраптын башын да эки кылганга үлгүрдү. Алар бир балалуу болушту. Келини орто чарбалуу үй-бүлөдөн. Фарида бай эмес үйдөн болгону менен жогорку билимдүү, сулуу, эстүү-баштуу, адептүү кыз эле. Бирок, Машрап үчүн сүйгөн кызына үйлөнүү оңойго турган жок. Ортого ажы тагасы түшпөгөндө максатына жетпей да калат эле. Жаңы келиндин себи аран бир бөлмөгө толду. Кыздын атасы мугалим, апасы дарыгер экен. Адегенде алар деле «Жигит бай үй-бүлөдөн экен, байларга тенеше албайбыз дешип кыйла безилдешкен. Бирок, тагдыр-насип экен, той да болду. Кызы Фарида тынып-тынчып отуруп калды. Кыз баланы кандай болсо да бай жерге берсе болот экен. Васила эже да уулун кайната-кайненесинин алдында уятка калтырган жок. Кичүү кудаларынын көңүлүнө карап иш жүргүздү. Ызат-урмат менен сыйлады, Фариданы өз кызындай кабыл алды. Деги эле Васила эже байдын аялы болгон менен кичипейил бойдон калды. Уул-кыздарынын бактысын гана тилейт. Ошондуктан чоң келинине эмне алып берсе, Фаридага андан эки эсе көп алтын күмүш буюмдар менен кийим-кечелерди тартуулады. Абысыны менен тең болсун деди ал!.

Кайын эне деген ушунчалык болот да! Мардан аке да келинине ыраазы. «Ачык, ак жолтой кыз экен» — деди ал бир күнү аялына. Иши кылып акыры кайырлуу болсо болду».

VII бөлүм

Айбарчын эже энеси Хадича эжеден калган эски сандыктын чоң кулпусун аран ачты. Кембагал адам үчүн ошол сандыкта жаткан үч-төрт кийимдик чыт деле өзүнчө байлык эмеспи. Ошол чыт-чыбырдын арасынан бир көйнөктүк атлас чыкты. Жакшы да апасынан калган эски тигүүчү машинасы бар. Болбосо эртеңки зыяратка Камила эмнени кийип барат эле? Коңшу-колоңдор Айбарчын эженин эркине койбой Ошко барып келүүгө көндүрүштү. Алар таң атаары менен жолго чыгышат.

Айбарчын эже Камиланын боюн, желкесин карыштап өлчөдү да, ага ылайыктап көйнөк бычты. Анан эски машинасына отуруп, акырын тиге баштады...

Гүланда бул мезгилде бирде эжесин, бирде кызала-

гын тиктеп, ичинен кубанып, аларды байкап отурду. Көйнөктү тигип бүтөрү менен Айбарчын эже Камиланын өрүмгө кирейин деп калган чачтарын майдалап өрдү, ичке жип менен байлады.

— Ээ эжекебай, башыма эмне кием?— деп сурады Камила эжесинен.

— Башыңабы, башыңа...

«Апандын ак топусун» деп жибере жаздап өзүн карман калды.

Айбарчын эже жаңы көйнөктү Камилага кийгизип, сандыктан эски чүпүрөккө оролгон Гүланданын топусун алып, кызалагынын башына кийгизди да, ыйлап жиберди...

Гүланда ошол учурда Камиланы эңсеп бетинен өпмөкчү болду. Бирок, ал канчалык аракеттенбесин, ал максатына жете албады. Улам эле кызынын татынакай денеси анын артында калып кетип жатты.

* * *

Максуддун тун уулу Сиявуш быйыл гимназияга барат. Мына бир жылдан бери англис тили мугалими ага сабак берип келе жатат. Жазып-сызууну, эсеп-кысап китептерин да үйрөтүүдө. Ал бара турган билим борборунда жалаң байлардын балдары гана окуйт имиш. Окуу да акчага сатылып калыптыр. Мейли, окуй берсин, билимдүү, сабаттуу жигит болуп өсөт. Бир күнү эл ишине жарап калар. Жок дегенде эртең-бүрсүгүнү билгендерин карындашы Гүланда менен иниси Шахрухка үйрөтөт.

Автобус аялдар менен бала-чакага жык толгон. Чылдырмандын күүсү жаңырат. Зыяратчылар «Сумбула да сумбула, ороп алам гүл менен» деген ырды ырдап баратышат. Түшкө жакын алар шаарга жетип келишти. Сулайман тоосунун этегинде бир аз дем алышып, анан автобустун шоопурунун карындашынын үйүн көздөй жөнөштү. Меймандар ал үйгө жетишип, ичкеридеги узун айванга жайланышты. Зыяратчылар өздөрү алып келишкен тамак-аштарын дасторконго төгүп чачышты. Оюнкүлкү башталды. Мааланин балдары бүт жыйылып келишти. Аялдар биринин артынан бири ырдашып, бийге түшүштү. Бул шоокум-сүрөөндөн тажаган Васила эже небереси Сиявушту жетелеп, кабар алыш үчүн коңшусунун үйүнө барды. Аны көргөн үй ээлери эжени ичкери алып кирип кетишти. Кичинекей меймандар болсо бул жерлик балдарга кошулуп, ойногону көчөгө чыгып кетишти...

Балдар кыйла ойношуп суусагандыктан суу ичкени Сиявуштардыкына кириштн. Короонун ортосундагы сөрүдө Мардан ака, Максуд, Машрап, келиндер аш жеп отурушкан. Балдар оргумадан тойгончо суу ичишти. Ушул учурда Камиланын топусу кокусунан көлмөгө түшүп кетпегенде Максуд ордунан козголбос беле? Топу кагаздан жасалган кайык өндөнүп көлмөгө чөгүп бара жатты эле. Максуд колундагы узун жыгач менен Камиланын топусун илип алмакчы болуп, өзү тарапка тартты. Акыры топуну тутуп алып, үч-төрт ирет суусун силкип, Камиланын башына кийгизди. Кызалактын ошол учурдагы бакырайган көздөрүн көрсөңүз-ов! Дүйнөдө боорукер эркек кишинин балдарга эмне үчүн керек экендигин өзүнүн балалык сезими менен түшүндү. Сууга аккан, башына бир аз чоңураак келген ак топуну анын өзүнүн атасы тутуп берсе болбойт беле? Камиланын атасы каерде? Азыр ким менен жашайт? Ал эмне үчүн Камиланы таштап кеткен?!

VIII бөлүм

Камила суусардай суйсалган кыз болуп бойго жетти. Кыштагындагы жигиттердин баары ага ашык болуп калышты. Кыз кудайдын жараткан күнү мектептеги теңтуштарынан махабат каттарын алар эле да, аларды ошол замат тытып салчу. Көрө албаган теңтуш «курбулары» да көп эле. Ананчы, мектептеги жигиттердин баары Камилага куштар болушуп турушса алар үчүн бул кызык окуя эле да...

Кыздын каймак сымал аппак жүзү, гилас сыяктуу эриндери, капкара көздөрү, майдалап өрүлгөн чачтары жигиттердин эсин оодарчу.

Ал сабактан чыгып эле адатынча үйүнө шашылды. Ушул учурда мектепке кире бериште үч-төрт өспүрүм кыздар шыбырашып турушкан. Алардын бири Камиланы карап:

— Жигиттер ушул таштандынын эмнесин жакшы көрүшөт болду экен,— деди албастык менен.

— Ошону айтсаң,— деди экинчиси сөз кыстарып.- Же апасы, же атасы болбосо бул асырандынын.

— Апасы да аягы суюк болгон дешет, ушул чынбы? — деди көзүн сүзүп дагы бири.

Камила кыздардын бул шыбыштарын укту да, өңү бозоро түштү. Эриндери титиреп, басалбай калды. Көздөрүнөн сызылып чыккан эки тамчы жаш бетинен ылдый тамчылады. Камила өзүн колго алып, кыздар тарапты бир тиктеп алды да, унчукпай өтүп кетти...

Ооба, бул дүйнө ушундай түшүнүксүз нерсе, кээде өмүр бою өзүң жөнүндө эч нерсе билбей жүрүшүң да мүмкүн. Айланандагылар болсо сен жөнүндө өзүңдөн көбүрөөк билишет.

Камила үйүнө кантип жеткенин да сезбеди. Короого киргенде Айбарчын эже кийим тигип отурган эле. Камиланын өңү-түсүн көрүп жүрөгү тарс жарылып кете жаздады. Кыз эжесине эчтеке дебей ыйлаган бойдон үйгө кирип кетти. Айбарчын эже жанын уучтап кызынын артынан кирди.

— Кызым, садагасы кетейин кызым, сага эмне болду? Бирөө капа кылдыбы?

Камила тынбай ыйлай берди.

— Жан балам, кой эми, жүрөгүмдү сыздатпа, айтчы эжекең капа кылдыбы? Деги эмне болду, айтсаңчы?!

Камила жаздыктан башын көтөрүп эжесине бирдеме демекчи болду да, анан сүйлөй албай өксөп-өксөп ыйлап жиберди.

Анан энтигип-энтигип мындай деди:

— Эмне үчүн кыздар мени таштанды, асыранды дешет, жетим дешет?

Камиланын бул суроосу Айбарчын эжеге бир убакта толук берилбей калган оор суроонун жарымы, негизги бөлүгү эле. Бирок, эжеси көптөн бери бул суроонун берилишинен чочулабай калган. Ырас, аны күтүп жүргөн. Арадан он алты жыл өтүп кетиптир. Эженин өзү да элүүгө жакындап калды. Ал баары бир бул чындыкты өзү менен кошо о дүйнөгө алып кете албайт да. Эртеби-кечпи Камилага бул сөздү төгүлүп айтмак. Бул жолу эже мурдагыдай кыйкырып ыйлаган жок. Жаратканга жалынган жок. Балким тагдырга тан берип, Камиланы бооруна кысып, жүрөгүн он алты жылдан бери өрттөп келген сырдын билингенинен женил-женил дем алып жатты...

Гүланда болсо өткөн мезгилдин ичинде эжесинин тулку боюна киргендей кызы Камиланы анын колдору менен эркелете сүйүп, эриндеринен өөп, көздөрү менен телмирип караганга көнүп бүткөн эле.

Бул жолу да ошондой кылды. Эжесинин тулку боюна, сезимине сиңип, шаты алып келди. Там башына чыгып, бир четин казды да, ал жерде сууланган кагазга оролгон кутучаны төмөн алып түшүп Камиланын колуна карматты. Кутучада Гүланданын студенттик жылдардан калган сүрөттөрү бар эле.

Гүланда эжесинин тулкусунан чыгып кеткенде Камила бул эски альбомду көздөрүнөн жаш агызып, баактап отурду. Айбарчын эже болсо Камиланын тагдыры жөнүндө баштан аяк аңгеме куруп берди. Камила эскерүү дептеринин ортосуна жеткенде, кыздын көзү күтүлбөгөн жерден кара каштуу, кара көздүү, сымбаттуу жигитке жана анын жанында турган бир сулуу кызга түштү. Сүрөттөгүлөр анын атасы жана апасы эле...

IX б о л у м

Камила орто мектепти мыкты баалар менен бүтүрдү. Ал апасы окуган жогорку окуу жайынын англис тили факультетине кирмек болду. Айбарчын эжеси болсо өмүр бою ар кимдин кирин жууп, тамеки тизип, чеберчилик кылып, курт багып, дыйканчылык менен алектенип жүрүп тапкан-тутканын Камиланы окутуш үчүн топтоду. Окуп алса кандай болсо да наны бүтүн болуп турат эмеспи.

Бүгүн Камила курбусу Шахиста менен шаарга барышты. Айбарчын эже кыздарды узатып бекетке чейин барды. Автобус ордунан жылганда аларга ак жол тилеп, көп жүрбөй кайтып келүүлөрүн суранды.

* * *

Максуд жапжалгыз кызынын атын Гүланда койгондон бери башы ызы-чуудан чыкпай койду. Акыркы учурларда Дилфуза эмнегедир күйөөсүн эч кандай себепсиз эле кызганып, ар кимге жабыштырчу адат чыгарып алды. Максуд үйүнө кеч келип калган күнү сөзсүз алардын үйбүлөсүндө жаңжал чыгат. Бул жолу да ошондой болду.

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 472522
ОТДЕЛ ХРАНЕНИЯ ФОНДОВ

Каргаша болуп ошол күнү чет өлкөдөн меймандар келип калышкан. Түн киргенче «Интурист» ресторанында меймандардын урматына зыярат уюштурулган...

Максуд үйүнө кирип келгенде таң атып баратkан. Дилфуза түнү бою уктаган эмес. Тынчы кетип, ары-бери басып чыгып кетти. Күйөөсү келгенин көрүп:

— Кызыңыздын атын эмне себептен Гүланда койгонуңузду билем,— деп күйөөсүнө док урунду ал. — Болду, жетишет, эми чыдай албайм. Ошол биринчи сүйгөнүңүзгө кетиңиз!

Аялынын сөздөрү Максудга өтө катуу тийди. Ушул учурда Гүланданын элеси анын пешенесине «күп» этип урулгандай болду. «Дилфуза Гүланда жөнүндө кайдан билип алды экен»? — деп ойлоду ал. Баса, жаңыдан үйлөнгөн кезде альбомун Дилфузага көрсөтүп, жаш келинге курсташтары жөнүндө айтып бербеди беле! Ошондо Дилфузанын көзү альбомдогу эң сулуу кыздын — Гүланданын сүрөтүнө түшкөн эле да, ал кыздын атын сураганда Максуд «Ал Гүланда» деп айтпады беле?!

* * *

Аялдар мынчалык зирек болушат. Күйөөсүнүн оозунан бир бөтөн аялдын атын угуп калса эле болду, калганын өздөрү өөрчүтүп алышат. Бушайманга түшүп жумушунан бир аз кечигип келген күйөөсүнүн жүзүнө тигиле карашып, өзгөчө көңүл бурушат. Атыр-сатырдын жыты келбес бекен деп кийимдерин да жыттап көрүшөт.

Адегенде Дилфузанын жаагы басылбады. Ал бир ыйлап, бир сооронуп, улам Максудду териштирип олтурчу болду.

— Мен күнү-түнү үйдө олтурсам, сиз болсо түнү бою каяктагы бир аялдар менен сайрандап жүрсөңүз ээ? Гүланданын менден эмнеси артык? Менин андан эмнем кем? Сиз ошол уятсыздын неченчи сүйгөнү болдуңуз экен? Андай аягы суюктар бүгүн сиз менен болот да, эртен эле башкасы менен...

— Болду, жетишет! Тилинди тый! Оозуна карап сүйлө, Дилфуза. Ал алда качан эле өлүп кеткен го!...

Ушуну айтып Максуддун өңү бозоруп, добушу, бүткөн бою титиреп кетти. Андан соң ачуусу менен гараж тарапты көздөй басып «Лимузинге» олтуруп, аны от алдырды. Газды катуу баскан экен, машина ордунан учуп жөнөдү.

* * *

Камила курбусу экөө шаарга келишкенде саат 10 болуп калган эле. Алар көчөдөгүлөрдөн университеттин дарегин сурап алышып, автобуска отурушту. Машина жарым сааттай жүргөндөн кийин айдоочу жигит кыздарды университеттин бекетине түшүрүп койду. Кыздар чоң көчөнү кесип өтүлөрү керек эле. Камила эми гана үч-төрт кадам баскан эле...

Күтүлбөгөн жерден жогорку ылдамдыкта келе жаткан ак «Лимузин» аны коюп кетти. Артынан келе жаткан Шахиста коркконунан катуу кыйкырып жиберди. Камила бүткөн бою канга боёлуп жол четинде жатат. Заматта айланага машиналар, адамдар толуп кетти... Максуд дагы машинасын токтотуп ошол замат кыздын жанына чуркап келди. Эстен танып жаткан кызды көрүп анын жүрөгү оозуна тыгыла түштү. «Тез жардам» келгенде да Максуд кыздын жанында турган эле. Камиланын баш жагында болсо анын күч-кубатын жоготкон апасы-өзүнө тентуш Гүланда ыйлап-сыктап отурган эле. Бирок, аны эч ким көрө да, уга да алган жок...

Х б о л у м

Өркөч-өркөч кара булуттар бир заматта ылайка суу сымал асманды чулгап алышты. Сур булуттар арасында чоңчоң дөңгөлөктүү араба пайда болду. Анын үстүндө Садык арабакеч менен анын кемпири Хадича эже отурушат. Күтүлбөгөн жерден эле бороон башталып, арабаны бир буякка, бирде тиякка учура баштады. Хадича эже арабанын дөңгөлөгүнө жабышса, чал эшегинин тушоосуна асылат. Шамал болсо аларды жалбыраktай учуруп жатты...

Камиланы күтө берип сөрүдө көзү ызгый түшкөн Айбарчын эже коркунучтуу бул түштөн чочуп ойгонуп кетти. Корккonунан жүрөгү алкымына келип калыптыр, байкуштун. Ал «Ла иллаха иллалахи Мухамадур расулиллах» деп келме келтирди да, айланасын тиктеди. Бир аздан кийин эле дарбазадан Шахиста кирип келди.

— Эже, эжекебай, тез кийинип чыгыңыз, шаарга барабыз — деди ал бети-башы бозоргон кейпинде. — Камиланын жанына барабыз, ал оор абалда... ооруканада жатат... Аны машина уруп кетти...

Бул шум кабарды угуп кулактары бүтө түшкөн Айбарчын эже ордунда катып калды.

Ал көчөгө чыгып, узун машинада отурган бейтааныш эркек кишини көргөндөн кийин кыжалаттан бир аз арылып, өзүнө келди. Машинада чачтарын ак баскан 35 — 40 жаштардагы, жакшы кийинген бир киши отурган эле. Максуд машинада Айбарчын эжеге болуп өткөн балакет жөнүндө кеңири айтып берип, анын көңүлүн тынчытты. Анғыча кыштакка караңгы да түшүп калды. Узун ак лимузин көчөлөрдүн чанын асманга көтөрүп шаарды көздөй баратты.

* * *

Алар доктор Акрамалиевдин жеке менчик ооруканасына жетип келишкенде Камила операция бөлмөсүндө жаткан. Операциянын башталганына кыйла болуп калган. Айбарчын эже кабылканада жанын уучтап отурат. Шахиста болсо аны тынбай сооротууда:

Эже, өзүңүздү колго алыңыз. Мына көрөсүз, Камила жакшы болуп кетет. Мен айтты дейсиз го, ал созсүз айыгып кетет.

Шахиста Айбарчын эжеге кайрат айткан менен операция болмөсүнүн эшигинен көзүн үзбөйт. Максуд болсо тынымсыз аркы-терки басып, тамекини биринин артынан экинчисин тартат... Операция 7—8 саатча жүрдү. Камиланы куткарып калыш үчүн хирургдар колунан келгендин баарын жасашты. Акыркы үмүт — бир гана Алла Таалада калган эле. Ооба, мындан аркысы кудайдын эркинде. Өмүрү болсо — аман калат...

Хирургия бөлмөсүнөн арып-талып чыккан Акрамалиев Максудду көрүп, ал-абалын сураш үчүн жанына басып келди. Максуд да аны утурлай басып аны менен аябай астейдил саламдашкан соң:

— Доктор кыздын абалы кандай? — деди.

— Оор. Бир топ оор. Башка катуу сокку жеген. Кол буттары да жаракат алган. Айыгып кеткен учурда да калдыгы калбаса экен деп чочулайм...

— Үмүттөнсө болобу деги?

— Мындан аркысын жараткан гана билет. «Жаман айтпай жакшы жок» дегендей... Ырас эле, ал кыз сизге ким болот?

— Эч кимим эмес... Бирок, доктор, ал аман калышы керек. Эмне керек болсо мен баарына даярмын. Кыз айыгып кетсе эле болгону.

— Бейтап өзүнө келгенче реанимация бөлүмүндө жата турат.

Көңүлүңүз ток болсун. Кызды дарылоону мен өзүм колго алам.

— Рахмат, доктор, рахмат...

Максуд Айбарчын эженин жанына келгенде, ал ушул бейтааныш кишинин көзүн араң тиктеди. Айбарчын эженин титиреп жатканын көргөн Максуд:

— Эже көп азап чеге бербеңиз. Доктор баары жайында болот деди — деп тынчтандырды.

— Кудайга шүгүр,— деди эже кубанычын жашыра албай. Ал ошол замат ыйлап жиберди...

Андан кийин алар Шахистаны ойготушуп, көчөгө чыгышты. Азан айтылып калыптыр. Машинага отурушуп Максуддардын үйүнө жол тартышты. Адегенде Айбарчын эже менен Шахиста кыштагына кетишмекчи болушкан. Бирок, Максуд аларга макул болбой, үйүнө алып кетти.

Чоюндан жасалгалуу дарбазаны үйдүн багбаны ачты. Айбарчын эже үй эмес эле чоң сарайга келип калгандай кыжалат болуп, улам Шахистаны тиктейт...

XI бөлүм

Мардан акалердин үйүнө Ташкендик кудалар келишкен. Васила эже кызы Севараны ушунчалык сагынган эле, кээде аны түндөрү түшүндө көрүүчү болгон. Күйөө баласы Акмалжан Севаранын курсташы. Алар студенттик жылдары бири-бирин сүйүп калышпаганда Васила эже жалгыз кызын Ташкен сыяктуу жерге узатууга таптакыр макулдук бермек эмес. Тагдыр-насип экен, мына эки балалуу болушту. Меймандарды Севаранын кайниси Асарбек машинасы менен алып келген. Кудалар кечээтен бери тынымсыз ангемелешип отурушту. Васила

эже кенже уулу Мансурду эстеп кудагыйы Халисхан эжеге бир топ таарынып, бир аз көз жашын да төгүп алды. Уулу Москвада окуп жүргөндө Москвалык өзбек кызын жактырып калып ага үйлөнгөн. Кыздын ата-энеси ошол жерде иштешет. Васила эже уулун-келинин, неберелерин айда-жылда бир гана көрөт. Канат бүтө калса да, каалаган учурда алардын жанына учуп жете алса...

* * *

— Ака, ака, телефонго карап коюңуз, сизди бирөө сурап жатат,— деп чакырышты Максудду жеңелери менен коншу бөлмөдө отурган Севара.

— Ким экен?

— Ооруканадан. Акрамалиев деген бирөө...

— Угуп жатам,— деди Максуд телефон трубкасын колуна алып.

— Ассалоом алейким.

— Валайким ассалоом.

— Бул Максуджанбы?

— Ооба, бул менмин Закир Акбарович... Тынччылык элеби?

— Тынччылык, тынччылык... Өткөн жолу келгениңизде Камилаханга бүгүн-эртең жооп беришибиз мүмкүн деген элем...

— Ооба, эсимде, эсимде...

— Бүгүн ага уруксат бердик. Сизден өтүнүч: тууганыругуна кабарлап койсоңуз. Кыштактан күн сайын эне-си келип турчу эле, үч-төрт күндөн бери ал кишиден дарек жок. Ысык жан эмеспи, ооруп-сооруп калган окшойт.

— Доктор, телефон чалганыңыз үчүн рахмат. Мен азыр эле ооруканага жетип барам.

Максуд телефондо сүйлөшүп жатканда жеңелери мындан эки ай мурда болуп өткөн балакет жөнүндө Севарага айтып бүтүшкөн эле, Севара окуянын жөн-жайын түшүнгөн соң агасына кайрылды.

— Ака, тынччылыкпы деги? Ушундай иш болуп өткөн экен, биз билбей калыппыз,— деп таарынгандай сүйлөдү.

— Ооба, тарткылык бар экен. Кудайга шүгүр, баары өтүп кетти. Сага муну ушакчы жеңелерин жеткирип бүтүштүбү?.. Бүгүн ошол кызга уруксат берилиптир, бирок

аны үйүнө алып кеткенге эч ким келбептир. Аны биздикине алып келбесем болбойт. Жолдо баратып ал кызга бир сыйра кийим сатып аламын го...

— Мен да бирге барсам болобу? Сиз кыз балага кантип кийим аласыз?

— Күйөө эмне дээр экен?

— Ал дагы биз менен барат, азыр чакырып чыгам...

Алар «Саидмухтар» универмагына киришип, ичин бир сыйра кыдырып чыгышты. Эң акыркы модадагы кымбат баалуу кийимдерден, кооз бут кийим, алтын сөйкө, жакут көздүү шакек, чынжыр сатып алышты. Андан кийин гүл базарга өтүшүп, чоң гүлдесте сатып алышып, ооруканага жөнөштү.

Камила жаткан палатага белек-бечкектерди көтөрүп Севара кирип барды. Аны көрүп «келиңиз, эже» деп Камила ордунан турду.

— Камилахан, биз сизди алып кеткени келдик. Мен Максуд акенин карындашы болом. Агам ылдый жакта күтүп турат. Мына бул кийимдерди кийип алыңыз,— деп баарын кровать үстүнө жайып койду.

Кымбат баалуу кийимдерди көрүп Камила ынгайсыз абалда калды. Заматта бетине кан жүгүрө түштү.

— Убара болупсуздар да, эже, кереги жок эле. Ансыз деле Максуд акем бизге көп жакшылык кылды. Ал киши болбосо мен айыгып кетишим белгисиз эле... Жөн эле койбойсуздар да эртең эжем келип калат эле. Ушунча жаткандан кийин мында дагы үч-төрт күн чыдайт элем го...

— Андай дебениз, сиңдим. Биз деле эми туугандай болуп калдык сизге. Эч кыжалат болбонуз. Кааласаңыз азыр эле үйүңүзгө жеткирип коёбуз...

Камила менен Севара тышка чыгышканда, анда гүл көтөргөн Максуд турган эле. Ал Камиланы көрөрү менен эмнегедир өңү бозоро түшүп, жүрөгү алда кандай «болк» эте түштү. Ушул учурда Камила ага кимдир бирөөнү элестетип жиберген эле...

Камила машинада унчукпай баратты. Ал ынгайсыздыктан өзүн коёрго жер таппай жатты. Себеби эшек арабада жүрүп чоңойгон айылдык бир кыз үчүн бул урматсый өтө эле көптөй сезилди. Ал үстүндөгү кийимдерге, мойнундагы, кулактарындагы жана бармактарындагы алтын буюмдарга эч көңө албай жатты..

Алар Максуддардын үйүнө келишкенде Камиланын

көзү адегенде эле короонун ортосундагы чоң оргумага түштү. Ал жер кызга тааныштай туюлду. Качандыр бир мезгилде дал ушундай оргуманы көрсө керек эле... Бирок, качан, каерде? Аны такыр эстей албай койду.

Ушул учурда ичкериден Дилфузанын «Гүланда, ай Гүланда» деген үнү угулуп калды. Ал кичинекей кызын чакырып жаткан эле. Ошондон улам адегенде эле апасынын атын укkан Камила кайраты эсенгирeп калды.

XII бөлүм

Камила үстүндөгү өмүрүндө кийбеген кымбат баалуу кийимдери менен чоң сарайга кирип келип, өзүн ыңгайсыз сезип жатты. Адегенде эле кыздын алдынан Дилфуза чыкты. Ал Камиланы көрүп, кол берип саламдашты да, күйөөсү Максудду олурая тиктеп алды. Себеби бейтааныш бул кызды көрөр замат анын жүрөгү уйгу-туйгу болуп түшкөн эле. «Ошол, сүрөттөгү кыз, ооба, ошол, ошонун өзү» — деп жатты ичиндеги шайтан.

Камиланын майдалап өрүлгөн узун чачтарын, балбылдап турган сулуу көздөрүн көргөн Асрар Сиявуштун жанында турган бойдон биротоло өзүн жоготуп койгон эле.

— Келиниз, кызым,— деди Васила эже Камиланын бетинен өөп учурашып.

— Келин кылып ала турган кыз экен ээ, кудагый,— деди Халисхан эже шыбырап. Бою-башын карасаңыз...

— Камилахан, сиңдим, мени менен жүрүңүз — деди Севара ортодо түзүлгөн ынгайсыз кырдаалдан кызды алып чыгып кетиш үчүн...

* * *

Баары ичкери кирип кетишти. Короодо жалгыз эле Асрар калды. Ал биринчи жолу кыз көргөнсүп дал болуп турган эле. «Ушундай да сулуу кыз болобу? Табийгат анын каштары менен көздөрүн бир-бирден кадап чыккандай. Аппак жүзүнө кызыл калем менен сызып койгондой эриндери жылмайганда денесинен түс алгансыган аппак тиштери бүткүл тулку боюна абдан эле жарашып калат экен». Асрар эрксизден ушул кыялдарга батып, жүрөгү толукшуп, назик сезимдерге батты.

* * *

Үйдүн биринчи кабатында чоң зал жайгашкан. Чоңчоң терезелери бар бул коз жоосун алган үй ушунчалык жарык болгондуктан Камиланын көздөрү уялып кетти. Аны залдын чок ортосунда коюлуп, үстү кымбат баалуу матадан тигилген жапкыч менен жабылган диванга отурууга чакырышты. Калгандар болсо айланадагы отургучтарга жайгашышты. Бата кылышкан соң Мардан ака менен Васила эже Камиланын ал-абалын сурашты.

— Жакшы болуп калдыңызбы, кызым. Ыраңыңыз бир кыйла жакшы. Мен барганда абалыңыз бир тон оор эле. Кудайга шүгүр жакшы болуп калыпсыз. Бизди да коркутуп койдуңуз,— деди Васила эже.

— Рахмат, эжекебай. Дагы бир жолу сиздердин тынчыңыздарды алып койдум да.

— Иши кылып, апаңыз Айбарчындын бактысына аман-эсен болуңуз. Ал киши өтө эле тартынчаак экен. Биздин үйдө араң эле түн түнөдү. «Мал-алым кароосуз калды» — деп кетип калды. Сиздин ооруканадан чыккандыңызды укса аябай кубанат болуш керек. Мейли эми, силер, жаштар сүйлөшүп отура тургула. Сиз эч кыжалат болбоңуз, өзүңүздү үйүңүздөгүдөй сезип, жазылып отуруңуз, макулбу? Биз кудагый экөөбүз жогору чыгып шам окуп алалы. Кана, атасы, бир дуба берип койсоңуз?

Васила эже намазын окуп болгондон кийин кудагыйы күтүлбогон жерден сөз баштап калды.

— Кудагый, бул кыз сиздерге ким болот? Бир укмуш ширин зат экен да.

— Сиздерге айтпай эле коёлу деген элек. Пешене экен. Бирок, кудайга айтканыбыз бар экен, кудагый. Кайриет кыз тирүү калды. Ал бир нерсе болуп кетсе биз кантмекпиз? Уулума эчен жолу «Акырын айда» деп айттым, укпайт. Ал ушул кызды машинасы менен уруп кеткен. Алар арызданышкан деле жок. Биз карап турбадык. Көптөн бери Максуддун башы ооруканадан чыкпай калган эле. Шүгүр, мээнети бекер кетпептир...

— Ай-ийий, кудай бир сактаптыр да, Василахан...

Ушул учурда төмөн жактан Севара Камилага Максуд акесинин альбомун көрсөтүп жаткан.

— Мөмө-чөмөдөн алып отурсаныз, сиңдим? Суу ичесизби?

— Рахмат эже, алып эле жатам, деп Камила альбомдун кийинки бетин ачты. Кандайдыр бир сезим аны альбомдун ушул «сырдуу» барагын ач дегенсип турган эле. Чындыгында муну кылган Гүланда эле. Жок, урматтуу окурман, сиз ойлогон Гүланда эмес, Камиланын өгөй синдиси, Максуддун кенже кызы — кичинекей Гүландын шоктугунан да болду бул иш. Бул барак кайдан да ачылды эле?! Бул бир барак өмүргө тете сыр берди го. Камиланын көзүнө альбомдон тиктеп турган эки жаш урунду. Ал ошол замат эжеси качандыр бир кезде көрсөткөн сүрөттү эстеди. Ооба, бул ошол эле сүрөттүн экинчи нускасы эле. Ошол эле замат шашкалак Гүланда атасынын эстелик альбомунун кезектеги бетин ачууга үлгүрө электе Камила эстен танып калган эле.

XIII бөлүм

Камила эсине келгенде таң атып калган экен. Ал көзүн ачып-ачпай туруп маңдайын кармалады. Башы аябай зыркырап ооруп калыптыр. Камила өзүн кичинекей кооз бөлмөдөгү чоң кроватта жатканын байкап, өзүнчө сестенип кетти. «Мен каердемин» деп өзүнө-өзү суроо берди. Бир-эки мүнөттөн кийин ал кечээки күндүн окуяларын эсине келтире баштады. Ошондо баягы сүрөт дагы көз алдына келе түштү. Кыз ошондо гана өзүнө келди. Апылтапыл ордунан турду да, алтын буюмдарын кроваттын жанында турган жавандын бир көзүн ачып салып койду. Анан үйдө кийүүчү тапочкасы менен эшикти көздөй бет алды. Эшикти акырын ачып, баскычтардан бутунун учу менен басып ылдый түштү да, короого чыкты. Багван киши артын салып короо шыпырып жатыптыр. Ал Камиланын дарбаза жанына келгенин байкаган да жок. Кыз шашылып, короодогу оргуманы көз кыры менен тиктеп коюп, көчөгө чыгып, артына бурулуп да койбой бул жерден алыстай баштады.

Айбарчын эже эрте туруп очокко от жакты. Казан асып, чаваты бышырды. Бүгүн Камиланы көрүп келбесе болбойт. Эми үйүн коркпой таштап кете берсе болот. Себеби эми уурдай турган эч нерсеси жок. Өткөн жолу шаарга кеткенде бирөөлөр уюн уурдап кетишиптир. Ошон үчүн «Кедейди төөнүн үстүнөн да ит кабат» деген сөз ай-

тылса керек. Канткенде да жакшы болгон жок. Камилага сүт, айран, каймак ташып турчу. Кала берсе бир чака, жарым-чака айран, бир-эки кесе каймак сата коюп тиричилик кылышчу эмес беле. Ар күнү болбосо да, үч-төрт күндө бир жолу Ошко түшүп, эски автобекетте күтүп турушкан айран, сүт сатар аялдарга арзаныраак берип жиберип, тапканына Камилага тамак-аш алып барчу. Айбарчын эженин кызын окутуш үчүн топтогон акчасынын баары дары-дармекке кетти... Өчөшкөндөй күн дагы аябай ысып, айран сүт анча өтпөй калды. Өткөндө бир чака айранын үймө-үй кыдырып жүрүп араң саткан эле.

Ире-шире болуп тургандыктан көчөдө али эч ким жок эле. Камила коркуп башы ооган жакка кете берди. Чоң көчөлөрдөн анда-санда өтүп жаткан чет элдик машиналарды башкарып, кымбат баалуу кийимдерди кийинишкен эркектер периштедей жасанып алган бул кызды көрүшүп, сигнал чалышып жатышты. Кээ бирлери токтошуп, «жеткирип коёюн» дешет. Камила көчө шыпырган аялдардан сурап жүрүп автобекетке жетип келгенде, бул жерге райондордон алгачкы автобустар эми гана келе баштаган эле. Шаардык айранчылар болсо автобекеттин ичине кирип келген ар бир автобусту курчап алышып, анын эшигине асылышат. Аялдар, али автобустан түшкөнгө үлгүрө элек кыз-келиндердин колундагы чакаларды талашып, кээде аларды оодара төгүп алып жатышты.

Айбарчын эже автобустан түшүп Камиланы көрсө да адегенде тааныган жок Камила өзү эжесинин жанына келбегенде байкабай өтүп да кетет беле? Жолугушууну караңыз. Айбарчын эже Камиланы көрөрү менен:

— Ээ Камила кызым, сен мында кандай келип калдың? — деди. — Үстүндөгү кийимдерди кайдан алдың? — Айбарчын эже кызын бутунан башына чейин карап чыкты. Ушул учурда алар турган жерге ак Лимузин келип токтоду. Машинанын эшиги ачылып андан Максуд менен Асрар түшүштү. — Бул эмне кылганыңыз, Камилахан? — деди Максуд жакып келери менен . — Жүрөктөрдү түшүрүп койдуңуз го. Үйдөн унчукпай эле чыгып кеткениңиз кандай? Кечээ кечинде сиз эстен тана түшкөнүңүздө «Тез жардам» чакырган элек. Укол берип кетишкен. Таң атканда карасак эле сиз дайынсыз жоксуз.

Айбарчын эже эмне болуп жатканын түшүнө албай бир Максудду, бир Камиланы тиктеп туруп калды.

Асрар болсо Камиладан көзүн үзө албай, ага суктанып карап турду. «Коркутуп жибердиниз го. Башка көрө албай калам го деген элем. Каниет, таап алдым. Эми колдон чыгарбайм. Сиз мени болосуз, ооба, мени болосуз» — деди ал ичинен. Камила болсо унчукпай жер тиктеп турду.

— Машинага отурунуздар — деди ушул учурда Максуд. — Кыштагыныздарга алпарып коёлу...

* * *

Кыздын кетип калганын көрүп коркуп кеткен күйөөсүн көргөн Дилфузанын көңүлү чындап бузулду. «Бул жашабагыр кыз күйөөмдүн башын айландырып алган болбосун» деди ичиндеги шайтаны. «Кайдан да курбум Ферузанын сөзүнө кулак салбай койдум» деди ал өзүнө-өзү. «Болду эми, ага барам! Ушул бүгүн эле барам, ошол бакшыга! Болбосо бул кыз өлгүр күйөөмдү биротоло өзүнө каратып алат». Дилфуза күн сайын ызы-чуу, жаңжалдардан өзүн биротоло жоготуп койгон эле.

XIV бөлүм

Машина кыштакка кирип барганда Камила ыйлап жибере жаздап өзүн араң кармап калды. Анын өкүрүп өкүрүп ыйлагысы келди. Алкымына тыгылып калган бир ууч таш тышка атылып чыга албай, ары-бери кетип-келип турду. Тезирээк үйгө жетип, өнгүрөп-өнгүрөп ыйлап алса жеңилдей түшмөк.

Айбарчын эже да жол бою унчукпай келди. Алар кыштакка кирип келишкенде асир азаны окулуп жаткан эле. Камила машинадан түшүп эле чуркаган бойдон короосуна кирип кетти. Анткени алкымында турган «таштарды» көз жашы менен чыгарып жибериш керек эле. Үйүнө кирип эле жаздыкка жыгылды да, оксоп-оксоп ыйлап жиберди. Айбарчын эже меймандар менен кошторошту.

— Эже, бизден кандай жардам керек болсо эч тартынбай үйүбүзгө бара бериниздер, туугандай эле болуп калдык,— деди Максуд жер тиктеген калыбында. — Рахмат, иним. Үйгө кирип чай ичип кетсенер болбойт беле.

— Кудай кааласа эмдиги жолу ичебиз — деди Максуд колун көкүрөгүнө коюп. Алар коштошуп, машинага отурушту да, жолго чыгышты. Айбарчын эже болсо үйүнө кирди. Ичкериден Камиланын ыйы угулуп жатты. Ал бөлмөгө кирсе Камиланын өпкөсү көөп кетиптир.

— Камила, кызым, мендей алсыз апанды кечирип кой. Сени алып келгени бара албай калдым. Сага чыгып баратып уйдун алдына чөп таштап коёюн деп агылга кирсем, ал бопбош калыптыр. Түндө уюбузду бирөө уурдап кетиптир. Кой эми, ыйлаба кызым жакшы болуп кеттиң, кудай жалгап. Дидар көрүшүп турганга кубансаңчы!

Ошондо Камила ордунан шарт турду да, апасын кучактап андан бетер катуу ыйлап кирди.

— Тынчтан кызым, тынчтан. Кудайга шүгүр, биз кайрадан биргебиз. Мага алла тааланын боору ооруду, сени кайтарып берди...

— Жок-жок, сиз билбейсиз, эч нерсени билбейсиз. Мен сизге капа болгонум жок. Негизи...

— Ко-ош, сени ким капа кылды, анда? Айт, айта кой эми. Мени көп кыйнаба, кызым... — Ал ошол, ошол, ошол экен,— деп туталанды Камила сүйлөй албай. — Түзүктөп түшүндүрчү... «Ошол» дегениң ким өзү? Сен ким жөнүндө айтып жатасын? Камила анын атын айтмакчы болду эле, бирок алкымында тыгылып турган ызасына чыдабай өксөп-өксөп ыйлап жиберди. Ал кыйлага чейин көз жашын көлдөтүп отурду. Энтигип-энтигип ыйлады. Бир аз өзүнө келгенден кийин мээраптаги эски сандыкты ачты. Апасы Гүланданын альбомун алып, Айбарчын эженин жанына отурду. Эскерүү дептерин ачып энеси менен сүротко түшкөн жигитти сөөмөйү менен көрсөтүп мындай деди.

— Бул менин атам экен. Камиланын сөздөрүн укkан Айбарчын эже таштай катып калды.

— Акыл-эсиң жайындабы деги кызым? Бул сөздөрдү кайдан уктун?

— Ооба-ооба, жайында эле. А чындыгында эле мына бул адам менин атам экен, биздин кайгы-капа, кыйынчылыктарыбыздын себепчиси. Дал ушундай эле сүроттү мен кечээ ошолордун үйүндө көрүп калдым. Артында «Гүландадан Максуд акаге» деген жазуусу бар экен. Айбарчын эже кызы Камиланын сөздөрүн угуп жатып жа-

касын кармады. Анын тили келмеге келбей, эмне дешин билбей отурду... Ал бирде Камиланы, бирде сүрөттү тиктеп коёт. Бирде ызасынан, бирде кубанычынан көзүнө жаш алып кетти. Жүрөгүнүн терөнинде кандайдыр бир тынчтануу пайда болду. Кантсе да кызы эми жалгыз эмес. Анын атасы табылды. Эгерде ушул чын болсо. Айбарчын эже күтүлбөгөн бул табылгага эч ишенгиси келбеди. Чын эле ушул чындык болуп чыкса ээ?!.

* * *

Дилфуза курбусу менен бакшынын үйүнө келишкенде чак түш болгон эле. Үй ээси меймандарды жылуу суп алып, ичкериге чакырды. Бакшы аял Дилфузадан күйөөсүнүн атын сурап алды да, теспесин бирден өткөрө баштады: Күйөөңүзгө ысытма-муздатма кылышкан. Ал бир топ бай адам экен. Бир сулуу келин теспеге түшүп жатат. Эриңиздин ошол аялда көңүлү бар. Кааласаңыз кайтарма кылып берем... Мына дагы бир аял түшүп жатат. Ортолорунда кандайдыр бир тууганчылык байланыш бар. Ортодо ачыла элек сырлар да турат. Бирок, бул сыр жакын арада эле ачылат. Бул сөздөрдү тыңшап отурган Дилфузаны муздак тер басып, санаасы-санга бөлүндү. Бакшыны тыңшап отурган курбусу да сестейе түштү. «Ошол кыз күйөөм менен «жүрөт» деп айтпадым беле! Ооруканага бекеринен каттап жүргөн эмес экен. У-у, бети жок тор десе! Жок, жок! Мен муну ушул бойдон калтырбаймын. Баары бир алардын түбүнө жетем, шермендесин чыгарам. Дүйнөгө келгенине бушайман болот. Мен ага бирөөнүн күйөөсү менен ойнош болгонду көрсөтөм!

XV бөлүм

Кечээки күн абдан оор болду. Ошондон болсо керек. Айбарчын эже түнү бою уктай албай чыкты Камиладан. Ал укканын сөздөрдүн маанисин чечмелеп чыкты. «Бул сөздөрдү кайдан укту экен? Гүланданын сүрөтү Максуджандардын үйүнө кантип түшүп калды? А балким Камила жаңылышып жаткандыр? Уйкаш аттуу, бирине-бири коёндой окшош адамдар болотко, акыры, тооба, чын эле Максуджан Камиланын атасыбы? Мындай нерселер Индиянын кинолорунда гана болушу мүмкүн. Ошонусу го ошондой бирок, каердедир Камиланын атасы болуш керек да. Ал кай жакта экен? Эмне үчүн мен бул жөнүндө ушуга чейин ойлогон эмесмин? Бир сурап, сүрүштүрүп койгон эмес экенмин да...

Ырас эле Гүланданын курбусу Назира өзүбүздүн кыштактан эмес беле. Ал шаарга турмушка чыккан. Күйөөсү, балдары менен энесинин үйүнө келип-кетип турушат. Ошондон Камиланын атасы жөнүндө бир жолу да сурап койбоптурмун. Назира өзү да айтып койбоптур. Апасынын абалын сураганча Назирага барып келсем окшойт. Чын эле Камиланын атасы Максуд болуп чыкса ээ? Бирок, ал эми Камиланы тан алар бекен? Ушул сыяктуу жоопсуз суроолор Айбарчын эжени такыр уктатпай койду. Максуд Камиланы биринчи көргөндөн бери сүйгөнү Гүланданы тез-тез эстечү болуп кетти. Ал кыштактан кайтып келери менен тамак да ичпестен жатып алды. Түн бою жаштык, студенттик жылдарын эстеп чыкты. Ооба, алар акыркы ирет Максуддун тою болордон бир жума мурда жолугушкан. Жигиттин ата-энеси уулун «аягы суюк» Гүланданын тузагынан куткарып алуу максатында тез арада үйлоп коюуну чечишти. Анткени, алардын мамилелери бүткүл шаарга аныз болуп кетти. Максуд Гүландага гана үйлөнөм деп туруп алды. Атасына «ансыз жашай албайм» деп да айтты. Ортодо бала бар экендигин айтканда балким апасы Васила эже аны түшүнөр беле? Бирок ал бала жөнүндө ооз да ачкан эмес... Ошол учурда Максуд эки оттун ортосунда калган эле. Гүландага үйлөнөм десе атасы ыраазычылык бербейт болчу. Сүйгөнүнөн айрылууга жүрөгү чыдабайт, анткени Гүланданы жанынан артык көрөт. Акыры кырдаалды сүйгөнүнө түшүндүрүүнү чечти. «Биз баары бир бирге болобуз» — деди аны сооротуп. Гүланда болсо башын жерге салып, унчукпай ыйлай берди. Максуд бул алардын эң акыркы жолугушуусу экенин оюна да албаптыр. Гүланданын каза болгонун эртеси курсташы Кахрамандан уккан. Ошондо Максуддун бүткүл ички дүйнөсү оодарылып кеткендей болгон. Ачуусу муш сыяктуу түйүлүп, эриндерин бекем тиштеп алды. Көздөрү нымдашып, башына туш келген тагдырына окүнгөн эле. Эмне үчүн чоң кишилер махабат алдында падыша да, кедей да бирдей экен-

дигин түшүнүшпөйт? Досу ага баланын да чарчап калганын билдиргенде ал бир күндө эле сүйгөнүнө да, ата боюшка үлгүрбөй туруп перзентинен да айрылганын түшүнүп, бүткөн бою титиреп кетти...

Ал өткөн күндөрүн көз алдына элестеткен сайын Гүландага байланыштуу эскерүүлөр жүрөк-боорун өрттөп жатты. Арадан он жети жыл өтүптүр. Бирок алиге чейин Гүланда анын көзүнө элестеп туруп алды. Максуд мындай жалгаздыктан, рухий кысталуудан көпкө чейин өзүнө келе албай жүрдү... Кийинки учурларда кыштакта Камила жөнүндө жаман имиш-имиштер тарай баштады. Андай сөздөр алардын үйүнө бир-эки ирет ак Лимузин келип кеткенден кийин күчөп кетти. Кыштактагы аялдар: «Балапан уясынан эмнени көрсө ошону кылат». Бул кызды аттуу-баштуу адамдар ар түрдүү машиналар менен алып келип кетишүүдө. Кийген кийимдерин айтпайсынарбы. Жакында ал төротканада жатып чыгыптыр деген сөз бар. Энеси болсо аны машина уруп кетти деген эле. Жок, машина урган эмес экен. Чамасы, ал да энесине окшоп бир-эки шаардыкты «илештирип» алса керек. Кыштагыбызды энеси уятка калтырганы аз келгенсип, эми кызы шерменде кылбаса эле» — дешип шыбыраша тургандан кабары жок, жаркын сезимдер, таза ой-кыялдар менен жашап жүрөт. Анткени анын өксүк көңүлүн, пас маанайын көтөрүп тура турган энеси жана эжеси Айбарчын эже бар эле да!

XVI бөлүм

Асрар бай үй-бүлөдө туулуп өскөндүктөнбү айтор, көптү көксөгөн, өз каалаганын ишке ашырган жигит болуп өстү. Ал өзүн «Жылдызды таш менен түшүрө тургандардан» деп эсептечү. Өзүнө өтө эле ишенген бул жигит махабат тузагына илинген болсо да аны мойнуна алгысы келбейт эле. Ал Камиланы биринчи жолу көргөндөн бери өзүн экиге бөлүнүп калгандай сезип жүрдү. Асрардын бир бөлүгү кызды ушунчалык сулуу кылып жаратып койгон табийгаттын кудуретине айран-таң калып жүрсө, экинчи бөлүгү ошол табийгат тарткан күчтүн алдында күчсүз жана сокур эле. Камилага болгон сүйүүсү Асрардын Ташкент

сыяктуу чоң шаардан Ошко алып келсе, жигиттик сезими аны махабат кумары алып келген машинасына салып кайра алып кетер эле. Ал акыркы бир-эки айдын ичинде эле Ошко үч-төрт жолу келип кетти, бирок, бир да жолу Камиланын үйүнө барган жок. Эмне деп бармак эле ал жерге? «Мен сизди сүйүп калдым» дейби? Жок эч качан! «Эмне үчүн Камила Асрарды сүйбөй, Асрар Камиланы сүйүшү керек? Ал бир кыштактык, жылаңаяк кыз болсо... Кайдан Асрар ал кызды жеңелеринин үйүндө көрүп калбаса сезимдерине мынчалык эрк бербейт эле. Жок, бул кыз Асрарга тең эмес. Ата-энем да буга макулдук беришпейт» — деди Асрар өйдөлүштөн өтүп баратып Асрар ушул сыяктуу ойлорго чөмүлүп баратканда машинасындагы радиодон белгилүү ырчы Мухриддин Халиковдун аткаруусунда «Камила кыз» деген ыр аткарылып калды.

* * *

Табигат ар кимдин ырыскысын ар кандай ичирет экен. Бирөөгө укмуштай сулуулук тартуулап, алып пейил-мүнөзүн сынык кылып койсо, бирөөгө байлык берип коёт тура. Камиланы алла таала атына жараша сулуу кылып жараткан. Анын бир гана кемчилиги-кембагалдыгы. Бирок кембагалдыкта күнөө жок да... Чындыгында Камила сыяктуу пакиза кыздарды ар кандай эле жигит сүйө албайт. Мындай кыздарды сүйүш үчүн жигит баарыдан мурда чыныгы жигит болушу керек... Кабыл Камиланы мектепте окуп жүргөн кезинен эле жакшы көрүүчү. Ал бир баш көтөргөн, келбети келишкен, жүрөгүндө оту бар жигиттерден. Аскерден кайтып келгенине да бир-эки эле ай болду: Камилага аскерде жүрүп тез-тез кат жазып турчу. Бирок, кыздан бир да жолу жооп алалбады. Кечээ күнү жолдон жолугуп калышты. Саламдашып, ал-акыбал сурашып эле, Кабыл кызга олуттуу карап коюп өтүп кеткен. Ал дили таза жигит эле. Кыштактагылар болсо Камила жөнүндөгү ойдон чыгарылган ушактарга алда качан эле ишенип алышкан. Кабыл ага түк ишенбеди. Кыз бала ото эле назик болот экен. Анын жүрөгүнө эч так түшпөсүн да. Ар кандай «кеп-сөз» чыктыбы, анын бактысы ачылбай кала берди дей бериниз. Булардын баары айрым адамдар болгон окуяны аягына чейин толук

түшүнбөй жатып эле, ал жөнүндө ойлонуп-нетпей жыйынтык чыгарып жибергенинен чыгып келет. Бекеринен «Тилдин сөөгү жок», «Эл оозунда элек жок» деп айтылбайт тура...

* * *

Акыркы мезгилдерде кыштакта Камила жөнүндө таркаган жалган-жашык создөр Айбарчын эжени бир кыйла начарлатып койду. Ал тез-тез ооруучу болуп калды. Турмуштун түрдүү машакаттары, жетишпестиктердин кесепетинен Айбарчын эже ооруп биротоло жатып калды. Анан-мына дегиче кыш да кирип келди. Быйылкы жылы алар кышка жетерлик тезек да жаап алалышкан жок. Уюн уурдатып жибергенден бери сүттү да коңшу-колоңдордон алчу болуп калышты. Жакшы, аз болсо да тамекинин паясын терип алышкан. Чилдеде кереги тийип калат. Албетте, үй артындагы жеринен картошка, сабиз, пияз алышты... Шафаат эже мына он жылдан бери Васила эженин үйүндө ашпозчу болуп кызмат кылат. Ал бир жумадан бери Максудга деп Дилфуза берген кайтарма чайдан демдеп берүүдө. Максуд бул кайтарманы ичкен сайын сүйгөнү Гүланданы көбүрөөк эстечү болуп кетти. «Дарыны кор кылсаң, оору козголот» деп коюшат эмеспи. Ошондонбу, айтор Максуддун эски жарасы козголууда. Акыркы учурларда эмнегедир Камила да анын түшүнө тез-тез кире турган болду. Деги кыштакта тынчылык бекен деп тынчсызданат Максуд. Барып эне-баладан кабар алып келсемби?» — деп ойлонуп калды ал.

XVII бөлүм

Кыштын ызгардуу күндөрү да башталды. Бардык жак аппак карга чулганып жатат. Түндөлөрү алыс жактардан карышкырлардын улуганы да угула калат. Жапыс үйлөрдүн кар баскан тамдардын үстүнөн сороюп көрүнүп турган узун-кыска морлорунан чыгып жаткан кара кочкул түтүн көккө көтөрүлүүдө.

Кыш түшкөндөн бери Айбарчын эженин ден соолугу бир аз да болсо жакшыргандай болду. Бирок аны Камиланын атасы жөнүндөгү ой ага тынчтык бербей жүрдү.

Эсен-аман жазга чыгып алса албетте шаарга барып Назираны издеп табат. Чын эле Максуд анын атасы болуп чыкса кана эми Айбарчын эже ушул сыяктуу ойлорго берилип отурганда эшик ачылып, эки чака суу көтөргөн Камила кирип келди. Ал муз болуп тоңо түшкөн колдорун мешке тутуп сүйлөдү:

— Апа, сиз уктунузбу шаардан Назира эжелер келишиптир. Апасы кыйла оорлошуп калыптыр дешет. Алар эки-үч күндөн бери ушерде экен. Атайын чакыртып алышыптыр.

— Ай деги тынччылык эле бекен? Рахила эже эмне болуптур? Кечээ жакында эле жакшынакай жүрбөдү беле?

— Күйөө баласы врач имиш. Өзү карап жатыптыр. Оңолбосо шаардык ооруканага алып кетет экен...

— Ай бечара, а-ай, ушунчалык да бекен оорусу. Кечирээк барып ал-абалын сурап коюшум керек экен. Биротоло Назира менен сүйлөшө келет элем. Айбарчын эже жарым чыны ысык атала бышырды да, үстүнө бир нан жаап, жоолукка түйдү. Апасынан калган кара баркыт тонун кийип, башына күбө жей берип илме-тешик болуп кеткен жүн жоолугун оронду. Тайгак жолдо абайлап басып коңшу маалага бет алды.

Ал Назиралардын үйүнө жеткенде караңгы түшүп калган эле. Айбарчын эженин алдынан адегенде эле Назира чыкты. Эже менен кучакташып көрүшүп, бейтап жактан бөлмөгө жол баштады.

Рахила эженин кыйла катуу ооруп жатканын саргарып кеткен өңүнөн деле байкоого болот эле. «Ыраңын көр да, абалын сура» деп бекеринен айтылбайт тура. Айбарчын эже бейтап жаткан бөлмөгө кирип, аны менен аябай калың сурашты.

— Түзүксүзбү, Рахила эже. Сизге эмне болду? Астайдил көрпө-төшөккө оронуп жатып алыпсыз го.

— Ысык жан экен, эже. Дарт деген сурабай-нетпей эле келет тура,— деп ордунан козголмокчу болду бейтап.

— Убара болбоңуз. Тынч жата бериниз. Мен азыр кайра кирем. «Кудай дартты жакшы көргөн пендесине берет» деп коюшат го. Оорусун берген соң, шыпаасын да берет.

Бул арада Назира меймандын алдына дасторкон жайып, нан-чай, кант-шекерин койду.

— Көп убара болбоңуз. Назирахан. Сизди кыйла урун-

туп койдум, —деди Айбарчын эже. —Андан көрө келиңиз, жаныма олтурунуз...

— Апам ооруп калганын угар замат бутубуз бут жетип келдик. Апам да өтүбүздү жарып жибергидей кылды, кудайга шүгүр, азыр кыйла түзүк болуп калды. Уколдоп, дары-дармек берип жатабыз. Күйөө баланыз жакшы болуп кетет деп жатат.

— Айтканыңыз келсин кызым. Апаңызга алла таалананын өзү шыпаа берсин.

— Ырас эле, эртең менен көчөдө кызыңыз Камиланы көрдүм. Сууга чыккан экен. Көрөрүм менен көздөрүмдөн жаш агып кетти. Гүланданын өзүн көргөндөй болдум. Адам бири-бирине ушунча да окшош болобу, тооба. Кызыныз Гүланданын өзү-көзү экен...

— Назирахан, эми бул жөнүндө сиз өзүңүз сөз баштап калдыңыз. Сизден жашыра турган эчтеке жок. Мен да кыйла улгайып калдым. Камиланын болсо менден башка эч кимиси жок. Сиз менен эчен жолу жолугушуп жүрүп, анын атасы тууралуу ооз ачпаптырмын. Же сиз өзүңүз бирдеме дебепсиз бул жөнүндө. Сиз Камиланын атасын тааныйт белеңиз?

— Ананчы! Биз ал жигит менен бир курста окуйт элек. Азыр аны шаарда тааныбаган киши жок. Депутаттыкка талапкер болуптур.

Айбарчын эже Назиранын сөздөрүн угуп олтуруп жүрөгү тездеп кага берди.

— Ал абдан бай адам, —деп аңгемесин улантты Назира. — Ошол жигиттин аты ким эле?

— Кимдин? Камиланын атасынынбы? Максуд! Алимов!

Гүланданын альбомунда анын да сүрөттөрү бар эле. Ошол альбомду мен сизге алып келип берген элем го. Айбарчын эже Назиранын сөздөрүн угуп: «Ырас, тууратуура» — деп отурганы менен, өзү эсинен танып баратканда болду. Анткени, Камиланын атасы Максуд экенинде эч кандай шек калган эмес эле.

XVIII бөлүм

Назира менен болгон кечээги сүйлөшүү Айбарчын эженин оюнан такыр кетпей койду. Ал эртеден бери бул жөнүндө Камилага эмне деп айтаарын билбей отурганда күтүлбөгөн жерден эшик ачылып, Назиранын өзү кирип

келди. Алар айванда кучакташып көрүшүп, ал-абал сурашып турушканда ичкериден Камила чыгып калды.

— Саламатсызбы, келиңиз,— деп ал Назирага кол созду. Назира көзүнө жаш алып, Камиланы бооруна басып бекем кучактады. Ушул учурда каяктандыр учуп келген шапалактай көпөлөк бирде Камиланын бети-башын сыйпалап, бирде Назиранын жаактарында туруп калган көз жаштарын жумшак канаттары менен аарчып жатты.

Назира ичкери кирери менен Камилага өз курбусу Гүланда жөнүндө сүйлөй баштады:

— Алар бирин-бири абдан катуу сүйүшчү. Максуддун ата-энеси тоскоол болушпаганда Гүланда менен Максуд сөзсүз үйлөнүшөт эле. Али да эсимде. Алар бири-бирисиз тура алышпайт болчу. Кайда барсак Гүланда менен Максуддун бирге жүргөнүн көрөр элек. Алар бирин-бири ушунчалык бекем сүйүшкөндүктөн, бир мүнөткө да ажыраша алышпайт эле. Ай, ушу байлык өлсүн! Курбумдун бактысына каргаша болбодубу...

* * *

Максуд ойлонуп-ойлонуп отуруп акыры жолго чыкты. Ал адегенде кыштакка эмне алып барсам деп кыйла баш катырды. Акча берсе алышпайт ко...

Эң жакшысы эки уй алып барганы жакшы. Себеби Айбарчын эженин уюн уурдап кетишкенин кулагы чалгандай болгон. Мал алганга да көнүшпосочү? Канткенде да мунун айласын тапса болот. Уйлар сиздердикинде туруп турсун, жазга чейин багып бериниздер, биздикинде карай турган адам да, шарт да жок деп шылтоолойун... Максуд ушундай ойлор менен машинасында кыштакты көздөй баратты. Артынан келаткан жүк ташуучу машинада эки уй келатты...

* * *

Камила Назиранын өз ата-энеси жөнүндөгү «Махабат баянын» көздөрүнө жаш толуп тыншап отурду. Ошондо Айбарчын эже сандыктан Гүланданын альбомун алып, аны Назирага берди. Назира жаштыгы калып кеткен бул дептерди колуна алды да, ошол замат ыйлап жиберди. Анткени биринчи эле бетинде Гүланда менен өзү түшкөн

сүрөт турар эле. Кыздар ошондо 17—18 жашта болчу. Арадан эчен суулар агып кетиптир да... Назира альбомду күрсүнүп-күрсүнүп барактап жатып, ар бир сүрөттүн тарыхы жөнүндө Камилага жалпысынан айтып берип жатты. Назира эстелик дептеринин кийинки барагын ачканда ал жерден Гүланданын Максуд менен түшкөн сүрөтү чыгып калды... Ошол замат Назира өзүн бир саамга жоготуп койгондой болду. Бирок, ал сыр алдырбай Камилага:

— Бул жигит сиздин атаңыз болот, деп Максудду көрсөтүп...

Камила болсо унчукпай отура берди. Ал үн-сөзүз ыйлап жатты. Кыз бүт өмүр бою атасыз жашаганга ушунчалык көнүп калган эле, өмүрүнүн мындан аркы бөлүгүн атасы менен чогуу жашоону көз алдына элестете албай жатты. Назиранын аңгемеси ага жомоктой туюлуп жатты...

Максуд өргө келгенде машинасынын ылдамдыгын басаңдатты. Бирок, артынан келаткан жүк ташуучу машина тайгак жол менен чыгалбай калды. Машина канчалык жулунса да ордунан жыла албады. Айланада суук. Адыр, талааларды кар басып жатат...

* * *

Айбарчын эже, Назира жана Камила үчөө кыйлага чейин раматылык Гүланданы эскерип отурушту.

— Курбумду эстеп отуруп апам да эсимден чыгып кете жаздаптыр,— деди Назира, бейтап жаткан апасын эстеп. — Эже, келиңиз, бир тилават кылып коёлу. Анан мен да үйгө кетейин...

— Сүйлөшүп отуралы да, Назира эже,— деди Камила. — Андан көрө сиз бүгүн биздикинде эле жатып калсаңыз? Эжебизден кабар алып турабыз.

— Жок, Камилахан, рахмат. Үйгө барбасам болбойт. Апам кабатыр болуп жаткандыр. Деги абалы кандай болуп калды экен? Айбарчын эже менен Камила мейманды узатышып көчөгө чыгышты. Ушул учурда беш-алты метр арыраактан келе жаткан ак Лимузинди көрүп калышты. Ал бир саамда булар турган жерге келип токтоду. Машинанын эшиги ачылып, андан сөөлөттүү бир киши түштү. Назира аны көрөрү менен тааныды. Ал мурдагы курсташы Максуд эле. Күтүлбөгөн бул жолугушуудан таштай

катып калган Назира эмне дешин билбей бирде Камилаңы, бирде Айбарчын эжени жалдырай тиктейт...

XIX бөлүм

Күтүлбөгөн бул жолугушуудан эси ооп түшкөн Назира бул өңүмбү же түшүмбү деп таңыркайт. Ананчы?! Эми эле сөз кылып жаткан адамың а-бу дегиче асмандан түшө калгандай алдынан чыкса... Мындайда адам акылынан ажырап калышы да мүмкүн да. — Ай-у-уй, Назирахан, бул сизсизби? — деди — Максуд ортодо боло калган жымжырттыкты бузуп. — Мени көрүп эмне мынча өң-алаттан кеттиңиз? Өзүңүздү бул жактарга кандай шамал айдап келди? Жаңылышпасам сиз шаарда турат элеңиз го?... Күйөөңүз менен тез-тез үлпөтчүлүк да кылып турабыз...

— Келиңиз, келиңиз Максуджан — деди бир аз өзүнө келе түшкөн Назира. — Өзүңүздү кайсыл шамал учуруп биздин кыштакка келип калдыңыз? Атасын көргөн Камила эстен танып кала жаздады. Анын колу-буту алсырай титиреп, жүрөгү ушунчалык тез жана катуу каккандыктан өзүнө да угулуп жатты. «Ата, атакебай» деп жибере жаздады ал. Бирок, табиятынан оор басырыктуу кыз өзүн колго алды. Анын Максудду «Келиңиз» деп айтканга да кубаты калган эмес эле...

— Эже, сак-саламат турасызбы? — деди Максуд Айбарчын эже менен саламдашып. — Эшик — эл, коңшу-колоң тынчпы? Өзүңүз түзүксүзбү?

— Келиңиз, укам, кош келипсиз,— деди Айбарчын эже колун көкүрөгүнө коюп. — Кудайга шүгүр, рахмат. Өзүңүздөрдөн сурасак? Апаңыз, атаңыз, ака-укаларыңыз эсен-аман жүрүшөбү? Тууган-урук, бала-чака сак-саламатпы?

— Рахмат. Алла таалага шүгүр, баары тынч эле жүрүшөт... Камила-кыз кандай, Камила-кыз,— деп Максуд Камилага бурулду. — Жакшы болуп кеттинизби, кызым? Шаарда бир тагам бар эле деп кабар алып да койбойсуз да? Мына, сиздерди көрүп келейин деп дагы өзүм келдим...

— Максуджан тынччылыкпы деги? Аябай эле калың сурашып калдыңыз го? Мамилелериңер бир топ жакын окшойт? Деп сөз узатты Назира. — Булар сизге ким болот? Албетте эгерде жашырын сыр болбосо...

— Туура таптыңыз, Назирахан, абдан туура таптыңыз. Биз чын эле жакын тууганда болуп калганбыз. Айбарчын эже мага эжемдей, Камилахан болсо өз кызымдай эле болуп калышкан...

Камила Максуддун «Өз кызымдай» дегенин угуп кулактары дүңгүрөп кетти. Байкуш кыздын ушул учурда кандай абалга туш келгенин эстетип көрсөңүз болот...

Ушул учурда «Лимузиндин» арткы отургучунда эжесин, кызын, Назираны жана Максудду тиктеп узун чачтары жазылып кеткен, аппак жука жоолукчан раматылык Гүланда отурган эле. Көздөрүнө жаш толо...

Айбарчын эже болсо мейманды үйгө чакырып, төшөнчү салып, жай даярдаш үчүн ээрчитип ичкери кирип кетти. Көчөдө Максуд менен Назира бетме-бет калышты.

— Бактыңыз бар экен, Максуджан, — деди Назира.


— Сиз эмнени мага ишарат кылып жатасыз, Назирахан?

— Кызыңызды таап алганыңыз жөнүндө.

— Сиз эмне дединиз?! Түшүндүрүп айтсаңызчы, Назирахан?

— Бул үй кимдики экенин билесизби, өзү? Бул короодо бир убакта сиз сүйүп жүргөн кыз — Гүланда туулуп-өскөн. Ооба, бул Гүландалардын үйү. Айбарчын эже Гүланданын таежеси болот. Камила болсо Гүланданын кызы – сиздин да кызыңыз болот...

Назиранын сөздөрүн катуу толкундоо менен угуп жаткан Максуд кокусунан эле жүрөгүнүн тушун мыкчып, машинасына жөлөнө калды. Ал ошол замат инфакт болгон эле. Максудду райондук борбордук ооруканага жеткиришти...



II ГЛАВА

I бөлүм

Атасынын оор дартка чалдыгып калганы Камилага катуу таасир этти. Айбарчын эже экөө ооруканага барышса, дарыгерлер ичкери киргизбей коюшту. Максуд реанимация болүмүндө жаткан эле. Кайриет, аны ооруканага тезинен алып келишти. Болбосо... Дагы жакшы, Назиранын күйөөсү Сабыржан ушерде экен. Максудга биринчи жардамды ошол киши көрсөтөдүбү.

Улуу майрамдын күндөрү. Орозолуу Рамазан айы келип калган. Мына үч күндөн бери Камила саарлык ичип жатып атасына саламатчылык тилеп кудайга жалбарат.

«О Жараткан, бейтап атамды өз канатыңа катып сакта. Эми эле аран тапканымда ырайым кыл. Кенен пейилсиң го өзүң. Жер менен Көктү ортого салып өтүнөм. Атакемди аман-эсен кайтарып бер. Менден сага дагы эмне керек? Энеден ажыратканың жетпейби?.. Атамдын жүзүн көрбөй жүрүп чоңойдум. Ушунча да таш боор болосуңбу? Мага кереметтүү бакыт берип коюп, кайра ошол замат алып коёсуңбу? Мынчалык кордук көргөнгө мен эмне күнөө кылып койдум?»

Камила бул сөздөрдү ичинен айтты да, көздөрүнөн шорголоп жаш агып кетти.

Ушул учурда көчө дарбазасын тээп ачып, кооого Дилфуза кирип келди. Мардан ака ооруканадан келери менен зайыбы Васила эже менен келини Дилфузаны алып бул кыштакка жетип келген. Алар Максуд жаткан бөлмөдөн такыр алыстай албай туруп калышты. Дилфуза

бир жактан күйөөсүнүн оор абалына кабатыр болсо, экинчиден, кызганыч оту жанын өрттөп жаткан эле. Жүрөгүнүн бир чети Максуд үчүн күйүп жатса, экинчи чети «Мындан да оор күн башына түшсүн»деп шайтандын сөзүн кайталоодо.

— Менин күйөөмө сенин кесепетиң тийди,— деди Дилфуза Камилалардын үйүнө буркан-шаркан түшө кирип келип. — Эй, шойкомдуу неме, сен аны ушул абалга жеткирдиң. Сасыган ыплас, сойку — деп ал сөөмөйүн Камиланын көзүнө такады.

Дилфузанын эч кандай негизи жок жалаа жапканына Камила коркуп да кетип, айтар сөзүн таба албай отуруп калды.

Дилфуза болсо байкуш кызды өңү-түсү кансырап бирде көздөрүн алайтып, бирде эриндерин титиретип айкырып-өкүрүп сүйлөй берди.

— Жарыбаган шүмшүк ит минген шуркуя! Күйөөмдүн күнү сага окшогон арабакечтин небересине калыптырбы? Күйөөмдү келип-келип сага окшогон бир албарсты менен «бөлүшүп» жүргөн экенмин да?! Эй сасыган шүмшүк, эй! Ушундан көрө өлүп калганың жакшы эмеспи?!

Камиланын ары жагында турган Айбарчын эже Дилфузанын оозунан атылып чыгып жаткан жаман сөздөргө чыдай албай титиреп жатты. «Синдим, Камила сизге эмне жамандык кылды?» — дегенге араң алы жетти. Дилфуза болсо Айбарчын эжеге кескин бурулуп сүйлөдү:

— Сен аралашпай жөн тур, ыплас кошмочу! Ак чачтуу башың менен өзүңдүн кызыңды бөтөн эркектердин койнуна салып берип, тапкан акчалар менен күн өткөргөндөн көрө өлгөнүң жакшы эмеспи?!

Айтор Дилфузанын оозунан ак ит кирип, кара ит чыгып жатты. Аны укkан адам эмес, жылан да терисин сыйрып таштап качып кеткидей болду. Күтүлбөгөн бул каргоолордон эси оогон Камила менен Айбарчын эже таштай катып, селейип туруп калышты...

— Өңү өчкүр шайтан, шерменде! Сасыган кыштактык албарсты. Кебетеңди бир карап көрбөйсүңбү. Бүткөн боюндан тезек жыттанып турат ко, деп жини толуп-ташкан Дилфуза Камиланы жаактан ары чаап жиберди...

Бирок бул шапалак Камиланын эмес, Айбарчын эженин жаагына тийгендей болду. Эже эс-учун жоготуп, астанага жыгылып түштү.

Бул мезгилде коңшу-колондор жыйылып, көчө тарап күрү-гүү боло түшкөн эле. Айрымдары коргондун үстүнөн тиктешип, Камилалардын үйүндө болуп жаткан жаңжалды тамаша кылып карап турушту. Камила болсо ызасына чыдабай эринин тиштенип, эжесинин башын көтөрүп жатып, өксөп-өксөп ыйлап турду. Бирок, анын үнү чыкпады.

II бөлүм

Максудду райондук ооруканадан шаарга доктор Акрамалиевдин жеке менчик ооруканасына алып келишкенине бир жума болуп калган. Анын өзүн жалгыз бир палатага жаткырышкан. Бейтапты Акрамалиевдин уулу, жаш кардиолог илимпоз, медицина илиминин кандидаты Аббас Акрамалиев дарылоодо.

Күн сайын ар ким келип-кетишет. Таң аткандан күн батканча Максудду көргөнү жок эле дегенде төрт-беш киши келишет. Алгачкы күндөрү анын жанына уулу Сиявуш жатып жүрдү. Азыр Максуддун абалы бир топ жакшы кайрыет оору аз-аздан чегинип баратат.

Ал көз айнегин тагынып, эртең менен аялы таштап кеткен газета-журналдарды окуп жаткан эле. Ушул учурда палатага мээрман кыз кирип келди.

— Максуджан ака, сизге эки аял келиптир. Алар кыштактык экен. Кире беришсинби? Же бүгүн кыйналып калдыңызбы?

Максуддун кулагына «кыштак» деген сөз угулар замат алда-кандай болуп кубанып кетти. Себеби өзүнө келгенден бери кызы Камила жөнүндө гана ойлонуп жүргөн.

Бир аздан кийин эшик ачылып, палатага ак халат жамынышкан Айбарчын эже менен Камила кириштти. Айбарчын эже Максуддун жанына келип, анын ал-абалын сурай баштады. Артынан кызарып-бозоргон Камила келип, атасын көрөрү менен жүрөгү «болк» эте түштү. Максуд Айбарчын эже менен саламдашып жатып да көздөрүн Камиладан үзбөй турду.

— Кечириниз, иним биз деп сиз да кыйналып калдыңыз. Кайдан алла-таала сизди бизге жолуктурду экен?!

— Коюңуз, антпениз эже! Мен ошол күнү кубанганымдан ушундай болдум. Ишенишимди да, ишенбесим-

ди да билбей калбадымбы. Ушул чын болсо экен дейм. Камила чын эле менин кызым болуп чыкса ээ?

Кыз атасынын сөздөрүн угуп, жер тиктеген бойдон унчукпай отурду. Ушул учурда ал атасынын мойнунан кучактап кайра-кайра өпкүлөгүсү келди. Ал атасынын жакшы болуп калганын көрүп аябай кубанды, тилеги аткарылганына жаратканга чексиз ыраазы болуп ичинен шыбырады.

«Мен эми таштанды да, асыранды да эмесмин. Ооба, менин да көп катары өзүмдүн атам бар эми. Мен чын эле ушундай кадырлуу адамдын кызымынбы? Буга эч ишенгим келбейт? Кечээ эле эжемден башка эч кимим жок эле. Бүгүн болсо эжем да, атам да бар. Ал турсун атамдын үч баласы бар экен.

Демек алар менин ини-сиңдилерим, бир боорлорум!»

Камила атасынын маңдай жагында отуруп ушундай ойлорду көңүлүнөн өткөрдү.

Ушул учурда палатанын эшиги ачылып, дарылоочу врач Аббас Акрамалиев кирип келди.

— Ой-ууй Максуджан ака меймандарыңыз мынча көп?! Деги чарчап калганыңыз жокпу?

— Жок-э, Аббасбек, бул меймандарды мен өмүр бою күтүп жүргөмүн. Сиз да таанышып алыңыз алар менен. Мына бул кыз — менин кызым Камила, а тигил киши анын таежеси.

Аббас Камиланын үстү башына көз жүгүртүп чыгып Максудга таңыркай карады:

— Кызым дединизби?

Ушул учурда Камила өзү жөнүндө сүйлөшүп жаткандын эки эркектин ортосунда калганын байкап, өзүн ыңгайсыз сезип кетти. Ал канчалык аракеттенсе да, башын жерден көтөро албай койду.

Айбарчын эже болсо кыштагына кайтуу убактысы келгенин эстеп: «Биз кетели, анда Максуджан» — деп ортодогу ыңгайсыз абалды ондоп кетти.

III бөлүм

Айбарчын эже менен Камила ооруканадан чыгып автобекетке келишкенде кеч кирейин деп калган эле. Алар автобуска чыгышып, арт жактан орун алышты. Камила

ошол замат терең ойго түшүп, кыялданып кетти. Андыктан автобустун ордунан жылганын да сезген жок. Ал терезе жакта отургандыктанбы, шаардан чыгып баратканавтобустун ичинен тээ алыстан көрүнгөн ак карлуу тоолорду тиктеп, термелген бойдон кете берди.

«Кана эми, бактыма апам да тирүү болуп калса. Көңүлүмдүн өксүк жери толуп калбайт беле. Кандай өкүнүчтүү! Мен апамды эч качан көргөн эмесмин. Сүрөтүнө гана көзүм түшүптүр. Бирок, сүрөт деген сүрөт да. Аны тиктеп отуруп адамдын үнүн угуп, баскан-турганын байкай албасаң. Эх, сүрөттөрдө гана калып кеткен менин апам, кайран апакем...»

Аббас ординаторлор кабинетинде Максуддун ооорусунун тарыхын жазып олтурду, бирок, эмнегедир жана көргөн Камиланын элеси көз алдынан кетпей туруп алды. Чамасы, кыздын элеси жигиттин карегине биротоло батып калган. Аббас каякты тиктесе да, ошол жерге айылдык кыздын кебетеси көрүнө берди.

Автобус кыштакты көздөй баратты. Камиланын капалуудай түрү бар. Ал кубануу эмне экенин да билбей келди. Эмне үчүн мындай? Атасын тапканына аябай сүйүндү го. Бирок, түпкүлүгүнөн жупуну кыз бул сезимин чачып-төгүп көргөн эмес. Ал ичинен гана кубанып жүрө берет. «Ал менин атам! Ооба, ооба менин кымбат атам. Бирок, мен эми аны «ата» деп чакыра алambы? Чындап эле ушул бейтааныш кишини эртенден тартып «ата» дей баштаймынбы? Аны менен дастарконго чай ичип отуруп, ээн-эркин сүйлөшүүнү көз алдыма элестете албайм. Айрым курбуларым аталарына эркелешип, ачуу сөз да сүйлөп жиберишет. Мен ага катуу сөз айтмак турсун, балким эркелей да албасам керек. Канткенде да анын башка үй-бүлөсү, шипширин балдары бар эмеспи. Мага эркелегенди ким коюптур. Аялы Дилфуза эже болсо бир кыйла заар экен. Кечээ биздикинде чыгарган жанжалын кантип унутасың. Анын орунсуз жалаалары бүткөн боюмду титиретпедиби. Эми ошого окшогон окуялар эч качан кайталанбаса экен. Аны коркунучтуу түш катары унутуп калсам ээ?

Сиявуш Ташкендеги дипломатия университетинде окуп жатат. Ал англис тилин жакшы билгендиги үчүн Вашингтон университетинде окууга жолдонмо алды. Университетте жакшы көргөн кызы да бар. Аты Лола,

Самаркандык болот. Аны Лондон университетине жөнөтүштү. Азырынча экөө кат жазышып турушат. Албетте англис тилинде. Мурдалары жердештерибиз эң алыс барса Москва, Ленинграддан окуп келишчү. Ал жактан окугандардын кулк-мүнөзү да оруста шып кеткен. Эми болсо жердештерибиз АКШ, Германия, Франциядан билим алып келишүүдө. Иши кылып мындан ары жаштарыбыз англистешип, немистешип же француздашып кетпесе экен...

Аббас АКШга барып бир жылдык тажрыйба алмашуу окуусун аяктады. Азыр жүрөк оорусу боюнча диссертациясын жактаганы турат. Ал ата-энесинин жапжалгыз уулу. Закир ака эки кызын күйөөгө берген. Бири азыр Парижде, экинчиси Ош университетинин медицина факультетинде мугалим. Алардын үй-бүлөсүнө бүт шаардык-тар суктануу менен карашат. Апасы мектепте директор. Ал абдан билимдүү, ыйманы ысык аял. Уул-кыздарына мыкты тарбия берген. Күйөө балдары да маданияттуу үй-бүлөлөрдө тарбияланып өсүшкөн...

IV бөлүм

Мардан ака быйыл бир топ картая түштү. Кайриет өткөн жылы ал Меккеге эсен-аман барып келип алды. Васила эже да Мединага барып ажы болуп келген. Эми алар күнү-түнү кудайга сыйынуу менен гана убакыт өткөрүшөт.

— Кемпир оокатынды куюп бер, барып уулундан кабар алып келейин. Аны көрбөгөнүмө да кыйла болуп калды,— деди Мардан ака Васила эжени чакырып.

— Мейли, мейли. Бешим окулушуна али көп бар. Шопурга айтып коёюн, сизди ооруканага алып барып келсин. Андан кийин мечитке чыгасыз да...

Максуд палатада ойго батып жатты. Ал он сегизге чыгып калган кызы Камиланын кантип күн өткөрүп келгенин көз алдына элестетип көргүсү келди. Атасы байкубаттуу адам болсо да жетимчилик менен өсүп-чоңойгон перзентинин тагдырына боору ооруду. Эртерээк таап алганымда кана. Ушунча жыл бекер өтүп кетиптир. Ушул сыяктуу кыял-ойлордон ал бир кыйла жапа чекчү...

Бир аздан кийин эшик ачылып кайнатасы менен кайненеси кирип келишти. Салам-аликтен кийин алар бири-биринин ал-акыбалын сурашты.

— И-и, күйөө бала, түзүксүзбү деги? Жаштык кезиңиздеги шоктуктарыңыз эсиңизге түшүп, жүрөгүңүз жарылып кете жаздаган окшойт?

Кайненесинин чымчыма сөзүн угуп, Максуддун жүрөгү бир «болк» деп алды.

— Ко-ош эми мындан аркысын эмне кыласыз? Кызымды ушунча жыл алдап жашап келипсиз, жакшы болгон жок,— деп сөзүн аяктады Зулайка эже тирелген каштарын кере сүйлөп.

Бул аялдын жашы кыйлага барып калса да дайыма жасанып-түсөнүп, өзүн кооз алып жүргөнгө көнгөн. Күйөөсү Шарабидин ака оор басырык, аз сүйлөгөн адам. Аны Зулайка эженин кулу деп койсо да болот, анткени өмүр бою аялынын тилинен чыкпай келе жатат.

Максуд кайненесинин уу кошулган сөздөрүн угуп отурганда дагы эшик ачылып, палатага Мардан ака кирип келди. Ал кудалары, уулу менен учурашып, анан керебеттин четине көчүк басып, бата кылды.

— Тынчсыздарбы, эшик-эл кандай, бала-чака күүлүү күчтүүбү?! — деп кайрылды.

— Өзүңүздөрдөн сурасак? Уул-кыздарыңыз, небереберелериңиз сак-саламатпы? Кудагыйдын ден соолугу кандай? — деди Шарабидин ака жооп кайтарып.

Зулайка эже болсо отурган калыбын бузган жок. Анын чимирилген каштары ан сайын ийри-буйру болуп тырышып турду.

— Небереңиз куттуу болсун! — деди ал баары бир өзүн токтото албай.

Мардан ака болсо кудагыйына эмне деп жооп беришин билбей кабатырлана түштү. Өңүнө кан жүгүрүп кызарып-татарып, кыжалат болгонунан жер тиктеп тим болду.

— Дилфузахан, эртен-бүрсүгүнү күйөөңүз ооруканадан чыгат. Эми болор иш болду, боёсу канды. Аны улам эле кыйнай бербеңиз. Андан эч пайда чыкпайт. Эмне дейт элек пешенеге ушул жазылса. Бирок, биз Максуддун баласы бар экенин таптакыр билген эмеспиз.

Дилфуза кайненесинин сөздөрүн көзүнө жаш алып угуп отурду.

— Мени түшүндүнүзбү, кызым? Өзүңүздү колго алыңыз, жарайбы? Бала-чакаңардын бактысына уулум аман калды. Эми аны да, өзүңүздү да кыйнай бербеңиз. Өткөнгө өкүнгөн болбойт...

— Уулум эми мындан аркысы кандай болот? — деди Мардан ака кудалары чыгып кетишкен соң Максудду тиктеп. Келечекте эмне кылсам дейсиң? Бойго жетип калган кызың бар экен. Неге ошондо эле бизге айтпадың? Чындыкты өз убагында билгенибизде балким сен бактылуу болор белең? Бизди кечир уулум! Ошондо сенин көңүлүңө карабадык. Эми билсек сени бактылуу кылабыз деп, бактысыз кылып койгон экенбиз...

Ушул учурда атасынын өкүнүчтүү сөздөрүнөн Максуддун көңүлү чөгө түштү. Дубал сыяктуу бозоруп кеткен эки бетинен ылдый анын көз жаштары агып жатты...

V бөлүм

Максуддун ден соолугу кыйла жакшы болуп калды. Ал ооруканадан чыккандан бери кыштакты эңсейт. Бүгүн кандай болбосун Камилаларга барып келиши керек. Гүланданын мүрзөсүн да көрмөкчү. Сүйгөнүнөн кечирим сурайт.

Машина Камилалардын дарбазасынын жанына токтоду. Айбарчын эже малканада уй саап отурган. Камила болсо сөрүдө көк тазалап жаткан. Мына бир нече күндөн бери алар шаардык базарга каттап, көк-чөптөрдү сатып келишүүдө. Кантишсин анан, тиричилик деген тиричилик да. Камила атасын көрүп ичинен сүйүнүп, көк-ала болгон колдорун артына жашыра, атасы менен саламдашты. Максуд токтоно албай ыйлап жиберди.

Бир караганда оор басырык, катуу мүнөз көрүнгөн бул адамдын көңүлү чындыгында кыйла назик эле. Анын үстүнө кийинки учурларда ал ар нерсени жүрөккө жакын кабыл ала турган болуп кеткен.

Максуд Айбарчын эже менен кол алышып учурашкан соң, Гүланданын мүрзөсүн көрсөтүп коюусун өтүндү. Ал шаардан бир себет гүл ала келген эле. Эже Максуддун бул ниетине ыраазы болду да, кызын кошуп берди. Өзү буту ооруп жатканын шылтоолоп үйүндө калды.

Атасы менен кызы себеттеги гүлдөрдү көтөрүшүп,

кыштак четиндеги көрүстөндү көздөй баратышты. Көпкөк талаалардын бетине чыккан кызгалдак гүлдөрү күндүн табынан күйүп кеткендей, көздүн жоосун алат. Алар жалгыз аяк жол менен басышып, тез эле Гүланданын мүрзөсүнө жетип келишти. Үстүнө түбү түшүп калган фарфор чайнек коюлган бул мүрзө жылдар өткөн сайын улам чөгүп баратыптыр. Үстүнө байчечекей, кызгалдактар чыккан. Табияттын өзү эле ушул мүрзөгө табигый гүлдесте таштап койгонсуйт. Максуд колундагы себетти Гүланданын «баш жагына» коюп, андан кечирим сурап, өксөп-өксөп ыйлады. Ал жанында турган кызынан уялган да жок. Көз жаштарын да жашырбады. Тескериеинче, өкүрүп-өкүрүп ыйлай берди. Атасын көргөн Камила да көз жашын тыялбады. «Апаке, апакебай!» деп каныргы түтөдү анын.

Тилекке каршы, булар Гүланданын азыр ушул жерде турганын билишкен жок. Тээ-тигинде турат ал. Кыпкызыл кызгалдактардын үстүндө жука жибектен тигилген ак көйнөгүнүн этегин шамалда желбиретип, куш сымал жеңил обон салып, бийге түшүүдө. Анын капкара чачтарын жеңил шамал жулкулдатып тарткылоодо...

— О, тагдыр! Сен мынча тез өзгөрөсүң?! Кээде жан тартып, кээде ташбоор болуп кетесиң. Туз буйруп бирига албаган эки жүрөк сенин буйругуң менен мына бүгүн көрүстөндө «көрүшүп» турушат. Бул жүрөгү жарадар үйбүлөнүн эч күнөөсү жок эң татынакай боору бар. Ал атасын да, апасын да көрүстөндөн тапты. Алардын да бири тирүү, бири жансыз...

Максуд сүйгөнү Гүландага бул себеттеги гүлдөрдү Камиланы төрөгөн учурда берсе болбойт беле? Эмне үчүн бирөөлөрдүн сөзү адамдын өмүрүнө балта чабат? Жетет! «Эгер колумдан келсе падышага кедейдин кызын, кедейге ханшына алып берет элем. Ортодо сүйүү болбосо алтын аяктан суу ичкен падыша да, ханыша да кедей болуп калышат. Ал эми бирин-бири сүйгөн кедей кыз-жигит караңгы зынданда да өздөрүн бактылуу сезишет».

Максуд көкүрөгүн жеңилдетип алган соң үн чыгарып куран-тилават кыла баштады:

«Аьузу биллахи минашшайтанир ражим, бисмиллахир рахмани рахим. Алхамду лиллахи раббил аламийн, ар-рахманир рахийм, малики явинд дийн. Ййьяки наьбуду ва ийька настаьин ихдинас сиритал мустакийм сиратал-

лазина аньамта алаххим, гайрыл магзувбу алайхим валлазиллайм.

Субаханака рабба карабил из зати мма аясифун ва саламин алар мурсалийн валхамдулиллахи раббил аламийн» деп алакан жайып бата кылды.

«Ушул окуган куран-тилаватымдын сообу эң мурда алла таала жолуна, Мухаммед пайгамбардын үмүткөр арбактарга, алардын катарында сүйгөнүм Гүланданын таза духуна арнаймын. Ылайым жаткан жери бейиште болсун, караңгы мүрзөсү нурга толсун. Алла таала өз боорусуна тартсын. Оомийин!

Мына он сегиз жылдан бери Гүланданын руху тең бөлүнүп жүрөт. Он сегиз жылдан бери бир буту жарык дүйнөдө болсо, бир буту тигил ааламда эле. Эми анын руху тынчтанып мемирей түштү.

VI бөлүм

Дилфуза үч-төрт айга чейин өзүнүн күйөөсүнөн капа болуп жүргөнүн билдирбөөгө тырышты. Табиятынан беткe чабар, ачык-айрым бул аял баары бир өзүн токтото албай калды. Сыртка чыгып бараткан күйөөсүнө ачуулана сүйлөдү:

— Дагы түнгүч перзентиңизге кетип баратасызбы? Нээтиңизде эмне бар өзү? Же ошол никесиз төрөлгөн кызга биротоло ыктайсызбы?

Канткенде да бул жөнүндөгү сөз эртедир-кечтир айтылмак. Себеби Максуд менен аялынын ортосунда түзүлгөн кырдаал бышып-жетилип калган эле. Максуд бул тууралуу сөз козголгонуна өкүнгөн да жок, тескерисинче, ынгайлуу учур келгендигин байкап, минтти:

— Ооба, мен аны кызым катары тан аламын жана эми биз менен бирге жашайт!

Күтүлбөгөн бул жооптон эси ооп түшкөн Дилфуза ошол замат жаны чыгып кете жаздады:

— Эсиңизди жоготпоңуз. Акылыңыздан айнып калбадыңызбы дегени? Жок дегенде ата-энеңиз, балдарыңыздан уялбайсызбы? Жок, жок мен буга жол койбоймун. Сиз ушундай таза үйгө арамдан туулган кызыңызды алып келмекчисизби? Уялбайсызбы! Эми эле уулдарыңызды үйлөнтүү керек болот. Деги биз эл көзүнө кандай адамдар болуп көрүнөбүз? Тууган-урук менен коңшу-колоңдун бетин кантип карайбыз? Жок, муну көргөнчө менин өлгөнүм жакшы!

— Болду жетишет, өзүңүздү кармаңыз. Ушунча жыл сиздин сөзүңүз менен болуп келдим. Мындан ары менин айтканымдай болот. Камиланы алып келем дедимби, алып келем! Адамдар менен менин эмне ишим бар? Алар эмне десе ошол дей беришсин! Мен алла тааланын алдында күнөөлүүмүн. Ошон үчүн кызымды үйүмө алып келишим керек. Күнөөмдү жуушум керек. Ата-энеме келсек, анткени мен алардын баласымын. Камила болсо менин боор этимден жаралган...

Ушул учурда үй ичиндеги талаш-тартышты угуп калган Васила эже кирип келди да, Дилфузага сүйлөдү:

— Э-эй балам — ай, мен сизге эмне деген элем? Кудай акы, жаңжалдашпагыла дебедим беле?

Кайненесинин сөздөрүн угуп Дилфузанын ачуусу ого бетер күчөдү.

— Ко-ош, сиздин оюңуз боюнча мен эмне кылышым керек? Уулуңуздун көчөдөн таап алган баласын боорума кысышым керекпи? Өлө турган болсо өлүп бүттүм. Же мени дегиле же ошону тандап алгыла.

— Ай-ай, кызым, шайтандын тилине кирбениз. «Ачуу душман — акыл дос» деген эмеспи. Бул өтө кылдат маселе. Аны сиз экөөбүз чечип коё албайбыз. Тууган-урук, коңшу-колоң деген бар. Көптөп бир чечимге келебиз.

— Ээ, жөн коюңузчу, апа, кетсе кете берсин. Ал качангача бизге азап берип турат? Жолун тоспоңуз! Мейли кетсе кете берсин!

— Апаке, мени туура түшүнүңүз. Акыры Камиланын да менин башка балдарымдай эле бактылуу жашоого акысы бар го! Эмне үчүн ал атасы тирүү туруп жетим сыяктуу кысынып-кымтынып жашашы керек? Ансыз деле 18 жыл жарыкчылыкта жашаптыр. Мен аны башка балдарымдай эле билимдүү, маданияты бийик адам болушун каалайм.

— Сөзүңүзгө кошулам, балам. Азыр перзентке зар үйбүлөлөр жетим балдардын үйлөрүнөн жат балдарды асырап алып, өз балдарындай тарбиялашууда. Камилахан болсо өзүңүздүн перзентиңиз, менин неберем экен. Өз кызыңыздан баш тартсаң кудайга да жакпайт. Бирок, азыр анын убактысы келе элек сыяктуу. Бир аз күтө

туралы. Аялың менен балдарың бул окуяга кичине коно түшүшсүн. Алып келиш кыйын маселе эмес ко.

— Мен ансыз деле өтө кечигип калдым. Он сегиз жылга кечиктим. Кудай бетин ары кылсын кокустан өлүп калсам, бул арман жан-дилимде калбасын деймин. Мен Камилага мүмкүн болушунча тезирээк жакшылык кылганга, анын көңүлүн көтөргөнгө үлгүрүп калышым керек. Аны менен мен өзүмдүн аталык парзымды кеч болсо да аткарган болот элем. Жок, менин ишиме кийлигишпегиле. Силердин сөзүңөрдү бир жолу угуп көргөмүн. Мени кечириңиз, бул жолу мен жүрөгүмө кулак төшөйүн.

— Атаң эмне дээр экен?

— Атам менен бул маселени ооруканада жатканымда эле макулдашып койгонмун. Ал каршы эмес. Тескерисинче, кызыма ата болушум керектиги жөнүндө өзү кеңеш берген.

VII бөлүм

Камиланы алып келиш үчүн кыштакка Максуд менен бирге ата-энеси да кошо барышты. Айбарчын эже меймандарды үйгө кийирип, төшөнчү салды. Нан-чай койду алдыларына. Дасторконго жаңыдан сүзүлгөн каймак койду. Бир-эки пияладан чай ичилген соң Васила эже сөз баштады:

— Барчынай, туура көрсөңүз, биз сиздерди алып кеткени келдик. Камилахан неберем болгон соң биздикинде жашаш керек да. Сиз болсо ага энедей эле болуп калдыңыз. Сиз бирге көчүп барбасаңыз капа болобуз.

Айбарчын эже айрым учурларда меймандардан ар кандай сөз күтүшү мүмкүн эле, бирок, мындай сунушту угуу оюна да келген эмес. Бирок, ал Камиладан ажырай турган убакыт келгенин түшүнүп калды. Ошондуктан өзүн токтото албай жашып кетти.

— Эми эмне демекмин? Кыз — силердики. Сиңдимдин өмүрү кыска экен. Мен аны ордуна эне болуп Камиланы эрезеге жеткиче тарбияладым. Дагы канча жашайм, аны кудай гана билет. Тагдыр буйруп өлүп кетсем, бул чоң короодо Камила жалгыз өзү каларын ойлоп корком. Көзүм барында аны күйөөгө узатып алсам деген элем...

— Андай дебеңиз, Барчынай. Эми Камилахандын атасы, чоң атасы, чоң энеси, ини-сиңдилери, тууган-уругу бар. Сиз дагы жалгыз эмессиз. Небереме эне да, эже да болосуз.

— Аныңыз чын, бирок улгайып калган чагымда ата-энемдин короосун таштап кете албайм. Мейли, Камила макул болсо аны тезирээк алып кеткиле. Анткени ал үйүнөргө канчалык эрте барса, силердин үй-бүлө менен ошончолук тез үйрөнүшүп кетет. Ырас, Камиладан ажыраш мага оңойго турбайт. Ал менин өз кызымдай болуп калбадыбы. Бирок кантмекпиз, тагдыр ушул экен.

— Мен, сизге өмүр бою ыраазымын эже. Өзүңүз жегенди жедирип, өзүңүз кийбегенди кийгизип, кызымды эрезеге жеткирипсиз. Мындан ары мага ыраазылык берсеңиз Камилага өзүмдүн аталык мээримимди бергим келет деп сөзгө аралашты Максуд.

— Буга неберемдин өзү эмне дээр экен? — деди Мардан ака уулуна карап.

Камила сыртта оокатка урунуп жаткан эле, аны ичкериге чакырышты.

Кыз Айбарчын эженин жанына отурган соң Васила эже шашылбай сөз баштады.

— Камилахан кызым, биз эжениз менен макулдаштык. Сизди алып кеткенге Барчынай макул болду. Өзүңүз буга эмне дейсиз? Экөөңөрдү тең алып кетели десек Барчынай такыр көнбөй жатат.

— Кызым эми мындан ары турмушуңузга мен жооп кермин. — деди Максуд Камилага олуттуу сүйлөп. — Биз менен жашашыңыз сиз үчүн канткенде да жакшы болот. Окууга кирсем деген тилегиңиз бар эле. Каалаган университетке жайгаштырып коём. Айбарчын эжени сагынсаңыз тез-тез алып келип турабыз.

Камила эки оттун ортосунда калган эле. Анын алдында бактылуу келечек турса да, артында оор турмушу, дүйнөдөгү эң жакын адамы — боорукер эжеси калып жаткан эле...

Кыздын олку-солку турганын байкаган Барчынай эже Камилага буюм-теримдерин даярдоону буйруду. Кыз анын айтканын жайбаракат аткара баштады. Бул арада меймандар Барчынай эже менен коштошуп көчөгө чыгышты. Бирок, Камила негедир шашылбай жатты. Андан кабар алыш үчүн Айбарчын эже короого кирди. Камила

түйүнчөгүн кучактап айванда ыйлап отуруптур. Ал энесин көрөрү менен ордунан турду. Мойнуна асылып кучактады. Анан экөө тең ыйлап жибериштиш...

Машина ордунан жылды. Ал чоң үй-бүлөнүн бир өкүлүн шаарга алып кеткени турат. Камиланын көздөрү жашка толду. Ал Васила эженин жанында отурду.

— Болду эми, кызым. Көп ыйлай бербеңиз,— деди Васила өпкөлөп жаткан Камилага. — Биз деле Барчынайдын жалгыз калып жатканына өкүнүп турабыз. Экинчи күндөн кийин Зумрат аттуу чоң эжениздин небереси келинчеги менен силердикине көчүп келет экен. Алардын бир баласы бар дейт...

Машинадагылар шаарга баратышып жолдон көрүстөнгө токтошту. Гүланда жана анын ата-энелерине куран-тилават кылышты...

VIII бөлүм

Камиланын заңгыраган үйгө, өзүнүн жаңы үй-бүлөсүнө көнүп кетиши оной болгон жок. Бөлмөлөрдүн көптүгүнөн башы айланып, кээде көчөгө чыкчу эшикти да таба албай калган учурлары болду. Ага экинчи кабаттан анчалык чоң эмес, бирок жыйнактуу бөлмө ажыратып беришкен. Ал иниси Шахрух, синдиси Гүланда жана башка туугандары менен тез эле үйүр алышып кетти. Бир гана Дилфуза аны үрпөйүп тиктеп жүрдү.

Камила айылында такыр бекер турчу эмес. Ошондон болсо керек, бул жерде эригип калууда. Кайра-кайра видео көрүп, диванда отуруп журнал баракгай бериш анын көкөйүнө тийди. Ал эриккенинен бирде ашканага түшүп, Шафаат эжеге жардамдаша коюп, бирде короого чыгып жер шыпырып, бөлмөлөрдү жыйнаштырып, терезелерди тазалайт. Күндөрдүн биринде Камиланын Алимовдордун үйүндө жашап жүргөнүнө жини келип жүргөн Дилфуза ашканада идиш-аяк жуун жаткан Камилага ачуу сүйлөдү:

— Сага ашканада эмне бар? Жугундуну сагынып калдыңбы? Кедей кедейлигине барат экен да. Жакырчылыкты сагындыңбы же? Сага байлардын турмушу жакпай жатабы? Атана айтсаң эшегинди да алып келип берет. Короодо ошону минип жүрө бересиң...

Ачууланган Дилфузанын жийиркеничтүү өңүн көргөн

Камила колундагы ак чоподон жасалган табакты жерге түшүрүп жиберди. Идиш майдаланып кетти. Дилфузанын сөздөрүн угуп турган Шафаат эже тез басып келип идиштин сыныктарын чогулта баштады. Ошол ошол болду. Камила эртең менен да, түштө да, кечинде да тамакка жалпы дасторконго отурбай жүрдү. Ал үй кызматкерлери менен бирге тамактанчу болду. Камила бүгүн да эртең менен тамакка чыккан жок. Тамак ичилчү чоң үстөлдүн айланасында баары отурушту. Кыздын орду гана бош эле. Болуп өткөн ыйкы-тайкыдан кабары бар Васила эже жаңжалчы келини Дилфузаны бир тиктеп алды да, Камиланын бөлмөсүн көздөй басып кетти. Бир аздан кийин ал небересин колунан жетелеп келип жанына отургузуп алды. Ошондо да бечара кыз дасторкон үстүндө жазылып отура албады. Колдору титиреп улам Дилфузага көз жүгүртүп жатты.

Дагы жакшы аны атасы университеттин өзбек тили жана адабияты факультетине жайгаштырып койду. Кыз эми эрте кетип, кеч келер эле. Окуган жеринен курбулар да табылды. Байлардын достору көп болот эмеспи...

* * *

Аббас Максуддун ал-абалынан кабар алыш үчүн алардыкына тез-тез келип турчу. Камила биерге келгенден бери мурдагыдан да көп келчү болуп кетти. Камиланын Максуддун кызы экенине кызды ушул жерден көргөндөн кийин гана чындап ишенди. Сөздүн кыскасы, ал Камиланы биринчи жолу көргөндө эле сүйүп калган эле. Ошондон улам түндөлөрү да боору эзилип, денеси өрттөнүп чыгат. Өзүн иш менен гана алаксытып жүрдү. Жигиттин кызга болгон махабаты күн өткөн сайын алоолой берди. «Камиланы бир жакка чакырсам бекен, буга Максуд ака эмне дээр экен?» — деп да ойлонуп кетчү ал...

IX бөлүм

Камила өзүнө жакын тууган экендигин уккан Севара күйөөсү Акмалжан, кайниси Асрар болушуп Ташкенден келип калышты.

— Турмуш деген ушундай кызык экен да. Бир мез-

гилде машинаңыз менен койдуруп кеткен кыз өз перзентиниз болуп чыкканын карасаңыз? — деп ал өзүн-өзү жубатты.

Мунун чын экендигине толук ишенген Асрар ичинен кубанып калды. «Асрар эми бул кызды сүйсө болот. Ага кааласа үйлөнө да алат. Ушундай бай, сулуу аялың болсо жаманбы?» — деп кыялданчу ал...

Кабыл да Камила кыштактан кетип калгандан бери өзүн кимдир-бирөөнү жоготуп койгондой жалгызсырап жүрдү. Камиланын Максуддун кызы экени билингенден кийин ал жөнүндөгү таралган имиш-имиштер, ушактар да көпчүлүктүн эсинен чыгып кетти. Камилага көө сүртүп жүргөндөрдүн айрымдары эми ага суктанып жүрүштү. Кабылдын да көзү ачылды. Ал дагы ар кимдин сөзүнө ишенип, сүйгөнүнөн ажырап кала жаздаган эле...

Камила шаарга келгенден бери андан бетер ачылып кетти. Атасы алып берген кийимдер ага абдан жарашат эле. Кымбат баалуу жасалгаларына курдаштары да, айылдаштары да суктануу менен карашчу. Бирок, Камила буга окшогон алтындан жасалган буюмдарга анча кызыкпайт эле. Ал кымбат баалуу кийимдерди эмес, өзүнө жаккан гана кийимдерди алчу.

Бир күнү сабактан чыгып баратса Кабыл жолугуп калды. Адегенде ал Камиланы тааныган жок. Кыз өзү саламдашпаса Кабыл тааныбай өтүп кетиши да ыктымал эле.

— Ой-у-уй, Камилахан бул сизсизби деги? Абдан эле өзгөрүп кетипсиз го?

— Өзүңүзчү? Бул жерде эмне кылып жүрөсүз? Кыштактан качан келдиңиз? Энемди көрдүңүзбү? Дем алыш күндөрү мен дагы айылга барып келип турам. Кудайга шүгүр биздикине Бахрам акемдер көчүп келишиптир. Аларды көрүп көңүлүм жайланып калды.

Камиланын сөздөрү Кабылдын кулагынын сыртынан кетип жатты. Жигит бүткүл ой-сезими менен кыздын сулуу көздөрүнө чөгүп кеткен эле. Камиланын бакырайган чоң көздөрү, алда немелерди таттуу шыбырап жаткан эриндери Кабылдын ээсин оодарып, аны мас кылып койду...

«Камила эми кечээги айылдык кембагал кыз эмес. Ал эми шаардагы бай үй-бүлөнүн перзенти. Ал тагдыр тамашасы менен күтүлбөгөн жерден бир карапайым кыздан бизге окшогондордун колу жетпей турган канышага

айланды. Эми бул кызга үйлөнүү Кабылга насип боло койбос» — деп ичинен жигит.

— Кабыл ака, неге мынча ойлонуп калдыңыз? Деги мында кандай иш менен жүрөсүз?

— Ооба, ооба,— деди кыялдарынан арап ойгонгон Кабыл.

— Мен дагы ушул университетке кирдим.

— Чын элеби? Куттуктайм. Анда каерде турасыз?

— Жатаканада.

— Ой, кандай жакшы! Демек, биз тез-тез көрүшүп турат экенбиз да. Кээде кыштагыбызды ушунчалык сагынып калам, тим эле айтууга сөз жетпейт.

— Анын эмнесин айтасыз, Камилахан. Келгениме бир айча болуп калса да шаарга эч көнө албай койдум.

— Мына телефон номерим. Конгуроо чалып туруңуз. Азыр кайда барасыз? Жатаканагабы? Жүрүңүз кеттик. Мен жолдо каламын.

Айылдаштар университеттин эшигинен эми чыгышканда алдыларынан Асрар чыга калды.

— Камилахан мен сизди тосуп келдим. Максуд ака Камиланы ала кел деген эле...

— Жакшы болот. Адегенде сиздер таанышып алыңыздар. — Бул Асрар ака, тууганыбыз. Бул Кабыл ака, бир айылдан болобуз.

Жигиттер кол алышып, машинага отурушту. Асрар «арабасын» от алдырып жүрүп кетишти...

Алар Камилалардын үйүнө жетишкенде кеч кирип калган эле. Машина бир чоң үйдүн жанына токтогондо Кабылдын көзү ошол үйгө түшүп, алайып кетти.

Ошондон кийин кызга ашык болгон бул эки жигиттин биринде олку-солкулуктун изи да калбай, кандай болбосун Камилага жетүү максаты пайда болсо, экинчи жигитте — Кабылда — тескерисинче, махабатына ишенчсиздик сезими пайда боло баштады.

Кыз Кабыл менен коштошуп үйүнө кирип кетти. Камиланын бул жигит менен жылуу мамилеси бар экенин көргөн Асрардын жүрөгүнө дүрбөлөң түшүп калды. Ошондуктан ынгайлуу учурдан пайдаланып, Кабылды шаардын четине алып барып, «олуттуу» сүйлөшүп коймокчу болду. Анан машинасын от алдырып «газын» басты. Алар студенттер шаарчасын көздөй жүрүп кетишти.

Асрар машинасын көмүскөрөөк жерге токтотту. Ка-

был бул жерди билбейт эле, таңыркай тиктеп машинадан түштү. Ошол эле замат Асрар сүйлөп калды.

— Сен Камила менен кандай мамиледесиң?

— Сенсиребей сүйлөй бер акеси!

— Сен мага акыл үйрөтпөй эле кой, балакай. Сен бул кызга көз артып убара болбой эле кой. Сен анын кимдин кызы экендигин билесиңби? Камилага үйлөнүүгө сенин колуң кыскалык кылат. «Төшөгүңө карап бутуңду сунсаң» деген макал бар деп, Асрар Кабылды жаактан ары чаап жиберди.

Кабыл бир саамга өзүнүн тең салмагын жогото түшүп, арыкка кулап кетти. Асрар жете келип Кабылды желкеден алып, тизеси менен аны ичине тепти. Желкесин карман ийиле түшкөндө Асрар эки колун бириктирип туруп атаандашынын кежигесине коюп калды да, тизесин анын бетине туштады. Кабылдын бети Асрардын тизесине тийип, мурду канап кетти. Бирок, Кабыл да бош келбеди. Ачуусу келе тигиге муш атты. Анын үстүнө ал каратист эле. Бир бутун көтөрүп туруп, атаандашынын кулагына тепти эле, Асрар жол боюна кулап түштү. Ал онтолоп ордунан турганча Кабыл жетип барып дагы тепти. Асрардын бети-башы канжалап кетти. Антип-минткиче кайдандыр милиция кызматкерлери жетип келишип, экөөнүн тең колдорун кайрышып, Асрардын машинасына отургузушуп алып кетишти...

Максуд телевизор көрүп отурган эле. Күтүлбөгөн жерден телефон шыңгырап калды. Ал трубканы көтөрүп угуп, участкалык инспектор Алимовдордун бири тезинен таяныч пунктуна келүүсү зарыл экенин айтты. Максуд бул күтүлбөгөн кабарга таң кала бир аз отурду. Анан эч кимге билдирбей машинасына отуруп, милиция участкасына барды. Анын көзүнө биринчи болуп бети-башы канга боёлуп бөлмөнүн бир бурчунда отурган Асрарга түштү. Бери жакта отурган дагы бир азаматты ал тааныбайт эле.

Бир топ созулган сүрүштүрүүдөн кийин Максуд жазанасын төлөп, жигиттерди сыртка алып чыкты. Анан алар эки машинага бөлүнүшүп, үйгө келишти. Кабыл ошол эле жерден жатаканага кеткени турду эле, аны Максуд колунан тартып ичкери алып кирип кетти. «Жөжө короздордун» бети башы шишип кеткен эле. Алар үйгө кирип барышканда, Камила чоң энеси Васила эже менен киребериште отурушкан эле. Кыз Асрар менен Кабыл бая

бир жакка кетишкенин эстеди. Алардын жаракаттанган жүздөрүн көрүп айран-таң калды. Бир аздан соң эмне болгонун билиш үчүн жигиттердин жанына келди. Алар экөө тең жер тиктеп турушкан эле...

X бөлүм

Камила биринин көзү, биринин жагы шишип кеткен жигиттердин кебетесин көрүп, таң калды.

— Сиздерге эмне болду? Бая экөөңүздөр машинага түшүп кетпединиздер беле. Ким менен мушташа койдуңуздар?

Жигиттер Камиладан көздөрүн ала качышып, жер тиктеп турушту.

— Кызым, «жөжө короздор» бири менен бири мушташыптыр,— деди Максуд.— Эмнени бөлүшө албаганын түшүнбөдүм. Тигил жигитти го тааныбайт экенмин. Ал көчө таптаган бекерпоздордон болсо керек.

— Андай дебеңиз тууган,— деди Кабыл шишип кеткен каш-кабагынын астынан үнүрөйө тиктеп.

— Ата бул жигит менин айылдашым. Анын аты Кабыл,—деди Камила жердешин жактап.

— Ээ, мурдараак айтып койбосуңбу, анда,— деди Максуд Кабылдын жанына барып, кол узатып.

— Келиңиз таанышып алалы.

Асрар ушул учурда Кабылды Камиладан алыстатам деп кайра анын атасы менен жакындан тааныштырып алганына бушайман болуп жатты.

Үй ээси кызматкерлеринин бирин чакырып жигиттер жуунуп алыш үчүн бөлмөнү даярдоону буюрду да, кечки тамактын камын көргүлө деп аялдарга көрсөтмө берди.

Айбарчын эженин үйүнө тууганы келген соң Садык арабакечтин бош калган үйү кайрадан жанданып кеткен. Айбарчын эже бала багуу менен убара. Жээни аялы экөө таң азандан талаага кетишет. Бир гана кызы Камиланы тез-тез сагынып калганы болбосо, турмуш жакшы эле өтүп жатат. Кызы деле апта сайын келип-кетип турат. Атасы чай-нанга, жол киреге берген акчаларынан үнөмдөп эжесине кээде жоолук, кээде көйнөк же ар кандай таттуу даамдарды ала келет. Камиланы кыштакка ак Лиму-

зин менен алып келишип, эртеси кайра алып кетишет. Ал келген сайын коңшу-колондор кыштакка келин менен күйөө бала келишкенсип көчөгө жүгүрүп чыгышат. Камиланын чачтары кооз өрүлгөн. Бети-башынын сулуулугу да өзүнө жарашып турат. Үстү башында болсо кымбат баалуу кийимдер, бутунда акыркы модадагы туфли-си такылдайт. Жердештери канышага окшоп кеткен Камиланы көрүшүп, көздөрүнө ишенишпейт...

Баары кечки тамак ичиле турган бөлмөгө чогулушкан. Асрар менен Кабыл да дасторкон четинде отурушат. Үстөлдүн үстүндөгү кумурага кооз гүлдөр салынган. Кооз идиштерде ар түрдүү тамак-аш, чаңкоого ичилүүчү суулар. Мөмө-жемишти айтпай эле коёлу. Кабыл мындай төгүл-чачыл дасторкондо биринчи жолу отурушу. Ошондуктан ал өзүн коёрго жер таппай жатты. Тамактан деле жебейт. Өзүнчө ыңгайсызданып, чай гана ичип отурду.

— Алыңыз уулум, тамактан, оокатыңыз да муздап калды окшойт — деди Васила эже Кабыл уялып жаткандын сезгендей.

— Алып жатам, эже, алып жатам, —деди Кабыл колун көкүрөгүнө коюп.

Асрар экөө улам бирин-бири тиктеп коюп отурушту. Кабыл азыр жер жарылса ошол жерге кирип кеткиси келет. Ал жаракаттарынан кыпкызыл болуп, күн нурунан андан бетер кызарган жүзүн мында отургандардан ала качат. Туруп чыгып кетсе — адепсиздик болот. Эмне кылса? Убакыт да кыйла болуп калды. Ал жатаканага жетип алышы керек...

Кечки тамак ичилип бүтөрү менен баары телевизор көрүш үчүн дем алуу бөлмөсүнө кирип кетишти. Чоң бөлмөнүн ортосунда чоң телевизор турган эле...

Кабыл костюмун кийип, үй ээлери менен коштошту. Ал эми сыртка чыгайын деп турган эле. Максуд экинчи кабаттан эки жагы кооз тосмолор менен жасалгаланган тепкичтерден түшүп келди.

— И-и, жигит, жол болсун. Кеч киргенде кайда аттанып калдыңыз? — деп сурады ал Кабылдан.

— Мага уруксат этиниз тууган. Кетпесем болбойт. Эртең менен сабакка барышым керек.

— Токмок жегениниз сизге жетишпептир да? Карангыда кайда барасыз? Көчөдө жакшы-жаман, мас-соолор жүрүшсө керек. Анын үстүнө университеттин бекетине

чейин сегиз чакырымча бар. Автобус менен троллейбустар токтоп калды,— деди да, ичкериде телевизор көрүп отурган уулу Шахрухту чакырды:

— Аганды бөлмөнө алып чыгып жайгаштырып кой. Бул жигит бүгүн мында түнөп калат. Азыр көчөгө чыкса бирди-жарым милиционерге жолугуп калышы мүмкүн. Анын бети-башындагы жаракаттарды көрсө участкага алып кетип калышы турган иш...

XI бөлүм

Шахрух ваннада жуунуп, сакалын алып, ар кандай жыпар жыттуу атырлардан себинди. Анан жатар бөлмөсүнө кирип шкафтан кийимдерин алып кийине баштады. Бүгүн ишемби күнү эле. Ал мейманчылыкка бармак. Жигиттер досторунун биринин үйүндө чогулушмак. Шахрух чачын тарап бүтүп сыртка чыкты. Гаражды ачып, атасы туулган күнүнө тартуулаган «Мерседести» минип көчөгө чыкты...

Шахрух жолдош баласынын үйүнө барганда достору чогулуп калышкан экен. Жоро-жолдоштор кыйлага чейин мейманчылыкта отуруп калышты. Анан үй-бүлөлүүлөрү биринден кете башташты. Акыры мында бойдоктор гана калышты. Шахрух болсо эң жакын досу Митал менен сүйлөшүп отурду:

— Өткөн аптада жыргадык ээ, Шахрух? Кыздар өздөрү да катуу кетишиптир. Сенин кызындын аты ким эле? Фатимабы? Өзү да балыктай эле экен. Жеп коё жаздадың окшойт?...

— Өзүндүкүн айтпайсынбы? Буттары бир укмуш экен. Юбкасы болсо жоон сандан жогору жүрөт...

Биротоло чырмалышып калсаңар керек, ээ?..

— Ошол күнү Араван жолундагы «Мотель-бар» да олгүдөй ичип, аябай бийлептирбиз, ээ? — деп экөө тең каткырып күлүштү.

— Бүгүн да ууга чыкпайлыкпы? — деди Митал досун тиктеп.

— Ананчы,— деди Шахрух токтоосуз.

— Кеттикпи, анда?

— Кеттик!

* * *

«Мерседес» трассаны бойлоп кетип баратты. Жолдун эки четинде биринен-бири сулуу, көздөрү моймолжуган кумарлуу, модалуу шым, тар кофта кийген жаш кыздар бараткан машиналарга кол көтөрүп турушар эле. Шахрух автобус бекетинде турушкан эки кыздын жанына келип тормозду басты. Митал эшигин ачып:

— Бийкечтер, бир көңүл ачып келбейлиби —деди.

— Жакшы эле болот—дешип, кыздар дароо машинага отурушту.

Алар адегенде эле «акча жагын» макулдашып алууну сунуш кылышты... «Түнкү көпөлөктөр» жүз долларга ыраазы болушту...

* * *

Таң да атты. Кабыл эртелеп туруп, шашыла кийинип, көчөгө чыгып кетүүгө камынды. Ал жатаканасына барып бөлмөсүнө кирди да керебетке боюн таштады. Эми ал үч-төрт күн сабакка да баралбайт. Кантип барат? Көзүнүн көгөргөнү али-бери кете койбойт.

Ушунусу чатак болду да. Камила эртелеп кийинип университетке жөнөп калган эле, алдынан Дилфуза чыгып калды.

— Камилахан, кечээги жигитти каерден илештирип келдиңиз?

Дилфузанын мындай суроо беришин күтпөгөн Камиланын жүзү бозоро түштү.

— «Балапан уясында эмнени көрсө кийин ошону кылат» — деген ушул болсо керек ээ? Этият болуңуз, апаңыздын тагдыры сизге туш келип жүрбөсүн.

Бул сөздөрдү укkан Камиланын бүткөн бою муздап кетти, көздөрүнөн жаш акты. Эки бетин алакандары менен калкалап ыйлаган бойдон көчө жакка жүгүрүп кетти. Ал ыйлаган бойдон көчөдөн-көчө кыдырып жүрүп, түз эле автобекетти көздөй басты. Эми кыштагына кетпесе болбой калды. Бул аял аны дагы канчага чейин кыйнайт, жан боорун бычаксыз кескилейт. Мынчалык ичи кара бул катындын. Адам ушундай да мээримсиз болобу? Дайыма кекеткени-кекеткен. Бул аял мага күн көрсөтпөй турган болду. Атам эле капа болбосо го... Акыры мен эмне кылышым керек? Башка чыдай албаймын. «Ач кулактан тынч кулак» дегендей кыштакка жүрсөм деле күнүм өтөт да. Мынчалык тили заар болуп калды экен, бул аялдын? Чакпаса тура албаса керек...

* * *

Айбарчын эже үйгө капалуу кирип келген кызын көрүп чочуп кетти. Камиланы кучактап, бетинен өөп: «Балам тынччылыкпы деги, эмне болду сага, бети-башың кубарып кетиптир, ооруп калган жоксуңбу, деги? Чоң атаң, чоң энеңдер эсен-аманбы?» — деди кызына. Кызы болсо унчукпай тура берди. Анын көздөрүнөн гана мончок-мончок жаштар тамчылап жатты...

* * *

Караңгы түшүп калса да Камила окуудан кайтып келе элек. Максуд кабатырланып ары-бери басып жүрдү.

Эмне мынча эле буту күйгөн тооктой болуп тыбырчылайсыз — деди күйөөсүнүн тынчсызданып турганын байкаган Дилфуза. — Сиздин кымбаттуу кызыңыз эрте менен таарынып чыгып кеткен. Сөз көтөрө албай калыптыр, назик неме...

Аялынын сөздөрүн угуп, иштин төркүнүн түшүнгөн Максуд Дилфузаны жек көрө тиктеп койду.

XII бөлүм

Ошентип, Камила кыштагына кайтып келди. Ал бейадеп бай турмуштан кембагалдыкта жашоону өйдө көрдү. Эми окуусун бүтүрүп алса эле болгону. Кантүү керек? Жатаканадан жай сурайт да эми. Бир болсо сырткы бөлүмгө которулуп алат...

Ушуга окшогон ойлорго батып отурганда кыштакка атасы келип калды.

— Кайриет, ушул жерде экенсиң,— деди ал ойлуу отурган кызына.— Бул эмне кылганың, Камила? Унчукпай кыштакка келе бергениң кандай? Менин кабатыр болушумду билесиң го?

Үйдө Камиладан бөлөк эч ким жок эле. Айбарчын

эже ооруп калып, аны кечээ райондук ооруканага жеткиришкен.

— Жүр, кызым, сыртта машина турат. Эртең сабакка барышың керек да,— деди Максуд кызына буюра да, өтүнө да сүйлөп.

Жок, ата мени кечириңиз, мен мындан ары сиздикинде жашай албайм. Андай болгон учурда Дилфуза эже сизге да, мага да тынчтык бербейт. Менин кыштакта эле жашаганым дурус. Анын үстүнө эжем да ооруп жатат. Докторлор бир-эки апта ооруканада жатсын дешти. Мен эжемдин жанында болушум зарыл.

— Айбарчын эжеге эмне болду деги? — деп сурады Максуд кызынан.

— Бир аз жүрөгү сыгылып калыптыр дешти.

— Хм-м, мейли анда эже айыгып кеткиче ушунда туруптур. Мен деканынарга телефон чалып коём.

Болбосо жүр, ооруканага барып, Айбарчын эжеден кабар алып келели...

Максуд менен Камила эженин ал-абалын сурап чыгышкан соң оорукананын башкы врачына киришти. Саламдашуудан кийин Максуд:

— Биз төртүнчү палатада жаткан аялдын туугандары болобуз,— деди.

— Айбарчын эженинби?

— Ооба, доктор, ооба, Айбарчын эженин...

— Сиздер ал кишиге кандай тууган болосуздар?

— Мен—күйөө баласымын. Синдисинин өмүрлүк жарымын.

— Бул аялды тезинен операция жасаш керек. Аны боору кыйнап жатат. Анализдери жакшы чыкса да оорусу токтобой жатат. УЗИге да салдык, ренгенге да түшүрдүк. Бир караганда эч кандай патология жок. Бирок, баары бир оорусу бар. Демек, оорусу бир жеринде жашырынып жатат.

— Сизден өтүнүч, доктор. Бул аялды жакшылап дарылаңыздар.

Бизден эмне керек болсо даярбыз.

— Андай болсо операцияга даярдаш керек. Үч-төрт дары-дармек керек болот. Тилекке каршы, азыр андай дарыларды издеп табыш да кыйын...

— Эч тынчсызданбаңыз. Баарын таап келебиз...

Доктор керектүү дары-дармектерин тизмесин жазып, Максудга узатты.

Ата-бала ооруканадан чыгышып, Максуд кызы менен коштошуп, шаарга жөнөп кетти...

«Эртең операция» — деди Камила үйүнө келген соң күрсүнүп... «Бул дарт эжеме кайдан жабышты экен? Иши кылып айыгып кетсе эле болгону. Болбосо мен кантем? Ансыз кантип жашайм?»

...Ушул учурда бөлмөгө Гүланда кирип келди да, кызынын жанына отурду. Камиланын көздөрүнөн жаш агып жаткан. Гүланда болсо кызынын жаактарынан ылдый агып жаткан көз жаштарын арчууга аракеттенип жатты. Бирок ал көз жаштары такыр аарчылбай койду. Ал Камиланын дагы да ичинен эзилип жатканын байкап өзү да азап чегип турду.

Гүланда эжесинин өмүрү соолуп баратканынан кабардар. Бирок анын колунан эч нерсе келбейт эле. «Өлүмдөн башка нерсе». Аны алладан башка эч ким токтотуп кала албайт!

Максуд үйүнө келгенде ичкериден Гүланда чуркап чыкты.

— Камила эжем кана? Аны эмне алып келбединиз? — деп таарына кетти кыз. Анча-мынча көз жашын да тогуп жиберди.

Максуд сүйүктүү кызына түрлүү-түмөн шылтоолор айтып жатып араң кутулду.

Гүланда ушул кыска убакыттын ичинде Камилага ушунчалык үйрөнүп калган эле, ал кээде Камиланын жанында уктап калчу. Эжеси болсо бул ширин кызга эң кызыктуу жомокторду айтып берчү.

Кыз анын жанына жатып өзүн энесинин жанында жаткандай сезчү. Гүланда бөбөк болбой эле Камила бөбөк болгондой туюлуп кетчү кээде. Гүланда болсо ага эжедей сезилчү. Ооба, ал Гүланданы алдейлесе, да өзүн бөбөк сезип, оз ырын өзү укчу...

Камила да Гүландага ушунчалык көнүп калгандыктан кээ бир түндөрү уктай албай чыкчу. Кийинки күндөрү Гүланда атасынан уруксат сурап, Камиланын бөлмөсүнө көчүп алган. Айтор, эже-синди кыйла ынак болуп кетишти...

— Камила эже, сиз абдан сулуусуз ээ? — дечү Гүланда эжесин тиктеп,— Мен да чоңойгондо сизге окшоп сулуу болом ээ туурабы?

— Ананчы. Гүланда! Сен дүйнөдөгү эң сулуу, эң акылдуу, ыйбалуу, кыялкеч кыз болосуң...

XIII бөлүм

Кабыл менен кечээ жолуккандан бери Камила ал жөнүндө көп ойлончу болду. Кыз бүгүнкү күнгө чейин эркек кишини ата катары гана таанычу. Ал кечээ атасынын жоктугунан көңүлү тынчыбай жүргөн болсо, эми көңүлүндөгү бөксөөсү толгонсуду. Бирок, анын турмушуна эркек затынын дагы бир өкүлү — Кабыл кирип келе жаткан эле. Бул абал каарманыбыздын балагатка жетип калганын билдирет.

Камиланын жүрөгүндө ышкы оту эми гана тутана баштаган эле. Бирок, бул махабат эмес, жакшы көрүп калуу гана болгону...

Кабыл кийинки учурларда негедир кыздан өзүн качырып калчу болуп кетти. Ал өзү өтө жупуну жигит. Сылык-сыпаалыгынанбы айтор, өз бактысы үчүн күрөшүүдөн караманча баш тартышы да мүмкүн. Ал өзүнүн колун кыска деп эсептейт. Себеби адамдын колунун узун-кыскалыгын бардык адамдардай эле байлыкка байланыштуу деп билет. Мүмкүн, аныкы да туурадыр. Бирок, махабат байлык менен өлчөнбөйт да. «Беш кол бирдей эмес» деп бекеринен айтылбайт ко. Байлардын ичинде да байыраактары, кембагалдар арасында кембагалыраактары болот эмеспи. «Деги эле байлардын бай экенин кантип аныктаса болот? Акыры алардын болгон мүлкүн таразага коюп үстүнө өздөрүн отургузуп тарта албайсың да. Себеби арабызда өмүр бою жебей-ичпей, заңгыраган үйлөрдү курбай, чет элдик машиналарды минбей турган деле адамдар бар да. Бирок алардын топтоп койгон байлыгы ошол бардык тапканын үй курганга, машина алганга сарптагандардан он эсе көп болуп чыгышы мүмкүн. Туурабы? Андайларды эл «чириген бай» деп коёт. Ошондуктан, адамдардын бай же кембагал экендигин алардын үйү же алтын жасалгаларына карап аныктап болбойт. Тескерисинче, мындай адамдарды «көпкөлөн» деп койсо болот. Бирок, эч ким негедир кызын күйөөгө чыгарып жатып же уулун үйлөп жатып күйөө же келин тараптын байлыгын же кембагалдыгын сүрүштүрбойт. Тилекке карышы, бизде айрым нерселер байлык менен гана өлчөнүп келатат... «Ооба, Кабыл ушундай ойлорго батат». Өзү кембаган үй-бүлөдөн болсо да рухий жактан бай болууга умтулат. Окуп үйрөнсөм дейт. Бирөөнү сүйүп, бирөө да мени сүйсө дейт. Кабат-кабат үйлөр, кымбат баа машиналар аны түк кызыктырбайт. Ооба, ал деле бардык жашоо шарттары бар, жасалгалуу үйдө жашагысы келет. Бирок, булар деле чеги менен болгону жакшы. Кабыл үчүн ашыкча шаан-шөөкөттөрдүн кереги жок. Ал Камиланы катуу сүйөт. Бирок, ага өзүнүн тең эмес экенин да түшүнөт. Аны билип турса, да Камиланы сүйөт жана сүйө бермекчи. Анткени бул сезимди бирөөдөн сурап алган эмес. Ага бул сезим табигый, туурараагы, жараткандын өзү берген. «Дартты берген анын шыпаасын да берет» деп коюшат эмеспи. Бул ааламда эч нерсе себепсиз болбойт. Ар бир нерсенин эсеп-китеби бар. Ошол себептен Кабыл Камила менен бир мекенде жашап жатканына деги эле ага жолукканына шүгүр деп жашап жүрөт.

Бир сөз менен айтканда, Кабылдын эси-дарты Камилада болуп калды. Жатса турса, кыздын ысымы көңүлүнөн чыкпайт. Ал ортодо чектен тышкары пайда болгон айырмачылыктар, ар кандай тууганчылык тоскоолдорунун артында туруп да жакшы көрүп жүрөт, жакшы көрө бермекчи...

Райондук оорукана. Операция жүрүп жатат. Тышта Максуд менен Камила турушат. Кыз тынчсызданып улам атасын тиктейт. Максуд Камиланы токтоо көз карашы менен сооротуп турду... Операция көпкө созулбады. Мээрман кыз чыгып Максудду башкы дарыгердин кабинетине чакырып кетти.

Максуд ичкери киргенде доктор жер тиктеп отурган экен. Максуд анын балбылдаган көздөрүн көрүп абал бир топ олуттуу экенин түшүндү. Бирок, врач да, Максуд да сөздү эмнеден баштарын билишпей турушту. Ортодогу жым-жырттыкты доктор бузду.

— Максуд ака, чынын айтсам... Бейтаптын абалы өтө оор. Биз ашказанын ачтык, бирок эчтеке кыла албадык. Анткени бул дартка каршы биз эле эмес, бүткүл дүйнөнүн медицинасы да күчсүз. Ооба, бул шишик оорусу, рак... Ал өтө эле өтүшүп кетиптир.

XIV бөлүм

Максуд Камилага чындыкты айткан жок. Ал биринчи жолу калп айтууга мажбур болду. Кызына: «Айбарчын эжеге эртең-бүрсүгүнү жооп берет экен» деп койду. Камила буга сүйүнүп кетти. Ооба, калпты угуп чындап эле кубанды. Бирок, «Ооруну жашырсаң өлүм ашкере кылат» деген сөз бар эмеспи. Ошондой болсо да чындыкты кызынан жашырды. «Врачтар деле жаңылуусу мүмкүн эмеспи» — деди ал өзүн-өзү сооротуп. Ошондуктан Айбарчын эжени үйгө барар замат шаардан чоң докторлорду алып келип көрсөтөт. Бирок, бейтаптын абалы күндөнкүнгө начарлай берди. Оорусун жеңилдетиш үчүн ар бир үч-төрт саатта ийне сайып турушту. Кээде гемодез куюшуп канын тазалашты. Айбарчын эже баарына боору ооруйт эле. Эгер кимдир бирөө кандайдыр бир ооруга чалдыгып калса, ага чын дилинен ичи ачышчу. Ал өзү да бир күнү ошондой абалда калышы оюна да келчү эмес.

* * *

Бүгүн Камилалардын маалесинде той. Классташы Манзура күйөөгө чыгып жатат. Күйөө жана анын жандоочулары бая эле келишкен. Чилдирмандын дүңкүлдөгү алдакайда. Кең аянтта жигиттер бири коюп, бири бийлешет. Тос-тополоң, будун-чаң. Бүткүн мааленин калкы көңүл ачканы тойканага көчүп келгенсийт. Бирок, Камила сыртка чыга албады. Ал кантип Айбарчын эжесин жалгыз таштап кетсин? Азыр анын көңүлүнө той да туура келбей турду. Бахрам акеси менен жеңеси колдорунан келген жардамды аяшкан жок. Алардын да башы катып бүттү. Жакында Максуд Бахрамжанга бир кеп айтты. Ошондон бери ал да эмне кыларын билбей жүрөт. Алыс-жакын туугандарга кабар бериштн. Баары бирин-серин келишип, ал-абалын сурап келишүүдө. Айбарчын эже болсо тагдырына тан берип, оорусу басаңдай түшкондө мемиреп уктап кетер эле...

* * *

Жашоо өзү ушундай. Бирөөгө той да, бирөөгө аза. Бүгүн бир үйдө салтанат болуп жатса, эртең дагы бир үйдө аза

күтүшөт. Бүгүн бир жерде ымыркай жарык дүйнөгө келсе, экинчи бир жерде кимдир бирөө көз жумуп бул аалам-дан өткөн болот. Бул сыяктуу көрүнүштөр кылымдар бою кайталана берген үчүнбү, биз адамдар үчүн, катардагы эле окуя катары болуп калган. Бул өнөкөт болуп калса керек, биз бир күндүн өзүндө эртең менен тойго барсак, түштөн кийин беймарал аза күтүүгө жөнөйбүз. Жашоо бизди ушуга көндүрүп койгон. Ар ким өз башына түшкөндө гана билет турбайбы. Биздин колубуздан эмне келмек? Бул мыйзамды өзгөртүүгө биз, пенделер, алсыздык кылабыз.

Камила эжесинин дарты айыкпас экенин, анын өлүмү жакындап калганын элдин баарынан кийин билди. Аны угуп өзүн коёрго жер таппай калды. Ал улам үйдүн бир жагынан экинчи жагына өтүп басып жүрдү. Мандайынан муздак тер чыгып, көңүлү чөгө берди. Ал оокат да жегиси келбей калды. Камиланын кайра-кайра кускусу келет. Ооба, ал өмүрүндө биринчи жолу өлүм менен бетме-бет келип олтурат. Анын алдында канчалык азиз экендигин сездирүүдө. Ал кудайга жалынып-жалбарууда. Бирок, өкүм окулуп бүтүлгөн эле. Айбарчын эженин ичер суусу түгөнгөн эле. Ошондой болсо да кыз өзүн колго алды. Эжесин акыркы күнгө чейин «жакшы болуп кетесиз» деп алдап келди. Себеби мындай кырдаалда чындыкка орун жок болчу... Бул арада Айбарчын эженин жаны да кыйналып бүттү. Айтор, дарт бүткүл денесин ээлеп бараткан эле. Айланадагылар биринин артынан экинчиси колдорун көтөрүшүп, Айбарчын эженин өлүмүнө ыраазылык билдирип жатышты...

Жума күнү таңга жакын Айбарчын эже үзүлдү. Бул кабарды укkан бүткүл кыштактыктар Садык арабакечтин үйүнө агылып келе башташты. Шаардан Максуд, Мардан ака, Васила эже да жетип келишти. Маркумдун сөөгү бешимде чыгарыла турган болду. Маале аксакалдары кепин бычышууда. Сөөктү тез эле сууга алышты. Көчөдө алыс-жакындан келген адам бакылдайт. Аялдары ызы-чуу түшүп ыйлап жатышты. Баарынан Камиланын ыйлаганы үнү катуу чыгып жатты. «Эжем деп ыйлайынбы, энем деп ыйлайынбы? Менин жападан-жалгыз мээримдүүм-ай! Мени кимдерге таштап кеттиниз? Көздөрүмдү көлдөтүп кеттиниз. Апакебай, апам!»

Раматылык Айбарчын эженин сөөгүн коюу боюнча бардык чыгымды Максуд өз мойнуна алды. Биринчи бейшембилигине ноопас союлуп, элге эртең менен тамак берилди. Андан кийин жыйырмасын, кыркын өткөрүштү. Мына, Айбарчын эженин көзү өткөндөн бери да кырк күндөн өтүп калыптыр. Камила ыйлай берип шишип-көөп кетти. Өз энеси өлгөндө ал эми гана бир-эки мүнөттүк чүрпө эле. Ошондуктан апасы Гүланданы жоктоп ыйлай алган эмес. Бирок энесинин ордун эжеси ээледи да. Ошон үчүн Камила Айбарчын эженин азасында энеси үчүн да, эжеси үчүн да ыйлап-ыйлап алды...

Бардык диний салттар жасалып бүткөн соң Максуд кызын шаарга алып кетиш үчүн кыштакка келди. Бирок, кыз атасынын үйүнө барууга макулдук бербеди. Ошондо Максуд шаардан эки кабаттуу үй сатып алып, аны кызынын атына жаздырып койгонун айтты. Күтүлбөгөн бул кабардан Камила таң эле калды. Максуд кызын шаарга көчүп кетүүгө көндүрдү... Анан кыштактагы үйүн тууганы Бахрамжанга берип Ошко көчүп кетүүгө макул болду...

XV бөлүм

Максуд кызы үчүн сатып алган бул имаратты үй деп айтууга ооз барбайт эле. Аны чыныгы эле сарай десе болот. Короосунда жапжаңы машина турат. Камиланын эми атайын шоопуру да бар. Имараттын артында чөмүлө турган көлчөсү да даяр. Имаратка кире бериштеги дубал бетинде Гүланданын портрети илинип турат. Асты жагына чоң килем төшөлгөн. Чоң-чоң чопо көзөлөрдө кооз гүлдөр өсүп турат. Камила айвандагы терезелүү эшикти ачып ичкери кирип, төрдө илинип турган ап асынын сүрөтүн көрүп аябай сүйүнүп кетти. Ал шыпта асылып турган чоң хрусталь люстраларды карап, бири-биринен өтө кооз жасалгаланган жарык бөлмөлөрдү кыдырып жүрүп көргөн көзүнө ишенгиси келбей жатты. Чын эле ушунун баары Камиланыкыбы? Ал мандайында турган макмал диванга барып олтурду. Ошол эле замат жанына энеси Гүланда келип отурду. Ал жылаңбаш, чачтары чырайлуу түйүлгөн эле. Үстүндө болсо баягы эле жука ак жибек көйнөгү...

Албетте, эми эле ичкери кирген Максуд деле Гүланданы көргөн жок. Ал дагы Камиланын жанына келип олтурду. Ооба, эми бул үй-бүлөнүн өзүнүн башпаанеги бар. Аларды бул жерде эч ким ажырата албайт...

* * *

Кийинки аптада Максуд Камиланын үйүнө той кылып берди. Алар бардык туугандарын, Камиланын курсташтарын чакырышты. Өрөөндүн эң мыкты ырчы-музыканттары түн бир оокумга чейин биринен сала бири ырдашып, элдин көңүлүн көтөрүштү. Асрар, Кабыл жана Аббас да ушул жерде болушту. Жаштар чарчаганча бийлешти. Элдин баарынын көңүлү канышадай жасанып алган Камилада эле. Максуд кызын тууган-уругуна, телитеңтуштарына тааныштырып, анын мойнуна кымбат-баалуу таш мончок тагып койду. Камила ушунчалык көңүлү көтөрүнкү эле, ал өзүн кубанычтан жерге да, көккө да батыра албай жүрдү.

Кабыл сүйгөнүн терезеден карап турду. Ошону менен бирге ал Камиладан дагы бир нече чакырымга алыстаганын да сезип жатты. Асрар болсо кандай болбосун Камилага үйлөнүүнүн жолун ойлонууда. Аббастын да өзүнө жараша арзуу-үмүттөрү бар. Ал Камиланы өтө бийик урматтайт.

Турмуш кээде жомокко окшоп кетет, чынбы? Камила тагдырдын буйругу менен кыска мезгилдин ичинде жетим кыздан чыныгы канышага айланды. Ушул күндөн тартып анын турмушундагы жаны доор башталды. «Айдын он беши карангы да, он беши жарык» деп бекеринен айтылбайт экен. Өмүрүнүн башында кайгыга батып жүргөн бул кыздын келечеги жарык болсун! Аны жаман көздөрдөн кудайым өзү сактасын!

«Үй тойго» бир гана Дилфуза келген жок. Ал ызасына чыдабай улам күйөөсүн тилдеп жатты. Максуд али бир да уулун үйлөбөй туруп никесиз төрөлгөн кызына өзүнчө короосу бар үй сатып бергенине чыдабай, өзүн коёрго жер таппай жүрдү. Ачуусу келип Камиланы каргап жатты. «Башыма бүткөн балаа болдун, туулбай өлгүр! Сенин кесепетиңден үй-бүлөбүз бузулду. Ошондо эле энең менен кошо өлүп кетсеңчи... Эртерээк билгенимде сени өз колум менен муунтуп өлтүрөт элем. Шашпа, көзүм ачык турса сага күн көрсөтпөйм. Үйүңдү өрттөп салам!» дечү ал.

XVI бөлүм

«Тентип жүргөн — таяк жейт» деп коюшат. Ата-бабаларыбыз бул сөздү өтө таамай айтышкан экен. Шахрух бир топ-тентек чыгып калды. Акыркы учурларда ал өзүнөзү билип, өтүгүн төргө илчү болду. Жакында бир тааныш доктордон кеңеш сурады. Анткени ал кийинки кездерде башы ооган жакка басып, туш келген кыздар менен жүрүп, ооруга дуушар болгон. Коркконунан бул жөнүндө атасына ооз ачалган эмес. Врач ага ооруканага жатып дарылануусу сунуш кылды. Оорусу күндөн-күнгө күчөп бараткан. Акыры чыдабастан атасына айтууга аргасыз болду. Уулунун сөзүн угуп Максуддун ачуусу кайнап кетти:

— Акмак,— деп тилдеди ал уулун. — Токчулукка шокчулук менен жооп берипсиң да, айбан. Мектепке кетти деп жүрсөк сен ушуга окшогон ыплас иштерди кылып жүргөн белең? — деп уулун жаактан ары чаап жиберди.

Чуру-чууну укkан Дилфуза сыртка чыкты

— И-и, арамдан тапканыңыз кымбат болуп, адамдар көзүңүзгө жаман көрүнчү болуп калдыбы? Эмне мынча ошол арам сийдикти башыңызга көтөрөсүз?

— Оозуңа карап сүйлө, тоок мээ! Уулуңа берген тарбиянды көрүп жатасыңбы? Улам бирөөлөр менен алыша бербей, өз балдарыңа дурустап тарбия берип, жүрүш-турушун көзөмөлдөп турсан болбойт беле. Мен го кечке чейин иште болом. Эрте кетип, кеч кайтам. Элдин балдары намаз окушат, мечитке барышат. А биздикин карачы, көчөдө кандай акмакчылык кылып жүрот. Эл укса биз жөнүндө эмне дейт? Ал биздин үй-бүлөнүн атына кандай так түшүргөнүн билесиңби?

— Ко-ош эмне кылып коюптур менин балам?

— Ана, өзүнөн сура!

Ушундан соң Дилфуза жинденип уулу Шахрухту тиктеди. Шахрух болсо унчукпай: кызарган бойдон жер тиктеп турган эле...

* * *

Асрар дагы Ошко келди. Базардан кооз гүлдесте алып түз эле Камиланын үйүнө бет алды. Кызды акыркы ирет «үй тоюнда» көргөн. Эми ал башка күтө албайт. Бүгүн

Камилага сүйүүсүн билдирет. Бактысына Камила үйүндө экен. Куда тагасы менен кудагый эжесинин үйдө жоктугу ага абдан ыңгайлуу шарт түзүп берди. Асрар гүлүн Камилага берип, саламдашты.

— Келиңиз Асрар ака,— деп Камила жигит отура турган жай көрсөттү.

Алар бир аз аңгемелешип олтурушту. Асрар бир топ өткүр жигит болгону менен сүйүүсүн билдирүүгө батына албай жатты. Тагыраак айтканда, ал үчүн ыңгайлуу учур келбей жатты.

— Мен сизди жакшы көрөм,— деп жиберди жигит акыры чыдабай кетип. — Сизди биринчи көргөн күндөн тартып эле сүйүп калгамын. Сизсиз мен жашай албайм. Мага турмушка чыгыңыз?

Камила Асрардын сөздөрүн угуп уялып кетти. Эмне дээрин билбей ордунан турду да, ичкериге качып кирип кетти. Асрар болсо жүрөктөгү бугун чыгарып алганына кубанып мейманканага бет алды...

Кабыл Камила менен университетте тез-тез жолугуп турат. Жигит кызды бир жакка чакырайын дейт, бирок эмнегедир тартынат. Анткени Кабыл өзүнүн Камилада көңүлү бар экенин билбейт эле. Ошондой болсо да акыры жигит өзүн сынап көрмөк болду.

— Бүгүн биздин факультетте «Жаштар кечеси» өткөрүлөт. Чакырсам барасызбы. Камилахан? — деди Кабыл сүйгөн кызынын көздөрүн ишеничсиздик менен тиктеп.

— Албетте — деди кыз ошол замат.

Кабыл кыздын бул жообуна эч ишенгиси келбейт.

— Чын элеби! — деп ал сүйүнүп кетти.

Сабактар бүтөөрү менен Кабыл көчөгө чыгып, шашылып жатаканасына бет алды. Ал күнү күн абдан ысыгандыктан адегенде душка түштү. Анан көйнөк-шымын үтүктөп, сакал-мурутун алды, чачтарын кооздоп тарады. Кечээ эле үмүтсүздүктөн көңүлү чөккөн жигитке дароо жан кирди. Анын көкүрөгүндө сүйүүсүнө ишеним ойгоно баштады.

...Алар болжогон убакытта университеттин алдында жолугушту. Камила ушунчалык ачылып, сулуу болуп кеткен экен, жигит кыздын сулуу оңүн карап туруп эсинен ооп кала жаздады. Камила кыз эмес эле укмуш жыттуу роза гүлүнө айланып кетиптир. Кабыл кечеде олтуруп аны уюштурган досторуна рахмат айтып жатты. Алар

бул кечени атайын Кабыл үчүн, балким анын жеке турмушун, тагдырын да уюштуруп бергендей туюлду...

Кечеде жаштар көпкө жыргап-куунашты. Камила да жетине албай кубанып отурду. Жигит кызды бийге чакырды эле, Камила аябай ыраазы болду.

Күү жай агылып жатты. Кабыл менен Камила бийлеп жүрүштү. Кыздын бою жигиттин көздөрүнө чейин жетип турат. Кабыл ушул учурда бактыга мас болуп жүрдү. «Мен сизди сүйөм» — деди чыдай албай кыздын кулагына...

XVII бөлүм

Камила үйүнө жакшы маанайда кайтты. Ал бир аз чарчагандыктанбы, түз эле уктоочу бөлмөсүнө кирип кетти. Көчө кийимдерин чечип, үйдүкүн кийди. Ал диванга өзүн урду да, терең ойлорго батып жатты. Бир күндө эки жигит сүйүүсүн билдирип жатса... Кабыл аны жакшы көрөөрүн мурдатан эле билчү. Асрардын дил кумары ага күтүлбөгөн окуя болду. Табигый зээндүүлүгүнөн Камила кептин төркүнүн оңой эле таап алды. «Ооба, ошондо алар мени талашып мушташышкан экен да» деп койду ичинен. «Асрар ака бай үй-бүлөдөн, алардын жашоо эрежелерине мен туура келбейм. Мен дайыма жетишпестик менен өсүп чоңойгон бир кембагалдын кызы болсом. Мейли, аны деле эсепке албай койсо болот. Бирок, ортодо махабат болбосо баары бекер да...»

Кабыл менен болсо ал кичинесинен бирге өскөн. Ал аскерде жүрүп да тез-тез кат жазып турду. Мына, тагдыр аны шаарга жашатып койду. Бул кокустукпу же тагдырбы?

«Чоң энем келип калса кыштакка барып апам менен эжемдин мүрзөлөрүнө зыярат кылып келет элек. Эжемди апамдын жанына коюшканы жакшы болду. Алардын жайы бейиште болсун...

Азыр кыштакта эмнелер болуп жатты экен? Ал жакка барып келейин десем, эжем да жок эми. Женем уйларын өз убактысында саап жатты бекен? Корообуз да коолдоп калса керек. Эжем али жаш болчу. Дагы жашай турса болмок. Андан карыраак кемпирлер жакшы эле жашап жүрүшпөйбү. Эжемдин орду али дагы көп билинет» — деп Камила көз жашын агызды...

Түрдүү ойлор анын дүйнөсүн туш тарапка тарткылайт. Ал тезирээк уктап калууну, таңдын тезирээк атуусун зарыгып күтүп жатты.

«Эми Асрарга эмне деп жооп айтсам? Унчукпай койсом кала берет? Жок, мен сизди сүйбөйм десем туура эмес түшүнүп алышы мүмкүн?»

«Ишемби күнү курбум Салиманын тою. Анын бактысы бар экен, сүйгөн жигитине чыгып жатат. Музаффар Кабыл акенин эң жакын досу. Кечээ Салима менен «Саидмухтар» универмагына барып келдик. Ал жерде болочок келиндер үчүн ушундай кооз кийимдер бар экен, тим эле көзүң жайнап, акылың адашат. Курбумдун табитине тан бердим. Көйнөктөрдүн эң коозун тандап алды. Баасы да бар экен дагы — эки миң доллар! Ох-оо, бул кыргыз сомуна канча болор экен? Анча акчага айылда бир-эки жыл жашаса болот. Салима үйдүн эркеси да. Ата-энеси соодагерлик кылышат... Кечээ эле алар Ирандан кайтып келишти.

Курбум мени ЗАГСка бирге чыгасың деп кыйнап жатат. Эмне кылсам экен? Атамдан уруксат алышым керек болот ко. Кыздарыбыздын баары бирге бармак болуп атышат. «Чынара» ресторанында отурат экенбиз. Кайсыл кийимди кийип барсам экен? Үй тойдо чоң энем тартуулаган костюм-юбканы кийип барсам бекен? Ошол күнү ЗАГСка Кабыл ака да барса керек...» Ал ушундай ойлор менен алпурушуп, эртеңки күндү элестетип кыялга чөмүлүп жатып уктап кетти...

* * *

Кабыл достору менен таң азанда эле Музаффардын үйүнө жөнөштү. Кечээ алар түн жарымына чейин ошол жерде болушкан. Бүгүн дагы эртерээк барып кол кабыш кылышпаса болбойт. ЗАГСка чыкчу машиналарды да жаеалгалаш керек... Ал түнү менен тойго даярдык көрдү. Окууга өткөндө апасы тартуулаган костюм-шымын тыкандык менен үтүктөдү. Кечээ базарга түшүп жаңы ак көйнөк, эң акыркы модадагы галстук сатып алган. Туфлисин аябай майлап, жалтыратып таштады. Той жакындаган сайын Кабылдын жүрөгү тездеп кага баштады. Анткени Камила бул келинчектин эң жакын курбусу. Алар баары катар турушуп сүрөткө түшүшөт. Ал турсун

видеого да тартышат экен. Ушундай учурда кантип толкунданбай коё аласын?!

Жигиттер тойканага келишкенде андагы көчөгө машиналар толуп кеткен экен. Мында ЗАГСка даярдык алда качан эле башталыптыр. Келиндин үйү «Туран» шаарчасында «Амир Темур» шаарчасынан «Бир адырга» чейин кыйла бар. Шашылбаса болбойт. Ырас, али эртен мененки тамак ичүү али улантылууда.

* * *

Музаффар да колунда бар үй-бүлөдөн. Атасы бир чоң ишкананын деректири. Апасы дагы бир мекемеде башкы эсепчи. Алар дагы биринчи келин алып жатышат. Тойго кызыгуу да абдан чоң. Музаффар болсо сүйгөн кызына үйлөнүп жатканына жетине албайт. Кабыл досу Музафар менен шаардагы эң мыкты деген чачтарачканага барышып, чач алдырып келишти. Саат 11ге жакындап калды. Күйөө бала сарпайларын кийип көчөгө чыкты. Машиналар куда тарапка жөнөгөнгө даяр турушту. Үйдөгүлөр бата берери менен он беш чакты машина ордунан козголду.

XVIII бөлүм

Кыз жашаган аймак. Бүтүн маале күйөө баланын келишин күтүп көчөдөн көз үзүшпөйт. Алыстан машиналардын «папылдактары» да угулуп калды. Баары көчө тарапка сүрүлүп жөнөштү...

Салима болсо курбуларынын ортосунда олтурат. Кыздар келинчектин ал жак, бул жагын түздөшө коюп отурушту. Алардын баары биринен бири сулуу, татынакай. Бирок эң сулуусу баары бир Камила эле. Бекеринен тойго келгендер баары Камиланы келинчектей эле көрүшүп суктана карап жатышкан жок да...

Бир аздан кийин күйөө бала беш-алты жоролору менен келинчекти алып чыгыш үчүн ичкери кирип кетишти. Музаффардын колунда гүлдесте. Жанында Кабыл. Жигиттер болсо күйөө бала али басып өтө элек килемчени талашышты. Элдин айтуусуна караганда кимде ким ошол килемчени биринчи болуп ээлеп алса, үйлөнүү кезеги ошого тиет имиш. Жигиттер мейманканага кирип үлгүрө электе эле Кабылдын көзү Камилага түштү. Ал саамга өзүн күйөө бала катары сезип кетти. Ага бүгүн келинчек Салима эмес эле, Камила сыяктуу сезилип кетти. Кыз бүгүн ушунчалык ачылып кеткен экен, анын сулуулугу жигиттин эсин оодарып коё жаздады. Кабылды көргөндөн кийин Камиланын жүрөгү да опкоолжуй түштү. Анын жүрөгүнүн кагышы тездеп, толкунданган-дан оор-оор дем ала баштады...

Күйөө бала келинчегине гүлдестени берип, анын назик колун билегине илди. Андан соң абайлап кадам шилтешип көчөгө чыгышты. Бата берилгенден кийин баары машиналарга отурушуп, «Бакыт үйү» тарапка жөнөп кетишти...

* * *

Мына, досу Музаффардын мойнуна да «ала куржун илинди. Алар расмий каттоодон өтүштү. Салиманын да башы байланды. Мечитте да нике окулду. Ошентип, келин-күйөө бирине бири өмүрлүк жар тонуураак айткан, эрди-катын болушту...

Жаштар ресторанга киришкенде столдор көргөндүн көзү чачырагандай жасалып коюлган эле. Төрүндөгү дубалга «Тоюңар куттуу болсун!» деген жазуу илинип турат. Дасторкондо кайдагы адам көрбөгөн нерсенин баары бар. Кымбат баалуу ичимдиктерден тартып түрдүү-түмөн ширинликтер, казы-карта, мөмө-жемиштер...

Келин күйөө ортодон орун алышары менен алардын айланасынан курбу-курдаштары, достору жай алышты. Келиндин жанында Камила, күйөө жандоочусу болсо Кабыл. Бирок, Кабыл кыялкеч досу Музаффардын ордунда өзүн, келиндин ордунда болсо Камиланы элестетип жыргап отурду...

Оюн-күлкү кызыган кез. Куттуктоолор, каалоолор, алкоолор, мактоолор айтылды. Чын дилден чыккан каалоо-тилектер, ыр-күүлөр менен улантылды. Жигит-кыздар ортого чыгышып аябай бийлешти. Алып баруучу сөз кезегин күйөө баланын эң жакын досу Кабылга бергенде ал адегенде алдастап калды. Бирок, анан өзүн колго алып,

ордунан туруп микрофонго барды. Өзүнүн, досторунун атынан күйөө-келинди куттуктап, аларга бакыт-таалай каалаганын билдирди. Тойго келген жоролору Кабылдын өзү айткан сөздөрүн «иш жүзүндө далилдесин» деп талап кылышты. Бирок, жигит көпчүлүктүн арасында өзү жалгыз бийлөөгө батынбай турду. Ошондо Камиланы бийге чакырууну ойлоп койду. Ал жай басып Камиланын жанына барып, бийге чакырды. Ортого чыккан кыз менен жигит бирине-бири тиктешип туруп калышты. Ушул учурда музыкачылар кандай ырды аткаралы деген кыязда Кабылды карап калышты. Кабыл аларды дароо түшүндү да, «Камила кыз» деген ырды аткарып берүүнү өтүндү. Андан кийин чөнтөгүнөн жыйырма сомдук акчадан бирди чыгарып, сүйгөнүнүн колуна карматты да, өзү бийлеп кетти. Кыз уялганынан адегенде бийге чыккан жок... Ал көпчүлүктөн ийменип Кабылдын бийлегенин карап тура берди...

III ГЛАВА

I бөлүм

Кечки кыштак. Күн тоо кыркаларынын артына бозомук тартып батып баратты. Чар тараптан канаттуулардын чырылдап сайраганы угулат. Садык арабакечтин аңылдап бош калган үйү. Короонун арт жагындагы тыттардын астында ыраматылыктын төрт буттуу кулу-эшеги жатат. Жаныбар, мына бир нече күндөн бери дагарадагы сууну да, акырдагы жем-чөптү да тиктеп койбойт. Ал төрт бутун сунуп, башын ным жерге койгон бойдон кансырап-кансырап дем алат. Узун-узун кулактарына конуп жаткан чымындардан корунууга да кубаты жетпейт. Ал акыркы учурларда бул үйдө өзүнө жан тарткан бир дагы адамдын калбагандыгынанбы, а балким өзү картайып калгандыктанбы, айтор күндөн-күнгө начарлап баратты. Мына акыры туралбай да калды. Чоң-чоң капкара көздөрүн бир чекитке кадаган бойдон ушул короодо өткөн өмүрүн көз алдынан өткөрүүдө:

«Мен ушул короодо жарык дүйнөгө келдим. Баары кечээгидей көз алдымда. Ошондо кичинекей кодолек элем. Айбарчын менен Гүланда экөө тең кичинекей кызалак болушкан. Алар мени козудай эркелетишип, кичинекей колдору менен мойнуман сылашчу. Уюбузду бакканы жайытка жөнөшкөндө мени да жетелеп келишчү. Мен кыпкызыл гүлдөрдү аралай чаап, аларды ары-бери кубалап жүрчүмүн...

Энем өлгөндөн кийин мени биринчи жолу мына ушул арабага чегишти. Ошондон бери мен бул үйгө адал кыз-

мат өтөп келдим. Баарынан да кожоюнум — Садык арабакечтин тою эсимден чыккыс болгон. Оо, ал укмуштай өткөн эле... Келинди алып келе жаттык... Айлана капкараңгы. Артымда бир араба толо кыздар. Алар үндөрүн бийик чыгарышып «жар-жар» айтышып ырдашат. Ошондо чилдирмандын катуу дүпүлдөгөнүнөн шалпаң кулактарым жарылып кеткидей болгон. Адегенде мен аны түшүнө бербедим. Кийин билсем, ал — адамдардын тою экен... Корообузга жетип келгенибизде көчөдө чоң от экен... Корообузга жетип келгенибизде көчөдө чоң от жагылып туруптур. Бир аздан кийин Садык акем капкара чачпакка оронуп алган Хадича эжемди көтөрүп алып жерге түшүрдү. Ошол учурда жаландаган бир жигит чилдирманын так кулагымдын астына келип күчүнүн жетишинче катуу ойноп кирди дейсиң...

Кайран ошол кез. Кана эми ошол ызы-чуу?! Акыркы учурларда корообуз ушунчалык аңылдап калды, үнсүз жаткандан дүлөй болуп калгансыйсың...

...Кожоюнум абдан жоош адам эле. Ал мени камчыламак турсун бир да жолу «эшек» деп тилдеген да эмес. Бирок мен ушунча жыл адамдардын арасында жашасам да, баары бир аларды түшүнө албай койдум. Алар эмнегедир кээде ачуусу келгенде бири-бирин «эшек» деп тилдешет. Кызык, биз аларга кандай жамандык кылдык экен? Өмүр бою ошолорго кызмат кылсаң да, алар бизди шылдындашат... Дагы жанында туруп алып эч нерседен тартынбай өздөрүнүн биз жөнүндөгү белгилүү ылакабын кайра-кайра айтышат. «Эшектин өзү арам да, мээнети адал» имиш... Эмне, адамдар бизди дүлөй деп ойлошобу? Дагы жакшы табийгат бизге кулактын чоңун берип койгон экен. Ошонусуна да шүгүр. Уй, ат же кой кылып жаратып койгондо эмне болот элек? Кайриет, этибизди арам кылып коюптур. Болбосо азыр жан таслим болуп жатканымды көрүшсө арам өлүп калбасын дешип алкымыман бычагын тартып жиберишмек.

Э-э-х, мага жакын адамдардын баары бир-бирден бул ааламдан өтүп кетишти. Өмүрү узун болсун, алардан бир гана Камила калды. Бирок ал дагы шаарлык болуп кетип, кыштакка чанда гана келчү болуп калды. Эртең бүрсүгүнү келип өлүп калганымды угуп аябай ыйласа керек? Анткени ал дагы ушул арабада жүрүп чонойгон. Бүгүн Камила башка «арабада» жүрөт. Ал «арабанын» күчү

жүз аттын күчүнө барабар дешет. Эгер бул чын болсо, анда ал «араба» канча эшектин күчүнө тең келер экен?

...Биз баарыбыз бул ааламга эмне үчүн, ким үчүн келгенбиз, мен ушуну такыр түшүнө албайм. Өмүр бою адамдарга кызмат кылыш үчүнбү? Туруп-туруп аңылдап да жиберебиз. Кээде чарчагандыктан, кээде оорудан. Бирок, жалкоолугубуз дагы бар. Аны моюнга алыш керек. Өжөрлөнүп эле отуруп албаш керек. Андай учурларда бизди ошол жүз аттын күчүнө ээ «арабалар» да ордубуздан козгой алышпайт. Адамдар биздин ошол кежирлигибизди жактырышпаса керек...»

Ушуну айтты да, күтүлбөгөн жерден эле бүткөн боюн калтырак басып, деми кысылды. Андан соң өңү-башы биротоло караңгылашып кетти. Ошентип, Садык арабакечтин эң жакын эшеги да көз жумду. Анын бул сырдуу дүйнөнүн толгон-токой табышмактары батып калган ачык көздөрүн тиктесеңиз, аларда ошол суроолорду өзүңүзгө кайталап берип жатканын сезесиз.

Чындыгында эле биз, айбандар менен канаттуулардын өлүмүнө маани бербейбиз. Анткени, алар менен чогуу жашасак да, баары бир дүйнөлөрүбүз башка-башка да...

II бөлүм

Сиявуштун Вашингтонго келгенине да алты айдан ашып калды. Ал күнү-түнү ата мекени жөнүндө ойлонот. Ошту, ата-энесин, дос-жарларын ушунчалык сагынды дейсиң, колдору канатка айланып Тынч мухити аркылуу мекенге учуп кеткиси келет. Жок, буга эч кандай айла жок. Ал эртелеп туруп кайрадан университетке барат. Сабактан кайтып келип 16-кабаттагы бөлмөсүндө бир аз уктап алат. Андан соң тапшырмаларын аткарып, китеп окуйт. Өзбекче ыр-күүлөрдү ушунчалык сагынды дейсиң... Сиявуш эне тилинде да көңүлү тойгончо сүйлөгүсү келет. Ага негедир эне тилин да акырындап унутуп бараткандай туюлат. Караңгы түшөр замат терезеден алыстыктарды тиктеп, жылдыздарга термеле карайт. Түн койну эми агара баштаганда гана уйкуга баш коёт...

«Алыска бармайын мусапыр болбойсун» деп бекеринен айтышпаган экен. Мекенди таштап алыс кетиш оной

эмес. Сагыныч деген ушундай бир күчтүү сезим, аны мекенин артыкча сүйгөн же андан 4-5 жылга алыс кеткен адамдар гана чындап билиши мүмкүн. Сагыныч сезими да махабат сыяктуу жүрөк-боорунду эзип жиберет. Бирок, мусапырчылыкка эми көнүп келе жатканында мекенге кайтууга туура келет. Адам эч жерде жалгыз жашай албайт. Ошондуктан өмүр кечирип жаткан жеринде дос-жар, тааныш-билиш ашырышат. Алар менен ажырашуунун өзү да бир башкача оор, бир сөз менен айтканда мындай учурларда адам эки оттун ортосунда калат. Же кете албайт, же кала албайт. Мындай учурларда арасатта калдым деп коё берсеңиз болот...

Сиявуштун бул жерге окууга келиши «Какаганга муштаган» дегендей эле болду. Анткени, эми эле Ташкенге көнүп бараткан. Эгерде ал университетте Лолага жолугуп, аны сүйүп калбаганда бул бейтааныш шаарга көнүгүп кетүү мындан да кыйыныраак болор беле? Мусапырчылыкта көңүлүң сүйгөн адамың болсо ал жерде жашап кетишиң да бир топ жеңил болот. Жигитти тагдырдын өзү колдоду, мекенге болгон сүйүүсүн кызга болгон ышкы оту менен айкалыштырып жиберди. Кандай болсо да жигит бир кыйла чаалыгып, үйүн жаш балдарчасынан сагына бербей калды. Эми ал бул жерде жашап, окуй берсе болот. Анткени бул шаарда анын сүйгөн кызы Лола да жашайт. Анысы го ошондой, бирок, махабат менен алышып жүрүп Сиявуштун сабактарга болгон кызыгуусу сууй түшкөн эле. Ал Ташкенде окуп жүргөн кезде күндөрдүн биринде эле АКШдан билим алуусу оюна да келген эмес. Күтүлбөгөн жерден эле алардын курсу бүткүл дүйнөгө тарап кетти. Лола болсо Лондондо.

Ооба, али тушоого толук илине элек бул жигит менен тагдыр катуу тамашалаша турган болду. Олдоксонураак айтканда «Кашыңды ондойм деп, көзүң чыгарыптыр» дегендей эле болду. Эми ал ааламдын бир четинде туруп же алыста калган Ошту сагынышын, же өзүнөн мың чакырым алыстагы сүйгөн кызын күсөөнү да билбей турду. Кыскасы, баарын унутуп, өзүн колго алып, окуусун улантуусу керек. Акыры Сиявуш бул жерге билим алыш үчүн келбеди беле. АКШ өндүү мамлекетте билим алуу ар кимге эле насип эткен эмес. Демек, ал эрксиз болбошу керек. Улам эле терезенин жанына олтуруп алып, алыстыктарга тигилип убакыт өткөрүүнүн пайдасы жок. «Учкашпа,

учкашкан соң көчүгүм ооруду дебе». Мекенин эч жакка качып кетпейт. Лолан менен да күндөрдүн биринде учурашасың» — деп жигит өзүн-өзү жубатчу болду. Баарынан анын тамеки тартканды үйрөнүп алганы чеки иш болду да...

— Чоң ата, мен да чоңойгондо Америкага барам ээ? — деди Гүланда Мардан аканин жанына олтуруп жатып.

— Оббо ширин кызым эй! Америкада сен эмне кылмакчысың?

— Сиявуш акеме окшоп окуйм да! — деди быдылдай жооп берип бул кызалак.

— Ошондойбу. Мейли, сен адегенде чоңоюп алчы, анан бир кеп болор. Кана айтчы кызым, сага Американын эмнеси жагат?

— Америка абдан чоң шаар да. Ал жерде бардык кино артисттери жашашат. Жанагы «Титаник» деген кино бар го, ошондо ойногон жигит менен кыз да америкалыктар. Баягы кеме сууга чөгүп кетчү киночу,— деди Гүланда чоң атасына ошол фильмде ырдалчу ырдан бир куплет ырдап берип.

— Оббо, сулуу кызым эй. Эмне, сага Ошубуз жакпайбы?

— Жагышы жагат го, бирок, анчалык эмес.

— Ошондой дегин,— деп Мардан ака бир азга ойлоно түштү. — «Колдо бар алтындын баркы жок»— деген ушул болот, балам. Сен али Ошубуз, анын тарыхын көз алдына жетишерлик түрдө келтире албайсың да. Ош дүйнөдөгү эң байыркы шаарлардын бири. Ал үч миң жашка чыкты. Шаарыбыз азиз жана ыйык жайлардын бири. Элдин айтканына караганда ар бир мусулман баласы Каабага барганга чейин Оштогу Сулайман-тоосуна келип зыярат кылышы керек экен. Деги сен Сулайман-тоосун көргөнсүңбү?

— Ананчы. Көргөмүн.

— Сулайман-тоосун байыркы заманда Баракух дешкен. Ал сулуу, кооз дегенди билдирет. Бул жерге кылымдар арасында кандай инсандар келип-кетишкенин билесинби? Амир Темир, Бабур бабаларыбыз да Ошту аябай жакшы көрүшкөн. Мырза Бабур Сулайман-тоосуна үжүрө да салдырган. Аны «Ак үй» деп аташкан. Сени бир тоого алып чыгып ошол үжүрөнү көрсөтүп коюшум керек экен.

— Алып чыгың, тезирээк алып чыгың, чоң ата...

— Болуптур кызым, болуптур. Сен азыр менин сөздөрүмдү жакшылап угуп, тынч отура тур... Оо мурда бул тоонун этек жагында бир чоң таш болор эле. Аны оштуктар «Жарыл-Таш» деп коюшчу.

— «Жарыл-Таш» дейсизби? Ал баягы жомоктогу «Жарыл-Таш» эмеспи?

— Дал ошонун өзү, кызым. Сен шашылбай кулак сал дебедимби. Кийинчерээк ал ташты айрым себептер менен жерге көмүп ташташкан. Бирок «Жарыл-Таш» жөнүндөгү айың сөздөр эл арасында айтылып калган да, бизге чейин жеткен.

— Мага ошол жомокту айтып берсеңиз?

— Болуптур, эмесе, унчукпай угуп тур...

III бөлүм

«Бар экен, жок экен, тээ байыркы заманда азиз Ош шаарында Хасанбай аттуу бир кедей жашаган экен. Анын Хамрахан аттуу аялы, Саткынай деген кызы менен Рустамжан аттуу уулу болгон экен. Алар абдан бактылуу жашап жүрүшүптүр.

Күндөрдүн биринде алардын турмушунда бир аянычтуу окуя болуптур. Апасы Хамрахан күтүлбөгөн жерден ооруп калып, ааламдан өтүп кетет. Саткынай менен Рустамжан көпкө чейин кайгы-капа чегишет. Бирок, энелери кайта келбептир. Кийин Хасанбай балдарын кантип тарбиялашты билбей, башка аялга үйлөнүүгө мажбур болуптур. Аялдын аты Өгөй эне экен. Ал өзү менен кошо мурдагы күйөөсүнөн туулган Нишанбай аттуу уулун ала келет. Ошондон тартып Саткынай менен Рустамжандын турмушунда оор күндөр башталат. Өгөй эне жетимдерге күн бербей кууруй баштайт. Алардын башына жаңгак чагып кыйнай берет.

Айлар, жылдар өтүп, Саткынай бойго жетиптир. Ал абдан эстүү, сулуу кыз болуп чоноёт. Күндөрдүн биринде Өгөй эне Саткынайды уулу Нишанбайга келин кылып-алып бергиси келет. Нишанбай энесине окшоп пейилмүнөзү начар жигит болот. Ошондуктан Саткынай мындай даяр нерсени издеген, ишке жөндөмсүз, жалкоо жигитке турмушка чыгуудан баш тартат. Анткен, Нишанбай үйдө бир дагы жумуш кылганды билбейт экен. Кечке уктап же Саткынай менен Рустамжанды маскара кылгандан башка эч нерсе менен иши жок болот.

Саткынайдын терс жообун укkан Өгөй эненин кыжыры кайнап кызды жертөлөгө камап коёт. Анан той болчу күндү белгилеп элге жарыялайт. Хасанбай болсо албууттанган аялынан аябай коркчу. Ошондон улам кызына да жардам бералбайт. Бирок, жаш болсо да Рустамжандын эжесине боору ооруп түн ичинде аны жертөлөдөн чыгарып жиберет. Ошондо кыз иниси менен коштошуп, Сулайман-тоо тарапка качып кетет. Бирок, Саткынайдын качканын билип калган Өгөй эне адамдарды топтоп кыздын артынан куугун уюштурат. Саткынай болсо Өгөй энеден качып баратып бир чоң ташка жолугат. Башка кай жакка барышын билбеген кыз ташка колдорун коюп жөлөнүп туруп, кудайдан тилей баштайт. Ал көз жашын көлдөй төгүп, жалынып-жалбарып жиберген экен. Кудайдын кудурети менен таш жетим кыздын кайгысына чыдай албай экиге бөлүнүп кетиптир. Саткынай таштын ичине кирип жашырынары менен таш кайра жабылып калат. Өгөй эне болсо кызды издеп ушул жерге жетип келет. Бирок, адамдар канчалык издешсе да кызды табалышпайт. Бирөө кызды «Жерге кирип кеткен» десе, экинчиси «Асманга учуп кетсе керек» дейт.

Эки-үч жыл өткөн соң Рустамжан жоголуп кеткен эжесин издеп ушул жерге келиптир. Бирок, ал да Саткынайды таба албайт. Ошондо анын көзү таштын кычыгынан чыгып турган бир тутам чачка түшөт. Эжесинин ушул таштын ичине жашынып алганын түшүнгөн бала ал ташка жалынып сурана баштайт.

Жарылгын таш, жарылгын.
Мен эжемди көрөйүн,
Дидарына тоёюн.

Бирок таш жарылбайт. Анда Рустамжан дагы сураныптыр.

Жарылгын таш, жарылгын,
Мен эжемди көрөйүн,
Дидарына тоёюн.

Ушундан кийин кудайдын кудурети менен таш экиге бөлүнүп, ичинен Саткынай чыгып келет. Экөө кучак-

ташып көрүшүп, көпкө чейин ыйлашат. Андан соң Саткынай иниси менен коштошуп жатып мындай дептир: «Мен тоого чыгып тээтиги үңкүрдүн ичине жашырынып алам. Эгер сен мени көргүң келсе ошол үңкүрдүн оозуна келип Саткынайды «Кор кыз эже-е» деп чакырсаң мен чыгып келем» деп Рустамжанды үйгө жөнөтүп жиберет.

Ошол ошол болду. Рустамжан эжесин көргүсү келсе эле үңкүрдүн оозуна барып Саткынайды «Кор кыз эже-е» деп чакырса эжесинин үнү угулат экен.

Кор кыз азыркыга чейин анын үнүн уккусу келген ар бир адамга жооп кайтарып үн чыгарат дешет».

Ошол замат чоң атасынын жомогун угуп отурган Гүланда ыйлап жиберди.

— Ээ, кызым, сага эмне болду? Ыйлап жатасыңбы? — деп сурады Мардан ака небересинен.

— Ооба, деди кызалак энтигип, мен дагы Камила эжемди көргүм келип кетти...

IV бөлүм

Максуд кызы Камилага шаардан эки кабаттуу үй сатып бергенден бери Дилфузанын көңүлү тынчыбайт. Аның бул дүйнөдө Камила менен алышкандан башка кылар иши жоктой. Ал күйөөсү менен да сүйлөшпөй калган. Үйдөгүлөрдүн баарын жаман көз менен карайт. Бирде абысыны Фаридага ачуусун чыгарса, бирде кайненеси Васила эжеге догурунат...

«Камиладан кантип өчүмдү алсам болот?» Ичи кара бул аялдын бүткүл жан-дүйнөсүн ушундай кара ниет ойлор ээлеп алган эле. Ошондон улам бакшыдан-бакшы кыдырып, Камилага каршы ар кандай айла-амалдарды издетет, андан кутулуунун айласын ойлонот...

Аялынын акыркы мезгилдердеги Камила жөнүндө айткан сөздөрү Максудга тынчтык бербей жүрөт. «Эмне үчүн кызым «арам» болуш керек? Акыры биз Гүланда экөөбүз бирибизди-бирибиз сүйөт элек го? Камила болсо ошол сүйүүнүн жемиши эмеспи. Сүйүүнү эң таза сезим деп бекеринен айтышпайт ко. Ырас, ал Гүландага той берип үйлөнүүгө үлгүрбөй калды...»

Максуд мына ушундай ойлордун түткүнүндө жүргөндө көкүстан курсташы Кахраман жолугуп калды. Курбусу

Максуд менен кучакташып көрүшүп, аны кызын таап алышы менен куттуктады. Ошондо Максуд бул күтүлбөгөн куттуктоодон эндирей түштү да «Сен аны кайдан билесиң» деген мааниде досунун көздөрүнө тигилди.

— Досум, эң жакшы иш болуптур. Угуп алып аябай кубандым. Бир-эки ирет ишканаңа телефон чалсам, жок экенсиң.

Максуд ортодо боло түшкөн бир аз унчукпоодон кийин курбусуна карап минтти:

— Эй, сен ымыркай дагы көз жумуптур дебедиң беле? Ошондо сен мага жалган айткан экенсиң ээ?

— Койчу, койчу, Максуд. Мен сага кыздардан укканымды гана айткамын. Мага антип Назира айткан. Кийин билсем, ымыркай тирүү калган экен. Жакында көчөдөн Назирага жолугуп калдым. Андан эмне үчүн мага жалган айтканын сурасам, «Гүланданын тууган-уруктары бул окуя жөнүндө ашыкча сөз жүрүп кетпесин деп, кызалактын келечегин ойлошкон экен, ошонусуна шүгүр де...

— Таап алганымда чоң ыраазымын го, бирок...

— Эмне үчүн «бирок»...

Ушул учурда Максуд эмне дээрин билбей туруп калган эле, курбусу сүйлөп калды:

— Кысылбай сүйлөй бер, досум. Акыры мен сага жат эмесмин го...

— Досум, өзүңдөн жашырар сөз жок. Жаштык кездеги учурлар өз жолу менен кетти. Бирок, мусулманчылык деген бар эмеспи... Аяшың Камиланы «арамдан бүткөн» деп жаманатты кылып жатат. Ошондо ата-энем каршы болушпаганда мен албетте Гүландага той берип үйлөнөт элем го...

— Койсоңчу, кантип эле ошондой болсун. Эсиңдеби, кеч болсо да мен нике түшүртпөдүм беле. Унутуп калган окшойсуң. Ошондо сен Гүланданын боюна бүтүп калганы жөнүндө ооз ачкан элең. Мен бир молдо таап келип жатаканада силерге нике түшүрбөдүм беле?! Ушуну кантип унутууга болот?!

— Жок, баары эсимде. Бирок, аны далилдей турган бир дагы дарек жок болуп жатпайбы.

— Сага кандай дарек керек? Алланын алдында жан дүйнөң таза болсо болбодубу. Эгер күбө керек болсо мына мен — тирүү бойдон турам го. Керек болсо мен аны каалаган жерде качан да болсо бышыктап берем. Кааласаң азыр ата-энеңе барып болгонду болгондой айтып берем.

Максуд досунун сөздөрүн угуп туруп бир аз ойлонуп калды. Кийин курбусуна жүрөк сырын ачты:

— Кахраман, мен ошондо чоң ката кетирген экемин. Бул мага кымбатка түштү. Өмүр бою Гүланданын алдындагы күнөөм мени кыйнап келе жатат. Акыры мен анын өлүмүнө себепкер болбодумбу. Ошондо жаштык кылып коюптурмун. Гүланда дили таза кыз эле. Ал мени аябай сүйчү. Мен анын дилгир махабатын тебелеп-тепседим. Гүланда мага ишенчү. Бирок, мен өз бактым үчүн аягына чейин күрөшө албадым. Коркоктук кылдым. Натыйжада тагдыр мени катуу жазалады. Тирүүлөй өлтүрдү... Бардык күнөө өзүмдө! Мен ошондо сезимиме анчалык эркиндик бербешим керек эле. Ата-энем менен кеңешпей эле өзүмчө аракеттенишим керек болчу. Ооба, мен эси жоктук кылып койдум... Эмне кылам эми? Махабат мени сокур кылып койгон экен...

— Кой, досум, өзүңдү көп кыйнай бербе. Өткөн иш өттү. «Башка түшкөндү көз көрүптүр» деп коюшат эмеспи, тагдырыңа тан бер. Пешенеге жазылгандан эч ким качып кутулган эмес, кудайдын айтканы болот. Биздин колубуздан эмне келмек. Баарыбыз тең сүт эмген пенделербиз. Айыпсыз бир гана Парвадигар. Бизди Алланын өзү кечирсин...

V бөлүм

Мардан акалердин үйүнө ишемби күнү Ташкендик кудалары келип калышты. Алар бул жолу Камилага жуучу түшүп келишиптир. Халысхан эже, анын күйөөсү Умаржан ака түбү Оштук болушат. Умаржан ака Университетти бүтүрүп Ошко кайтып келген жылы ата-энеси аны Халысхан эжеге үйлөнтүп коюшкан. Умаржан ака алгачкы жылдары Ташкенге барып-келип иштеп жүрдү. Келин болсо бир-эки балалуу болгонго чейин кайненесинин үйүндө жашап жүрдү. Умаржан ака Ташкенден квартира алары менен бала-чакасын, ата-энесин алып биротоло көчүп кеткен. Мына, алардын Ташкендик болуп калышканына да 20—30 жыл болуп калды.

Үй ээлери меймандарды мурдагыдай эле жылуу тосуп алышты. Васила эже кудаларынын небересине кардар болуп келишкенин угуп, сүйүнүп кетти. «Асрарбек жаман

жигит эмес, кудаларым да мээримдүү адамдар. Кызым Севараны аларга берип, элге уят болгонубуз жок, канткенде да Камиланы да Ташкенге узатсак, эжеси Севара менен эриш-аркак болуп жүрүшөр» — деп ойлоду ал ичинен.

— Макул көрсөңүз, кудагый, уулубуздун көңүлү Камилаханга түшүп калыптыр. Экөөнүн башын кошуп койсок жаман болбойт эле...

— Анын эмнесин айтасыз, кудагый. Бирок, бул сунушка уулум эмне дээр экен? Мага койсо го, мен каршы эмесмин. Кызды берсек ушунчалык жерге беребиз да. Ушунча жыл тууган болуп жүрүп бир да жолу «мен», «сен» дешкенибиз жок. Кызым да колуңузда тынып-тынчып отурат. Бирок, Камиланын окуусу эмне болор экен? Ал эми 1-курсту бүтүрүп жатпайбы?

— Ал жагынан кабатыр болбоңуз. Окуусун Ташкенге которуп алабыз. Ошол жерден эле окуй берет да.

* * *

Бүгүн — Нооруз. Камила да курсташтарынын катарында шаардын борбордук аянтында өткөрүлгөн театрлаштырылган оюн-зоокко катышып, курбулары менен студенттердин жатаканасына келишти. Бүгүн алар мында курсташтары менен майрамды белгилешмек.

* * *

Дилфуза Халысхан эженин Камиланы келин кылып алууну суранып келгенин угуп кубанып кетти. «Кайриет, бул жер жуткурдан кутулат экемин. Канткенде да көзүмдөн алыста болот экен бул жашабагыр»— деди өзүнчө. «Жок — деди бир аздан кийин кайрадан шайтандын сөзүнө кирип,— Мен анын бактылуу болушун каалабайм. Каткенде да аны жаманатты кылып, шермендесин чыгарышым керек. Баягы томояк жигиттин аты ким эле? Кабылбы же Кадыр беле? Биринчи кезекте ошол экөөнүн ортосуна от жагышым керек. Эмне кылсам экен? Таптым! Жээним Исраил ошол кедей менен бир курста окуса керек эле. Жакшылап кеңеш берсем Исраил анын ишеничине кирет. Калганы камырдан кыл сууругандай болот. Каап, сениби, шашпай тур. Бактысыз кылбасам Дилфуза деген атым өчсүн...»

* * *

Кабыл да достору менен кыздар жатаканасына келди. Жатакананын аянтчасында жагымдуу күү жаңырып, көпчүлүк көңүл ачып жатыптыр. Кабылдын көздөрү болсо «алма гүлүн» издөөдө. Бир аздан соң ал достору менен Камиланы издеп тапты. Сүйгөнүн көрүп өзүнчө кубанычка батты. Бая күндүзү ага стадиондо жолуккан. Бирок, сүйлөшө албай калышкан. Кабыл сүйгөнүн көрөрү менен жүрөгү эрип, ылдый агып түшүп кеткендей болду.

* * *

Максуд үйүнө өтө кеч кайтты. Дилфуза менен Шахрух мейманга кетишкен эле. Ал мейманда менен учурашып, ал-абалдарын сурашып, төмөн жактагы төшөктө мандаш курунуп отурду. Бир пияладан чай ичилген соң Васила эже уулуна карай сөз баштады:

— Уулум, кудаларыбыз Камилага жуучу болуп келишиптир. Асрарбекке алып берсек деп катуу туруп алышты. Мен бир нерсе дей албадым. Кыздын атасы сенсиң. «Ата ыраазы, Кудай ыраазы» дешет. Сен буга эмне дейсиң?

Максуд күтүлбөгөн бул сунуштан ууртап жаткан чайынан какап кетти. Ал бир аз кызуу да болчу. Бүгүн майрамдын шылтоосу менен досу Кахраман экөө «Чынара» ресторанында отурушуп, бир кыйла рюмка кагыштырышкан. Максуд оозун чачык менен ааркып жатып сүйлөдү:

— Апа, бул жаңылык го. Кудагый эженин сураганында айып деле жок. Бул сунуш ким тараптан чыкты озү?

Ушул учурда Халысхан эже сөзгө аралашты.

— Кептин баары Асрарда. Балаң түшкүр кызынызды жактырып калыптыр. «Ошол кызды алып бересиңер» деп жаныбызды койбой жатат.

— Бул жагы чатак болуптур го. Камиланын окуусу эмне болот? Бул сунушка ал өзү эмне дээр экен? Кызымдын эрки — мен үчүн мыйзам, кудагый эже. Камила эмне десе ошондой болот...

* * *

Ичи кара адамдын иши да кара болот тура. Дилфуза, эже-сиңдилери, тууган-уругу менен жей турган сый тамакты да ушак-айыңга аралаштырып жиберди. Баары анын оозун карап отурушту. Себеби азыркы күндөгү эң бай аялдардын бири ушул Дилфуза эле. Ошондуктан калгандар анын көңүлүнө жаккысы келип турушчу. Ошондон пайдаланып ал адаттагыдай эле «Камила көйгөйүнөн» сөз баштады. Бул Дилфуза үчүн эң жакшы көргөн тема болчу. Бир аздан кийин ал убакытты бекер өткөрбөй алдын-ала түзүп алган планын ортого салды. Калгандар буга макул болушту...

Халысхан эже кудаларыныкында узак турган жок. Эки-үч күн гана болду анда. Ал Оштөгу туугандарына бирден барып келгенге арең үлгүрдү. Бүгүн эртең менен Максуд менен Васила эже аны аэропорттон Ташкенге узатып келишти. Шаарга кайтып келе жатканда апасы дагы сөз баштады.

— Кудагый түшпөгүр башыбызды кыйла катырып кетти го.

— Эмнесин айтасыз. Мындай болушун ойлогон да эмес элем. Аларга «жок» десем, карындашым ошолордун колунда...

— Чын эле. Мен ал жагын оюма да албапмын. Биздин колубуздан эмне келмек, баары тагдыр-насипке байланыштуу болот.

— Асрарбек го жаман жигит эмес. Бирок, буга Камила эмне дээр экен?

— Кызың менен өзүм жайынча сүйлөшүп көрөм го...

* * *

Бул арада Дилфуза «боорлоштору» менен биригип астыртан түзгөн бузукулук планын ишке ашыра баштады. Ал адегенде кенже сиңдиси Шахнозаны ишке салды. Шахноза өзү сулууча келгени менен өңү оорулуудай көрүнөт, бир заарланып алса көчөлөрдө жүрсө да кабагы карыш салынуу болот. Ал Камила окуган университеттин орус тили жана адабияты факультетинде окуйт. Шахноза эжесинин тилине кирип, университетте Камила жөнүндө толгон-токой «имиш-имиштерди» тарката баштады. Ал туш келген курбусуна Камила кайдан келгенин, анын өмүр баянына жалган-жашык создөрдү кошуп сүйлөөчү болду.

— Тээтиги кыз бар эмеспи...

— Кайсыл,— деп сурашар эле курбулары.

— Алиги 1-курста окуган Камилачы, байдын кызы. Ошонун чындыгында ким экенин билесиңерби? Ал атасынын ойношунан туулган дешет.

— Чын элеби? — кызыгып сурашты кыздар.

— Өлүп кетейин, Анын энеси түпкүлүгү айылдык бир кыз болгон дейт. Ал шаарга келип бир бай жигиттин башын айлантып, ага тийип алмак болгон экен, бирок ал ниети ишке ашпай калыптыр. Жигиттин ата-энеси кедейдин кызын башыбызга урабызбы деп уулуна башка кыз алып беришиптир. Камиланын энеси болсо ызасына чыдабай «бузулуп» кетиптир.

Ал кызы кимден туулганын өзү да так билбейт экен. Камила болсо кечээ эле базарда сүт, айран, көк сатып жүргөн экен. Жакында гана баягы Алимовдордун үйүнө барып отуруп алыптыр. Алар бул айлакер кыздын сөзүнө муюп калышыптыр.

— Карагыла, карагыла, тигинде өзү келатат — деди кыздардын бири.

Ушул учурда ушакчылардын баары алыстан көрүнгөн Камиланы тиктеп катып калышты жана ал өтүп кеткенче унчукпай турушту.

— Ай паскина десе, керилип-чоюлганына өлөм да мунун,— деди Шахноза кыздардын бүйрүсүн кызытып.

— Энесичи, энеси? Ал да келип олтуруп алгандыр?

— Жок, ал өзүнөн он жаш кичүү жигитке тийип алып, соода кылганы Россияга кетип калыптыр.

— Атасынын жашаган жайын көрсөтүп коюп өзү качып кетиптир да...

— Көрбөйсүңбү, азыркы жигиттер да келесоо болуп калышкан да. Бизге окшоп энеси өппөгөн кыздар турса, кайдагы баарынын тебелендисинде калган бузук аялдарды илештирип алышат,— деди дагы бир кыз каштарын серпип.

VII бөлүм

Исраил да апасы менен Дилфуза үйрөткөндөй Кабылга жакындаша берди. Ал кайда барса карапайым курсташын кошо ээрчитип алчу болду. Кабыл болсо көңүлчөөктүгүнөн курбусуна эч нерсе дей албай жүрдү. Анын үстүнө шаарды да түзүк билбейт. Мында тууган-уругу да, таанып-билиштери да жок.

Эртең менен Кабыл курсташы Исраил менен аудиториядан чыгып келе жатышкан эле, алдыларынан контракт бөлүмүндө окуган Гүлнара чыгып калды.

Исраил Кабылдын жанында өзүн олуттуу, сыпаа жана кеңпейил жигит катары көрсөткүсү келсе да, анысы жасалма экени көрүнүп турду. Ал жеткен айлакер, кытмыр, алдамчы жигит эле.

Гүлнара да европача тарбияланган, шатыра-шатман, бир сүйлөп, он күлгөн, шарактаган кыз. Ал бети-башына эндик сүртүп, кирпиктерин боёп, эриндерине помада сүйкөп маймылга окшоп алыптыр. Чачтарын кызгылтым боёк менен боёп тим эле кычырайт. Ал Исраил менен Кабылдын жанына келип, Исраил менен кол алышты.

— Исраил аке, сизди да көрө турган күн бар экен,— деди ал дароо жымындап. Эмне мынча жүз сомдук пулга окшоп көрүнбөй калдыңыз?

— Илимпоз болобуз деп жүрөбүз да эми,— жооп кайтарды Исраил сылыктык менен.

— Бул досуңуз менен тааныштырып да койбодуңуз. Алып качып кетет деп коркуп турасызбы? — деп Гүлнара шыңкылдап күлдү.

— А жо-ок. Кана эмесе, таанышып алгыла. Бул — Гүлнара, а бул Кабыл... Менин эң жакын досум.

Кыз колун Кабылга сунду да жигиттин көздөрүнө тигиле тиктеди. Кабыл болсо өзүн ыңгайсыз сезип эмне кыларын билбей калды.

Гүлнара Кабыл менен таанышкан соң Исраилге сүйлөдү:

— Исраил аке, кечинде досуңуз менен биздин жатаканага келиңиздер. Бүгүн менин туулган күнүм. Кабыл аке сизди атайын чакырып жатам. Келбей койсоңуз капа болом. Коркпоңуз, мен сизди жеп койбойм,— деп Гүлнара дагы күлдү.

— Куттуктайбыз, анда,— деди Исраил.

— Жок, бул эсеп эмес. Куттуктоолорду кечинде кабыл алам...

* * *

Кечээ Мардан аканин кенже уулу Мансур бала-чакасы менен Москвадан Ошко биротоло көчүп келишти. Бернара бул үйдүн эң кенже келини. Мансурдун кайна-

тасы менен кайненеси Москвада калышты. Васила эже небересинин Исфандияр менен Согдианаңы кечээтен бери өөп-жыттап тойбойт. Чоң атасынын кубанганын айта көрбө. Мардан ака небересинин туулгандан бери үч-төрт эле көргөн. Кантмек. Узак жол. Москвага күн сайын барып келе албайсың...

Кеч кирери менен Исраил жолдон Кабылды алып кыздардын жатаканасына жетип барды. Кабыл адегенде мында баргандан таптакыр баш тарткан. Эмнегедир буту тартпай туруп алган. «Убактым жок» деп досунун сунушун четке кагып көрмөкчү да болду. Бирок Исраил: «Койчу досум, барбасак болбойт. Акыры бизди кыздын өзү чакырып жатпайбы» — деп туруп алды. Кабыл да акыры макул болду...

Жигиттер жолго чыгышып, «Араван» бекетиндеги гүл базардан кооз гүлдесте, бир шише виски, бир «шампан», чоң кутудагы шоколад сатып алышты. Жигиттерди чыдамсыздык менен жогорку кабаттан ылдыйды тиктеп күтүп турган Гүлнара аларды көрүп кубанганынан өзүн терезеден таштап жибергидей болуп, сыртка чуркап чыкты. Анан аларды ээрчитип бөлмөсүнө алып чыгып кетти.

Бөлмөдөгү кроватта жасанып кийинген, бети-башын кооздогон бир сулуу кыз отуруптур. Анан туулган күн аземи башталып кетти. Рюмкалар кагыштырылды. Дасторкон бир кыйла дурус уюштурулуптур. Ашканада палоо демделүү. Жаштар бир аздан кызыщып алышкан соң Гүлнара Кабылга жакыныраак олтуруп, ага жармашып, «Муну мен үчүн ичесиз» деп ага улам виски ичире берди. Кабыл болсо Гүлнаранын көңүлүнөн өтө албай, колундагы рюмкадан аз-аздан ууртап коюп олтурду. Исраил болсо экинчи кызды арбап жатты. Арадан бир аз өткөндөн кийин Кабыл мас болуп уктап калды...

VIII бөлүм

Кабылдын мастыгы тарап, уйкудан ойгонгондо таң атып калган эле. Ал өзүнө келип айланасын караса өзүнөн башка эч ким жок экен. Гүлнаранын кроватында жарым-жартылай жыланач жатыптыр. Ошондо көздөрүн ушалап «Бул өңүмбү же түшүмбү» деп таң калды. Анан ордунан туруп шашыла кийине баштады...

Кабылдын ире-ширеде Гүлнаранын бөлмөсүнөн чыгып баратканын көргөн кыздар күбүрөшө башташты. «Имиш-имиштер» ооздон-оозго көчүп Камилага чейин угулду...

* * *

Ок бутага таамай тийген экен. Режиссеру Дилфуза болуп, «спектаклдеги» башкы ролдорду Исраил менен Гүлнара аткарышты. Кыскасы, жеңишти көздөй алгачкы кадам ташталды.

Камила бул ой жоруулардыугуп, адегенде ишенген жок. Бирок, кийинчерээк ал дагы көпчүлүктүн ушагынын нугуна түштү. Ошол күнү кыздын көңүлү бузулуп, сабакта араң олтурду. Биринчи эле кош сабактан кийин үйүнө кетип калды.

* * *

Камила үйүнө келгенде Васила эже көзайнек тагынып алып креслодо гезит окуп отурган. Васила эже менен Мардан ака алиге чейин Камила менен чогуу жашап жатышат. Үй ашпозчусу Шафаат эжени да оздөрү менен кошо алып келип алышкан.

Камиланын өңү бопбоз болуп келгенин көрүп Васила эже чочуп кетти. Кыз болсо болуп өткөн кыжаалатчылыкты билдирбеске аракеттенип, энеси менен өбүшө көрүшүп, анын жанындагы бош креслого отурду. Васила эже болсо небересинин көздөрүнө көзайнегинин үстүнөн тирмелип:

— Кызым, сага эмне болду? Ыраның дубалдай агарып кетиптир. Деги ооруп калбадыңбы? — деди Камиланын мандайына колун басып.

— Эчтеке болгон жок, энекебай, кабатыр болбоңуз,— деди да көздөрүнөн сызылып агып чыккан жаштарын жашыра албай калды.

— Бир нерсе болгонсуйт. Болбосо бекерден-бекер эле ыйлайт белең. Бирөө капа кылдыбы?

— Жок, жок, энекебай, мени эч ким капа кылган жок. Өзүмчө эле. Апам менен эжемди эстеп көңүлүм чөгүп кетти.

— Ооба, ооба, кызым, ыраматылыктардын жаткан жайы бейиш болсун. Жаш кетишти. Алардын калган өмүрүн сага берсин жараткан. Эмне дейт элек? Пенде

экенбиз. Өлүм ак. Бирөө мурда, бирөө кийин кетет экен. Кудай баарыбызга сабырдуулук менен канагат берсин.

Алар бир азга унчукпай отурушту. Васила эже добуш чыгарып өмүрү өткөндөр үчүн куран-тилават окуй баштады. Анан экөө тең беттерине алакан тутуп бата кылышты...

IX бөлүм

Васила эже да кыйла карып калды. Анын көздөрү жакшы көрбөй, кулактары оорлошуп калса да өзүнүн зиректиги, сезгичтиги менен айланасындагы кырдаалды билип алат. Ал небересин бир аз сооротуп, жубаткан соң Халысхан эжеден сөз баштады.

— Кызым, туура көрсөң, менин Ташкендик кудагыйым сени келин кылып алайын деп келген экен...

Буга чейин чоң энесинин сөзүнө анча көңүл бурбай отурган Камила ошол замат «селт» эте түштү.

— Асрарбек сени жактырып калган имиш... Сен буга эмне дейсин?

Васила эженин бул сөздөрү ызасына чыдабай араң турган Камилага «Өлгөндүн үстүнө көмгөн» дегендей эле болду. Кыз өзүн токтото албай өңүрөп ыйлап жиберди.

«Эй, балакет-ай! — деп жиберди Камила ичинен. Сен мага дагы кандай азап-тозокторунду даярдап жатасың! Улам эле оттон алып чокко сала бересиңби? Бардык үмүт-тилектеримди бир күндө көккө сапырып, турмушумду астын-үстүн кылып жибердиң го! Адамдардын тагдыры сага оюнчукпу? Мынча неге жүрөк менен азилдеше бересиң? Биз эмне сага куурчакпызбы, буту-колубуздан жип менен тартып, каалаган бийиңе түшүрө бергидей. Ана, кайтарып ал махабатыңды! Көздөрүмдү таңып коюп кимди «сүйдүрүп» койдуң дагы? Бул да жетишпей эми мен сүйбогон адамга эрге бергиң барбы?!»

Васила эже ушул тапта небересинин абалын түшүнө албай, Камиланы бооруна кысып, ага кошулуп ыйлап жиберди...

* * *

Кабыл бүгүн сабакка барган жок. Кайсыл бети менен барат? Элдин баары ал жөнүндө сүйлөп жүрсө. Алдынан Камила чыгып калсачы? Анын көзүн кантип тиктейт?

«Акмак» деди ал өзүн-өзү. «Жок, баарына Исраил күнөөлүү. Ошонун тилине кирип кыздарга барбаганда мындай жалааларга калбайт элем. Ох, башым тарс жарылып кеткени турат. Мага эмне болду өзү? Чын эле мен Гүлнара менен... Жок, жок, андай болушу мүмкүн эмес. Бул сөздөрдүн баары жалаа. Ким айтса бекерлерди айтыптыр! Куда кааласа актыгымды Камилага далилдеп берем. Ооба-ооба, мына көрөсүң, далилдеп берем!».

* * *

Дилфуза өзүнүн кара ниет ойлору ишке ашып жатканына жыргап жүрөт. «Мына, жигит менен кыздын ортосуна жарака кетти. Ал баарынан да Камиланы сүйгөнүнөн ажыратып, анын гүлдөй назик сезимине канжар урулганына ыраазы. Арада Кабыл томояктан да кутулду. Антпесе күйөөсү алып берген заңгыраган үй да Дилфузанын колунан чыгып кетет эле. Эми мындан ары Камиланы Асрарга «кызытып», аны Ташкенге «берип» жиберсе болгону. Анткени Асрар үй-бүлөнүн эң кенже баласы. Ата-энелери алда качан эле өздөрүнүн үйлөрүнө чыгып кетишкен. Негизи го, Камилага Асрарды да ыраа көрбөйт. Бирок, азыр аргасыздан, андан кутула турган бирден-бир жол ушул гана».

* * *

«Вай шорум, эжекебай!» Шафаат эженин ачуу кыйкырганы бүтүн айлананы жарып жибергендей болду. Мардан ака менен Камила бул кыйкырыктан чочуп кетишип, экөө тең эмне болгонун билиш үчүн төмөнгө түшүштү. Короонун бир бурчундагы темир сөрүдө Васила эже жайнамаздын үстүнө дүм түшүп жаткан эле. Шафаат эже болсо маркумдун үстүнө үйрүлүп дат-байрат деп кыйкырууда...

* * *

Дүйнө өзү ушундай. Ажал кээде билдирбей келет. Ал сенин үмүт-тилектериң, ой-максаттарың менен эсептешип олтурбайт. Бирөө алдын-ала айтып коюп бул дүйнөдөн өтүп кетсе эч ким эч нерсе дей албай пендечиликти бет-

ке тутушат. Топтоп койгон байлык-дүйнөсүн кайда жашырып койгонун бала-чакасына айтууга үлгүрбөй өлүп кеткендер канча. Бирөөдөн карыз алып кайтарып бере албай кеткендерчи? Камакта отурган уулун, аскердеги небересин, алыс жактарга келин болуп түшкөн сүйүктүү кызын, ал турсун жанында эле жашаган балдарына ыраазылык билдирүүгө үлгүрбөй калгандар канча? Бала-чакасынын сый-урматын көрбөгөндөр канча? Канча, канча, канча?! Эй, ажал! Ар бир адамдын баштап койгон ишин аягына чыгарганга мүмкүнчүлүк бер!

Ошол эле замат Васила эжени машинага салып, анын эски короосуна алып келишти. Мардан аканин уулдары, келиндери, неберелери ызы-чууга түшүп ыйлашып жатышат. Ыйды укkан адамдар туш-тараптан агылып келе баштады. Узун көчөнүн башынан аягына чейин машина. Үстүнө көк тон, башына түстүү топу кийген үч ага-инилер: Максуд, Машраб жана Мансур келген кишилер менен өкүрүп, кучакташып көрүшүп, ичкериге кирип-чыгып турушту. Алардын көздөрү ыйдан кызарып, беттери шишип кеткен. Колдорунда ак дүра.

Кайриет, ыраматылыктын жапжалгыз кызы Севара да кайнене, кайнатасы, күйөөсү менен маркумду чыгарганга чейин жетип келишти. Антпесе Севара сүйүктүү апасын акыркы сапарга да узата албай калар беле? Ошон үчүн жансыз Васила эженин аяк астына жыгылып-жыгылып ыйлады:

Арзууларым оозумда калды,
Көз жаштарым көзүмдө калды,
Кыштар болсо жазымда калды,
Энекебай, энем, энекем-ай!

Камиланын ыйлаганын айтпайсызбы! Анын жоктогонунан азага келгендердин баары ыйлап жибериштти...

* * *

...Жаназа окулуп бүтөрү менен, калайык анбарды көтөрүп дарбаза тарапка бет алды. Кымкуут адам анбарды ээрчип, катын-калач дат-байрат деп көчөгө чыгышты. Карыя-чалдар женил машиналарга отурушту. Жашжаландар автобустарга чыгышып, баары шаар бойлоп көрүстөн тарапка жол алышты...

* * *

Чоң энеси каза болгону жөнүндө Сиявушка шашылыш кабар беришти. Тилекке каршы, ал жетип келе алган жок. «Алыстын иши кыйын» деп бекеринен айтылбайт тура. Мына, ал сүйүктүү чоң энесин акыркы сапарга узаталбай калды. Кайгылуу кабарды угуп байкуш кантти экен ал жакта? Бөлмөсүнө кирип алып аябай ыйласа керек. Азыр ал буту күйгөн тооктой ары-бери урунуп, өзүн коёрго жай таппай жатса керек.

Тажияга бүткүл шаар көчүп келгендей эле болду. Чоң өлүм болду да. Анткени Васила эженин шаарда өзүнө жараша кадыры бар эле.

Батага Аббас атасы менен келип кетишти. Башкалар менен алектенип жүрүп биз окурманга бул жигиттин кийинки тагдыры тууралуу айтууну да унутуп коё жаздаппыз.

Аббас Камиланы мурдагыдай эле жакшы көрөт. Бирок, ал жашы бир аз улуурак болгондуктанбы же Камила менен Кабылдын ортосундагы мамилелеринен кабардар болгондуктанбы, айтор өзүн четтетип жүрдү. Атасы аны бир досунун кызына үйлөнтмөкчү болуп турат. Аббас да буга макул. Себеби Камиланы астыртан жакшы көрсө да бул кыздан алда качан эле үмүтүн үзүп койгон. Анын үстүнө Камила Аббастан он жаш кичүү...

* * *

Мына Мардан ака дагы мээрбан кемпиринен ажырап калды. Алар кырк жылдан ашуун турмуш куруп келишиптир. Бул айтканга гана оной. «Калгандар калып кетти, өлгөнгө кыйын» деп калышат аксакалдар. Биздин оюбузча тирүүлөргө да оной эмес. Айрыкча эгерде ал эркек болсо. Ким мурда, ким кийин кетерин айтып болбойт, бирок канткенде да эркектин мурда кеткени дурус. Себеби үйдүн куту аял, эне эмеспи. Ансыз үй да аңгырап калат экен. Ата менен балдарын бириктирип турган дагы эне да. Ошондуктан тул калган аялдын ташпиши аялсыз калган эркектин азап-тозогунан бир кыйла женил. Анткени эне уулунун да, кызынын да үйүнө бата берет. Эркектин жолу башка...

* * *

Чоң энесинин өлүмү Камилага оор болду. Ал өзүнчө кысыла берип бейтап болуп калды. Кыз кечээ эле сүйүктүү эжесинен ажыраса, бүгүн жакында эле табышкан чоң энесинен айрылды. Өзү бул шордууга тагдыр туугандан айткан эмес экен. Акыркы кездерде Васила эже ага апасы менен эжесинин ордун толуктап турган эле. Чоң энесине ички сырларын тартынбай айтып, аны менен кеңешип турчу эмес беле... Тагдыр ушуну да Камилага көп көргөн экен. «Бири кем дүйнө» деген ушул тура...

Максуд кызынын чүнчүп кеткенин көрүп Аббас менен кеңешти. Андан Камилага жардам беришин өтүндү.

Аббас жума сайын Камиладан кабар алып турат. Ага керектүү кеңешин берип, жол-жобо үйрөтөт. Кезек-кезеги менен доктурлар аны дарылап да кетишүүдө.

Ал чоң энесинин жанында Айбарчын эже менен жашаганчалык мөөнөттө бирге турбаса да Васила эже ага дүйнөдөгү эң жакын адамдардын бири болуп калган эле. Ал раматылык чоң энеси менен өмүр бою бирге жашап келгендей сезилчү. Чынында эле кан канга тартат экен. Канткенде да Васила эже Максуддун энеси эмеспи. Демек, Камиланын тамырларында Мардан ака менен Васила эженин да каны агып жатат да.

«Эй, кудай! Мени мынча кыйнадың?! Жакын адамдарымды мынча көп көрүп кеттиң? Ишенген тоом-энемден неге айырдың? Эмне кылайын эми? Башымды кайсыл дубалга урайын? Ай, кудай ай, өзүң сабыр бер?!»— деп Камила ыйлап-ыйлап көкүрөгүн бошотуп алды.

* * *

Адамдарда ушундай бир адат бар. Алар бири менен бири үстүртөн таанышып жашай алышпайт. Бири-бирининн таги-түгүн текшерип, икир-чикирин изилдеп, ички сырын оодарып мамиле кылышат. Кыскасы, Камиланы тааныгандар Шахнозага окшогон ушакчылардын аракети менен бул кыз жөнүндө өздөрүнчө пикир түзүп алышты. Бул «имиш-имиштердин» чындыкка канчалык туура келер-келбестиги көпчүлүктү ойлонткон да жок. Айрым адамдарга ушак айтууга бир себеп табылып калса эле болду. Айланадагылар Камила жөнүндө көпчүлүктө натура пикир жаралганы аз келгенсип, Камиланын өзүндө

да Кабыл тууралуу ошондой орунсуз ойлорду ойготууга жетишишти.

Камила бул сөздөргө ишенбейин десе Гүлнара Кабылга ач кенедей жармашып алган. Ал университеттен Кабылды көрдү дегенче жанына барып алып, ага наздана сүйлөй баштайт. Аны көргөн Камила душмандары ойдон чыгарылган калптарга дагы бекем ишене баштайт. Бирок, өңү кумсарып, колдору титиреп кетсе да өз абалын айланадагыларга сездирбешке аракеттенип кыйналат.

Чындыгында Кабыл Камиланы мурдагыдан да катуурак сүйөт. Жалаанын курманы болгон бул карапайым жигит айланадагылардын сөздөрүнөн улам өзүнө-өзү ишеничсиздик менен карай турган болуп кетти. Өзүн кантип актоону билбей башы маң. Үч-төрт жолу Камиланын алдынан чыгып калып, ага салам айтты эле, кыз унчукпай өтүп кетти. Демек, Камила ушакчылардын жалган сөздөрүнө ишенип алган. Бирок, ошентсе да ал баары бир сүйгөнүн айыптай албайт. Себеби болуп өткөн бул жагымсыз окуя чындыкка жакын таризде ишке ашырылган. Ошондуктан Кабыл кызды жакшы түшүнөт. Мындай сыноолорду ал да өз башынан өткөргөн. Ооба, ооба, бир убактарда өзү да Камила жөнүндөгү «имиш-имиштерге» ишенип кетпеди беле? «Акмак!» Өзү аныгын билбей туруп Камиланын төрөп койгону жөнүндөгү ой жорууга чындап эле ишенбеди беле. Адамдарга эрк берип койсоң сени каалаган күүгө салып бийлетет. Ошон үчүн өзүндү колго алып, бакытың үчүн күрөшүү зарыл. Камила менен олуттуу сүйлөшүп алууга аракеттенбегеним туура болот дечү Кабыл өзүн-өзү.

Х б ө л ү м

Арадан бир жыл өттү. Василе эженин да жылдыгы өткөрүлдү. Турмуш баягыдай эле уланууда. Баары тиричилик менен алек болуп жүрүшөт. Таң заарынан тартып адамдар каптарын көтөрүшүп, айрымдар арабаларга жайланышып, жайма базарды көздөй шашылышат. Жума күнү Ош базарында түмөндөгөн эл жыйылат. Мал-кой базары, темирчилердин текчелери, алтын базар, тон-тебетей, топу, кездеме, халат базарлары, байпак, кийим-кече, идиш-тавак базарлары, чайканалар дыйкандар базарын-

да улашып кеткен. Сатарман да, аларман да көп. Отуруп сатканга орун табылбагандар базардын бул башынан ал башына чейин кыдырып жүрүп соода кылышат. Кимдир бирөө товарларын арабага жүктөп алган болсо, бирөө чүпүрөк-чапырактарын колуна, башына, мүрүсүнө таштап коюп сатканы жүргүшөт. Бирөө табакта самса, манты, чүчпара, палоо, нокот, лагман сыяктуу оокаттарды көтөрүп жүрсө, бирөө арабада нан, айран, чай алып жүрөт. Кимдир бирөө ысырык түтөтсө, башкасы ырдап берет. Касапканалардын көптүгүн айтпайсызбы. Ары жакта ширин-диктер базары, бул жакта сүт-айран базары. Көпүрөөдө гезит сатуучулар, андан арыда дары сатуучулар...

* * *

Мардан ака да адатынча мааланин баш жагындагы чайханага чыгып, аксакалдар менен чай ичишип, заманыбызды өздөрүнчө талкууга алышат.

— Шаарыбыздагы чоң-чоң ишканалардын токтоп калганы чатак болду да, дейт сексенге барып калган Мадумар ата.

— Анын эмнесин айтасыз. «Текстиль» комбинатында эле он миңден ашуун адам иштечү. Жибек комбинаты, насос заводу, сүт, эт, мөмө-жемиш комбинаттарында да миңдеген адамдар иштейт эле. Бүгүн базар-учарда жүргөн кишилердин баары бир жерде иштешет эле да,— деди Мардан ака.

— Врачтар торт бышырып сатып жатышат. Мугалимдердин айрымдары да базарда. Эми эмне кылсын анан? Көпчүлүккө келген той ушундай болду да. Үй-бүлөнү багыш керек да. «Жанын сактаган — баатыр» дегендей эле болду да, деп ангемеге аралашты Адахамжан ака.

«Кары билгенди пери билбейт» деп бекер айтылбаса керек. Кадырман карыяларыбыз мунун баарын көрүп-билип анан айтып жатышат.

* * *

Васила эже өтүп кеткенден кийин Мардан аканин үйүнөн береке кете баштады. Абысындар, ага-инилер арасындагы жылуу мамилелер азайды. Үй-бүлө мүчөлөрү мурдагыдай жалпы дасторконго чогулбай да калышты. Кимге керек болсо гана бирине бири катташат. Келиндер ортосунда келишпестиктер, кээде жаңжалдар да болокалат. Бала-чакалардын ортосундагы талаш-тартыштар, чондорунун өз ара кагышуулары акыркы учурда Мардан акани кыйла кыйнап койду. Анын кан басымы тез-тез көтөрүлүп, «Тез жардам» чакырышчу болду. Жалгыздык жаман экен. Ал кемпиринен ажырагандан тартып эч кимге керек болбой да калды. Дагы жакшы неберелери бар экен. Бир-экөөн Камиланын үйүнө апкелип алган. Бардык нерсе жетиштүү болгону менен ортодо мээрим болбосо баары эки пул экен. Небереси Камила болбогондо, ал Васила эжеден кийин көпкө узабайт беле? Камиланын чоң атасына чын дилден чыккан жылуу мамилеси, Мардан аканин көңүлүн тоодой көтөрүп турат. «Өмүрүндөн береке тап, кызым. Өмүрүң узун болсун, ырыскың кенен болсун! Алгын, алдыра көрбө. Бактылуу бол!» — деп күн сайын бата берет.

Ана-мына дегиче Камиланын шаарга келгенине да үч жылдан ашып калыптыр. Быйыл ал үчүнчү курсту аяктайт. Халысхан эже бул ортодо Ошко дагы үч-төрт жолу келип кетти. Ал кудагыйынын жылдызын күтүп жүргөн эле. Уулу Асрар апасынын жан-алын койбоду. Асрарды кандай болбосун ушул жылы үйлөнтүш керек. Ал башка кыздарга такыр көнбөй жатат. «Камиладан башкага үйлөнбөйм» дейт да турат. Камила болсо Асрарга турмушка чыгууну каалабайт. Анын көңүлү мурдагыдай эле Кабылда. «Бирок, Кабыл Камилага тең эмес. Ал кыздын ишеничин жокко чыгарды. Ал эми эч качан Кабылга ишенбейт». Жигит Камиланы бир нече жолу токтотуп, ага болгон сырын айтайын деп аракеттенсе да, Камила ага ишенбей койду. Анткени анын кыздык намысы буга жол бербейт эле.

XI бөлүм

«Жалгыздык бир гана кудайга жарашат экен». Ар ким кошулганы менен тең карысын. Болбосо чалынан айрылган кемпир, кемпирсиз калган чалдарга да алардын бала-чакалары өмүрлүк жар издөөгө мажбур болушат экен. Ошондуктан мындай карыялардын алдынан өтүп коюш перзенттери үчүн да парз. Өмүрдүн кырк жылы

да, бир жылы да өмүр тура. Жалгызтыкта өткөн бир жыл да жүз жылга татып кетет экен. Кыскасы, Мардан аканин уулдары ал жак, бул жактан кемпир табышып, атасынын алдынан өтүп коюшту. Муну укkан келиндери болсо тынчсыздана башташты. «Тапсанар дагы урпактары жогунан тапкыла, үй-жайыбызга талапкер болуп алышпасын дагы» деп безилдешти алар.

Азыркы учурда башы ачык кемпир табуу да чоң маселе болуп калган. Анын үстүнө алар да жөнөкөй эмес. Ника кыйыштан мурда чалдын үй-жайын же машинасын өздөрүнүн атына өткөрүп алуу сыяктуу шарттарды коюп жатат. Дагы жакшы иш буга чейин жеткен жок. Мардан ака уулдарын тилдеп, алардын сунушун четке какты...

* * *

Дилфуза дале беттегенинен кайта элек. Ал Камилага каршы «кылыгын» алиге чейин курчутуп жүрөт. Мурда түзгөн планы ишке ашса да, толук жеңишке жетише элек. «Эми күрөшкө белди бекем буып киришпесем болбойт. Өчүмдү алып кумардан чыкпасам Дилфуза атымды өчүрөм. Шашпа, бир күнү сени маскара кылбасамбы! Азыр ким көп, ууру-кески көп. Алардын бирине 300—400 доллар берсем менин айтканымды аткарат». Дилфуза үйүндө олтуруп алып ушинтип ойлонду.

* * *

Бул ортодо Мардан аканин келиндеринин ортосундагы кырдаал күндөн-күнгө оорлошо берди. Тагыраак айтканда, Дилфуза абысындарына күн көрсөтпөй калды. Кайнатасынын фирмасы анын күйөөсүнүн атына жазылган. Ошон үчүн эки сөзүнүн биринде: «Турмушту жүргүзүп жаткан менин эрим. Силердики эмне кылып коюптур. Көп-көп сарптап, чоң-чоң жеп-ичип, машинада чардап жүргөндөн башка эч нерсеге жарай алышпайт. Мындан ары өзүнөрдү өзүнөр эптесенер боло. Анын да балдары чоңоюп калышты. Тигил Камиласына үй сатып бергени деле жетишер»— дейт аларга заарын чачып.

— Биздикилерге мүмкүнчүлүк берилсе Максуд акем кылган иш алардын деле колунан келет, жеңе,— деди

таарыныч менен Фаридахан.— Акыры Машрап акем иштеген дүкөн деле ошол фирмага карайт го. Мансуржан болсо чет өлкөлөргө каттап, ар кандай ишканалар менен келишим түзүп келүүдө.

— Мынча эле эмне күйөөңүздү жактап калдыңыз. Ал дүкөндө иштеп кара терге түшүп жаткан жери жок го. Машинасына ар кандай кыздарды түшүрүп алып шаарды кыдырып жүрөт. Сиз күйөөңүзгө ишенип, үйдө бала багып отура бериңиз. Эртең-бүрсүгүнү эрсиз калбасаңыз эле болду.

Улуу абысынынын сөздөрүн ыза менен угуп отурган Фариданын өңү дароо бозоро түштү.

— Коюңузчу жеңе. Бул маселеде тамашалашып болобу? — деди кызынын чачын тарап отурган Бернара. — Уялсаңыз боло.

— Э-э, сиздин да тилиңиз чыгып калыптыр ээ, кичүү абысын. Мансуржан түптүз деп ойлойсузбу? Бул жер сиздин Москваңыз эмес, бул жерде жашырын сыр тезирээк билинет.

— Коюңузчу Бернарахан. Бул аялга сүйлөп абийир таппайсыз,— деди ыйлап отурган Фарида.

Жайдын ысык күндөрү. Жадыраган аптапта чыдап болбойт. Сиявуш үчүнчү курсту аяктап Бишкекке практикага келген эле, анын мөөнөтү бүтөрү менен дем алганы үйүнө келди. Аны аэропорттон чоң атасы жана карындашы Гүланда тосуп алышты. Ал акыркы жолу чоң энеси каза болгондон кийин бир келип кеткен. Сиявуш атасына окшоп сөөлөттүү, бою-башы келишкен жигит. Үстүндө кара костюм-шым. Колунда дипломат. Сакал да коюп алыптыр. Көзүндө кара көзайнек...

XII бөлүм

Сиявуш эртеси күнү эң мыкты деген гүлдестени сатып алып эжеси Камиланын үйүнө барды. Алар кол алышып, бири-биринин ал-акыбалын сурашты. Ушундай иниси бар экенине сүйүнгөн Камиланын көңүлү тоодой бийик көтөрүлүп кетти ошол замат. Алар көпкө чейин короонун бийик жерине коюлган столдун айланасындагы креслолордо муздак ичимдиктер ичишип, өткөн-кеткенден сүйлөшүп отурушту. Максуд болсо кубанды.

Камила Шафаат эже менен кыштакка барып келүүгө камынып жатышкан эле. Кыз атасынан уруксат алып, жолго чыгышты. Максуд болсо уулу Сиявуш экөө ысып кетишип, имараттын арт жагындагы көлмөгө чөмүлүшмөк болушту. Ата-бала аптапта күнгө күйүп, күн батканча чөмүлүп, эс алышты.

Ушул учурда Камиланын сөздөрүн тыңшап отурган Бахрамжандын көздөрүнө жаш келе түштү...

* * *

Шахрух мектепти аяктап, тарбиясы жаман балдарга кошулуп кетти. Ичкиликке берилип, кумар ойноп, наркотиктерди пайдалана баштады. Ал карта ойноп чоң суммадагы доллар уттуруп койбогондо Максуд уулунун бул жолго түшүп кеткенин да билбей жүрө берер беле? Өчөшкөндөй анын фирмадагы иштери да анча жүрүшпөй калды. Бир нече ишканалары ишин токтотту. Шериктери Шахрухка он күндүк мөөнөт беришиптир. Ушул убакыттын ичинде ал кумарчыларга уттурган акчаны таап бериши керек. Болбосо бул акча күн сайын бир пайызга көбөйө берет. Бул сөздөрдү укkан Дилфузанын эси ооп кала жаздады. Аны облустук ооруканандын неврология бөлүмүнө жаткырышты. Максуддун жүрөгү кысылып, ден-соолугу начарлады. Аббас тез-тез келип ийне сайып турду...

XIII бөлүм

Шахрухтун карызын төлөө атасына кымбатка түштү. Бир кыйла суммадагы акчадан кечүүгө туура келди. Ошондон кийин алар Шахрухту үйгө камашып, көчөгө чыгарбай коюшту. Бул арада Дилфуза да ооруканадан айыгып чыкты. Бирок, ушул балээлердин баары үчүн ал мурдагыдай эле Камиланы күнөөлөдү. Бизге ошол арамдын кесепети тийди деди да, Камиладан өч алыш үчүн мурда ойлоштуруп койгон карөзгөйлүгүн тезирээк ишке ашыруу аракетине киришти. Анан тааныш-билиштеринин жардамы менен бир зөөкүрдү таптырды. Ага ири акча берип Камиланын абийирине так салууга тапшырма берди...

* * *

Кабыл жайкы каникул башталса да кыштагына кеткен жок. Ал мурда эле шаардагы акционердик ишканалардын бирине түнкү сменада иштеп жүрдү. Эми күндүзү да бекер жүрбөйт. Ошол эле жерден кошумча иш таап алды. Ал көбүрөөк иштебесе болбойт. Бир аз акча чогултуп алышы керек. Анткени карыган ата-энеси, инилерине да жардам бербесе болбойт. Камиланы шаарга таштап, кыштагына кетүү да ойго сыйбаган иш эле. Ал жүрөкбоорун тырмалап жаткан азап-тозогун эмгек менен женүүдө. Жатаканага түндөсү келип, эртең менен кайра ишке барат. Арыктап отуруп чөптөй болуп калды. Аны махабат ушуга алып келди.

* * *

Кабыл бүгүн иштен өтө кеч кайтты. Апасы Санабархан эже уулунан кабатыр болуп эртелеп шаарга келген эле. Кабылды кечке күтүп отуруп, кыштагына кеталбай калды. Ошончо жол басып келип, уулун көрбөй кетмек беле? Кабылдын курсташтарынын бири Санабархан эжеге уулунун башынан өткөндөрдү чыпчыргасын коротпой айтып берди. Апасы Кабылды ооруп-сыркап калды бекен деген эле. Бирок, анын Камила менен болгон мамилелерин билген соң аң-таң калды. «Ээ балаң түшкүр десе, байдын кызына илишип эмне кылат экен» — деди ичинен. Анан уулунун кирдеген кийим-кечелерин жуун, жипке илди. Плитага чай коюп, өзү алып келген сары май, нан менен бир эки пияла чай ичти да, чарчап уктап калды...

* * *

Кабыл жатаканага түндөсү келди. Бөлмөсүндө жарык күйүп туруптур. Ал өзүнүн кроватында апасы уктап жатканын көрүп таң калды. Кабылдын басканын укkан апасы ошол замат ойгонуп кетти.

— Саламатсызбы, апа! Мында кантип келип калдыңыз? — деп апасы менен кучакташып көрүштү. Ден соолугуңуз жакшыбы? Атам, инилерим жакшы жүрүшөбү?

— Баары эсен-аман жүрүшөт. Өзүңдүн жаның аманбы? Сага эмне болду? Неге дарексиз жок болуп кеттиң, балам? Кыштакка да көптөн бери барбай койдуң. Коңшу-

колондон сурасам, окуу алда качан эле бүтүп, бардык студенттер каникулга чыгышкан дешти. Сенден кабатырланып келдим да, уулум.

— Мен эмне болмок элем, апа? — деди ал көздөрүн апасынан ала качып.

— Ээ балам-ай, мен баарын билем. Шухратбек деген теңтушуң бар экен. Сен келгенче баарын айтып берди.

Апасынын сөздөрүн угуп олтуруп Кабылдын кулактары кыжалатчылыктан кызарып кетти.

— Камилаханды билем. Өзүбүз жактан болот. Эстүү кыз, бирок ал азыр өтө байып кеткен дешет. Атасы бул кызды бизге окшогон кембагал бечараларга бермек беле. Атаң болсо — майып. Сен го өзүңдү-өзүң эптеп жүрөсүң. Бизге да көмөктөшүп жатасың. Сага миң ыраазымын. Биз дагы сенин бактылуу болушуңду каалайбыз. Бирок, «Тең теңи менен, тезек кабы менен» деген макал бар. Ошондой болсо да кааласаң эртең ошол кыздын үйүнө барып келем. Бирок, бекер убара болуп калабызбы деп чочулап турам...

Кабыл болсо апасынын сөздөрүн унчукпай угуп олтурду.

— Кел балам, чай-пай ичип ал. Сөз менен болуп эсимден чыгып кетиптир. Бул жагы эми бирдеке болор. Өлүмдөн башкасынын айласын тапса болот го!

* * *

Санабархан эже таң атпай туруп багымдат окуп, уулун ишке узатты. Кийин өзү да көчөгө чыгып Мардан акалардын үйүн көздөй багыт алды... Адегенде ал Максуддардын үйүн көрбөй өтүп кетти. Бул имаратты ал бир мекеме болсо керек деп ойлогон. Кийин адамдардан сураштырып жүрүп, кайра ошол чоюн дарбазанын жанына кайтып келип ичкериден үй ээлерин чакырды. Эженин үнүн укkан кызматчылардын бири дарбазанын жанына жете электе ичкери жактан Дилфуза чыгып калды.

— Ким экен ал, Ибрагимжан,— деп сурады ал кызматчылардан. Дагы тилемчилерби? Жаман көбөйүшүп кетишти да ушулар. Барып ашканадан каткан нандан алып чыгып бериңиз. Негизи мындайларга бир нерсе берип жаман үйрөтүштүн да кереги жок. Арам тамактар. Ылаажы болсо ушул жерге жатып алгылары да бар.

Дилфузанын ачуу сөздөрүн уккан Санабархан эженин бүткөн бою жыйрыла түштү. Анткени ал бул үйдөгүлөр абдан бай экенин уккан эле, бирок мынчалык экендигине маани берген эмес.

«Ушундай адамдар бизге окшогон кедейлерге өз кызын келин кылып бермек беле. Уулу да келип-келип Камилаханды жактырып калабы? «Жуурканыңа карап бутуңду сун» болбос бекен, балам? Жаштык кылып коюпсуң да». Санабархан эже мына ушундай ойлорду сезиминен өткөрүп эми эле артына кайтайын деп турса күтүлбөгөн жерден алдына узун ак машина келип токтоп калды.

Максуд дарбаза жанында турган бул аялды көрүп, машинадан түштү. Ал бул аялдын кыштактык экенин бир көрүп эле билип койгон эле...

— Келиңиз,— деди Максуд.

— Вай ука, келдим, жакшысызбы,— деди Санабархан эже бетин жоолугу менен тосуп.

— Жаңылбасам сиз кыштактансыз го?

— Ооба, ука. Сиз аны кайдан билдиңиз?

— Кыштактардын жүзү ысык болот. Мен сизди бир туугандарыма окшотуп жибердим.

— Айбарчын эжеге эмеспи? — деп жиберди Санабархан эже туюктан эле.

— Сиз аларга ким болосуз?

— Бир кыштактык эле. Биз бир көчөдөн элек...

— Ко-о-ш, биздин үйгө кандай шамал учуруп келди, сизди?

Ушул учурда Санабархан эже Максудга жооп береийн деди эле, бирок өзү бул жерге эмнеге келгенин такыр эстей албай койду. Бир аздан соң акылын пештеп алып сүйлөдү:

— Ука, сурагандын айыбы жок. Камилахан сиздин кызыңызбы?

— Ооба. Коош, кош, кызым. Эмне болуптур. Тынччылыкпы өзү?

— Тынччылык, тынччылык,— деди кечирим сурагансып Санабархан эже Максуддун көздөрүнө тике карап.

Ушундан соң мында бир назик сөз бар экендигин сезген Максуд эжени үйүнө чакырды. Санабархан эже тартына — кысылып Максудду ээрчип үйгө кирди. Мейманды келиндер утурлашып, ага кол узатып учурашышты. Алардын бири тезинен үйдөн жакандос алып чыгып,

сөрүгө орун салды да, Санабархан эжени отурууга чакырды. Максуд көчө кийимдерин алмаштырып чыгып, эженин жанына келип отурду.

— Ука, макул десеңиз, менин Кабылжан деген уулум бар. Камилахан экөө бала кезинен чогуу чоноюшкан. Билген эмес экемин. Уулум кызыңызды көптөн бери жактырып жүрөт экен. Биздей адамдардын сиздей абийири чоң кишинин кызына куда түшүп келүүсүнүн өзү күлкүлүү иш. Бирок, ука, сүйүүдө айып жок. Бейадепчилик деп эсептебеңиз. Көңүл экен. Уулум деп келип отурам.

— Андай дебеңиз эже. Кыз бала бирөөнүн бүлөсү. Сурагандын айыбы жок. Тагдыр-насип да, пенденин айтканы болбойт, Кудайдын айтканы болот. Уулуңуздун атын Кабылжан дединизби? Тигил университетте окуп жүргөн жигитпи? Кызым мени Кабылжан менен тааныштырган эле. Балаңыз жаман жигит эмес, менимче. Муну өмүр соодасы деп коюшат. Мен бир нерсе деп айта албайм. Баарын Камила өзү чечет. Кызымдын каалоосу — мен үчүн мыйзам. Анын эрки өз колунда...

Бул ортодо Фаридахан мейманга дасторкон коюп, аны-мунусун алып келип, чай сунду. Ары жакта Санабархан эженин сөздөрүн угуп турган Дилфуза адатынча ар нерсени айтып булкулдады...

* * *

Ошол күндөрү Дилфуза жалдаган зөөкүр Камиланын артынан түшүп, аңдып жүрдү. Ал, кыздын барчу жайларын, качан жана каерде болушун абдан тактады. Ал Дилфузанын ишке ашырыш керек болгон кылмышы үчүн акча да алып койгон. «Камила дегени өзү эле кете бере турган кыз бекен? Ушундайларды кучактап жатсаң. Ал эми калганына сага дагы көп доллар акча төлөшсө. Бул барып турган акмактык эмеспи? Сурбеттик да эби-чени менен болот да, тууган. Мен буга окшогон ширин кыздарды «жеп» коёт элем. Ырас эле мендейлер үчүн бул кыздын өзү чоң сыйлык го. Ва, эжем түшкүрүн десе, кызык нерселерди мага иле коюп жүрөт да».

* * *

— Ким экен ал, эмне деп сүйлөшүп жатты? Ошол томояк Камила үйүбүзгө кирип келгенден бери, короо-

бузга жалаң кыштактыктар толуп кетишти,— деди Дилфуза Бернарага.

— Андай дебеңиз, жеңе, адам бар жерге адам келет. Анын үстүнө бул аял үйүбүзгө жакшы ниет менен келиптир...

— Акыркы мезгилде бул түбү паска кызыккандар мынча көбөйүп кетти? Чыныгы эле хан кызы ээ? Атасы кызы жактырбай койгондордун башын гана алдырбай калды. «Тандаган тазга жолугат» болбосо эле. «Жүгүргөндүкү эмес, буюргандыкы» деген сөз бар эмеспи...

XV бөлүм

Камила коркунучтуу түш көрүп, чочуп ойгонуп кетти. Түшүнө апасы менен эжеси кириптир. Алар адеп Камиланы түрткүлөп уйкусунан ойготуп жатышыптыр. Арбактар эмнегедир тынчсызданып, улам бөлмөнүн арыбери жагын карап кайра келишет. Гүланда менен Айбарчын эже күйүгүп-күйүгүп бирдемелерди айтып жатышат. Бирок, кыз алардын үнүн уга албайт.

Камила ар күнү таң алдында дал ушундай басырык басып ойгонууда. «Түшүм жакшылыкка болсун» деп үйгө бир ууч күрүч чачат. «Эмнегедир кийинки учурда апам менен эжем тез-тез түшүмө кирчү болушту. Кыштак тынч бекен деги? Кичинекей Илхамжан жакшы эле бекен? Бул жөнүндө бүгүн эле атама айтпасам болбойт. Бахрам акемдерге жардам беришибиз керек. Туугандар ушундайда бирибизге-бирибиз ашкатпасак качан ашкатабыз?!

* * *

Кабыл түштөн кийин ишканасынан уруксат сурап апасын ээрчитип базарга түштү. Топтогон акчасынын кыйласын сарптап, ата-энесине, инилерине кийим-кече, азык-түлүк алып берди. Анан эне-бала автовокзалга келишти. Жигит апасын автобуска олтургузуп жатып колуна бир тутам акча карматты. Эже болсо көзүнө жаш алып, уулун далыга каккылап, беттеринен өпкүлөдү. Ошол эле замат аны менен коштошту:

— Рахмат, балам. Өмүрүндөн береке тап. Кудай бакыт берсин, сага акылдуу, дени соо колукту берсин. Баарыбызды максатыбызга жеткирсин. «Кас болгондор-пас

болсун». От балакетинен, суу балакетинен жаман көздөрдөн сактасын. «Доско кар, душманга зар кылбасын» деп Кабылдын атына бата кылды.

* * *

Кечке маал Максуд кызынан кабар алып келиш үчүн берки үйгө келди. Камила бийиктеги креслодо Шафаат экөө сүйлөшүп отурушуптур. Кыз атасын көрүп сүйлөдү:

— Ассалом алейкум, ата. Келгениңиз абдан жакшы болду да. Мен сизди кечээтен бери күтүп аткан элем...

— Эмне, кызым, бир окуя болдубу?

— Жок, жок, Кудай сактасын. Мурдагы күнү Шафаат эже менен кыштакка барып келгенибизди билесиз да. Бахрамжан акем эсиңиздеби? Алардын кичинекей уулу күйүп калыптыр. Азыр ал оор абалда райондук ооруканада жатат.

— Пай-пай-пай! Жаман иш болгон экен.

— Ошол баланы шаарга алып келип чоң доктурларга көрсөтсөк болор бекен? Ошону сиз менен макулдашайын деген элем.

— Эмне үчүн болбосун? Аны облустук ооруканага алып келип жаткызыш керек. Анда тажрыйбалуу доктурлар көп. Баланы аттай кылып айыктырып жиберишет, куда кааласа. Дары-дармектен биз жардам берип турабыз. Балакайды эртерээк алып келиш керек. Куда кааласа баары жакшы болот. Бирок, Максуд кызына башка маселе менен — Шафаат эже аркылуу Кабыл жөнүндө сүйлөшкөнү келген эле. Ушул учурда Шафаат эже Максудга чай коюш үчүн орудан козголгон эле. Максуд болсо:

— Сиз отура туруңуз, эже. Чайды Камила алып келет,— деди. Ошондон кийин Камила атасына чай алып келиш үчүн ичкери кирип кетти. Максуд ыңгайлуу учурдан пайдаланып, Шафаат эжеге мында келген максатын түшүндүрдү.

— Эже,— деди Максуд бир аз унчукпоодон кийин. — Сиз бизге апабыздын ордуна апа болуп калдыңыз. Келиниңизге айтайын десем билесиз, кызым менен өзүм сүйлөшөйүн десем ыңгайсыз болуп турат. Ошондуктан бизге бир аз жардам берип койбосоңуз болбойт.

— Ал эмне иш экен, Максуджан? Тартынбай айта бериңиз. Акыры мен сиздердикинде ушунча жыл кызмат кылдым го. Менин эч кимим болбосо... Сиздердин түйшүгүңүздөр — менин да түйшүгүм болуп калган. Сиздер кубансаныздар, мен да курсант болом. Камила болсо өз кызымдай болуп калды. Мен бул кыз үчүн баарына даярмын. Мени апаныздын ордуна эсептеп менин баамды өтө эле ашырып жибердиниз. Раматылык Васила эжеге жете турган аял ааламда болбосо керек. Рахмат сизге,— деп көздөрүнө жаш алды бул аял.

— Сизге рахмат, эже. Жылуу сөздөрүңүз үчүн... Эми менин оюма өтсөк, кечээ биздикине Кабыл аттуу бир жигиттин апасы келиптир. Алар Камила туулуп-өскөн кыштактан болушат экен. Жигиттин Камилада көңүлү бар имиш. Сиз кызым менен ушул жөнүндө сүйлөшүп көрсөңүз? Ал өзү эмне дээр экен?

— Мейли. Болгон сөзүңүз ушулбу? Мен бул жөнүндө Камилага айтып көрөйүнчү.

Ушул учурда ичкериден бир чайнек чай көтөрүп Камила чыга келди да атасына карап сүйлөдү:

— Кайда шашылып жатасыз, ата? Бир пияла чай ичип кетиңиз?

— Чайды силер Шафаат эже менен ичип отургула. Мен азыр бара турган жерлерим бар. Болуптур, жакшы калгыла,— деди Максуд көчөнү көздөй баратып.

XVI бөлүм

Максуд кеткенден кийин Шафаат эжеге чай куюп сунуп жатып ал минтти:

— Атам неге мынча шашылып кетип калды экен? Бир пияла чай да ичпеди.

— Ооба, атаныздын зарыл иштери бар экен. Бир азга эле кире калыптыр.

— Жөндөн жөн келбесе керек. Бир сөзү бар го?...

— Аркы үйдө жашаган жигит бар го, аты ким эле анын. Эсиң кургур, аты тилимдин эле учунда турат. Алиги жердешиң бар го...

Ошол замат Камила сөз ким жөнүндө болуп жаткынын түшүнүп, жүрөгү тез-тез кага баштады.

— И-и, эми эстедим. Кабыл, Кабылжан. Ошол жигиттин апасы келип кетиптир.

— Кабыл бирдеме болуптурбу? Тынч эле бекен? деп сурады Камила тынчсыздана.

— Сизге сөз айттырыптыр...

Ошол замат Камила кызарып кетти.

— Атаңыз сиздин оюнузду билгени келген экен. Сиз буга эмне дейсиз? Кабылжандын сизде көңүлү бар экен. Ал сизге үйлөнөм деп жатыптыр.

— Үйлөнөм деп жатыптыр? — деди Камиланын ачуусу келип. — Ал жигит кимге үйлөнөт имиш? Гүлнарасынабы же магабы?

Андан кийин Камила Шафаат эжеге болгон окуяны толугу менен айтып берди. Кызды көңүл коюп угуп отурган Шафаат эже кызга суроо менен кайрылды:

— Сиз аны өз көзүңүз менен көрдүңүзбү?

— Жок, мага айтып бериштн.

— Адам мындай нерселерге өз көзү менен көрмөйүнчө ишенбеш керек. Айрым көздөр алдап коюушу да мүмкүн. Айланадагылар оозуна келгенин ичине кайтарбай айта беришет. Дос бар, душман бар. Кабылжанды мен да көргөмүн. Ошондо Асрарбек экөө сизди талашып мушташкан турбайбы. Эгерде ал сизди жакшы көрбөсө мушташат беле. Кааласаңыз мен ал жигит менен өзүм сүйлөшүп көрөйүн.

* * *

Ошко күз келди. Жалбыректар саргарып, аяк астына төгүлүүдө. Күн да кыйла суук болуп калды. Сиявуш окуусун улантканы Вашингтонго жөнөп кетти.

Абанын таасириби, Мардан ака кокусунан эле ооруп калды. Бала-чакасын да бир топ чочутуп койду. Бейтапты тууган-уруктары, ага-инилери, карындаштары тез-тез көрүп кетип жатышты. Бүгүн эртелеп аны көргөнү Максуддун эжелери Ибадатхан менен Саадатхан эжелер келишти. Сөздөн сөз чыгып Мардан ака карындаштарына Камилага эки жерден жуучу келгенин айтты эле, кемпирлер бул сөзгө астайдил киришип кетишти.

— Бул жөнүндө сиздерден кенеш сурамак болуп жаттык эле,— деди Максуд эжелерине.

— Болочок күйөө балдар кимдер экен өзү?

— Бири жээниңер Севаранын кайниси экен, экинчиси Камиланын кыштагынан бир жигит.

— Севаранын кайнаталары го түптүү, байлыгы бар адамдар. Бирок, берки кыштактык жигиттин аты-жөнү барбы? Ал озү кимдин баласы экен?

— Ал жигиттин ысмы — Кабыл. Атасы майып экен. Өмүр бою дыйканчылык кылыптыр. Энеси колхозчу экен...

— Кой жээним, гүлдөй кызыңды келип-келип жыланаяк кыштактык бир жигитке бересиңби? Кызыңа даярдаган себиң аз келгенсип, эми күйөө баланын кем-карчын толуктайм деп боорун эзилип кетпесин дагы. Сен өзү кимсиң? Максуд Алимовсун! «Колхозчуга» куда болуп алып шаарда күлкү болуп жүрбө дагы. Аны өзү кайдан таап алдынар? Шаарда колунда бар адамдардын уулдары куруп калыптырбы? Кызың өзүбүздөн деле ашпайт. Катар-катар неберелерибиз турушат. Камиланы өзүбүз келин кылып алабыз. Ташкенди да кой, раматылык Василахан жеңем Севараны өмүр бою сагынып жүрүп өтүп кеткени деле жетер...

XVII болум

...Жаббардын эси-дарты Дилфузанын тапшырмасын аткарууда болуп калды. Бирок, аны эч кимге билдирбей тымызын жүрдү. «Ашыкча күбөлөрдүн эмне кереги бар?» — деп ойлойт ал. Жаббар эми бул ишке астейдил киришпесе болбойт. Убакыт өтүп баратат. Алдын-ала берчүсүн болсо алып койгон. Эми кандай болбосун Дилфузанын кара ниет оюн ишке ашыруу зарыл.

Ай ушул акча деген өлсүн! Ал адамдарды эмнеге гана түртпөй ээ? Ошол акча деп жүрүп адамдар өздөрүн от менен чокко салгандан да кайра тартышпайт. Бирок, акча эч качан, эч кимге жетишкен эмес. Ага көз тойбосо кайдан жетсин?

* * *

Негизи Жаббар кылмыштуулукту чөнтөкчүлүктөн баштаган. Ал эли көп жүргөн жайларда — автобус, тролейбустарда жүргүнчүлөрдүн чөнтөктөрүнө, сумкаларына «кол салып» жүрдү. Кийинчерээк ээси жок үйлөргө түшө баштады. Ал эки жолу камалып да чыккан. Тилекке каршы, азыр алардан чонураак кылмыш жасоонун алдында турат. Күндөрдүн биринде колго түшүшүнө көзү жетип эле турат. Ошондой болсо да чоң акчага иштеп калуу максатында Дилфузанын жийиркеничтүү сунушуна макул болду...

Жаңы окуу жылы башталганына да бир-эки жума болуп калды. Камила эртең менен эрте туруп адаттагыдай эле университетке барууга даярдана баштады. Акыркы күндөрү андагы Кабылга болгон жек көрүүсү бошондоду. Чамасы кызга Шафаат эженин сөздөрү кыйла таасир этти окшойт. Ал кечээ эле бул жигитти оюнан кубалап чыгып, ага капа болуп жүрсө, бүгүн аны кечирүүгө даяр сыяктуу эле. Махабат абдан татаал сезим да. Адам денесинин түзүлүшү канчалык татаал болсо, арзуу иши да ошончолук мүшкүл сезим экен. Ааламда бир дагы инсан сүйүү менен күрөшүп, аны жеңе алган эмес. Ооба, махабат өтө өжөр сезим. Ага каршы күрөшкөн сайын ал сени сазына тартып, жалындап күйгөн отко сала берет. Анын өзү сени түртүп салмайынча, сен андан качып кутула албайсың. Ошонун артынан жүрүп өзүңдүн жүрөк-боорун тилкелеп кесилип жаткандай туюлат сага. Жүрөк толкуну ал учурда деңизде башталган добулду элестетет. Жүрөгүң кайык болсо, махабат бороону канынды деңиз толкундарындай толкутуп, жан-дилиңди өзүнө баш ийдирмек болот. Инсан дал ошондой мезгилдерде өзүн колго алууну билиши керек. Анткени, таң атканча ал бороондон из да калбай жоголушу мүмкүн...

Кабыл дагы сүйүү азабын көп эле тартты. Ал Камиланы делбе болуп калгандай жакшы көрөт. Бирок, махабат башка, турмуш башка. Бирин-бири аябай сүйүп, өзүн курмандыкка чалууга даяр туруп турмуш кургандардын да көбүн көрдүк го. Тойдун эртеси эле бирин-бири көрүүгө көзү каалабагандар да бар арабызда. Ошон үчүн адам ар кандай кырдаалдарда эс-акылын жоготпой сактап калуусу зарыл. Мындай учурларда «Жети өлчөп бир кес», «Жалынган кыз тойго жалчыбайт» деп коюшат. Бул макал кыздарыбызга арналса да, анын жигиттерге да тиешеси бар. Анткени «Бир алакандан тарс эткен добуш чыкпайт». Ата-энелерибиз бизге эч качан жамандыкты ыраа көрүшпойт. Ошондуктан алар менен кеңешпей туруп иш кылган адам деги эле жалчыбайт...

* * *

Асрар дагы Камиладан алыста жүрсө да күйүп-жанып азабын тартууда. Жигит менен кыздын ортосундагы аралыктын алыстыгы болсо Асрардын Камилага болгон махабатын андан бетер күчөтүп салды. Асрар дагы эми кыздын кайдан келгенине мурдагыдай кызыкпай калды. Камиланын байлыгы да керек эмес ага. Асрар бүгүнкү күнү Камилага эгерде бул кыз периште болуп кетсе да үйлөнгөн болот эле. Ата-бабаларыбыз махабатка карата «Падышаны-кедей, кедейди-падыша» кылып коё турган сезим деген аныктама бергени канчалык туура экенине биз мына бүгүн ынанып олтурабыз. Бирок, кийинки кездерде адамдар арасынан ышкы-махабат, ырайымдуулук, боорукерлик, достук сыяктуу ой-сезимдер жоголуп бараткандай сезилет. Бул да болсо заманыбыздын байлыкка эпсиз берилип, терең рухий дөөлөттөргө анча көңүл бурулбай калгандыгын билдирип турат. Дүйнө да таразага окшоп кетет. Анын бир палласи бошоп калса, экинчи палласи басып кетет. Анын натыйжасында тең салмактуулук, салыштырма өлчөмдөр бузулат. Ошон үчүн сезимтал болушубуз керек. Акыркы учурларда айрым адамдардын напсиси кыйла бузулуп кетти. Мунун өзү кылмыштуулуктун көбөйүшүнө негиз жаратууда.

* * *

Камила сабактан кайтып келгенге чейин Жаббар анын бөлмөсүнө кирип жашырынып алды. Башына кара байпак кийип, өзүн батымдуу сезиш үчүн ичип да алган. Ал парданын артында туруп Камиланы күтүүдө. Анын мында киргенин эч ким байкаган жок.

Зөөкүр кыялында Камилага кол салуунун долбоорун сызууда. Ниетин ишке ашыра албай калыштан коркот. Толкунданганынан колдору билинер-билинбес калтырайт...

IV ГЛАВА

I бөлүм

Күтүлбөгөн жерден шамал жүрүп, айланада чаң-тозоң көтөрүлүп, бак-даректардын учтары ары-бери чайкала баштады. Ушул учурда Жаббар жашырынып турган терезе шарактап жатып ачылып кетти. Күчтүү шамал пардаларды шыпты көздөй учуруп, бөлмө да шамалга толду.

Уктоочу бөлмөдөгү чоң кроваттын үстүндөгү жавандын үстүндө турган хрусталь жерге түшүп майдаланды. Шыпта асылып турган люстра да ары-бери чайкалып жатты. Албууттанган жинди шамал бөлмөдөн чыгып кетиш үчүн жол издеп улам бир дубалдан экинчи дубалга урунат. Акыры ал маңдай жактагы терезеге барып тийди эле, анын айнектери талкаланып кетти. Шамал болсо дале бөлмөдө тополоң салып жүрдү. Жаббар бул табышмактуу бороондон эси ооп калды. Коркконунан колу-буту титирейт. Эмне кыларын билбей, өзүн терезеден ылдый таштады. Жерге түшкөн соң оорутуп алган капталын кармалап, аксаган бойдон көчө жакты көздөй чуркады. Жолдо баратып бетиндеги чүмбөтүн жулуп таштап, бул жерден алыс качты. Көчөгө чыкса, айлана жымжырт экен. Шамалдын дайыны да жок.

* * *

Камила бөлмөсүнө кирип, андагы тос-тополоңду көрүп калды. Адегенде ал үйгө ууру киргенби деп ойлоду. Се-

беби терезелер аңылдап ачылып турат. Туш-тарапта айнектин сыныктары жатат...

* * *

Гүланда менен Айбарчын эже Камиланын бөлмөгө саксаламат кирип келишин көрүшүп, кубанып кетишти. Оо, арбактардын ачуусу козголбосун. Андай учурда алар бүтүн ааламды аңтар-тентер кылып жибериши-кеп эмес...

* * *

Жаббар алды-артына карабай качып баратты. Өпкөсү көөп, коркконунан бүткүл денеси титирейт. Ал ушул жашка келип мындай бороонду өмүрүндө көргөн эмес. Шамал ага бир тийип эле көмөлөтө койду го!

* * *

Дилфуза Жаббарды күтүп, улам тынчы кетип, үйүндө ары-бери басат. Бир аздан кийин ал бөлмөнүн бурчундагы трюмонун маңдайына отуруп, күзгүдөн өзүн карай баштады. Жарым сааттан кийин ал кафеде Жаббар менен жолугушмак. «Ажыкыз» деди ага кыжырданып. — Эптей алар бекен? Азыркы эркектерге бир ишти ишенип тапшырып да болбойт. «Баланы ишке буюр, артынан өзүң жүгүр» деп бекеринен айтылбаса керек. Андан кийин кара көзайнек тагынып, сумкасын мүрүсүнө асынды да, гаражды көздөй басты.

* * *

Дилфуза эрке уулунун «Мерседесин» айдап шаардын четиндеги кафелердин бирине жетип барды. Жаббар аны ошол жерден күтүп отурган эле. Өңү-башы дубалдай бозоруп кеткен. Улам суу ичет. Дилфузаны көрүп ордунан турду.

— И-и, эмне болду? — деди Дилфуза Жаббарды теше тиктеп. Тигил унчукпай жер карады.

— Эмне унчукпайсын? Тилинди тиштеп алдыңбы?

— Жок, эже...

— Эмне «жок»? Сүйлөбөйсүнбү. Дагы эмне болду? Тапшырманы аткардыңбы?

— Жок...

— Жок?! И-и, ажыкыз, ошону да эптей албадыңбы? Сени эми ким эркек дейт? Ажыкыз! Шымыңды чечип таштап атлес ыштан кийип ал эми! Кунаса!

Жаббар аялдан ушундай шылдың сөз укканына бушайман болуп турду. Эгерде андан акча алып албаганда бул митайым аялды мына ушул колдору менен муунтуп өлтүрүп коёр эле. Ошентсе да Жаббар мындан ары чыдай албады. Шымынын чөнтөгүнөн жүздүктөн төрт даана доллар алып чыгып, аларды Дилфузанын бетине чачып жиберди.

— Оозуңа карап сүйлө, албууттанбай. Болбосо азыр ушул жерде мына бул акчаларыңа өзүңдү зордуктап коём.

— Оо, коркуп кеттим, коркуп кеттим! Колуңдан келбейт сенин! Мындай «иштерди» чыныгы эркектер гана жасай алат. Сага жол болсун байкуш!

Бул сөздөрдү кабагын карыш түйүп угуп турган Жаббардын аябай ачуусу келип, Дилфузага кол көтөрүп жиберишке аз эле калды.

II бөлүм

Арадан алты айча өттү. Камиланы Кабылга башын байлап койгонун уккан Максуддун эжелери ага таарынышып, Мардан акаге арызданып келишти.

— Ака, жакшы иш кылбапсынар. Мен сизге Камиланы небереме алып берем дебедим беле?! — деди Ибадатхан эже.

— Ошону айтсаңыз. небереңизди карындашыңызга келин кылып бербей, кайдагы бир элеттик жигитке макулдук берипсиз да, ака? — деди Саадатхан эже да капаланып.

Мардан ака карындаштарынын өзүн күнөөлөгөн сөздөрүн кыйлага чейин угуп отурду да, мындай деди:

— Эми эмне кыл дейсиңер? Эки жаштын бири-бирине көңүлү бар экен. Анын үстүнө жигит мээнеткеч, түз сүйлөгөн, эстүү-баштуу неме экен. Камиланын атасы да ыраазы болду.

— Э-э, коюңузчу ака, кайдагы сөздөрдү сүйлөп, өзүңүздү чарчатпаңызчы. «Көңүлү бар имиш» — деди Ибадатхан эже.

— Ойлонуп сүйлөп жатасызбы деги, ака? Биз ошол жубарымбектин таги-түбүн сүрүштүрдүк. Короосунда өлөйүн деп араң турган бир уйдан башка эчтекеси жок экен. Ошол кедейди бизден артык көрдүңүзбү? — деп карындашы көз жашын көлдөттү.

— Жакшы иш болуптур, ака,— деди Саадатхан эже дагы сөзгө аралашты.

— Жок дегенде ата-энебиздин арбактарын сыйласаңыз боло.

— Өзүңөр мурда кайда жүрдүңөр эле,— деди Мардан ака карындаштарына. — Кечээ эле Камиланы «арам сийдик» деп жүрбөдүңөр беле! Эми неберем силерге адал болуп калдыбы? Жигиттин кедейлигине келсек, бизге анын байлыгы керек эмес. Неберем бактылуу болсо болгону. Мен бир кезде силердин тилинерге кирип уулума Камиланын энесин алып бере албай калган элем. Азыр болсо жүрөгүмдү тыңшап иш кылып жатам. Кабылжан чындыгында эле кедей жигит экен. Бирок, эң негизгиси, инсандын жүрөгү таза болуш керек. Ооба анын ички дүйнөсү бай болсун. Камиланын мал-мүлкү алардын балачакаларына чейин жетет.

Бул сөздөрдү угуп отурушуп, Ибадатхан жана Саадатхан эжелердин көздөрү алая түштү.

— Мен ошондо Максудка Гүланданы арабакечтин кызы экен деп алып бербей койгон элем. Силердин тилинерге кирип байдын кызына үйлөнттүм. Бирок, уулум аны менен жашап бактылуу боло албады. Кудайга шүгүр, эми Кудай ошол жаңылыштыгымды ондошко мүмкүнчүлүк берип турат. Бул жолу бай неберемди кембагал жигитке берүүгө ант бердим,— деп сөзүн аяктады Мардан ака.

— Мейли, ака, өзүңүз билесиз... — деди Ибадатхан эже кекетип. — Эмне көп — кыз көп. «Таш ыргытсаң кыздын башына тиет». Менин неберем аялсыз калбайт. Бир гана өкүнүчтүүсү, сиз ата-энебиздин урматы үчүн сөзүмдү жерге таштабас деп ойлогон элек. Карыганда кермур айтышуу бешенебизге жазылган экен... Арга жок... Небериниз өзүңүзгө буюрсун. Эми мындан ары карындаштарым жок деп коюңуз. Биздин болсо сиздей акабыз жок. Оомийин. Кана эмесе, кеттик,— деди Ибадатхан эже синдисине.

* * *

Бул арада Кабылдын атасынын абалы оордошуп кетти. Анын эски оорусу козголуп, карыяны жыгытып койду. Шаардан келин алууга камданып жаткан бул үй-бүлөгө чамасы кыштактагылардын көзү тийди окшойт. Тилекке каршы, Шакир ата катуу ооруп калды. Кабыл үй-бүлөнүн тун баласы. Ошондуктан тууган-урук, айылдаштар тойду тездетүүгө кеңеш беришти. «Уулунун тоюн көрүп калсын» дешти алар. Кабыл болсо «Атам айыгып кетсин» деп адегенде көнбөй жүрдү. Акыры улуулар ага акыл айтып, кысташканда, анын макул болбоско аргасы калган жок.

* * *

Максуд деле кызынын тою мынчалык тез болот деп ойлогон эмес. Кудалар тараптан келген кабар буларды да ойго салып койду.

Мардан ака бул тууралуу эл башы менен сүйлөшсө, ал «Боло турган ишти тезирээк бүтүргөн жакшы, анын үстүнө күйөө баланын атасы ооруп жатса ишти создуктуруп эмне кылсын» деп койду. Кыскасы, эки тарап тең тойго даярдана баштады. Маале аксакалдары чогулуп, «бата» күнү да белгиленди. Жигит менен кыз быйыл акыркы курска көчүшкөн. Жакында эле жайкы сессиясы аяктаган эле. Жаңы окуу жылы башталгыча тойду өткөрүп алышса жакшы болмок. Камила да бул арада жаңы үйгө кыйла көнүп калды. Күйөө бала менен келин сентябрда шаарга — кыздын үйүнө көчүп келишсе болот.

III бөлүм

Куда тараптагылар мурдагы күнү Камилалардын үйүнө пахта, отун, май таштап кетишкен эле. Кечээ болсо мойнуна ак жолукча байланган бир кочкор алып келишиптир. Дилфуза кембагал күйөө баланын үйүнөн келген белектерди эрмектей берип тили-тилине тийбеди.

Эртең «бата» күнү. Келиндер, тууган-урук тамак бышыруу менен убара болушууда...

Камила эмнегедир унчукпай жүрөт. Ал эртең-бүрсүгүнү боло турган тойго апасы, эжеси жана чоң энесинин ка-

тыша албай тургандыктарын ойлоп ичинен эзилүүдө. «Алар да тойго келишсе кандай сонун болот эле, арманай» — деп көзүнө жаш алды ал.

Кабыл деле бул тойго анчалык кубанган жок. Ал өзүнчө кысыла берип, өңүнөн азып, арыктап да кетти. Акыркы күндөрү ал тойдон да атасынын бейтаптыгын көбүрөөк ойлочу болду. «Бири кем дүйнө» деп ушуну айтат да. Бул ааламда ар дайым бир нерсе аз, бир нерсе кем болуп турушу абзел окшойт. Антпесе жашоонун мыйзамы бузулуп калат окшойт. Себеби дүйнөнүн өзү ошого ылайыкташып курулган. Демек, адамзатка өмүр бою бир нерсе жетишпей турушу керек экен! Тагдыр деген берешен эмес, сараң болот тура. Ал дайыма шыбагасын таразалап турат, бир нерсе берсе, ошол замат бир нерсеңди кайра алып коюшу мүмкүн. Кантсе да карылар айткандай «Көзүбүз барында бала-чакабызды үйлөп-жайлап алыш баарыбызга буюрсун», «Артыбызда балдарыбыз калсын!», «Өткөндөрдүн арты кайырлуу болсун, руху жарык маанайлуу болсун».

* * *

Бүгүн «бата» күнү. Мардан акалардын үйүнө эң жакын тууган-уругу чогулушкан. Жалынып-жалбарып атышып баягы таарынып кеткен эжелерди да алып келишкен. Акыры алардын да өз орду бар да. Куда-сөөк келип жатпайбы. Анын үстүнө эл-журт сурап калса меймандарга эмне деп жооп беришет. Муну жакшы түшүнүшкөн эжелер ичкерки үйдө сыр алдырбай олтурушту. Кыскасы, ылайым баарыбызды тойго жеткирсин. Өлүм-житим болбосун!

Үй ээлери катуу даярданышкан менен кыштактан анчалык деле көп адам келген жок. Эки жеңил машина менен төрт эркек, төрт аял келишти. Үй ээлери меймандардын колунан түйүндөрүн алышып өздөрүн ичкери киргизишти.

Кудалар үйгө кирер замат, катын-калачтар дасторкон жайылчу бөлмөгө киришип, алар алып келген себеттерди бир-бирден оодара башташты. Ибадатхан эже менен Саадатхан эже да ошол жерде эле. Алар улам себеттерди карап, мурдуларын чүйрүп жатышты.

— Кыздан айлангырлар,— деди акыры чыдай албай Саадатхан эже. — Алып келгендери ушулбу?

— Ал эми сиз ушул пастардан эмне күтүп жаттыныз эле? — деди жийиркенип Дилфуза.

Түйүндөрдө чындыгында эле үч-төрт кийимдик матадан башка дээрлик эчтеке жок эле.

— «Лама» пальто кайда экен? — деди кабагын карыш салган Саадатхан эже. — «Просто Мария» да, «Помбаркыт» да «Бриллиант» да жок. Плащ, туфли, жүн жоолук, жемпир, жаңы чыккан көйнөктөр кайда?

— Кайран кыз, кайран кыз,— деди Ибадатхан эже башын чайкап.

— Мынча жаныңыз ачыды бул кызга, эже,— деди Дилфуза ага. Тынчсызданбай эле коюңуз. Ал буюмдардын баарын сүйүктүү кызына жээниниз өзү алдырып койгон. Кош-кош алтын жасалгалар, кымбат баа костюм-юбкалар. «Кашмир» пальто бери калып, кайыш плащка чейин даярдап койгонбуз. Кышкы, жайкы бут кийимдерин айтпайсызбы. Келин менен күйөө бала эки кабаттуу үй, машина да дапдаяр...

Ушул учурда келинининн оозунан чыккан буюмдардын тизмесин угуп Ибадатхан жана Саадатхан эжелердин көздөрү чанагынан чыгып кете жаздады.

— Күйөө балабыздын сарпайы жөнүндө айтпай эле коёюн. Алиги америкалык кинолордо мистерлер бар го, так ошолор кие турган кийимдерден алып койгонбуз. Кайыш плащ, бриллиант көздүү шакек дейсизби? Бул томаяктын бактысы бар экен, эжекебай... Дилфуза ушуларды айтып жатып каңырыгы түтөп жатты.

* * *

Кечке маал бардык салт-санаалар, алды-бердилер бүткөн соң меймандар кетүүгө камданышты. Нике кечеси да, той да ишемби күнгө белгиленди. Жаштар белек-бечектерди көчөдө турган машиналарга ташый башташты. Тамак-аш ушунчалык көп болгондуктан, кудалар түшүп келген эки машина турсун, кошумча берилген микроавтобуска араң батты. Аксакалдар көчөгө чыгышып, мейманларга ак жол тилешип бата беришти...

* * *

Анча кең эмес, туш-тарабы сыпсыйда, ачык короо. Үстүнө бир-эки ылай басылган пахса дубалдуу үч-

төрт бөлмөдөн турган бир үйдө Кабыл туулуп эрезеге жетти.

Ушул учурда көчө жактан айылдык балдардын «Келишти», «Келишти», ура-а келишти!» — деген үндөрүн угушуп, тойканадагылар тез басып көчөгө бет алышты.

Бүгүн булардын үйүндө чоң той эле. Чоң бөлмөдө жигиттин жоролору отурушту. «Батага» келишкендер бир аздан соң айылына кайтышты. Кантсе да узак жол эмеспи. Анын үстүнө үй ээлери да меймандарга кыйла кеч уруксат беришти...

IV бөлүм

Кыштакта той болуп, жергиликтүү калк буга чейин көрбөгөн сый көрдү. Табактар толо эттүү самса, таттуулар, чака толо мөмө-жемиштер жана башка даамдар. Эти бүтүн кой, баш, шыйрактары менен кошо бышырылыптыр. Табактарда казы-карта, баш эт, манты, палоо, элүү тооктун эти, торт, ичимдиктер... Күйөө баланын сарпайын айтпайсынарбы! Ак, кара костюм-шым, бир нече бут кийим, көйнөктөр, байпактан тартып ички кийимдерине чейин алып келишиптир. Кыскасы, мунун баарын көргөн жигиттердин эси ооп кала жаздады...

Бирок, булардын баары Кабылга тыйынчалык татыбай турду. Шакир ата жүзүмдү бутактайм деп жыгылып түшпөгөндө минтип оорукчан болуп калбайт эле. Кантсин. Ал да болсо бала-чака баксам деген аракеттин натыйжасы. Анын омурткасы сынып, буттары кыймылдабай калган. Шакир ата узак дарыланды, бирок бутуна туруп кете албады. Тагдыр ага ушуну буйруган экен...

Ал бүгүн уулунун тоюн көрүп сөрүдө жатат. Ушул учурда анын оюнда эмнелер турду экен? Тунгуч уулунун тоюнун башында өзү туруп, меймандарды тосуп-узатып турса болбос беле. Балким азыр айланадагыларга Шакир ата уулунун тоюн көрүп жаткандай туюлуп жаткандыр. Бирок, ошондой болсо да өзүбүздүн уул-кыздарыбыздын тоюн бейтап жатып көрүүдөн баарыбызды Алла өзү сактасын!

* * *

Бүрсүгүнү той. Кабыл сүйгөн кызына үйлөнүп жатат. Алдыда аны үй-бүлө деген керемет жамаат күтүп турат.

Эки жаштын бул салтанатынан кийин алардын чүрпөлөрү да жарык дүйнөгө келе баштайт. Анан болгон өмүр жолдошунун алдында жаңы милдеттер, жаңы укуктар пайда болот. Ооба, ооба, ал сүйгөн кызына бүткүл жан-дили менен берилет. Кабыл эми үй-бүлөнүн башчысы болот. Олдоксонураак айтканда анын мойнуна «ала куржун» илинет. Каармаңыбыз ошол эртең-бүрсүгүнү ошол куржунду көтөрө алабы? Анткени ал куржунду көтөрүүгө алы жетпей, мойнун сындырып алгандар да көп болгон. Кабыл ушул милдеттердин өтөөсүнөн чыга алабы? Ата-энесине уул, инилерине ага, өмүрлүк жарына күйөө, досторуна дос, кайната-кайненесине күйөө бала, бирөөгө жезде, бирөөгө бажа, болочок балдарына ата боло алабы? Аны эми убакыт көрсөтөт да...

* * *

Камиланы да ушул сыяктуу ойлор ороп алган. Себеби ал дагы үй-бүлө куруу өндүү милдеттин босогосунда турат. Ал да тез эле аял, эне болот. Эки гана кишиден турган бул укмуштай жамаат эригип калбас бекен? Өз эркин өмүрлүк жарынын колуна тапшыра алабы? Эркектен өзүн төмөн кармап, анын бетине тике карабай жашай алар бекен? Деги эле ал эне болушка даярбы? Болочок перзенттерин бирдей караган мээрим табалабы өзүнөн? Анткени, бала көрүп, андан жүзүн буруп кеткен аялдар азбы? Келиндик да өзүнчө бир доор. Ал бирөөнүн эшигинен жүгүнүп кирген соң өмүр бою антип жүгүнө саламдашып жашашка даярбы? Күйөөсүнө аял, кайната-кайненесине келин, кимгедир жеңе, бирөөгө абысын болуштун өтөсүнөн чыга алабы?

Камила жетишпестик, кембагалчылык менен өсүп жетилген кыз. Жакын адамдарынан да өтө эрте айрылган. Бирок, ал кедей, жетим-жесир бир кыздын колунда байлыгы бар адамдын кызына айлана турган окуяны башынан өткөрүүгө үлгүрдү. Бирок, андан мактанып, эсин жоготуп койгон жок. Бой көтөрүүчүлүк оорусуна да чалынбады. Бирок, эми мурдагы абалына кайтуунун алдында турат. Элде «Көрбөгөндүн көргөнү курусун» деген сөз бар. Ооба, мурда эч нерсе көрбөй чоңойгон каармаңыбыз бир керемет окуянын негизинде аз да болсо чачылып-төгүлгөн турмушка туш болду. Тагдыр аны дагы мурдагы абалына кайтармак болуп жатат. Ырас, жокчулуктан токчулукка өтсө болот. Бирок, токчулуктан жокчулукка көнүш оңойбу?

Кабылчы, Кабыл? Ал деле бир кедей үй-бүлөнүн перзенти эле го. Бүгүн-эртең ал бай үй-бүлөгө күйөө бала болгону турат. Жигит да ушул сыноодон алдастабай өтө алабы? Дагы кайталап айтам. Аны убакыт көрсөтөт.

V бөлүм

Эртең той. Мына, бир нече күндөн бери Максуддарда тыным жок. Ана-мына дегенче той күнү да жакындап калды. Кембагал үй-бүлө үчүн той бериш канчалык кыйын болсо, байлар үчүн кыз чыгарып, уул үйлөш да ошончолук мүшкүл. Байлардын тууган-уругу, тааныш-билиштери көп болот. Ошондон улам даярдык да, каражат сарптоо да көптү талап кылат. Ары-бери жүгүргөндү айта көрбөңүз. Үч-төрт күндөн бери теңтуштардын, алыс-жакындардын баарын тойго чакырууга үлгүрө алышпай жатышат. Эски жана жаңы кудалар, алардын тууган-уруктары, коңшу-колоң, айылдаштар, кыскасы баарын тойго чакырууга үлгүрүш керек.

Анын үстүнө, «Бата тою» бүтүп, болочок кудалар кетип үлгүрбөй жатып тойканада жаңжалдар башталып кеткен. Эжелери бир тарап, таежелери бир тарап. Авалары бир жагында, тагалары экинчи жакта...

Ибадатхан эже менен Саадатхан эже жээндерине айта турганын айтышып, таарынып кетип калышты. Көрсө, куда тараптан алардын алдына эчтеке коюлбай калыптыр. Мата да адамдан кымбат болуп кеткенби? Бала-чакалуу, небере-чеберелүү, куда-кудагыйлуу, чачтары аппак айрым аялдардын акылы ушуга жетпегенине өкүнөсүң. Акыры бул күндөр да өтүп кетет го. Той деле күн сайын боло бербейт. Ошондуктан аны чоңдор жаштарга өрнөк болушуп, шатыра-шатман өткөрсө болбойбу? Жок, ар кимдин өзүнө жараша ою бар. Бирөө «Мага жакшыраак көңүл бурбады» деп таарынса, экинчиси, «Дасторконума түзүгүрөөк да бирдеме салбаптыр» деп капаланат. Бирөө ылдыйраак отуруп калганына наалыса, дагы бирөө «дасторконго ээлик кылдырбаганына» кыжалат.

Ибадатхан жана Саадатхан эжелер тойду таштап

үйлөрүнө кетип калса го, жакшы деңизчи. Жок, алар оңойлук менен жан бербейт. Акырына чейин «кармашышат». Ибадатхан эженин уулу машинасы менен келип кемпирлерди Камиланын үйүнө таштап кетти. Алар шордуу кыздын башын айлантырышып о-бу деп да көрүштү. Максуд кызынын курсташтары менен окутуучуларына чоң кече өткөрүп берди. Меймандар үйлөрүнө кетүүгө камданып калышкан эле...

— Күйөө баланын бир иниси дудук экен, жан балам,— деди Саадатхан эже. — Балаң ошол оорукчан авасын тартып калса кантесиң?

— Ай эжекебай, адегенде балалуу боло аласыңбы деп сурасаңыз бул эси жоктон. Ушунча, жигит бала кезинде «сарык» менен ооруп, боорунан операция болгон экен,— деди Ибадатхан эже.

— Угуп жатасыңбы, кызым? Али да кеч эмес. Шашылып эмне кыласың? Эжемдин небереси Жахангирди көрүп эле жүрөсүң. Эжең сени ошого алып берсем деп жүргөн эле. Сага ошол элеттиктин эмнеси жагып калды? — деди Саадатхан эже...

Карыган эжелеринин бул сөздөрүнөн Камила кыжалат болуп калды. Маркум апасын, эжесин жана чоң энесин ойлоп, анын дили ушунчалык кыраа болуп турган эле.

— Кызым, өзүң билесиң эми. Бир боор экенбиз, Айтып жатабыз да. Кийин өкүнүп жүрбөгүн. «Кийинки бушайман өзүнө душман» — деди Саадатхан эже дагы кыздын дилине бүлүк түшүрүп.

Кемпирлер кетишкенден кийин Камила курсташтары Гүлчехра менен Махирага арызданып, ичиндеги бугун чыгарды. Бул эки кыз үч-төрт күндөн бери жатаканасына да барышпай курбусунун жанында жүрүшөт. Алар күн сайын Камила менен бир чеберге катташып, болгон келиндин себин тиктирип жүрүшөт.

* * *

— Ээ досум, сен эмне президентке күйөө бала болуп жатасыңбы? — деп сый тамакка келген досторунун бири Кабылды тамашалады.

— Тойдон кийин бизди тааныбай калбасаң болду,— деп сөз кыстырды экинчиси.

— Сага үй дагы, машинадагы даяр экен деп уктум, ушул чынбы? — деди дагы бири.

Кабыл досторунан «күч күйөө» дегенди угуп денесинен муздак тер чыгып кетти. «Эмнеге күч күйөө болом имишмин» деди ал ичинен. Акыры Камил экөөбүз ушул жерде жашайбыз го. Мага кайнатаман эчтеке кереги эмес. Бизге эмне керек болсо, «Кудай кааласа өзүбүз жетебиз. Ооба, өзүбүз жетебиз».

— Эми шаардык болуп кетет экенсиң да — деди Кабыл ага жооп кайтарып. — Окуну бүткөнчө гана шаардык болуп турабыз. Анан албетте кыштака кайтып келебиз. Ата-энемди, инилеримди таштап кайда барат элем, анын үстүнө балдарынын чоңу мен болсом...

— Туура ойлопсуң, досум,— деди жоробашы, Кабылдын сөзүн колдоп.— Баары эле шаардык болуп кетишсе, малды ким багат, досум, дегенде баары каткырып күлүп калышты...

Жигиттер кыйлага чейин тамашалашып олтурушту.— Дасторконго бата берилгенден кийин жоролор сабиз, арчыш, коңшулардан стол ташыш, короого чырак жыгыш сыяктуу иштерге киришишти. Чоюн казан, самовар алып келишти. Айыл ашпозчусу союлган ноопоздын этин айвандагы сөрүгө жайып, эртең мененки дасторконго тартыла турган шорпо үчүн пияз туурай баштады...

VI бөлүм

Эртең менен тамак ичилип-ичилбей туруп жоролор ЗАГСка чыга турган машиналарды жуун-тазалап, аларды жасалгалаганга киришишти. Үч төрт жигит отун жарып, очок казууга кыз тарапка кетишкен. Эртерээк киришпесе болбойт. Келинди кыштакка алып келишип, никс кыйып, кайра алпарып коюп, кечинде алып келиш керек. Анын үстүнө ал жакта оюн-зоок курушуп, кыйла отурулат. Анан бул жерде...

Машиналар сапарга шай болгондо чоң кишилер ак жол тилешип, бата бериштн. Кабыл күйөө балалык сарпайларын кийип алган. Башында Чуст топусу. Достору да жасанышкан. Коңшу-колон, тууган-урук, досторуна тиешелүү алты машина жолго чыгышканда элдин баары алардын артынан суктануу менен карап калышты...

* * *

ЗАГС машиналары шаарга жеткиче чаңга бөлөнүп бүткөн эле. Күйөө бала түшкөн «Волганын» алды жагынан байлап койгон курчак «келиндин» аппак кардай эриндерин да чаң басып калыптыр. Жоробашы машиналарды шаардын четиндеги каналдардын биринин боюна токтоттуруп, «арабаларды» дагы бир жуун чыгыш керектигин айтты. Жигиттер машиналарды шашыла аарчып-тазалай коюшуп, кайрадан кыздын үйүнө бет алышты.

Күйөө жанчылар Камилалардыкына жетип барышканда бүткүл маале көчөгө чыгып олтурган эле. Баарынын көзү күйөө бала олтурган машинада. Айрыкча жаш кыздар «жезделерин» көрүүгө ынтызар. Кабыл болсо айнектери күңүрттөлгөн кара «Волганын» ичинде өтө толкундап, досторунун «машинадан түш» деген буйругун күтүп жатты. Мына, ошол тынчсыздануу да аяктай турган көз ирмем келди. Жоролору Кабылдын колуна чоң гүлдесте карматып, аны акырындык менен ичкериге баштап алып барышты. Баарынын көзү Кабылда. Туш-туштан ар кандай шыбырлар угулат. Ооба, ал эми күйөө бала болуп жатат. Мына, астанага салынган килемчени басып өттү. Курбулары баркыт матаны да «талашып» бүтүштү. Бир аздан кийин сүйгөнү Камила да келет. Жигиттин жүрөгү бир аз тездей түшкөнсүдү ошондо... Ана, болочок колуктусу! Кабыл Камилага дагы да жакыныраак барды. Никелешүү кийимчен башын жерге салып турат. Кыз ушунчалык ачылып кетиптир, ал жазда гүлдөгөн өрүк гүлдөрүн эске салат. Мына, Кабыл дагы да Камилага жакындады. Кыз себинген атырдын жыты бүткүл бөлмөнү буркуратып турду. Камиланын узун-узун кирпиктери, капкара каштары, гунчадай эриндери бетин тоскон жука жибек аркылуу да көрүнүүдө. Алар азыр махабат менен бакытка мас болуп турушат...

* * *

Күйөө бала менен келин түшкөн машиналар кыштакты көздөй сапар тартканда элдин баарынын көңүлү шарт болуп турду. Кыз тараптагылар да үч-төрт машина болушту. Жабалактаган бала-чаканы айтпай эле коёлу. Үйлөнүүчүлөр никеден отуш үчүн айыл өкмөтүнүн имаратына жетип барышканда түш болуп калган эле. Расмий каада-салттардан кийин алар Кабылдын тагасынын үйүнө жол алышты. Марипжан аке кыштактагы көзгө көрүнгөн адамдардын бири. Анын райондун борборунда менчик ашканасы бар. Короосу да шаардык байлардыкынан кем эмес. Саябандуу — салкын чоң короонун ортосунда узун столдор коюлуп, дасторкон толо даамдар коюлган...

Үй ээлери «Тоюңар куттуу болсун» дешкенден кийин күйөө бала менен келин ортону бир айланып чыгышып, төрдөн орун алышты. Жагымдуу ыр-күүлөр жаңыра баштады. Жаштар биринин артынан бири ырдап, бийлешти. Ак тилектер, дилден чыккан каалоолор айтылды, рюмкалар кагышты...

Ника кечеси кызыгандан кызып, күчөп баратканда чоңдор оюн-күлкүнү токтото турган маал келгенин жаштардын эсине салышты. Жол узак эмеспи. Келинди шаарга алпарып коюп, кечинде кайра алып келүү керек. Бирок, оюн-зоок дароо эле токтой калган жок. Жигиттер кыйла кызып алышкан. Алар кайра өздөрүнө келгенче да убакыт керек болду... Акыры ника кечеси да аяктады. Музыкачылар аспаптарын жыйыштырышып, жолго чыгышты. Алар келиндин үйүнө эртерээк барышып, даярдануулары керек. Кыскасы, чогулгандар күйөө бала менен келин жөнүндө жылуу ойлорун билдиришип, биринделп таркай башташты.

* * *

Кызды шаарга алып барардан мурда күйөө бала тараптагылар келинди жигиттин үйүнө алып кирүүнү да унутушкан жок. Келинди Санабархан эже өзү тосуп алды. Ал кызынын мандайынан өөп, уулу-келинине бакыт-таалай тиледи. Тилекке каршы, Кабылдын атасы биринчи келинин көчөгө чыгып тосуп алалган жок. Камиланы сөрүдө жаткан кайнатасына жетелеп келишкенде, Кадыржан аке кубанганынан көзүнө жаш алды. Уулу Кабыл да келинининин жанында эле. Кадыр аке бирде уулуна, бирде келинине суктана тиктеп жатты. Ал ушул эки баласын тиктөодон тойбой турду. Санабархан эже да башына салынган ак жоолугунун учу менен көз жашын сүртүп, Кабыл менен Камиладан көзүн айрыбайт...

VII бөлүм

«Күйөө бала келатат. Ура-а, күйөө бала келатат» деген көчөдөгү балдардын кыйкырыгы бүткүл маалени дүрбөлөңгө салды. Ушул учурда көчөнүн башынан күйөө жанчылар түшкөн эки автобус көрүндү. Автобустун ичинен чилдирмандын дүпүлдөгү, «Жар-жар» ыры угулду.

«Мени көздөп таш атпаңыз,
Жар-жар, айланайын эй!
Куштар менен учуп кетем,
Жар-жар эй, жар-жар эй!

Күйөө бала мына келди,
Жар-жар, айланамын эй!
Жанында чырагы бар,
Жар-жар эй, жар-жар эй!

Той деген мына ушул. Кыштактан келген меймандар Мардан аканын короосунун ортосуна даярдалып коюлган жайларга жайланышты. Бош орундарга алыс-жакындан келишкен тууган-урук, мааледен киргендер отургузулду. Бул жерде бир эмес, бир нече ырчылар топтору аспаптарын күүгө келтирип турушту. Столдордо ичкиликтердин беш-он түрү бар. Түрдүү-түмөн тамак жайнап жатат. Мистеден казы-картага чейин коюлган куйкаланып бышырылган бүтүн кой эти да турат. Урмат-сыйды айтпайсызбы! Үй ээлери буга окшогон тойлорду өткөрө берип, башы бышып бүткөн. Баарынын колу көкүрөгүндө. Өңдөрүндө жылмаюу. Беш-он киши ортодо жүрүп, меймандарды «тамактан алыңыздар» деп, алардын чай-пайына көз салышат. Катын-калач ичкериге кирип кетишкен... Жигиттер эшилип бийге түшүштү. Акча кыстармай, бийге тартмай башталды. Оо, Ош-Ош болуп мындай тойду көргөн эмес...

* * *

Кабыл сарпайын кийиш үчүн жоролору менен ичкери кирип баратканда бут астындагы килемчени араң аттап өттү. Дос-курдаштары бир заматта үч-төрт метрлик баркыт матаны жанталаша тарткылап кетишти. Дойрачы

«бакылдатып» чилдирманын жаңыртты. Чон-тополоң, ызы-чуу башталып кетти... Жоролор чогулуп күйөө баланы ороп алышыптыр. Кабыл болсо өз кийимдерин чечип, сарпайларын кийип бүткөнчө жоролорунун бир тобу кыз «бекитилген» жерден келинди ажыратып келишти. Камила курбулары менен экинчи кабаттагы бөлмөлөрдүн биринде отурган эле. Кабыл дал ушул бөлмөдө дагы бир сыноодон өтүшү керек. Ал элдин көзүнчө болочок колуктусун чачынан сылап коюусу талап кылынат. Муну элде «Чач сылады» деп коюшат.

Кабыл толкундангандыктан өңү купкуу болуп кеткен. Колдору билинер-билинбес титирейт. Мына ал дагы сүйгөнүнүн жанына келди. Ал акырындык менен колдорун кыздын капкара чачтарына узатты... Ооба, кыз эми аныкы. Эми ал Камиланы үйүнө алып кетүүгө акылуу...

Кыз албетте ыйлайт. Ал элге көрсөтпөй көз жашын төгөт. Ал ата төрүндө кенири тоюп жашабаса да кыз кездеги өткөн бул короону такыр таштап кеткиси келбейт. Кыз-келиндер болсо «Жар-жар» айтышат.

Ыйлаба кыз, ыйлаба,
Той сеники, жар-жар.
Астанасы алтындан,
Үй сеники, жар-жар.
Талаада тай кишинейт,
Ат болдум деп, жар-жар.
Үйдө келин жаш төгөт,
Жат болдум деп, жар-жар.

VIII бөлүм

Адаттагыдай эле күйөө баланын үйүнө келинден мурда анын жүктөрү жетти. Эки «Камазга» араң баткан бул көрпө-төшөк, жаздык, килемдерди көргөнү чыккан айылдын аялдары алардын эсебине жетпей калышты. Сандык-жавандарды айтпай эле коелу. Немис гарнитуру, Бельгия килемдери, Жапания телевизору, Австрия муздаткычы... Кыскасы, үй турмушуна эмне керек болсо, баары бар эле. «Келинди келгенде көр, септерин жайганда көр» деген сөз ушул Камила жөнүндө эле айтылгандай...

* * *

От жагыш үчүн көчө тарапка гозопая даярдалып коюлган. Баары кызыгуу менен келиндин келишин күтүшүүдө. Акыры алыстан автобустардын жарыгы чыкты. Алыстан эле «Жар-жар» угушкан элдин баары көчөгө умтулушту.

...Жол боюнда чоң от күйүп турат. «Жар-жар», чилдирман үндөрү бүтүн кыштакты дүңгүрөтөт. Күйөө бала элдин көзүнчө келинди так көтөрүп автобустан түшүрүп алышы керек. Аны азыр кандайдыр бир сыр түйшөлткөндөй. Жоролору ага «Бекем бол» деп колдоп турушат. Мына, күткөн учур да келди. Күйөө бала жай басып барып автобустун эшигине жакындады. Кабылдын айланасында жоролору, ал эми автобустагы келиндин тегерегинде анын курбулары турушат. Ана, Кабыл келинди көтөрүп алыш үчүн колдорун узатты. Кыздар келинди күйөө баланын колуна этияттап тапшырышты... «Бисмиллахир рахманир рахим» — деп Кабыл келинчегин так көтөрдү да, жерге түшүрүп койду. Анан жоролору менен ичкери кирип кетишти...

* * *

Той таң атарда аяктады. Дасторкон анчалык төгүлүпчачылбаса да үй ээлеринин пейли кенендигине копчүлүк ыраазы болуп кайтты. «Буудай наның болбосо да, буудайдай сөзүң болсун» деп коёт эмеспи. Кыштактын бүткүл эли жонөкөй, ак көңүл, ачык болушат. Айылда адамга көңүл бөлүү, мээримдүүлүк шаардагыдан кыйла күчтүү. Ооба, кыштактыктар бирин-бири аябай урматташат. Ырас, мында деле анча-мынча ачуу сөздөр айтылып кетет. Бирок, алар бирине-бири кек сакташпайт. Бир аздан кийин эле эчтеке болбогондой, баягыдай эле болуп кетишет. Араздашуу менен бир-бирин күнөлөө бизге, шаардыктарга мүнөздүү. Биз арзыбаган нерселер үчүн деле айлап-жылдап биримбиз менен биримбиз сүйлөшпөй калабыз...

* * *

Камиланын чоң эжелери Ибадатхан менен Саадатхан экөө таарынып жүрүп, Кабылдардыкына кыздын жүктөрү жүктөлгөн «Камаздарга» түшүшүп элден мурда келишти. Өзү да бир саатча соодалашышты окшойт чамасы. Үч жүз сомго араң машинадан түшүүгө макул болушту бул кемпирлер. Мындай салт-санааларга катыша берип алар салттын чебери болуп кетишкен экен...

Алар бул жерде жээнине жеңелик кылышат. Эртең «сеп кийди» болот. Бүгүнчө сандык-сандык кийимдерди кайтарып жатышат. А-бу деген менен айрым учурларда ушундай кемпирлер да аба менен суудай керек болуп калат. Демек, турмушта мындай адамдардын да өз орду бар. Ушундай милдеттерди аткаруу ар кимдин эле колунан келе бербейт эмеспи. Ал үчүн адамдын өзгөчө чечкиндүү, күчтүү кызыгуусу, сабырдуу болушу зарыл...

Той таркап, ызы-чуу да тыйылды. Күйөө баланы жоролору «Жар-жар» айтып келиндин жанына алып киришип коюшту да, үйлөрүнө кетишти. Кабыл чырак күйүп турган жарык бөлмөгө кирди да, бөлмөнүн бурчундагы көшөгөгө көзү түштү. «Азыр ал жерде башына ак жоолук салынган, үстүнө аппак көйнөк кийген сулуу колуктусу — Камиласы олтурат»... Кабыл ушул сыяктуу ойлорду кыялынан өткөрдү да, жүрөгү алда немедей «тыз» дей түштү. Ал өзүнүн ушунчалык бактылуу экенине эч ишенбей турду...

IX бөлүм

Санабархан эже короз чакыра электе эле бутунда эле. Ал жеңелерге нан-пан койду да, өзү да алар менен бирэки пияла чай ичип алды. Кабылды жоролору алып чыгып кетишкен. Кыз-келиндер болсо жаңы келиндин себин жая башташты. А дегиче кудалар да жетип келишет. «Бет ачар» башталат...

* * *

Келиндин кооз кийимдери ошончолук көп экен, аялдар аларды эки катар жайып да батыра алышпады. Келиндин эмес эле, ханышанын себи дейсиз... Кыскасы, каармаңыбыз тагдырдын буйругу менен өз кыштагына келин болуп келди. Аны турмуш жолунда дагы кандай сыноолор күтүп турду болду экен? Кечээки эле бир кедей кыздан бай канышага айланып кеткен болсо, арадан канча убакыт өтпөй тагдыр аны абалкы акыбалына кайтарып

койду. Ал келин болуп түшкөн үй кыштактагы эң томаяк үй-бүлөлөрдүн бири. Эки-үч пахсадан урулган эски тамдан башка эч кандай имараты да жок алардын. Бул жерде атасы сатып берген үйдөгү жашоо шарттарынын бири да жок. Болочокто уй саап, чөп оруп, камыр жууруп, тандырга нан жабышка да туура келет. Мында үй кызматкерлери жок. Короону да күн сайын өзү шыпырып-сыдырып туруш керек. Таң атпай туруп кайната-кайненесинин даарат алышы үчүн суу ысытып берип, эртең мененки чай-пайды даярдап, кир жууп, тамак бышырышы зарыл. Каарманыбыз мына ушул сыяктуу иштердин өтөөсүнөн чыга алар бекен? Мына анын Кабылга болгон сүйүүсүн сыноочу убакыт да келди. Кана, көрөлүчү, кандай болор экен?..

* * *

«Бет ачарга» абысындарына кошулуп Дилфуза да келген. Бирок, ал келгенден бери эч сыр алдырбай, үрөйүн бузбай отурат. Анткен менен мүмкүнчүлүктөн пайдалана калып бакшыга окутуп келген ар нерсесин ары-бери жакка сээп таштады. Мээраптагы көрпөлөрдүн катмарына болсо бир ийне таштады. Ал Камиланын септеринен көз албастан карап отурду. «Сага бул кийимдерди кийүү буюрбасын ылайым. Апаңа окшоп көзүң жарылып өл, жубарымбек бол» — деп кечке каргады Камиланы...

Күн батарда келиндин колуна май салынды. Анан бетин ачышты. Аш тартылып, дасторконго дува берилип, меймандар акырындык менен кете башташты...

* * *

Камила короо шыпырганы чыккан күнү эжелери шаарга жөнөп кетишти. Алар кетип атышып Камиланын жүрөгүнө дагы бир жолу кол салып көрүштү.

— Кызым, бул жерде эми кантип жашаар экенсиң. Али да кеч эмес. Балалуу болуп ажыраткандан көрө эртерээк кетип калганың жакшы. Дагы эле өзүң билесиң эми. Бул жердин шартына көнүп кете алар бекенсиң? — деди Ибадатхан эже.

— Андай дебеңиз эже. Кудайдын айтканы болду.

«Башка түшкөндү көз көрүптүр» деген сөз бар эмеспи. Алланын өзү сабырдуулук менен токтоолук берсин...

— Мейли, кошулганың менен тең кары эмесе, ооминйин,— деди Саадатхан эже бата берип.

Бүгүн Камила күйөөсү, кайын сиңдилери, кайнилери менен талаага чыгып, түшкө чейин тамеки үзүштү. Кийин көчө жактагы дубалга тезек жабышты. Эртең эле кыш келет. Печкага от жагыш үчүн тезек, отун, гозопая даярдап алуулары керек. Кечинде кайненеси экөө бир-эки тандыр нан жаап алышат. Анан кечки тамак да бышып калат. Кийин баары чогулушуп сөрүдө тамак ичишет.

* * *

Келиндин баскан-турганы жактыбы, Кадыржан аке дагы өзүн кыйла жакшы сезе баштады. Камила кечкече кайнатасын айланчыктап жүрөт. Аларга чай коюп, кийимдерин жуун үтүктөйт, суу ташыйт, инилеринен кабар алганы кеткен күйөөсү жөнүндө кам көрөт... Ал бирде мал-койлорго жем-чөп берсе, бирде суу сээп короо шыпырат. Кыскасы, эртеден кечке тыным билбейт. Санабархан эжеге коңшуларынын көзү күйөт. «Ыкыбалыңыз бар экен, коңшу. Келинге жалчыпсыз. Уулуңуз да бактылуу экен. Эстүү-баштуу, колу-буту тынбаган кыз экен. Ширин сөздүүлүгүн, сулуулугун айтпайсызбы? Кана эми бизге да алла-таала ушундай келин берсе» — дешер эле алар.

— Рахмат, рахмат. Көз тийбесин иши кылып,— дейт Санабархан эже коңшу аялдарга жооп кайтарып.

* * *

Камила бала кезинен кыйынчылыктарды башынан көп өткөргөндүктөнбү, айтор, өзү келин болуп келген бул үйдөгү жумуштарды оор көрбөдү. Тескерисинче «Эмгек адамды бийик көтөрөт», «Кыймылдаган кыр ашат» деген макалдарды эстей калат. Аракет кылса адам ар кандай тоскоолдорду да жеңип өтүшү мүмкүн...

Мурдагы күнү күйөө-келин экөө тең Мардан аканин үйүнө барышып, «күйөө салам» расмисин кылып келишти. Максуд кызынын бактылуу экенин көрүп аябай кубанды дейсиң...

— Уулум,— деди ал Кабыл менен сүйлөшүп отуруп,

Камила менин туңгуч пезентим. Андан эч нерсени аябаймын. Мага кызым бактылуу болсо эле болду. Камиланын көзүнөн жаш акпаса деймин. Тигил үй да, машина да силердики. Ал жерге каалаган учурда көчүп келип жашасаңар болот. Кааласаңар сатып жибергиле...

Кабыл болсо кайнатасынын сөздөрүн унчукпай угуп отурду.

X бөлүм

Сентябрь да жакындап калды. Эртең-бүрсүгүнү жаңы окуу жылы башталат. Кабыл да, Камила да акыркы курска көчүшкөн...

Бул арада «сеп жыйды» расмисин да өткөрүп алышты. Эми күйөө-келинди Камиланын атасы чакырмак болуп жатыптыр. Кийин «Ата көрдү» болот. Азыр кээ бирөөлөр «чакыруунун» өзүн да той сыяктуу өткөргөндөр болуп жатат. Максуд бул расмини кышка чейин өткөрүп алууну чечти.

* * *

Арадан дагы бир айча убакыт өттү. Максуд «Чакыруунун» кызынын үйүндө окуу башталганга бир айта калганда чоң кылып өткөрүп берди. Камиланын тоюн видеого тарткан жигиттер «Чакырыкты» да тасмага тартышты. Укмуш эле болду. Ташкенден Севара күйөөсү, кайнатакайненеси, кайниси Асрар менен келди. Алар тойго келип кетишкен. Бул арада окуусун аяктап АКШдан Сиявуш да кайтып келди. Гүланда болсо чоң эле кыз болуп калды. Ал Камила эжесин ээрчигени ээрчиген. «Чакырыкка» Аббас дагы ата-энеси, аялы менен келип кетти. Мейманканада Кабыл менен Асрар жанаша отурушту. Бир мезгилде алар Камиланы талашып мушташышкан. Эми болсо тууган болуп калышты. Эми бири-бирине сылык мамиле жасагандан башка аргалары жок...

* * *

Камила менен Кабыл ушунчалык бактылуу эле, өздөрүн бейишке туш келгендей сезишчү. Сүйүшкөн эки инсандын бирге болуштан башка бактысы барбы дүйнөдө?

Биздин оюбузча адам бактылуу болушу үчүн көп деле нерсе керек эмес. Тынчтык, саламаттык болсо эле болгону. Бакыт байлыкта эмес. Жок, жок! Бактысыздык деле жашоо турмушу начарлыкта эмес! Эч качан! Бактысыздык жалгыздыкта. Жанында бир пикирлеш, тилектешин же топураган балдарын болбосо, андан ашкан бактысыздык жок. Баары кошкону менен тең карып, балдары менен бапырап жашашсын!

Негизи «Бакыт деген эмне?» деген суроого ар ким ар түрдүү жооп бериши мүмкүн. Бирөө аны акчада деп ойлосо, экинчиси ар кандай жыргалдуу көңүл ачууларда деп эсептейт. Бирөө чет элдик машинада жүрүп бактылуумун десе, кимдир-бирөө эшек арабада жүрсө да өзүн бактылуу сезет. Кабыл өзүн ата-энеси, инилери, дос-жоролорунун арасында жүрсө бактылуу сезет. Кудайга шүгүр, өз Мекени, баш паанасы, начар болсо да, өз үй, өлөң төшөгү бар...

* * *

Сиздер Дилфуза кайда жоголуп кетти деп ойлоп жатсаңыздар керек. Ал эч кайда жоголгон жок. Чоң-кичүү расмилерди бекер өткөрбөйт. Ар бир каада-салтка калбай барат. Мындай аялдар ичинде кандай караөзгөй ойлору болсо да сыртка чыгарбай, унчукпай билгенин жасай беришет. Ал Камила менен да эч нерсе болбогондой эле кучакташып, өөп жытташып учураша берет. А чындыгында ичинде «ит өлүп» жатат. Кээде жакшы сүйлөсө да кез-кезде «сасык» сөздөрүн сүйлөй калат, биз эми кантмекпиз? Мен жазуучу, сиз окурман болсонуз. Сиз менен биз аны тарбиялап туура жолго сала албасак. Элибизде «Бүкүрдү гөр тегиздейт» деп дал ушул Дилфуза сыяктуулар жөнүндө айтышса керек.

XI бөлүм

Күз да келип, жаан-чачындуу күндөр башталып кетти. Кабыл менен Камила жума күндөрү окуудан чыгып кыштакка кетишет. Дүйшөмбү күндөрү болсо эртелеп университетке жетип келишет. Кайнатасы Кабылга зордоп жатып Камилага алып берген машинасын миндирип койду. Шафаат эже күйөө-келин менен Камиланын короосунда жашайт.

Мына, бир нече күндөн бери Камиланын тамакка табити жок. Тез-тез кусчу болду. Бирок, ал жөнүндө Кабылга эчтеке айтпады «өзү өтүп кетер» деп ойлоду ал. Бирок, барган сайын абалы оордошо берди. «Ооруну жашырсаң, өлүм ашкере кылат» дегендей, бир күнү анын башы тегеренип, дйванга жыгылып түштү.

Аялынын мындай абалга түшүп калганын көргөн Кабыл чочуп кетип телефон аркылуу «Тез жардам» чакырды. Камиланы төрөт үйүнө алып кетишкенден кийин гана кептин төркүнү эмнеде экенине түшүндү ал. Демек, Кабыл ата болот экен да...

Кабыл күн сайын эки ирет Камиладан кабар алып турду. Үч-төрт күндүн ичинде аялынын абалы бир топ оңолуп калды. Ага эртең-бүрсүгүнү жооп бере турган болушту.

* * *

Камиланын кош бойлуу болуп калганын укkан Дилфуза дагы өзүн коёрго жай таппай калды.

Буту күйгөн тооктой ары-бери чуркап тыбырчылайт.

«Вай атың өчкү-үр ээй! Жөн койсом бул арам сийдик аста секин баары жокту ээлеп алат окшойт. Эмне кылсам экен? Бул таштандыны жин да урбайт окшойт. Күчтүүрөк бакшы таап апасы жубарымбектин тагдырын башына салбасам Дилфуза атым өчсүн! Камиладан кутулсам эле жанагы сенделген Кабыл өзүнөн-өзү көздөн кайым болот». Эл ичинде «Дубалдын да кулагы бар» деген сөз бар. Тагыраак айтканда азыр Гүланда ушул жерде эле. Ал Дилфузаны ээрчип алган. Кайда барса сары изине чөп салып кошо жүрөт. Бирок, Гүланданы короодогу иттен башка эч ким көрө албайт. Иттин жүнү үрпөйүп, ачуусу келип үрө баштаганда ал Гүланданы тиштеп алчудай туюлчу...

* * *

«Бирөөгө ор казсаң өзүң түшөсүң» деген сөз бар эмеспи. Бирок, Дилфуза ал макалдан кабары жок эле. Маданиятсыз бул аял макалдардын маанисине кайдан түшүнсүн? Эгерде мектепте математиканы мындай коюп, адабияттан да эки-үч деген бааларга окуса. Ошондуктан бирөөнүн баласына «Кол көтөрүп», анын кесепети өз бооруна тийип жатканын оюна да албайт эле. Тилекке каршы, кенже уулу Шахрухтун абалы жыл өткөн сайын начарлап баратты. Кумарпоздук буякта калып, баңгичилик заттарды кабылдоого биротоло үйрөнүп бүткөн. Аялдар, кыздар менен жүрүп, күлк-мүнөзү оңолбос болуп кеткен эле.

Сыртта ит үрүп жатты. Иттин үргөнү ичкериде эмне кылышын билбей отурган Дилфузанын кулагына угулду да, чочулагандай ордунан тура калды: «Мына таптым! Мага ит жардам берет! Ошондуктан элде «Ит-сатпайт, катын сатар» деп бекеринен айтылбайт да. Кана, Терминатор, колундан кандай иш келе турганын бир көрсөтүп койчу. Азыр наркы үйдө да эч ким жок. Шафаат эже энесинин үйүнө кетиптир. Демек, ал үйдө күндүзү эч ким жок. Күйөө бала сабактан чыгып эле төрөт үйүндөгү аялынан кабар алып үйүнө келгенче кеч да кирет. Атасы командировкада. Азыр үй кызматкерине дайындасам, итти машина менен алпарып, Камиланын үйүнүн дарбазасынын алдына таштап келет... Калганын «Терминатор» өзү жайлайт.

* * *

Кабыл сабактан чыгып туура эле төрөт үйүнө бет алды. Камиланын кийимдерин болсо ал эртең менен эле машинасына салып койгон эле. Төрөт үйүнө жетип келгенде Камила палатасындагы терезеден жол карап отуруптур. Кабыл аялын жарым сааттай төмөндө күтүп отурду. Камила кийинип чыгып, машинага отурганда, Кабыл анын бетинен өөп, ала келген гүлдестени Камиланын колуна карматты. Алар бири-бирине узакка чейин тигиле тиктеп отурушту, ошого экөө тең кубанышты. Бул эки жаш айрым учурларда ушунчалык бактылуу эле, аларга бул дүйнөдө өздөрүнчө бактылуу бир дагы инсан жоктой сезилчү. Бирок, алар бул бакыттын али закымдай көрүнбөс экенин ойлоруна алышпайт эле. Себеби бул ааламда ичи кара, бирөөнүн бактытаалайын көрө албаган, бакыт уурулары «каракчылары» бар экендигинен бейкабар эле! «Жетимди төөнүн үстүнөн да ит кабат» деп бекер айтылбайт экен...

...Иттин кайдан-жайдан келип калганын Кабыл да, Камила да байкабай калышты. «Терминатор» иттерге гана мүнөздүү ачуу менен жубайларга өзүн таштады эле, анын курч тиштерге толгон капкызыл оозу, күтүүсүздөн Кабылдын бет алдында пайда болду. Эгерде ит байланган

чынжыр жарым сантиметрге эле узун болгондо ал сөзсүз жигиттин бетин чайнап салат болчу. Бул сенбернар деген эшектей келген ит эле. Камила корккончунан катуу кыйкырып жиберди. Кабылдын да бети-башы дубалдай агарып кетти...

Тилекке каршы, Гүланданын аракеттери текке кетти. Ал канчалык урунса да дарбаза жанында жаткан короо кайтаргыч итти ойгото албай койду. Ит көзүн ачып Гүланданы көргөндө, албетте коруйт эле... Иттин аңкылдаганын укkан Кабыл менен Камила болсо ичкериге абайлап киришер беле?..

XII бөлүм

Өчөшкөндой «тез жардам» да бир сааттан кийин келди. Нөөмөтчү врач бейтаптын абалын көрүп, аны тезинен ооруканага жеткирүү керектигин айтып, алып кетти. Кабыл да машинасына отуруп алардын артынан жетип барды...

* * *

Тилекке каршы, врачтар баланы сактап кала алышпады. Өтө кеч болуп калган экен. Кайриет, Камила өзү эсен-аман калды. Өткөн бир сааттын ичинде Кабыл өзү да бир куту тамекини чегип түгөтүп салды окшойт. Ал раматылык кайненеси Гүланданын өкүнүчтүү тагдырынан кабардар эле. Ошон үчүн кайнатасы Максуддун тагдыры башына түшүп калышынан чочулап кайыш күрмөсүнүн жакасына чүмүп кете жаздады. Ал өзү жалгыз капкараңгы төрөт үйүнүн корпусунда ары-бери басып жүрдү. «Ла иллаха иллалахи Мухамадур расулиллах. Кудай бир Мухамадур расул бархак» деп келме келтирди...

«Кудайдын казаны шашпай кайнайт» деген да сөз бар дүйнөдө. Аны ушинтип ата-бабаларыбыз айтып кеткен деп ойлойсузбу? Жок, бул дүйнодо бардык нерсе өлчөнүү болот. Чынында эле Дилфузага окшогон кара озгөй адамдар да андан четте эмес...

* * *

Болуп өткөн бул кайгылуу окуяны угуп Мардан аканин кан басымы которулуп ит кантип наркы үйгө барып калганына айран-таң калды.

— Бул болсо-болбосо Дилфузанын иши,— деди ачуусу келген Максуд сапардан кайтып келген күнү. Ал адегенде кызматкерлерди сурап-сүрүштүрдү. Бирок алар оозуна талкан салып алышкансып унчукпай туруп беришти.

— Үйгө келип-келбей жатып мынча эле элдин баарын суракка ала баштадыңыз,— деди Дилфуза ичкериден чыга келип, колдорун бөйрөгүнө таяна. — Эмне болуптур? Аларга ошенткиле деп мен бүйрук бергемин. Ит деген ит экен да. Мен аны сиздин кадырлуунузду тиштеп ал деп үйрөтүп коюптурмунбу? Короо кароосуз калган эле, ууру-сууру түшүп баары жокту шыпырып кетпесин деп ошондо байлаттырып койгом. «Жакшылыкка-жамандык» деп ушуну айтат да...

— Жок дегенде кудайдан корксоң боло. Акыретти да ойлосоңчу. Күнөөлөрүңдү топтосо тоо болот. Али да кеч эмес. Намаз оку. Шайтандан кач! Акыры сен да адамсың го!!! Энесиң го!!! Сенден ашкан митаам эч жактан табылбаса керек,— деп ачуусу келип кыйкырды Максуд.

Дилфуза күйөөсүнүн сөзүн биринчи жолу жооп кайтарбай угуп турду... Чамасы анын да жан-дили ойгонуп кетсе керек. Жок, андай болушу мүмкүн эмес! Мындайларда уялуу сезими кайдан болсун. Бирок, ушундайларды да энелер туушкан. Албетте, жүрөк астында эки-үч ай алып жүрбөй, туптуура тогуз ай көтөрүп жүрүп туушкан. Толгоосу да, эмчек сүтү да бирдей. Кептин баары ошол эне сүтүндөбү? Балким иш баланын тамырында агып жаткан канындадыр? Кээде жакшы ата-энеден да жаман балдар туулат. Эх, жакшысы, буларга баш катырып отурбай эле койгонубуз жакшы. Алла бардык адамдардын өзүнө нысап берсин!

* * *

Баласынын набыт болгонун укkан Кабылдын ичи оодарылып кете жаздады. Камиланы айтпай эле коёлу. Ал кечээги күндөн бери ыйлап жатат. Кабыл эркектигинен гана өзүн колго алды. Тагдырга тан берди. Өзү рухий жактан азап чегип жатса да, жаш аялын алдап-соолап, жубатууга аракеттенди. Кабылдын чымкый кара чачын ошондо ак аралган. Ооба, бул «турмуш ташпиштери» деп аталган бүтпөс азаптардын алгачкы көрүнүшү эле. Эми алар бекемирээк, күчтүүрөк болушу керек. Турмуш де-

ген тамаша эмес. Ага көңүлкош кароого болбойт. Бүгүн турмуш бир колу менен кант берсе, эртең соңкусун сунушу мүмкүн...

XIII бөлүм

Камиланын ооруканадан чыгып келгенине бир-эки аптача болуп калса да ал дале да өзүнө келалбай жүрөт. Бир кыйла капалуу болуп, ыңдыны өчө түштү. Сабактарына да убактылуу барбай калды. Университетке Кабыл өзү жалгыз каттап калды. Ал Камиланы алаксытыш үчүн машинага салып алып ал жак, бул жакка айландырып келет. Эки-үч күндөн бери Ошто Юлдуз Усманова концерт берип жатат. Бүгүн алар ошонун концертине барышмак...

* * *

Максуд дагы кызынын көңүлүн көтөрүш үчүн колунан келгендин баарын жасап жатат. Шафаат эже менен табыпка барышып, үч-төрт мертебе Камиланын жүрөгүн көтөртүрүп да келишти. Инсандын көңүлү эч качан чөкпөсүн, жарákка кетпесин. Болбосо аны калыбына келтириш өтө кыйын экен. Бирок, Дилфуза өңдүү карөзгөйлөр мындай сөздөрдү түшүнүшөр бекен? Андайлардын көңүлү да чөкпөйт, жүрөгү да түшпөйт. Деги эле буга окшогон адамдардын жүрөгү барбы өзү деп да ойлоп каласың. Же өкүнбөсө, же көңүлү оорубаса, же ойноктобосо, же кысылбаса. Ушунусу кызык: андайлардын жан-дили бир нерсеге кубанышты да билбейт. Бирок, башкаларга күнү да, түнү да жамандыгын кыла беришет. «Ичи кара адам» дегенде ушундайлар эске алынып айтылса керек чамасы...

* * *

Жалгыздык курусун. Ал бир кудайга гана жарашат экен. Ушунча балдары, небере-чеберелери, келин-күйөө балдары турса да алардын баары биригип Мардан акаге бир кемпиринин ордун толуктай алышпады. «Өлөйүн десе жер катуу, өлбөйүн десе жан таттуу» дегендей эле болду. Үч-төрт жерден кемпир табышып, аталарын үйлөнтүп косюн да дешти, бирок, Мардан ака ага көнбөдү. Ал бай-

куштун Васила эжеге болгон урматы өтө бийик эле. Үч-төрт күндүк өмүрү барбы-жокпу, билбейт. Жалгыздык алдында алсыздык кылып, бир-эки күндүк өмүр деп Васила эженин арбагын капа кылып отурабы? Азыркы жаштар үч-төрт ирет да үйлөнүп жатышат. Бирок, Мардан ака сыяктуулардын орду башка. Алар эски доордун адамдары...

* * *

Келиндердин маанайы баары бир күйөөлөрүнүн кулкмүнөзүнө таасир этти. Ананчы! Колтугуна кирип алып аялын улам эле бир сөздү кайталап айта берсе, ар кандай эркек да аргасыздан ошонун күүсү менен бийлей баштайт тура...

Мурад бардык жашоо турмушу, иштери ортодо эле. Азык-түлүк да, үй да. Балдарды айтпайсызбы. Биринин уулун бири эркелетсе, биринин кызын экинчиси бөпөлөп турушчу. Бирок, балдар чоңойгон сайын алардын ата-энелерин негедир өз балдары жөнүндө гана ойлоно турган болуп калышат экен жана ата-эненин үйүн өз баласына мураска алып калышка аракеттенишет экен. Тилекке каршы, ошентип бөлүнүү менен ага-инилик, достук-курбулук мамилелер үзүлүп баратканы менен эч кимдин иши болбойт экен. Биз, адамдар, өтө кыска ойлонот экенбиз. Эптеп эле ага-инибизден талашып-тартышып, бардык нерсени өз балабызга алып берсек эле аалам гүлистан болуп кетчүдөй сезилет экен. Бирок, эртең эле келинибиз бизди уулубузга жаман көрсөтүп койсо же кызыбыз күйөө бала тарапка өтүп кетсе, биз кайра эле ага-инилерибизге кайрылышыбызды унутуп коёт экенбиз. Туугандардын бири жан таслим болуп жатканда анын жетим калып жаткан балдарын көрүп кубанган ага же эжеден коркунучтуу тирик жан болбосо керек бул дүйнөдө. Алла таала эч качан пендеге энесинин курсагын, атасынын элесин тебелеп-тепсөөгө жол койбосун. Инсан өз балдарына мээримдүүлүк кылып жаткан кезде энесинен эстеликке калгандардан да жүзүн бурбасын. Арадан кыркылуу жыл өткөндө да инсан тууганы менен таптакыр аркыберкини айтышпоосу керек. Бул күнөө болот. Бул өтө коркунучтуу кубулуш. Жети жат адамдар четте калып, кадырлуу ага өз инисин, эжесин же карындашын эч ка-

чан «мелдешке» айландырып жибербесин. Тууганын он жылда бир көрсө да, ага батынып жүрөгүн ача алсын. Акыры 15—20 жылдан бир ата-эненин канатынын астында, бир алачыкта жашап, өз алдынча жашоо турмушка кадам шилтенгенде бири-биринен жатсырай турган, чочулай турган, олку-солку боло турган же жамандык кыла турган болуп калуудан кудайдын өзү сактасын! Ата-эне, ага-иниге өмүр бою берилүү, алар менен ажырагыс бирдикте болуунун өзү да эрдик биздин оюбузча...

XIV бөлүм

Калкыбыз бала жандуу келет. Бизде ар бир үй-бүлөнүн жок дегенде 5—6дан перзенти болот. Бирок, ошого карабай, балдарыбыз бойго жеткенче бир гана заңгыраган үй салуу менен чектелүү адат болуп калган. Биз ошол кооздолгон имаратта биринин артынан бөлүнүп кетүүчү уулкыздарыбызга той өткөрүү максатында жашайбыз да, бирок, алардын бизден кийин каерде жашай тургандыгына баш катырбайбыз. Натыйжада ата-энелеринен кийин ага-инилер ортосунда үй талашуу башталып, анын кесепетинен айрым туугандар бири менен бири «менсенге» чейин барышат, ортодогу мамиле сууйт. Ошон үчүн көп балалуу үй-бүлөлөр бир чоң сарай кургандан көрө перзенттеринин санына жараша бир бөлмөлүү болсо да бөлөк-бөлөк там салып бериши абзел. Эртеңин ойлоп жашашса, биздин оюбузча дүйнөдө мээримдүүлүк-жакындык сакталып калышына негиз жараткан болор элек. «Эсептүү дос айрылбайт» деп айтылып жүрөт эмеспи.

* * *

Мардан акаден кийин бул кооз имарат да үч ага-ининин ортосунда бир топ талаш-тартыштарга себепкер болсо керек. Чаканыраак бир үй болсо да башка кеп эле. А бул болсо үй эмес эле хан сарайдын өзү болсо... Иши кылып келиндерге нысап берсин. Ага-инилер го кантсе да бир боор эмеспи. Бирин-бири түшүнүшөр. Бирок, абысындар баары бир абысын да. Анын үстүнө Мардан акалердин үйүндө бөлүнө турган буюм-теримдер да оголе көп. Алардын кайсынысы кимге насип этилет, аны

эч билип болбойт. Айрым учурларда тилекке каршы, ата-энелер бала-чакаларына мурастоого да үлгүрбөй ааламдан өтүп кетип жатпайбы. Балким ушундай болгону деле жакшыдыр. Алар эмне деше алат эле? «Мунусу сага, тигиниси — буга» дейт беле. Бирине көбүрөөк, экинчисине азыраак тийип калса дагы капачылык болот... Жартысын жамап таштоого болбой турган атайын дүнүйө тура бул. Ал дейбиз, бул дейбиз, бирок, баары барып-барып эле ошол байлыкка такалат. Перзенттер эч качан ата-энесинен калган салттарды талашышпайт. Тилекке каршы, мал-мүлк, үй-жай талашышат. Жетпей калганына «Бул дүйнө сенден да, менден да калат» деп коюшат.

* * *

Дилфуза да бир нерсени түшүнбөй жатат же түшүнгүсү келбейт. «Кудайдын казаны шашпай кайнайт», «Өч алуу дүйнөсү кайтат» деп коюшат элде. Бирөөнүн баласы — Камилага жамандык кылып жатып анын кесепети өз уулу Шахрухка тийип жатканын ал оюна да албайт эле. Уулу акыркы учурларда ушунчалык тоодон ылдый кулай баштаган. Али үйлөнө элек он тогуз жаштагы бул жигиттин өнүн тааный албай турган болуп кеткен эле...

* * *

Бул арада Максуд Камиланын кыштакта күйүп калган жээнин дарылатыш үчүн шаарга алдырып келген эле. Баланы облустук балдар ооруканасына жаткырганына да үч-төрт ай болуп калган. Өткөн убакыттын ичинде хирургдар баланын бети-башын мурунку көрүнүшүнө кайтарууга жетишти. Бир-эки айлык тыныгуудан кийин Исламжанды Москвага алып барышат. Ооруканада апасы бирге жатат. Эмне керек болсо, баарын Максуд өзү алып келип берип турат. Канткенде да арабызда жакшы адамдар көп да. Алар жалаң эле өздөрүнүн жакындарына, тууган-уругуна гана жардам берип колун созбой, бейтааныш адамдарга да колдоо көрсөтүүгө даяр. Тапкантутканын жетим-жесир, бей-бечаралардан такыр аяшпайт. Колунда жокторго мүмкүнчүлүгү жетишинче жардам беришет. Кең пейилдик, мээримдүүлүк адамдардын баарына береке берсин!

* * *

Өлүмдүн алдында падыша да, кедей да бирдей экен. Ажал албетте сексенге жакындап калган Мардан акани да айланып өтүп кеткен жок. Адам баласы каза болуудан качып кутула алмак беле? Биз андан канча качпайлык, жашырынбайлык, ал баары бир бизди керек болгон учурда таап алат. Мардан ака менен так ушундай болду. Анын жан таслим болгонун эртең мененге чейин эч ким билген жок. Анын жаны ире-ширеде, мечитте азан окула баштаганда үзүлгөн эле.

Кыскасы, бир чоң үйдү жөлөп турган чоң бир устун, өлкөн чынар кулады, жаракка кетти. Ата ааламдан өттү. Ата!

XV бөлүм

Арадан беш-алты ай өттү. Бул мезгилдин ичинде раматылык Мардан аканин бардык расмилери өткөрүлүп бүттү. Турмуш болсо баягыдай эле уланууда. Мардан аканин өлүмү анын балдарын кыйла эсеңгиретип койду. Акын Сабит Мадалиев айткандай, уул бала «үйлөнгөндө» эмес, балким атасы каза болгондо чыныгы эркек болот экен. Себеби Максуд бир топко чыгып калса да баары бир азырга чейин атасына бала бойдон эле да. Ал Мардан акани «ата, ата» деп өкүрдү го акыры...

* * *

Турмуш мыйзамы ушундай экен. Бирөөнү алып, бирөөнү берет тура. Чамасы жарык дүйнөгө келүүчү адамдардын саны да эсептелип коюлат окшойт. Мардан акаге чебере көрүү буйруган эмес экенби, чоң атасы тирүүсүндө Камила перзенттүү боло албады... Ким билет? Балким бул жөн эле туш келип калгандыр... Деги эле Мардан акани тааныбаган адам жок экен. Тажияга адамдар келе берди, келе берди. Ананчы? Ал бүткүл шаарга таанымал киши болсо. Айтыла калчу сөздөргө караганда Мардан аканин ата-бабалары түпкүлүгүнөн зергер болушкан экен. Ал Васила эжеге үйлөнгөндө жаңыдан армиядан кайтып келген экен. Беш-алты жылдан кийин Улуу Ата Мекендик согуш башталып кетиптир. Мардан ака кенже уулун согуштан жарадар болуп кайтып келгенден кийин «тапкан». Алар Васила эже менен тууган болуп кетишет экен. Болочок колуктусун ал биринчи ирет көрүп эле жактырып калыптыр. Васила эже өзү да жаш кезинде абдан сулуу болгон экен. Чачтары такымына чейин түшчү дешет. Ал дагы Мардан акаге турмушка чыгып жаман болгон жок. Күйөөсү аны өмүр бою ханышалардай асырап алып жүрдү. Бирок, «Ар ашыкка бир доор» дегендей, алардын да доору сайдагы суу катары акты да кетти. Артында урпактары гана калдЫ.

* * *

Камиланын дагы кош бойлуу болуп калганын угуп, Кабыл ичинен сүйүнүп калды. Ал дагы көпчүлүк эркектер сыяктуу эле биринчи баласы уул болушун көксөдү. Иши кылып аялы эсен-аман көз жарып алса болгону. Аларды суук сөздөрдөн кудай өзү сактасын!

Ооба, Кабыл адегенде ата боло албай калып арманы күчөп жүрдү. Ошол күндөн тартып анын ички дүйнөсүн кандайдыр бир чочулоо, кыжалат сезимдери ээлеп алды. «Бул жолу ал өз мезгилинде эсен-аман көз жарып алар бекен?» деп ойлочу болду. Ооба, эми Камиланы өтө этияттайт. Керек болсо кыштакка алып кетет...

Бул ортодо Максуддун эжелери Ибадатхан жана Саадатхандын неберелери биринин артынан бири күйөөлөрүнөн ажырашып келишти. Алардын Камилага кандай байланышы бар деп ойлорсуз. Көрсө, бар экен, «Эмне үчүн Камиланын тексиз күйөөсү аялын бөпөлөп алып жүрөт да, булардын тектүү неберелери бирден балдары менен ажырашып келишет?» Ошентип, карыса да тыным билбеген эжелер да Камиланын бактысына көздөрү күйө баштады.

Камиланын болсо кубанычы койнуна батпай жүрдү. Ал ичинен кубанса да, анысын жашырууга аракеттенди. «Көз тийип» кетүүсүнөн коркор эле. Иши кылып ага да бардык аялдардай эле эне болуу напсиси буюрсун! Уулкыздарды көрсүн. Көпчүлүктүн катарында чүрпөлөрүн бооруна бассын. Кабыл дагы ымыркайдын жытына мас болуп, анын ыйлаганынан түндөрү уктабай чыксын. Деги эле сиз ымыркайдын жыты келип турган үйдө болгонсузбу? Бул жыт кандай лаззаттуу, ээ? Аны мен турмуш

жытына окшотом. Ымыркай сизди түн бою уктатпайт. Жагымдуу чарчоолорго дуушар кылат. тез-тез ынгыранат. Энеси аны колуна алып узак-узак кыялдарга чөмүлүп жатып эмчегин эмизет. Көздөрү толо уйку. Кээ бир түндөрү уктабай алдейлеп чыгат. Бул «алдейди» тыңшап жатып бүткүл маале эс алып жаткандай сезилет. Ах, кандай ширин энелер булар! Иши кылып бардык адамдардын үйүнөн алдей үнү жаңырып турсунчу!

* * *

Мардан ака кайтыш болгондон кийин Алимовдордун үйүнө «чок» түштү. Берекеси кетти, мээримдүүлүк жоголду. «Карысы бардын ырысы бар» деп бекер айтылбайт тура. Али атасынын жылдыгы өтө электе ага-инилер, абысындар бири-бирине тетири карап калышты. Үй-бүлөдөгү бул кырдаал Мардан аканин жеке менчик ишканаларына өз таасирин тийгизбей койбоду. Дүнүйө, байлыктын алдында ага-инилик, туугандык сезимдер да көзгө көрүнбөй калды. Баары жалаң өзү жана бала-чакасы жөнүндө гана кайгырчу болуп кетишти.

* * *

Сиявуш чоң атасы Мардан акаге караштуу ишканалардын бирине жетекчилик кылат. Иштери жаман эмес. Бирок, алиге чейин Шахрух эсине кирген жок. Атасынын насааттары бир кулагынан кирип, экинчи кулагынан чыгып кетет. Ал нукул калп сүйлөөчү болуп алды. Гүланда да чоң эле кыз болуп калды. Ал сегизинчи класста окуп жатат. Тууган агалары менен мамилеси да дурус эле. Бир гана апалары тил табыша алышпайт. Деги эле эки-үч келиндин бир короодо жашаганынан жаман нерсе жок экен. Ырас, ортодогу бир үйдө жылуу мамилелешип жашап келе жаткан үй-бүлөлөр да жок эмес. бирок, беш кол барабар эмес да...

* * *

Камила дагы кош бойлуу болуп калганын уккан Дилфузанын жини кайра козголду.

«Бул жашабагыр мышыктай эле балалай берет окшойт. Кечээ эле боюнан түшпөдү беле?!. Арадан беш-алты ай өтпөй дагы бооз болуп калыптыр да бул мышык...»

XVI бөлүм

Эй, Камиланын эми эле жаралган баласы! Бечара ымыркай, мынча неге сенин пешенең шордуу болду экен? Сен али жарык дүйнөгө келүүгө үлгүрбөй жатып, сенин турмуш жолуңду тосуп, бактыңды байлап салчуулар бар экен го, бул ааламда. Сен ушундай кырдаалда нурдуу жашоого кантип кадам таштаар экенсиң? Маңдайыңа эмнелер жазылып коюлду экен? Мейли, келе бер! Сени сактоочу алла талланын өзү бар!

Аялынын карөзгөйлүгүн жакшы билген Максуд Камиланын ал-абалынан тез-тез кабар алып турду. Шафаат эже менен күйөө баласына Камиланы этияттоолору жөнүндө эскертип жүрдү. Өзү да кызынын бактысы үчүн күрөшпөсө болбойт. Бул жолу ал Дилфузанын кара ниет оюн ишке ашырууга тоскоол болбосо болбойт. Эгерде Камилага каршы бир нерсе кылса, ал эми, Кудай акы, аялын соо койбойт. Балдарынын энеси экенине да карабайт. Болду. «Бычак сөөгүнө такалып турат...»

* * *

Дилфуза болсо күйөөсүнүн ойлору жөнүндө эчтеке билбейт эле. Күндөн күнгө анын өчү күчөп бараткан. Дилфузанын Камилага кандай максатта жамандык кылгысы келгенин өзү да жакшылап түшүнбөйт эле. Себеби ага бул «өч», бул «душман» деген түшүнүктөр өнөкөт болуп калган. «Жамандык кылса болду, калганы менен Дилфузанын иши жок».

...Ал ойлонуп-ойлонуп отуруп акыры бир пикирге келди. Бул жолу Камиланы да Кабылды да рухий жактан мүңкүрөтөт. Кайдагы зөөкүр менен итке ишенип жүрө бергенин карасаң. Дилфуза да «күндөшү» Гүландадан алалбаган өчүн анын кызынан, бул да жетпесе анын төрөлө элек небересинен болсо да алып алса болгону да! Кызгануу, жек көрүү — булар кандай жийиркеничтүү нерсе ээ? Алар адам өлтүрткөнгө чейин алып барышы да мүмкүн.

«Дилфуза бул жолу Камиланын башына анын апасынын азабын салат. Мейли, төрөй берсин. Бирок, баласы жетим калат. Ооба, ооба, сагыр болуп калат! Азыр эмне көп төлгөчү көп. Бирөөсүнө азыраак эле акча берип койсоң оной эле Камилага анын эң «коркунучтуу» тагдырын

сүрөттөп берет. Камила менен Кабылдын өткөн жолку «окуядан» кийин жүрөктөрү түшүп калган. Чочуп калган жүрөктү андан бетер сарсанаага салып кыйнаштан оюю жок...

* * *

Адам канчалык этият болсо да «жылан» өзүнүн жыландык ишин кыла берет экен. Дилфуза сыяктуу кытмыр аялдар мындай айла-аракеттерди көзүн жумуп туруп жүзөгө ашырып жиберишет...

Ошол күнү Дилфуза жалдаган палчы аял үйдөн-үйгө өтүп «пал ачып» жүрдү. Үй кызматындагы аял ал күйөөгө чыга албай жүргөн кыз эле. Сахабат болбогондо бул желмогуз аял Камилалардын үйүнө кире алат беле? Тилекке каршы, палчы аялдын сөздөрүн укkан жымшык көздүү, чон мурундуу бул Сахабаттын оозу ачылып калды.

— Ай, карегим, жолуңузда бир ханзада турат. Ал сизге үйлөнот, эки кыз, бир уулдуу болосуңар. Сиз чыныгы ханыша болосуз. Мындан да кооз короодо жашайт экенсиңер. Кош-кош машиналар. Бүткон боюңа тагынчу алтын жасалмалар...

Ушул учурда ичкериден Камила чыгып калды.

— Сахабат эже, ким экен ал? Ким менен сүйлөшүп жатасыз?

Камиланын үнүн угуп, Сахабат адегенде чочулай түштү да, кийин өзүн колго алып кетти.

— Бакшы экен, Камилахан. Күтүлбөгөн жерден эле келе калып пал ачып жатат... Келиңиз, сизди да бир көрсөтүп коёюн. Уул төрөйт бекенсиз же кызбы?

Ал өзү күтпогон жерден ушинтип алып кайра өзү кыжалат болду. Негизи Сахабат куник эле эмес, бир аз дабдырыраак да эле. Кээде ойлонбой туруп эле бир нерсени «шалп» этип айтып салчу...

— Жок, рахмат! Мен палга ишенбеймин,— деди Камила бул сунушту четке кагып.

— Ошондой болсо да келиңиз, бир «көрүп» коёт да. Сизден эмне кетиптир, Камилахан! Ал айтып коёт, сиз кааласаңыз ишенесиз, каалабасаңыз жок.

Сахабат менен палчы кыстап отуруп акыры Камиланы көндүрүштү. «Көзү ачык» аял болсо ынгайлуу учурдан пайдаланып, Камиланын алаканын жайдырып, анын «тагдырын» айтып бере баштады:

— Ээ, кызым... Эмне дешимди да билбей турам. Ишиниз чатак экен... Боюнузда кыз бала бар, бирок, ымыркайды көрө албайт экенсиз...

Төлгөчүнүн сөздөрүн көңүл коюу менен угуп отурган Камиланын өңү заматта аппак болуп кетти. Көңүлү айнып, өзүн араң токтотуп турду.

XVII бөлүм

Кабыл үйгө келгенде Камила терезенин жанында ойго батып отурган. Аялынын агарган өңүн көргөн Кабыл тынчсыздана сүйлөдү:

— Деги тынчылыкпы, Камилахан? Жүзүндө кан жок. Көңүлүң да жайында эмес. Эмне болду? Тынччылыкпы деги?

— Тынччылык, тынччылык, Кабыл аке. Тынчсыздандыңыз... Мен... өзүм... ушунчалык...

— Жок, мени алдаба. Чындыгын айта бер. Бир нерсе болдубу? Сүйлөчү акыры, кишинин жүрөгүн түшүрбөй?

Сезимтал күйөөсүнө болгон ишти айтып бермейинче андан кутула албай турганын билген Камила болгон окуяны баяндап берди.

— Муну сизге айтпай эле коеюн деген элем. Сөз кылууга деле арзыбайт.

— Анда неге өңүң мынчалык бузулган? Кана, эмне экен ошол айтууга арзыбаган «нерсе»?

— Жатакана бөлмөдө китеп окуп жатсам тыштан бирөөлөрдүн үнү угулуп калды. Кызыгып короого чыксам, лөлү аял келип Сахабат эжеге пал ачып берип отуруптур. Алар мени да чакырып алышып, ой-боюма койбой пал ачышты. Ошондон кийин... Ошондон кийин...

Ушуну айтары менен Камиланын өңү агаргандан агарып, бүткөн бою титиреп кетти.

— Аягы эмне болду анан?

Камила унчукпай калды.

— Сага эмне болду, Камила? Сүйлөчү, аягы эмне менен бүттү? — деди Кабыл туталанып.

— Айталбаймын,— деди Камила кекечтенип.

— Эмнени айталбайсын? Эмне болду өзү? Дурустап түшүндүрүп сүйлөсөң боло?

— Ал мага «Кыз төрөйт экенсиң, бирок, сизге баланызды көрүү буюрбаптыр» — деди.

Кабыл адегенде бул сөздүн маанисине түшүнгөн жок. «Бул эмне дегени» деп бир азга ойлоно түштү. Бир аздан соң сөздөрдүн маңызы сезимине жеткенде сестене түштү. Бирок, өзүнүн кыжалат болгонун аялына сездирген жок... Тескерисинче өзүн колго алып сүйлөдү.

— Болбогон кеп. Кайдагы палчыга ишенип? Адам ушунчалык да ишенчээк болобу? Төлгөгө ишенчү эмес элең го? Кайдагы көчө кыдырып жүргөн ошол лөлү катындын сөзүнөн ушинтип көңүлүң чөгүп отурса... Койчу...

Камила болсо унчукпай отура берди. Ортодо пайда болгон көз ирмемдик жымжырттыктан кийин Кабыл ордунан туруп айванга чыкты да, «Мальборо» кутучасынан сигарет алып тарта баштады...

* * *

Ал күнү Кабыл да, Камила да уктабай чыгышты. Алар уктай албай жатышса да, бири-бирине уктагандай түр көрсөтүшүү.

«Эй кудай, сен бизди мынчалык эле сынай бердүң болдуң? Башыбызга дагы кандай балээлерди салганы турасың? Ушул сөз чын чыгып калабы? Жок, жок! Андай болушу мүмкүн эмес!» Кабылдын кыялынан мына ушундай ойлор кайра-кайра келе берди.

«Чын эле ал ымыркай кызы менен жалгыз калсачы?! Баласы чоңоюп «Апам каякта?» деп сураса ага эмне деп жооп берет? Кандай жаман. Жок, жок! Кудай сактасын андан. «Аъузу биллахи минаш-шайтанир ражийм, бисмиллахир рахманир-рахийм... деп кайра-кайра келме келтирип жатты Кабыл. Ал өзүн канчалык алдабасын, баягы жүрөктү опкоолжуткан ой анын санаасын санга бөлө берди.

«Алла таалам! Өзүң колдой көр! Өмүрлүк жарымды өз канатыңа катып асыра! Бироонүн жаны керек болсо мына менин жанымды ал! Баламды апасынан айырба! Мең мындай кайгыны көтөрө албайм...»

Камила да таң атканча кудайга жалынып-жалбарып чыкты. «Эй, жараткан, иши кылып кошулганым менен тең картайт балабызды жетим кылба! Ал бироолордүн колунда калып кетпесин. Перзентибиз кыз болсо жок дегенде аны балакатка жеткирип алууга мүмкүнчүлүк бер!

Кийин каалаган учурунда менин жанымды алсаң ыраазымын. Бир гана суранарым: менин башыма апамдын тагдырын сала көрбө! Бир бакыт берип коюп аны кайра тез эле алып коймокчусунбу? Өзүң өйдө көтөр бизди!»

«Кааласаң мени кандайдыр бир дартка кириптер кыл. Бирок, Камиламды эсен калтыр! Аны каалабасаң өмүр бою нанга зар кыл! Бир гана өтүнүчүм: Камиламды аман калтыр. Мейли, мени кыйна, азапка сал, бирок, Камиламды, төрөлө элек баламды өз канатыңа асыра!» — деди Кабыл ичинен.

XVIII бөлүм

Кабыл да, Камила да эрте турушуп, жуунушуп-таранышып, эч нерсе болбогондой эртең мененки чайга олтурушту. Алардын өндөрүнөн жылмаюусунда да, узакка созулган сүйлөшүүлөрүндө да кандайдыр бир жасалмалуулук сезилип турду.

Кабыл пияладагы чайын ичти да, ордунан туруп күзгүгө каранып, галстугун оңдой кетти. Бирок ал сабакка жөнөп жатып сүйүктүүсүнө эмне деп үйдөн чыгып кетишин билбей олку-солку болуп турду. Акыры ал өзүн колго алды да, жөтөлүп сүйлөдү:

— Камила, кааласаң бүгүн бир шаарды айланып келели. Мен сабактан келгенче сен даяр болуп турсаңыз алып кетем.

— Чын элеби?! — деди Камила ортодогу ыңгайсыздыкты жымсалдаш үчүн. Үч-төрт күндөн бери өзүм да сабакка барбай калып кыйла зеригип калдым эле.

— Бабур театрынын жанындагы оргуманын айланасында кечки салкында бир-эки саат эс алабыз...

Кабыл машинасын минип көчөгө чыгайын деп жатып дагы баягы желмогуз катындын суук кебетесин көз алдына келтирди да, көңүлү алда кандай бузулуп, кусуп жибере жаздады. Анын өңү дубал сыяктуу агарып кетти. Машинанын рулун кармап турган колдору титиреп кетти. «Астагфуралла, астагфуралла» деп кайра-кайра күбүрөп жатты ал...

Кабыл сабакта да тынч олтура албады. Анын ою дагы баягы суук кебетеде, боло берди...

* * *

Арадан бир апта өттү. Камила ал жакта, Кабыл бул жакта ары барып, бери келишти. Жамандык жонүндөгү ойлор бир аз чегингенсиди, бирок кээде-кээде Кабылдын жүрөгүн баягы «суук кебете» туйлата берди. Бул жолу айрыкча ал Камиланын жанына отуруп жатканда же анын көздөрүнө тигилип турганда ошол сезим «кылт» этип оюна келип, барган сайын күчөй берчү. Кабылга эмнегедир эртең-бүрсүгүнү эле ушул кереметтүү көздөрдү жоготуп коё тургандай туюла берет. Ушундай учурларда ал айланып келиш үчүн көчөгө чыгып кетчү. Акыркы учурларда ал өзгөчө көп тынчсызданчу болуп кетти. «Чын эле пешенем ушундай шордуубу»? Жок, жок. Сактап калуучу алла таала бар го! Ага күнү-түнү жалынып-жалбарам өтүнөм Камилама өмүр сурайм. Түндөрү уктабай чыгууга да даярмын. Керек болсо Камила көз жара турган күнгө чейин тынымсыз кудайдан Камилама өмүр суранам. Биз албетте бактылуу болобуз. Аларга тойлор өткөрөбүз. Небереле көрөбүз...

* * *

Кудай аялдарды ушунчалык чыдамкай кылып жараткан экен алардын денеси эркектерге салыштырганда бешон эсе күчсүзүрөөк болсо да жүрөктөрү абдан март болот. Аялдар укмуштай сабырдуу токтоо келишет. Ошол үчүн алар ар кандай күтүлбөгөн бактысыздыкты да токтоолук менен жеңип чыкканга аракеттенишет. Тагдырга тан беришет. Эркектер болсо аялдардан бийик баскычта деп эсептелинсе да бир аз чыдамсыз келишет. «Тиши ооруп калса жуурканга чүмкөнүп жатып калышат. Аял киши болсо өзү ысытмалап чүнчүп, титиреп-калтырап турушса да күйөөсүнүн ооруган тишине туз ысытып басышат. Ооба, эркектердин жаны ошондой «таттуу болот».

* * *

Кабыл баягы күнкү палчыны эсинен чыгарып жиберүүгө канча аракеттенсе да баары бир анын жагымсыз өңү сүлүк сыяктанып анын ичин кемире берди. Ал түндөлөрү жатарда жаздыкка башы тиер замат Кудайга өтүнүч менен кайрылып Камилага өмүр сурайт. Ал өз кыялында жок дегенде төрөлө турган кызынын өмүрүн Камиланын өмүрүнө алмаштырып беришин сурайт да. «Мен эмне деп жатам өзү? Тообо кылдым тообо кылдым» дейт ичинен.

Ал бир нече күндөн бери көзү уйкуга кеткиче тынбай кудайга жалынат уктап кетсе чочуп ойгонуп дагы Аллатаалага кайрылат. Жалынып-жалбарат анан кайра уктап кетет. Көп өтпөй кайра чочуп ойгонот да кайра-кайра жаратканга жалынат...

Палчынын оозун шамал жулуп кетсин! Куттуу үйгө жолотпосун аны Камила менен ымыркайды өз канатына катып асырасын.

Ооба күнү-түнү алла таалага өтүнүч менен кайрылгандан чарчабайт. Керек болсо ал аялы көз жара турган күнгө чейин Кудайга тынымсыз сыйынып чыгат. Алла таала анын аруу тилегин уксун сүйүктүүсүнө ырайым кылсын...

Билбейм каарманыбыз буга кудурети жетер бекен? Анын эркин күчтүүбү же дүйнөнүн иштеринин алдында ошончолук сокурбу? Эми аны убакыт көрсөтөт. Убакыт — улуу сот. Анткени акыркы түндөн тартып Камиланын көз жара турган күнүнө чейин туптуура сегиз ай жана сегиз күн калган эле...

V ГЛАВА

I бөлүм

Ошко да күз келди. Бак-даректар үстүндөгү атлес кийимдерин бут алдына чечип таштагансыйт. Теректердин алакандай коңур сары түстөрү жалбыректары жерде чачылып жатат. Күзгү салкын жел жүрүп, бактерди ары-бери учурууда. Бир жамгыр жаап, кайра күн чайыттай ачылат. Камиланын айы-күнү жакындап калган. Ал өткөн күндөрү эки ирет ооруканага жатып чыкты. Каны азайып кетиптир. Анткени, ал балалык чагынан тартып тое тамак жебей чоңойбодубу. Раматылык Айбарчын эже кызалагына тапса сүт, таппаса аран дегенде бир сындырым нан бере койчу. Мына ошол жокчулук жылдардагы жетишпестиктер Камиланын ден соолугуна эми өз таасирин тийгизүүдө. Айбарчын эже Камиланын курсагын көбүнчө жакшы кеп, ширин сөз менен тойгузчу. Бир даана мейиз тапса да кызына жедирер эле. Өзү кээде бир-эки күн наар тартпай калган учурлар до болгон.

* * *

Бул арада Максуддун башына дагы бир мүшкүл иш түштү. Бир-эки күн мурда кызы Гүланданы кимдир бирөөлөр уурдап кетишти. Ал ошол күнү мектептен кайтып келе жаткан эле. Гүланда эми эки кочөнүн кесилишинен өтүп кетейин деп турганда жанына бир машина келип токтоду да, ичинен эки олбурлуу жигиттер чыгышып, кыздын оозу-мурдун дымдашып машинага олтургузушуп алып кетишти. Дилфуза бул шумдук кабарды

угуп акылынан ажырап кала жаздады. Максуд эркек болгону үчүн гана өзүн-өзү колго алды.

— Ай, шорум ай, эми эмне кылам? Деги эмне болуп жатат бул ааламда? Кызымды кандай айбандар алып качышты экен?! Эй, кудай, мен сага эмне жамандык кылдым эле? Кайсыл күнөөм үчүн мени мынча маскарлап жатасың?! Ай, шорум ай, үйүм күйүп кетти го. Сиз неге унчукпай отурасыз? Тезирээк бирдеме кылсаңыз болбойбу? Кызымды өлтүрүп коюшпасын дагы... Ата болбой калыңыз ! Камилаңызды уурдап кетишкен болсо минтип кол куушуруп олтурбайт элеңиз. Эх, жападан-жалгыз кызым. Акыры ал кыз бала эмеспи! Вай шорум, эми кантем! — деп Дилфуза айкырып-кыйкырып алакандары менен тизелерин чапкылады.

— Болду, токтот ыйыңды! Мен ансыз деле боорум эзилип турам. Мен азыр эмне кыла алмакмын. Же кызыбыздын каерде экенин билбесем. Милицияга кабарлап койгомун. Жергиликтүү телевидения аркылуу элге Гүланданын сүрөтүн көрсөтүп жарыя салдык. Эми бизди алла таала өзү колдосун, Гүланданы өзү сактасын! Кудай кааласа, тез арада аны табабыз,— деп Махмуд аялына кайрат айтты да, өзү «Мындай күтүлбөгөн жорукту кимдер жасашы мүмкүн» деп башын мыкчып отуруп калды.

Ушул учурда күтүлбөгөн жерден телефон шыңгырап калды. Башына түрдүү ой келип, баштары катып отурган үй ичиндегилер тынчсыздана бири-бирин тиктешип Максуд ошол замат чуркап барып телефондун кулагын көтөрдү.

— Алло, бул Максуд Алимовдун үйүбү? — деди бирөө.

— Ооба. Сизге ким керек эле?

— Максуд!

— Мен угуп жатам, сиз ким болосуз?

— Менин ким экенимди билбей эле койсоңуз деле болот. Анын зарылчылыгы жок.

— Эмесе неге бизге телефон чалдыңыз? — деди Максуд ачуулана түшүп.

— Ай-ай, аксакал, өпкөңүздү баса туруңуз. Мени менен мындай маанайда сүйлөшпөңүз, албетте, эгерде кызыңыздын өмүрүнөн үмүт этсеңиз...

— Ыя! Эмне дедиң эй акмак! Кызың дединби? Ал азыр каерде? Сен өзүң кимсиң?

— Менби? Балким болочок күйөө баланыздырмын —

деп каткырып күлүп жиберди телефондун аркы башында күркүрөп сүйлөгөн бейтааныш адам. Ошентти да телефонду коюп койду...

Махмуд болсо улам «Алло, алло» деп телефон трубкасын үйлөп жатты. Бирок, эми андан «Туу-у-ут» деген дабыш гана чыгып жатты. Күйөөсүнүн бейтаныш менен сүйлөшкөнүн ары жактан жаны чыга жаздап угуп турган Дилфуза жетип келип ачуусу менен телефондун трубкасын Максуддун колунан тартып алды.

— Алло, алло, жооп бер, кайда жоголдун? Кимсиң сен өзү? Кайда менин кызым? Ал эмне болду? Тирүүбү деги? Неге унчукпайсың? Жооп бер, айбан! Колго түшүрсөм соо койбойм. Кызым бирдеме болсо көздөрүңдү оюп алам! — деп бакырып жатты Дилфуза телефон трубкасын алаканы менен кыса кармап...

II бөлүм

«Балээ келсе кошмоктошуп келет» дегендей болду. Максуд менен Дилфуза Гуланданы жоготуп алышып, көңүлдөрү чөгүп отурган кезде Шахрух жонүндө ооруканадан келген бир кабар экөөнү тең эсеңгиретип койду. Кенже уулдары бул учурда наркологиялык диспансерде оор абалда жатыптыр. Дилфуза бул кабарды угуп, чачтарын чеңгелдеп айкырып-кыйкырып жиберди. Максуд жүрөк тушун мыкчыган бойдон отурган жерине оонап түштү. Ал эсинен танып калган эле. Дилфуза болсо жерге жата калып жөрмөлөп жүрүп ыйлады...

Үй кызматкерлери чаң-тополоң түшүшүп, ары-бери чуркап жүрүштү. Бири телефондон «Тез жардам» чакырып, бири дары-дармек көтөрүп Максуддун жанына шашылат. Машраб жерде жаткан агасынын жүрөк тушун укаласа, Сиявуш агасынын бутун кармалайт. Келиндери болсо Дилфузанын айланасында күйпөлөктөшөт. Ал абысындарын түртүп жиберип, ордунан туруп алда немелерди сүйлөнүп жатты. Бирде күлүп, бирде эчкирип ыйлайт. Анын чачтары жазылып кеткен. Көздөрү кызарып канга толгон.

— Кызым, кызым, Гүландам кана? Кана деп жатам,— дейт ал ыйламсырап. — Шахрух, Шахрух! Ал өлдү, өлүп калды. Ишенбейсиңерби? — деп каткырып күлдү. — А

жо-ок, неге өлмөк эле? Калп айтасыңар! Ал тирүү. Өлгөн жок! Кызым Гүланда өлдү. Шахрухту болсо уурдап кетишти,— деп дагы күлдү Дилфуза.

— Вай дат! Жалган, баары жалган! Балдарым тирүү, сак-саламат! Менин Гүландам үйдө, ал уктап жатат. Шахрух болсо достору менен көчөгө чыгып кеткен. Уктуңарбы? Жок, жок, жок! Алар өлүшкөн жок. Мына, мен тан бердим, мен өлгөмүн. Алар болсо тирүү! Угуп атасыңарбы, тирүү! — Дилфуза ушундай чалды-гуйду сөздөрдү тез-тез кайталап, ый аралаш күлүп, күлкү аралаш кайгы чегип жатты. Ал жылаң аяк бойдон көчөгө чуркап кеткен эле, үйдөгүлөр араң тутуп кайра алып келишти...

* * *

Шахрух өтө жаш кетти. Ал «уу чөптөрдүн» заттарын өтө эле көп түтөтүп чегип жүрүп ааламдан мезгилинен эрте кетти. Максуд реанимация бөлүмүнө жатып калды. Дилфуза болсо врачтар канчалык дарылашса да жандалбастап каткырышы токтобой койду. Ага тынчтандыруучу атайын көйнөк кийгиздирип, ийне артынан ийне сайышууда. Бирок, ал деле ар нерсени алжып жатты...

Шахрухтун сөөгүн агалары, тууган-уругу эртеси бешимден кийин чыгарышты. Аттиң, ал өтө эрте набыт болду. Али он гүлүнөн бир гүлү ачыла элек бул жигитти алдыда дагы канча-канча жарык күндөр күтүп турган эле. Ал да бир сулууга күйөө болуп, үй-бүлө башчысы, балдарына ата болушу мүмкүн эле. Бирок, бул мүмкүнчүлүктөрдөн пайдалануу өзүнө эп көрбөдү. Өмүрүн сары чакачалык да көрбөдү. Бул жарык күндөр канчалык бактылуу экенине акылы жетпеди. Кантесиң, арга жок. Болор иш болду. Жайы бейиште болсун. Эч ким мезгилсиз, өмүрүнүн гүлдөп турган чагында көз жумбасын...

* * *

Аркы үйдөгү болуп өткөн мындай кайгылуу окуяларды укkан Камила да өзүн коёрго жай таппай жүрдү. Ошол учурда ал толгото баштады. Ичи-боору кысылып, бели үзүлүп кетчүдөй ооруп жатты.

— И-и-й, и-и-й,— деп онтоп жатты ал. Же жатышын, же отурушун билбейт. Ооруга чыдабай бөлмөнүн

бул бурчунан аркы бурчуна басып келет. Камиланын онтогонун укkан Шафаат эже шашып-бушуп анын үстүнө кирди.

— Кызым, эмне болду? Каериңиз ооруп жатат? Белиңизби?

— Ооба,— деди Камила угулар-угулбас.

— Башталып калыптыр балам, эч чочулаба, баары жакшы болот. Кудай кааласа оңой эле бошонуп аласыз. Мен азыр ысык чай алып келем. Сиз керебетте отура туруңуз,— деди Шафаат эже Камилага жардамдашып үстүнө жуурkан жаап жатып.

Бирок, Камила түк жата албай койду. Буту күйгөн тооктой белин кармалап, керебет, диван, стол, стулдарга таянып, ары-бери басат.

Бул арада Шафаат эже да чай демдеп алып келип, ысык-ысык ичирди. Бир аздан кийин ал өзүнө келе түшкөнсүдү. Аны көрүп Шафаат эже:

— Бир аз бошоттубу, кызым? — деди.

— Ооба, бошой түшкөнсүдү.

— Андай болсо бир аз жатып эс алып алыңыз,— деди жаңандын үстүндөгү саатты тиктей. — Сиз жата туруңуз. Мен тезинен тамакка киришейин. Күчтүү тамак ичпесеңиз болбойт...

Андан соң Шафаат эже бир пияла күрүч салып аш бышыра баштады. Бул арада Камиланын толгоосу дагы бир нече жолу кармап, кайра бошотту. Шафаат эже тез-тез саатты карап жатты.

«Дагы бир аз бар окшойт. Жакшы жетилсин. Төрөтканага дурустап бышырып алып барбасам болбойт. Ал жердегилер кыйнап коюушу мүмкүн...»

* * *

Кабыл болсо сыртта машинасын жолго камдап коюп, тамекисин түтөтүп, ары-бери басып турат. Анан эле ичкери жактан «ах, ах» деген үн угулду:

— Ай, жаным ай! Апаке! Эже! Ох, ох,— деп Камила онтой берди. Анын бүткөн боюнан кара тер сызылып агып жатты.

Шашке болуп калганда Шафаат эженин ашы да бышып калган эле. Ал Камиланы алдап-соолап аштан жедирди. Артынан чайдан баса-баса ичирди.

...Айбарчын эже менен Гүланданын арбактары да ушул

жерде эле. Алар Кудайдан кызына «ак жол» суранышып, тынбай бата кылышат. Экөө бири коюп бири Шафаат эженин жан дүйнөсүнө киришип чыгышууда. Шафаат эженин колдору аркылуу Камиланын белдерин сылагылашат. Эриндерин күбүрөтүшүп, кызына дем салышат. Камила кайра-кайра күйөөсү Кабылды тиктейт. Камила ошондо өзүнүн баягы машакаттуу түшүн эстеди. Себеби Камила көз жара турган күнү жанталашып жатканда сыртта Максуд күтүп турган эмес эле. Кудайга шүгүр, кызынын башына анын күнү түшпөдү. Күйөө баласы кызы Камилага жан тартып, тынчсызданып олтурганын көрүп ичинен кубанып турду...

* * *

Шафаат эже эми саатты тез-тез карап жатты. Убакыт өткөн сайын Камиланын толгоосу тезирээк кармай баштады. Ал сыртка чыгып Кабылды чакырды.

— Уулум, келиңиз эми. Камилаханды кийинтели. Эми аны төрөткanага алып барсак болот,— деди да жертөлөгө түшүп бир табака ун алып чыгып, аны Камиланын башынан айлантып, текчеге коюп койду...

* * *

Дагы жакшы Севара бар экен. Ташкендик кудалар беш-он киши болушуп, Шахрухту жерге бергенден бир нече күн мурда келишкен эле. Халисхан эже, эжелери, тууган-уругу баары Мардан акенин үйүндө. Алар ыйлап-сыкташып, келген-кеткенди тейлешүүдө. Максуд алиге чейин өзүнө келе элек. Дилфузанын абалы да баягыдай эле оор. Гүланда кызынан да дарек жок. Баарынын башы катты. Кемпирлер бир бөлмөгө жыйылышып, өткөн-кеткендер жөнүндө сүйлөшүп олтурушат. Кызматкерлердин да маанайы басыңкы...

Бул үй-бүлөнүн башына түшкөн мүшкүлгө мааладагилер айран-таң. Бул күндөрү ар түрдүү укук коргоо органдарынан адамдар келип-кетишүүдө. Машрап менен Мансур агасы Максуддан тез-тез кабар алып турушат. Камиланы төрөткanага алып кетишкенин угушкан Севара менен женелери Асрардын машинасына отурушуп, төрөткanага жөнөп кетишти. Алар барышканда Камиланы алда качан эле төрөт бөлмөсүнө алып кетишкен эле...

III бөлүм

Бардык жогу аппак болуп сырдалган бөлмөнүн ортосунда чоң керебет турат. Төрөтүүчү медик эркек киши эле. «Эркектин колу жеңил болот» деп коюшчу. Ошол чын чыксын. Камила эсен-аман бошонуп алсын...

Аялды түртмө керебетке жаткырышып ошол бөлмөгө алып киришкенде мээрман эжелер алдастап калышты. Төрөтүүчү акушер колдоруна резина колкап кийип, өзүнүн көндүм болуп калган ишине шайма-шай турду.

— Ну как, будущая мать? Будем рожать? — деди Игорь Алексеевич Камилага карай.

Бул эркек акушерди көрүп, Камиланын уялганынан толгоосу да качып кеткен эле. Врачтар күтө-күтө жадашкан соң толгоону күчөтүүчү укол берүүгө аргасыз болушту. Бул арада Игорь Алексеевич өзөк жалгап келгенге үлгүрдү. Ал төрөт бөлмөгө кирип келгенде Камиланын толгоосу күчөп калган эле.

— Ай, жаным ай, ай жаны-ым... Вай даат! Апаке-е, апакебай-ай!

— Кыйкырба, кыйкырба, жаман болот, сиңдим. Тынч жатыңыз,— дешти мээрман кыздар. — Ыйыңыз, ичиңизге күч келтириңиз! Баары жакшы болот. Эми эле төрөп аласыз.

Камила мээрман эжелердин сөздөрүн угуп турса да оорусуна чыдабай онтой берди.

— Апа-а, апакебай, ой жаным ай! Ай, кудай ай, мындан башка төрөбөйм. Кайдан да эрге тийдим? Өлүп калат окшойм. Башка чыдай албайм. Апакеба-а-й, апа! Аллам, өзүң күч-кубат бер! Мени, өз баланды канатыңа калкала!

— Болду, болду кызым, өзүңдү карма. Мына азыр, азыр... Ыйыңыз, ыйыңыз, кана... дагы... дагы... дагы...

Камиланы кара тер басып кеткен эле. Ал эмнегедир «Мен төрөй албайм, төрөй албайм» — деп кыйкырып жиберди.

Ооба, бул бөлмөдө жашоо улана турган болуп турат. Бул жерде бала эмес, өзүнчө бир аалам туулуп жатты. Бир адам баласы, бир өмүр, бир тагдыр жарыкка келе жатты. Ал кызбы, уулбу, аны кудайдан башка эч ким билбейт. Бул жалгыз алланын өзүнө гана белгилүү...

Ымыркай онтоп жибергенин укkан Камила кубанганынан ыйлап жиберди. Төрөтүүчү акушер шапалактай болгон «кызыл этти» колуна алып энесине көрсөттү. Ымыркай — уул эле. Ымыркайды көргөн бул жердегилер Камиладан бетер сүйүнүп кетишти. Алардын бири сүйүнчү алыш үчүн төмөн жакка чуркап кетти...

Мээрман эжени Камилага келгендер ороп калышты. Бир гана Кабыл тамекисин түтөтүп ары-бери басып жүрдү...

— Сүйүнчү бергиле, сүйүнчү! — деди мээрман кыз Севараны беттеп.

— Ким туулду?

— Уул, уул. Кана атасы?

Бул кабарды угушкан мындагылардын баары Кабылды издеп көчө тарапка чуркап кетишти.

— Кабылжан ука, сүйүнчү бериңиз! Мына, ата да болуп калыптырсыз.

Кабыл болсо Севараны тиктеп унчукпай турду. Анын эси оой түшүп, эч нерсе укпай жатты.

— Камила кантиптир, Камила,— деди ал эриндери титиреп.

— Камиланыз балбан экен. Унчукпай эле төрөп койду,— деди мээрман кыз артыкча каткырып...

Ошондон соң баары бул шаңкылдаган мээрман кызга өздөрү атап алып келген сүйүнчүлөрүн бир-бирден узата башташты...

Андан кийин баары Кабылды уулдуу болушу менен куттуктай кетишти. Кабыл ичинен терисине батпай кубанып кетсе да, анысын аялдардан жашырууга аракеттенди. «Кудайга шүгүр, «Кудайга шүгүр» деп келме келтирип жатты ал. Ошондон кийин алар аста-секин төрөткананын аркы тарабына өтүшүп, Камила жаткан бөлмөнүн терезесине жабылышты. Көп өтпөй терезе ачылып, бир мээрман эженин башы көрүндү:

— Күйөө бала кайда жүрөт, күйөө бала? Мына, уулун бир көрүп алсын. Чыныгы баатыр төрөлдү...

— Салмагы канча экен, сиңдим,— деди Севара кызыгуу менен.

— Үч кило, үч жүз...

— Ох-ох-ох, Алпамыш ко, Алпамыш,— деп айланадагылар бирин-бири тиктешти.

Кабыл болсо өзүнүн тун баласын тигиле карап, аталыктын таттуу ирмемдерин аптыгып-аптыгып жутуп жатты...

Төмөн жактагылардын бири ымыркайды Камилага окшотсо, дагы бирөөсү Кабылга окшотот. Ымыркай болсо тамшанып, жумулуу көздөрүн кыбыратып, жарык дүйнөгө келип калганына таңданып жаткансыйт...

IV бөлүм

Максуд төрт күн дегенде өзүнө келди. Байкуштун өңүндө кан жок эле. Ал экинчи жолу өлүмдөн калып олтурат. Көрөр күнү, ичер суусу бар экен, аман калды. Балачакасынын ырысына эсен болсун. Адам өз тагдырына тан бериштен башка аргасы жок...

* * *

«Аскерлик» шаарчага кире бериштеги жолдун боюнда бир медицина мекемеси бар. Бул жерге нерви талыкшып, руху чарчаган, оорукчан адамдар жатышат. Бирөөсүн бул жерге оор тагдыр айдап келген болсо, экинчисин тукум куун келаткан жан-жүрөк оорусу алып келген. Бирөө жашоо-тиричиликтин оордугуна чыдабай акылдан ажыраса, дагы бири кыянатка туруштук бералбай акыл-эсинен ажыраган. Ким бирөөнүн «көзү ачылып» кетип, ушул абалга дуушар болсо, дагы бирөө махабат машакатына кабылып мээси «айнып» калган. Бири бурчта тизесин кучактап отурса, башкасы чачтарын жайып жиберип бийге түшөт. Бири ыйлайт, бири күлөт. Экөө бирин-бири муунтса, бирөө жаздыкты бала кылып алдейлейт. Бул — аялдар бөлүмү. Алардын көпчүлүгү башына оор мүшкүл түшкөн шордуу аял-кыздар. Алла таала алардын баарына акыл-эстерин кайтарып берсин. Бул дүйнөдө эч ким эч качан акылдан адашпасын!

Дилфуза да бир аз басандай түштү. Тактап айтканда, ага берилген дарылар аны тынчтандырып койсо керек. Ал мурункусундай кыйкырып-өкүрүп, көп сүйлөбөй калды. Себеби ал уйку-соонун ортосунда жашап жаткан эле...

Эми анын бул дүйнөнүн түйшүктөрү менен жумушу жок. Эми анын дени соо адам түшүнбөй турган «түйшүктөрү» бар. Эми ага эки ааламдын ортолугу бир кадам болуп калды. Күйөөсү ким, баласы ким, өгөй кызы ким, эч кимисин тааныбайт. Анын көздөрү да мурдагыдай эмес. Каректеринде кандайдыр бир салкындык, боштук сезилип турат. Бети-башын бырыш басып, чачтары жазылган... Баягы сулуулуктун изи да калган эмес. Эми анын ан-сезими да, зээни да калган эмес. Ал азыр бузулуп калган роботту элестетет. Тооба!..

* * *

Кудайдын күндөрү көп тура. Дагы бир тан атты. Аалам да эч нерсе болбогондой. Бардык нерсе өз-өз ордунда тургандай. Чындыгында эле ушундайбы? Жок, арада алда канча иштер болуп өттү. Бирок, бул сыяктуу кубулуштар дүйнө үчүн эч кеп да эмес. Акыры, аалам менен убакыт адамзаттын ооруларын, кайгы-капасын кубанычтары менен кошо ушинтип эле унчукпай-нетпей жутуп жибергенге көнүп калышкан. Бул көптү көргөн дүйнө үчүн анча-мынча инсандык балакеттер чымын чакканчалык да эмес. Иши кылып баарыбызга алла таала өзү сабырдуулук, инсап берсин...

Мына ушундай күндөрдүн биринде Мардан аканин үйүндө тан заарында дагы телефон шыңгырап калды. Трубканы озунуп Севара алды. Зымдын аркы жагынан кечээ Максуд сүйлөшкөн бейтааныш адамдын үнү күркүрөдү:

— Кызыңыз Гүланданы тирүү көрөм десеңиз, биз айткан барымта акчаны төлөшкө туура келет...

— Алло, алло, ким сүйлөп жатат? Гүланда дединизби? Ал азыр каерде?

— Кызыңыз биздин колубузда. Ал тирүү.

— Аны биз канткенде биле алабыз?

— Мына, анын үнүн уксаңыз болот...

Ушул учурда ары жактан кыз баланын онтогон добушу угулду. Севара синдисинин үнүн дароо тааныды.

— Гүланда, сенсиңби? Сак-саламатсыңбы? Сага эчтеке кылышпадыбы? Азыр каердесиң?

Ошол замат трубканы баягы үнү күркүрөк адам жулуп алды:

— Бизди түшүндүнөрбү? Канчалык тез болсо ошончолук жакшы болот. Кызыңыздын баасы он миң доллар. Качан, каерде жолугарыбызды кийин айтабыз,— деди да, трубканы ордуна таштады. Севаранын кулагына «түтүлдөгөн» үн гана угулуп жатты. Ал кыйлага өзүнө келе албай турду. Колундагы тыңшагычты келини Бернара алып койду. Севара дале өзүнө келалбай жатты...

* * *

Арадан беш-алты күн өткөн соң Шафаат эже менен Кабыл, аркы үйдөн дагы үч-төртөө болушуп, Камиланы төрөткенадан чыгарып келгени жөнөштү. Үй кызматкерлеринин бири Лимузинди минип чыкты. Алар Камилага чоң-чоң гүлдестелер алышып, аны өзүнүн үйүнө алып барышты.

Алар ымыркайдын кыркын да ушул жерде белгилешти. Анан бир-эки айга кыштакка кетишти. Санабархан эже да, Шакир аксакал да неберелүү болгонуна өтө сүйүнүп жатышты. Ырас, кудаларынын башына түшкөн балекеттерден алар да бир топ кайгы чегишти. Айрыкча Шахрухтун мезгилсиз көз жумганына өкүнүштү. Санабархан эже бардык салт-санааларга катышты. Кудагыйы Дилфузага да өкүнүштү. Жапжаш аял ушунтип калса жаман да. Жаш балдары турса...

V бөлүм

Жети күн дегенде Максудду реанимациядан палатага чыгарышты. Ага кубанууга да, капаланууга да такыр мүмкүн эмес эле. Ошондой болсо да Севара чыдай албады. Камиланын уул төрөгөнүн айтып, агасын неберелүү болушу менен биринчи куттуктады. Максуд бул кубанычтуу кабарды угуп же жадырап-жайнап жылмайышын же сүйүнүшүн билбей турду. Жаңы келген «мейман» үчүн сүйүнөйүн десе, каза болгон уулунун элеси көз алдында турат. Бул аз келгенсип аны кызы Гүланданын кайгысы санаасын санга бөлөт. Эх, бир колу менен гүл узатып, экинчи колу менен токмоктоп турган тагдыр! Сенин сыноолоруң ушунча көп, алар биринин артынан экинчиси келе берип, аны араң жеңет киши. Андан өктөм чыга албагандар болсо Дилфуза өндөнүп рухий кеселге чалдыгып калышы кеп эмес...

* * *

Камила бир жагынан эне болгонуна кубанса, экинчи жагынан атасынын дагы бейтап болуп калганына кыжалат. Анын үстүнө иниси Шахрухтун, өгөй энеси Дилфузанын аянычтуу тагдырлары да анын назик жан дүйнөсүн тырмалап жатты. Ал тез-тез ыйлап алчу болду. Анын көз жаштарын көргөн Шафааат эже Камиланы сооротот:

— Коюңуз Камилахан, көп эле азаптана бербеңиз. Сизге көп санаа тартууга болбойт. Бала эмизесиз. Сүтүңүз качып кетиши мүмкүн. Жок дегенде мына бул ымыркайды аясаңыз боло. Анын эмне күнөөсү бар акыры. Өзүңүздү колго алыңыз. Мына көрөсүз бул күндөр да өтүп кетет. Сиз али жашсыз. Бүт өмүрүңүз алдыда. Эмитен өзүңүздү оорукчан кылып алсаңыз кийин балдарыңызды ким карайт. Сиз эми өзүңүздөн да көбүрөөк перзентиңиздин чоңоюп-өсүшүн ойлошуңуз керек.

Шафаат эженин сөздөрүн угуп отурган Камила өзүн бир аз колго алды. Баласына мээримин төгө тигилип, аны эмизээр эле. Ымыркай энесинин көкүрөгүн ушунчалык катуу соруп эмет, аны көрүп туруп адамзаттын башына машакат түшкөндө оор абалдан алып чыгып кетүүчү сыйкырдуу күчкө салыштыргың келет...

«Кудайга миң мертебе шүгүр. Мага мурасчы берди. Мендей ата-энесиз өскөн жетим-жесирге ата-энелүү перзент атады. Апам жетпей калган бакытка жок дегенде мен жеттим. Муну менен раматылык апам, эжемдердин рухтары кубанышса ажеп эмес».

Кабыл да бактысына мас болуп жүрдү. Ал дагы тогуз айдан бери башынан өткөргөн ташпиштен арылып, колубутун сунуп, ымыркайдын жанында жыргап уктайт. Уулу болсо топчудай болгон оозун тандырдай тез-тез ачып, кээде ыңгырап ыйлап жиберет. Анын жагымдуу жыты бүткүл үйгө таркап турат. Бул жыт ушунчалык лаззаттуу эле, андан бейиштин өзү сезилип тургансыйт эле...

* * *

Камиланын курсташтары курбусу балалуу болгонун угушуп, аны куттукташ үчүн түштөн кийин гүлдестеке көтөрүп үйүнө келишти. Шафаат эже алар менен учурашып ичкериге баштады. Камила, биринин артынан бири кирип келе жаткан курсташтарын көрүп сүйүнүп кетти. Ал ымыркайын эмизип отурган эле.

— Оо-ой, келгиле, келгиле,— деди Камила, кыздарды көрө салып ордунан туруп, баласын кроватка жаткырып жатып.

Алар мейманкана бөлмөдө кыйлагача сүйлөшүп олтурушту. Камила досторуна эне болуш бир топ машакаттуу жана сыймыктуу экендиги жөнүндө сүйлөп берди.

— Ырас эле Камила, баланын атын ким койдунар?

— Фарангиз. Күбөлүк алып төрөт үйүнөн чыккан күндүн эртеси эле молдо чакырып, кулагына азан айттырып да койгонбуз.

— Фарангиз дейсиңби? Мынча мындай татаал ат койдунар эми? — деди кыздардын бири.

— Баланды алып келчи, көрөлү. Коркпо, көзүбүздү тийгизбейбиз.

— Чын эле алып чыкчы, Камила. Кимге окшойт экен? Бир көрөлүчү... — деп кыздар күлүп калышты.

Камила да курбуларынын сөзүнө күлүмсүрөп ичкериден Фарангизди алып чыкты... Аны биринчи болуп Гүлчехра колуна алды.

— Вай-боой, мынча ширин бул бала? Камилага куюп койгондой окшош ко!

— Койчу,— деди экинчиси,— кашы-көзү Кабыл акеме окшоп турат.

— Кана, мага бергилечи. Жок-э, бул бала чоң атасына окшойт. Каштарынын калыңдыгын карасаңар. Тууралбы? Тойдо көрбөдүк беле ал кишини.

— Вай-э, бул баланын жытын айтсаң. Мынча ширин,— деп аны мойну-башынан жыттагылашты кыздар...

VI бөлүм

Шаар четиндеги кооз үйлөрдүн бири. Ушул жерде Гүланданы уурдап кеткен топтун мүчөлөрү тез-тез чогулуп турушат. Кеч кирип калган. Туш-туштан иттердин үргөнү угулат. Үйдүн экинчи кабатындагы мейманкана бөлмөдө безерилер ичип-чегип көңүл ачып отурушат. Алардын ичинде жеңил ойлуу кыздар да бар. Алардын кылган кылыктарын көрүп туруп аргасыздан жаканды карманып таң каласың... Капкараңгы жертөлөдө болсо Гүланда тынымсыз көз жашын төгүп ыйлайт. Коркконунан анын көздөрү алайып, чөптөй бозоруп кеткен. Ал үйүн ушунчалык сагынды дейсиз, азыр ага канат бүтсө терезеден учуп чыгып кетсе. Бирок, ал үйүндө болуп өткөн окуялардан кабары жок эле. Ошон үчүн: «Мени ата-энем издебей да койсо ээ?» — деп кабатырланды. «Менин кайда экенимди билишпейт да»— деди кайра. Гүланда ушундай кыялдарга батып олтуруп «Апа, апакебай!» — деп ыйлап жиберди.

Бул мезгилде экинчи кабаттын балконунда эки көркоо өздөрүнчө сүйлөшүп жатышты.

— Максуд байбачадан, кудай буюрса, бир жакшы пул өндүрүп алабыз. Мына көрөсүң го досум. Акыры анын жапжалгыз кызы биздин колубузда эмеспи.

— Билбейм, тууган. Негедир ошондой болушуна акылым жетпей турат. Максуд дегениң дөө-шаалардын бири болсо. Тааныш-билиштери да көп болсо керек. Иши кылып өзүбүздү колго түшүрүп бербесе болгону...

— Ээ, кайдагы сөздү сүйлөйсүң. Ким эле өз баласынын набыт болушун кааласын. Сен эмне жинди болуп калдыңбы? Максуд деле келесоо болбосо керек. Кызынын эсен-аман үйүнө кайтышын каалар...

— Мына көрөсүң. Баары мен айткандай болот. Адегенде доллар өндүрүп алалы, ар жагы бирдеме болор...

— Атасы ооруканадан чыгыптырбы? Иши кылып ошол өлбөй турсун да. Биз ала турганыбызды өндүрүп алалык. Аялын жинди болуп калыптыр деп атышат. Ошол чынбы?

— Ооба, чын. Ал жиндиканада жатат экен. Өтө этияттык менен аракеттенүүбүз керек. Бир адам да жытын сезип калбасын.

— Ишибиз создугуп кетти. Аны тезирээк соңуна чыгарбасак болбойт. «Пан или пропан» дегендей эле болуш керек.

— Чын эле ишти көп созбой эртерээк телефон чалып, жолугушуучу жерди белгилешибиз керек...

* * *

Эртең менен телефон шыңгырады. Бул жолу трубканы Машрап алды:

— Лаппай, угуп жатамын.

— Эң жакшы. Эмесе жакшылап угуп ал. Эртең шаардын сыртындагы 46-километрде күтөбүз. Гүланданы саксаламат бойдон кайтарып алам десеңер биз айткан пулду алып келесиңер. Кызыңардын жанынан үмүт кылсаңар аяк-быякка кабар берүүнүн кажети жок. Жолугушууга Максуд байбачанын өзү келишин каалар элек...

Коркоолордун бири Машраптын кулагына ушул сөздөрдү дааналап айтып туруп, трубканы коюп койду.

Машрап адегенде сөз эмне жөнүндө болуп жатканына

түшүнө албады. Өзүнө келгенден кийин гана бул өтө опурталдуу иш экенине түшүндү. Үйдөгүлөр өздөрүнчө чогулушуп, бул кырдаалды талкуулашты. Бири бул окуяны Максуддун өзүнө билдирүүнү сунуш кылса, дагы бири бул жагымсыз кабарды угуп анын абалы кайра начарлап кетиши мүмкүн экенин айтты. Бирок, чоңдору кеңешип көрүшүп, муну баары бир Максудга айтуу керек деп табышты. Бирок кантип айтышат ага? Ким билдирет? Аларды ушул суроо кыйнап жатты...

VII бөлүм

Максуд палатада шыпты тиктеп жатты. Анын бүткүл ою Гүландада. «Бул кайсыл иттер болду экен? Колго түшүрсөм эмне кылууну өзүм билет элем» — деп күүлөндү ал. «Муну ким уюштурушу мүмкүн? Балким Шахрухтун душмандары болушу ыктымал...»

* * *

Шафаат эженин кеңеши менен Кабыл апасын айылдан алып келди. Алар мааладан үч-төрт аял чакырып «ыс» чыгарып коюуну чечишти. Эртең менентен тартып ар кандай тамак-аш бышырышты. Меймандарга дасторкон жайылып, бир-эки табак палоо демдешти. Маала атинчаси кирип кыйла маселе айтты. Жакшылап бата беришти. Көчөдөгү балдарга даамдар таркатышты. Балдар бир жыргап тоюнушту...

Дагы жакшы Шафаат эже бар экен. Ал өзү баш болуп каада-салттарды жасашты. Камилага апасынын жоктугун да билгизбеди бечара. Ар күнү Камиланын белине жумурткanын сарысын, тандырдын кесектерине аралаштырып «Белиңиз бекем болот, шамалдабайт, кызым» деп кыркы чыкканча чейин ар күнү өзүн өтө этияттап белин бекем буup жүрүш керек» — дейт ал Камилага.

* * *

Кечке маал Максуд жаткан палатага Севара менен Машрап келишти. Алар агасынын ал-абалын сурап болгон соң, негизги максатка өтүштү.

— Ака, сиз кабатыр болбоңуз. Баары жакшы болот,— деди Севара тынчсызданганын жашырып.

— Эмне сөз өзү? Коркпой айта бергиле. Кандайдыр бир жаңылык барбы? Эч ким бөлөк телефон чалбадыбы?

— Чалышты,— деди Машрап этияттана сүйлөп.

— Чалышты. Гүланда эсен-соо экен...

— Кайриет. Кудайга шүгүр.

— Бирок... бирок...

— Эмне «бирок»? Кыжалаттанбай эле айта бергиле. Мен кыйла жакшы болуп калдым. Коркпогула, менин ден соолугума эч нерсе болбойт.

— Алар менен эртең жолугушубуз керек экен... Он миң доллар сурап жатышат. Анан өзүңүз барышыңыз керек экен. Ал жак, бул жакка кабар бербегиле деп эскертишти.

— Мейли, мен макулмун. Муну эч кимге билдирбейбиз. Азыр биринчи кезекте Гүланданы эсен-аман куткарып алсак болгону. Пул эле болсо, табабыз. Эртең эрте менен банктан алабыз...

Севара менен Машрап көптү көргөн, баарына акылы жеткен агасынын алар алып келген жагымсыз кабарды жайбаракат кабыл алганынан жеңилдене түшүшүп үйгө кайтышты.

* * *

Максуд дагы бир сыноодон да, кудайга шүгүр, өтүп алды. Ал кызы Гүланданы сак-саламат бойдон бооруна кайтарып алганына төбөсү көккө жетти. Бирок эми аны ооруканага жаткырып, жакшылап дарылатыш керек. Себеби, Гүланда коркконунан жүрөгү «түшүп» калган эле. Анын үстүнө агасынын өлүшү, апасы Дилфузанын оор кеселге учурап майып болуп калганы да Гүландага катуу таасир этти. Бул кызы агасын тарттыбы же өгөй эжеси Камилага окшош болдубу, айтор, бир топ оор басык, мунайым, ширин сөздүү, эстүү-баштуу болуп өстү. Васила эженин тарбиясын алганданбы, байдын кызы болсо да бироонүн көзүнө тик карабайт. Менменсинбейт. Көчөдө да сыпайы жүрөт. Курбу-курдаштары менен да мамилеси жакшы...

VIII бөлүм

Сиявуш дагы болуп өткөн бул окуяларды жүрөгүнө жакын алды. Ананчы? Шахрух анын жакшы көргөн ини-

си эле. Бир жактан апасынын бейтаптыгы, экинчиден, атасынын ооруп жатып калганы, ал аз келгенсип сүйүктүү карындашынын жоголуп кетиши да аны бир кыйла алдастатып койду. Анын үстүнө сүйгөн кызы Лоланы ата-энеси мажбурлап күйөөгө берип жиберишти. Атасы кызымды алыска бербейм деп туруп алган имиш. Лола жапжалгыз кыз эле. Не демекпиз? Дүйнөнүн иштери мына ушундай айкаш-уйкаш экен. Муну укkан Сиявуш өзүн коёрго жер таппай жүрдү. Кантсе да эркек эмеспи, ал баары бир өзүн колго алды. Атасынын жакшы сапаттары Сиявушка да өткөн экен. Ал өтө эрктүү жигит. Сабырдуу, кечиримдүү. Шартка карап иш кылганга үйрөнгөн. Акылдуу, зирек. Үй-бүлөсүндө болуп өткөн болмуштардын тушунда Лоладан ажыраш анчалык деле чоң маанилүү окуя эмес! Мейли, сүйгөнү да бактылуу болсун. Түшкөн жеринде кошулганы менен тең карысын. Тагдыр-насип экен да. Баары кудайдын амири менен болот эмеспи...

* * *

Сиявуш менен Гүланда күн сайын атасын ээрчитип энесинен кабар алганы бейтапканага барып турушат. Гүланда Дилфузаны кучактап өпкүлөйт... Тилекке каршы, ал кызын да, уулун да, күйөөсүн да тааныбайт. Бир чекитти тиктеген бойдон ойлоно берет. «Дарт берген, шыпаасын да берет» дейт эмеспи. Дилфузага да Алла таала ырайым кылсын! Ал өзү кыялы жаман болсо да балдары бар да. Ал деле эне эмеспи! Эч кимге керек болбой калганда да балдарына керек. Акыры Гүланда менен Сиявуш апалары Дилфузанын ордуна бөлөк бир укмуштай сулуу аялды алып келип беришсе да ал өз апасынын ордун баса албайт. Эне ар кандай шартта, ар кандай кырдаалдарда да эне бойдон кала берет...

* * *

Акырындык менен баары өз калыбына келе баштагандай. Шахрухтун өлүмү, Дилфузанын бейтап болуп калганы эле болбосо баары мурдагыдай десе болот. Максудду жашоого кайрууда анын тунгуч кызы Камиланын перзенттүү болушу да чоң мааниге ээ болду. Ошондуктан ал күн сайын балдары менен Дилфузанын алдынан келе жатып Камилага кире өтөт. Небересин колуна алып, эркелетип, өзүнчө жазылат. Гүланда болсо көбүнчө эжесинин жанында калып калат. Фарангиздин дүйнөгө келиши ага да эрмек болду. Гүланда инисин ушунчалык сүйүп эркелетет, айтууга сөз жетпейт. Ыланжы болсо ымыркайды көз ирмемге да жалгыз калтырбаса... Камила күндүз аз-аздан уктап алууга мүмкүнчүлүк алды...

* * *

Максуд тууган-уругунун кеңеши менен болуп өткөн кайгылуу окуялардан кийин ноопас союп эл-журтка кудайы өткөрүп берди. Арада Шахрухтун да кыркын кылышты. Бирок, бардык көңүл иренжиткен иштер ошондон башталды. Шахрух кумар ойноп, баңги заттарды колдоно берип, көп каражат жумшап жүрүп анча-мынча адамдардан карыз болуп калыптыр. Ал тааныш-билиштеринин беш алтоонон чоң суммадагы акча алып, тилкат жазып берген экен. Алар болсо маркумдун кыркын өтүшүн күтүп жүрүшкөн. Максуд «Уулум аркы дүйнөдө тынч жатсын деп» карыздарынын баарын төлөдү. Ошондон кийин гана бул үй-бүлө өзүнүн соода иштерин оңдоп кете баштады.

«Эй, кудай, бизге да жарык күндөрүндөн бер эми. Кайсы күнөөлөрүм үчүн мени мынча кыйнадың? Балким Гүландамдын убалына калганым үчүн мени ушул азаптозокторго салгандырсың. Балким өтө эле чектен чыгып кетсем ушинтип жазалап жатасыңбы? Астаапыралла! Ырыскымды керегинен ашыкча жеп койдумбу же? Эчтеке түшүнбөй калдым. Адам баласы ушунча да таш жүрөк болобу? Беш убак намазды үзбөй окусам. Бей-бечараларга колумдан келишинче жардам берсем. Ата-энемди наразы кылбасам. Жаман жолго да жүргөнүм жок. Тапканташыгандарымды перзенттериме арнасам. Эсиме киргенден бери эмгектен башым чыкпаса» — деп кудай таалага кайрылып көз жашын төгүп ыйлачу. Максуд: «Эми мындан аркысына өзүң ырайым эт. Аялыма да өзүң шыпаа бер. Балдарымын ыкыбалына ал да сак- саламат болсун. Жолунан адашкан мына ушул аялга да мүмкүн болушунча эс-акылын кайтарып бер. Сенин пейлиң кенен. Ырайымдуусуң, Жараткан!..»

IX бөлүм

Кабыл дагы кайнатасы менен кайни-балдыздарынан тез-тез кабар алып, ал-абалдарын сурап турат. Ал мезгил-мезгили менен Сиявушту машинасына отургузуп, аяк-буякка алып барып келет. Машинада алар өздөрүн ага-инидей сезишип сүйлөшүшөт.

— Сиявуш,— дейт жездеси ага карап. — Сиз иниңиздин жылдыгы өтөрү менен үйлөнүп алышыңыз зарыл. Апаңыз бейтап болуп калгандан бери атам да жалгызсырап калды. Анын үстүнө өзүңүз да жалгыз кыйналып жүрөсүз. Карындашыңыз Гүландага да жакшы болор эле. Көңүлүңүздө бирөө-жарым болсо айтсаңыз, азыртадан даярдык көрө баштайт элек.

— Кайдагы тойду айтасыз, жезде. Азыр жүрөгүмө кыл батпай турат. Билбейм, бул кыжалатчылык жүрөгүмдөн кетер бекен, жокпу? Сөзүңүздө жан бар. Атам дагы жалгыздыктан көп ойлончу болуп калды. Гүландага да боорум ооруйт. Көзүм түшкөн бир кыз бар эле. Жакында аны атасы башка бирөөгө күчкө салып эле берип жиберди. Башым катып калды. Эмне кыларымды билбейм.

— Чеки иш болуптур. Кечиресиз, мен аны билген эмесмин. Жараатыңызды козгоп койгонум үчүн кечирим сурайм...

— Эчтеке эмес, жезде... Баары өтүп кетет.

— Капаланбаңыз. Шаарыбызда жакшы кыздар көп. Ошолордун бирөөсүн жактырып каласыз деп ойлойм...

— Мүмкүн...

* * *

Мына, Камила менен Кабылдын да акыркы окуу жылы аяктады. Алар университетти ийгиликтүү бүтүрүшүп, жогорку билимдүү болушту. Арада балада көрүштү. Эми алар кыштакка кетишсе да болот. Кабыл кантсе да эркек эмеспи. Бир жолу кайнатасына күч күйөө болуп алмак беле. Ал окуусун аяктаганча тишин-тишине басып жатып жүрдү мында. Анын үстүнө кайнатасынын башына ушунча түйшүк түшүп турса. Ошондуктан, мындан ары да Камиланын үйүндө жүрө берсе болбос. Эми кыштакка көчүп кетип, ал жерде фермерлик кылыппы, соода иштери менен алек болуппу оз арабасын оздору тартышы абзел. Ата-

энеси да картайып калышты. Инилерин да үйлөп-жайлап коюуга көмөктөшүүсү керек. Кабыл кийинки кездерде ушундай ойлор менен жүрчү. Ал акыры бул жөнүндө Камилага да ооз ачты:

— Камила, мына, кудайга шүгүр, окууну да бүтүрүп алдык. Биз ушунча жыл атабыздын үйүндө жашадык. Бул үчүн кайнатама чоң рахмат. Бирок, бизге баары жок белен экен деп эле отуруп алыш да жакшы эмес. Мындан аркысына эми өзүбүз аракет кылышыбыз керек. Акыры мен да өмүр бою кайнатамдын үйүндө олтура албайм да. Анын үстүнө кыштакта картайып калышкан ата-энем бар. Инилерим да бирден-бирден бойго жетип баратышат...

— Мейли, Кабыл ака, сиз айткандай эле болсун. Бирок, буга атам эмне дээр экен? Ушунча жыл жашап жүрүп кенешпей-нетпей таштап кетип калсак кандай болор экен? Акыры ал бизге ошончодон бери жардам берип келди го?

— Туура, албетте туура. Мен дагы ошону ойлоп турган элем. Унчукпай эле кетип калат белек.

— Бир аз тура турсак болбос бекен? Азыр атамдын башына оор иштер түшүп турган маалда кетип калсак кандай болот экен? Атам Фарангизге да кыйла үйрөнүп калды эле. Биз кетип калсак кыйналып калбас бекен?

— Туура, сөзүңүздө жан бар. Мен деле баарын көрүп турам. Атамдын бизге кылган жакшылыктарын байкамаксан болуу адамгерчиликке жатпайт. Ошондой болсо да эртеби-кечпи, баары бир кыштакка көчүп кетишибиз керек. Келечекте мен да көпчүлүктүн катарында өзүм үй салсам, кандайдыр бир иш баштасам дейм...

X бөлүм

Шафаат эже Кабылдан акча алып жижиге базардан бешик сатып келди. Анан өз колу менен көрпөчө, жаздык жана ошого окшогон керектүү нерселерди даярдап коюп, Максудга кабар берди. Максуд ошол күнү небересине кооз коляска, түрдүү-түмөн оюнчук, кийим-кече көтөрүп небересин көргөнү келди.

— Ассалоом алейким, келиниз ата.

— Ваалайким-ассалам, кызым, келдим. Жакшы отурасыңарбы? Кана менин уулум? Алып келгилечи. Кана, кулунум, келчи, келчи таятаңа,— деди Максуд Фарангизди Кабылдын колунан алып жатып.

— Вай, ата, дагы эмнелерди көтөрүп келдиңиз, убара болуп. Ансыз деле алып бергендериңиз жетет эле го. Көп каражат жумшоонун эмне кереги бар эле. Небереңиздин баары жогу бар да.

— Ээ, кызым. Мен күн сайын эле небере көрүп жаткан жерим жок. Анын үстүнө Фарангиз менин туңгуч неберем. Апаң болгондо ал да кубанат эле. Тилекке каршы...

Атасынын өкүнүчтүү сөздөрүнөн кийин Камила көзүнө жаш алды. Ага кошулуп Шафаат эже да ыйлап жиберди.

Шафаат эже көздөрүн жеңи менен аарчып сүйлөдү:

— Үйгө кирели, Максуджан. Кечки суук да түшүп калды. Күйөө баланыз менен отуруп чай ичиңиздер. Оокат да азыр даяр болот.

Андан соң алар мейман бөлмөгө киришип кыйлагача сүйлөшүп отурушту. Оокаттан кийин Шафаат эже сөз баштады:

— Мына, небереңиздин да чилдеси чыгып калды. Эми кызыңызды баласы менен кыштакка алпарып койбосок болбойт. Алардын да эки көзү төрт болуп күтүп атышкандыр. Санабархан эже келген сайын «Алып кетем» деп туруп алчу болду. Акыры алар деле небересин көргүсү келет да. Анын үстүнө Камилахан да түшкөн үйүндө келиндин милдетин аткарышы керек. Буга чейин го окууну шылтоолоп шаарда жашап жүрдү.

— Туура, сөздөрүңүздө калет жок, эже. Мен да бул жөнүндө ойлонуп жүргөн элем. Өзүбүздү эле ойлой берсек да болбойт. Кудалардын алдында жер тиктеп калбайлы. Мейли, эртең базар-учардан керектүүлөрүн алып, кыштакка жеткирип коёлу. Өзүм да ошонун шылтоосу менен кыштакка бир барып келейин. Кудам менен көрүшпөгөнүмө да кыйла болуп калды.

— Сиз эч кабатыр болбоңуз. Мен себет-певет, керектүү нерселердин баарын өзүм даярдап коём. Айтмакчы, Саадат эжени да айтып алыш керек.

— Мейли, мейли. Мен үйгө баратып аларга тийип өтөм...

* * *

Мына, Камилалардын кыштакка келгенине да бир- эки апта болуп калды? Жаз келип, талаа жумуштары башталды. Кабыл инилери менен айыл өкмөтүнөн беш-он гектар жер алып, ага пахта эгишмек болушту. Кабыл келечекте фермер болсом деп жүрөт. Ал мамлекеттен карыз алып карамал бакмак болду. Анын жол-жобосун студенттик жылдары эле түзүп койгон. Кабыл университетти «кызыл диплом» менен аяктаган. Жогорку окуу жайында алган билимдеринин ага сөзсүз жардамы тиймек. Камила да кыштак турмушуна мурдагыдай болуп көнүп кетти. Ага кыштактык кыздардын сугу артчу болду. Жаз майрамы күндөрү күйөөсү, кайненеси болушуп көрүстөнгө апасы менен эжесинин жай башына барып келип турушат.

Күн сайын бейтап кайнатасы жана Камила менен Фарангиз гана үйдө калышат. Калгандары эртеден кечке талаада. Камила ымыркайды бешикке бөлөп коюп, балалыгы өткөн сокмок жолдор менен талаага түшкү тамак алып барат. Фарангизди болсо Камила кайтып келгиче Шакир ата терметип жатат. Фарангиз анча ыйлаак эмес. Курсагын тойгузуп койсо уктай берет. Эгер ойгонуп кетсе бешик жапкычын ачып койсо колдорун соруп, чоң-чоң сулуу көздөрүн даректарга тигилтип, алда немелерди «гудуранып» жата берет. Ал Шакир атага да эрмек болду. Бечара, небересинин жанында жатып ушунчалык кубат алды, тим эле буттарына жан кирип бараткансыйт. Ким билет, балким келечекте Фарангиздин кадамын көрүп Шакир ата да бутуна туруп кетеби...

Камила чаңдуу жолдор менен талаага жетип барганда кайненеси, күйөөсү, кайнилери ошол жерге суу агытып жүрүшүптүр. Алар Камиланы көрүшүп, талаа четине курулган чай иччү жерге чогула башташты. Камила ысык нан, бир чыны каймак, бир табак шөөла, термосто чай алып келген эле. Талаадагылар арыктагы сууга колдорун жуушуп, дасторкон айланасына топтолушту...

Түштөнүү бүткөн соң, Камила идиш-аяктарын арык суусуна чайкап, кайра кайтты.

XI бөлүм

Арадан бир топ убакыт өткөндөн кийин Дилфузанын абалы бир аз жеңилдей түштү. Аны чоң-чоң врачтарга көрсөтүштү. Кымбат баалуу дары-дармектер менен дабалашты. Максуд күн сайын болбосо да күн алыс аялынан кабар алып турат. Доктурлар да Дилфузанын саламатты-

гы кыйла жакшы болуп калганын бышыкташты. Аны өзүнчө палатага алып чыгышты. Келген-кеткенди анча тааный албаса да, оокат берсе жеп, сууроого жооп кайтарууга жарап калды. Максуд дагы келген сайын Дилфузанын жанында бир аз отуруп келет. Ал намаз окуган сайын балдарынын энесине алла тааладан шыпаа тилейт...

* * *

Бул арада Максуддун көңүлү ордуна түшүп, жүрөгү калыбына келди. Иштери да жакшы жүрүшүүдө. Кээде аны Сиявуштун тагдыры ойго салып коёт. Анын да башын эки кылып койсо болот эле. Аялынын айыгып кетишине дагы кыйла убакыт бар, чамасы. Ошон үчүн туугандан-урук, инилери менен кеңешип, Шахрухтун жылдыгын өткөрөр менен Сиявушту үйлөп коюуну ниет кылып жүрөт. Досу Кахрамандын кызын алып берсем бекен деп да ойлойт. Бирок, алар бирин-бири жактырышар бекен? Ушул сыяктуу суроолор анын башын катырар эле. Уулун үйлөөдөн мурда башка үй сатып алыш керек. Ошончо жыл ата-энесинин чырагын инилери менен биригип жагып келди. Эми Максуд бөлөк короого көчүп кетпесе болбойт. Бул жерде эки иниси бала-чакасы менен жашап тура беришсин...

* * *

Кечинде Камилалардын кыштакка көчүп келишкенин укkан Бахрамжан менен Халимахан алардын жижисин көргөнү көк чүчпара жасап алардын үйүнө кирип келишти.

Камила жеңеси менен Бахрам акесин көрүп сүйүнүп кетти. Ал эми гана тандырдан нан үзүп жаткан. Мейманларды Шакир ата жаткан сөрүгө отургузушту. Алар алакан жайып бата кылышып, бири-биринин ал-абалын сурашты.

— Шакир ата, небере куттуу болсун,— деди Бахрамжан.

— Болсун, болсун! — дешти үй ээлери колдорун көкүрүгүнө алышып.

— Өзүңүздөр тынчсыздарбы? Жакшы жүрөсүздөрбү? Бахадиржан түзүк болуп калдыбы? — деди Санабархан эже.

— Түзүк эле, рахмат. Өзүңүздөрдөн сурасак? Жаңы мейманды кыйналбай чоңойтуп жатасыздарбы?

— Кабылжан жакшы жүрөбү? Иштери дуруспу? Көрүнбөйт ко өзү? — деди Бахрамжан.

— Рахмат, Бахрам ака. Атабыз инилери менен талаада эле,— деди Камила. — Бахадырды кошо ала келбепсиздер да. Бир ойноп кетет эле.

— Бахадыржан мектепте. Коңшуларга дайындап келдик...

— Убара болупсуздар да. Мен да сиздерди бүгүн-эртең көрүп келем деп жаттым эле.

— Жакшы болот эле. Бир отурат элек да өткөн кеткенден сүйлөшүп.

Аңгыча дасторкон салынып, бир-эки пияладан чай ичилди. «Алың-алың» деп чүчпара желди...

Ушул жерде Халимахан үй ээлерин карай сүйлөдү:

— Камилахан, эсиңизде болсо эки уюңузду бизге калтырып кеткен элеңиз. Келип-кетип турганыңарда жаңы туулган музоолорун көрсөткөн да элем. Алар уйлар менен сегиз баш болуп калышты. Малканага да араң батышат. Музоолору чоңоюп калды. Ошолорду уйлар менен кошо ушул үйгө алып келип берсек деген элек.

— Сизге эмне болду, жеңе? Эмне деп жатасыз? Мени капа кылбаңызчы. Ал жаныбарларды сиздер багып, сиздер чоңойттуңуздар. Музоолору да сиздердики да эми...

— Жок, сиңдим, жок. Уят болот. Ансыз деле ошончо жыл сүтүн ичтик. Атаңыз Максуд аканин дасторконуна кудай береке берсин. Биздин үй-бүлөнүн бутуна турушуна ал киши чоң жардам берди. Сүт, айран, каймагын саткан күндөрүбүз да болду. Кудайга шүгүр, эми кыйла онолуп алдык. Үй да бизге калды...

— Рахмат, уулум. Жакшылыкты билген жигит экенсиз. Бирок, туура эмес сүйлөп жатасыз. Акыры менин келиним сиздерге жат эмес ко. Анын үстүнө уйлардын кардын сылап-сыйпап, от берип, суу берип, кырсыктан этияттап багыпсыздар. Алар көбөйгөн болсо сиздердин колдон көбөйүштү. Эми рахатын да өзүңүздөр көрүңүздөр да...

— Туура айтасыз, Шакир ата. Ошондой болсо да азыр бир уй баланча пул болуп жатат. Канткенде да сиздерге деле ашыкчалык кылбас...

— Коюңуз Бахрам ака, болду, керек эмес. Бул сө-

зүңүздү атам угуп калса катуу капаланат. Жаныбарлар Бахрамжандын тоюна жарап берер...

XII бөлүм

Максуд ойлонуштуруп койгон пландарын ишке ашырууну көпкө созуп отурбады. Шаардын борбордук бекетине жакын жерден он эки сотик жер сатып алды. Күзгө чейин жаңы үйдү куруп бүтүрүп жибербесе болбойт. Шахрухтун жылдыгын өткөрүп эле Сиявушту үйлөш керек. Балким ошол учурда Дилфуза да ооруканадан чыгып калар... Ошол себептен шашылыш курула турган үйдүн планын сыздырып, уста салып койду. Имараттын жерпайына караганда ал бир топ чоң болот чамасы. Анын үстүнө бул жерде колунан көрү төгүлгөн он-он беш курулушчу иштеп жатышат. Картайганда аялы Дилфуза экөө ушул үйдө жашашат да. Кызы Гүланда болсо бирөөнүн бүлөсү. Бир күнү аны кимдир бирөө алып кетет. Адам эркек болуп жаралган соң өзү да ээн-эркин үй салып алышы керек да. Болбосо андан бул ааламда эмне калат? Негизи үй салыш кыйла машакаттуу иш. Колуңда болсо го адам иштетип үч-төрт айда дубалын көтөрүп алса болот. Бирок, колуң кыска болсо өмүр бою кара терге түшүп, боорун эзилип кетет... Адам баласы тирик жан болгон соң тек туралбайт. Жаш өтүп калганда бир нерсени издеп калат тура. Турмуштун өзү кыймыл-аракеттен турат эмеспи. Адамзат бала деп жашайт. Балдарынын келечегин ойлойт. Бизден жакшыраак, байыраак жашашсын деп эңсейт. Азыр ошондой үмүттөр менен Максуд дагы ушул үйдү курууга бел байлады. Албетте, бул оңой эмес... Кудай, күч-кубат берсин ага.

Тууган-уруктун пайдасы ушундайда тиет экен. Бир-эки жолу ашар өткөрдү. Бири коюп бири усталардан кабар алып турушат. Тон, көйнөк, чарсы алып келишет уста башчыларга.

Кийинки кездерде Максуд терең-терең ойлорго батчу болуп кетти. Ананчы, башынан ушунча иштер өтпөдүбү, алар жөнүндө ойлонбой коё алабы?

«Үйдү го эптеп бүтүрүп алармын. Кудайга шүгүр жупуну эмесмин. Уулум да ишке жарап калды. Менин башымды башка нерселер катырууда. Бизге эми бирөө кызын берер бекен? Өзүмчө тигинин кызын алсакпы,

мунун кызын алсакпы деп ойлонуп жатам. Алар деги кыздарын бизге беришер бекен? Бул жөнүндө ойлонуп көрбөпмүн. Арызымды кимге айтам? Өзүм да «таптаза» эмесмин. Башкадан тапкан кызы бар экен дешсе уккан кулакка жакшы эмес, албетте. Деги биздин үй-бүлөгө эмне болду? Ата-энебиздин доорунда кандай бактылуу жашачу элек?! Ошол күндөрдүн да баркына жетпеппиз кээде. Ээ, кайран гана жаштыгым... Акчаны го тапса болот. Бирок, адам кымбат тура. Азыр ата-энем болгондо балким мага бир жол-жобо көрсөтөр беле?..»

* * *

Камила Фарангизди эмизип олтуруп узун кыялдарга чүмүп кетти: «Бүгүн атам түшүмө кирип калыптыр. Деги дени-башы соо бекен? Бир барып көрүп келсемби? Өгөй энемди да бир жолу көрүп койбодум. Канткенде да ал атамдын өмүрлүк жары эмеспи. Инилеримдин апасы. Гүланда кантип жатты экен? Фаридахан, Бернарахан жеңелерим жана алардын балдары аны жалгызсыратып коюшпады бекен? Эмне кылсам экен? Кабыл аке менен кеңешип көрсөмбү? Бир барып келбесем болбойт. Өзүм да атамды аябай сагындым. Фарангиз да чоң атасынын көзүнөн өтүп жаткандыр. Атамдын иштери көп. Эч тыным билбейт. Ооруп-сооруп калабы деп корком... Шафаат эжем да заңгырган үйдө жапжалгыз калды. Аларды аябай көргүм келип калды. Кайната-кайненем уруксат берсе эртең-бүрсүгүнү шаарга бир барып келбесек болбойт. Жүрөгүм эч тынчыбай койду»...

* * *

Кудайдын Дилфузага боору ачыдыбы же анын үйлөнүпжайлана элек балдарын аядыбы, айтор ага аста-аста эсакылы кайтып адам тааный баштады. Врачтар да колунан келгендин баарын жасашты. Ошондой болсо да кээде ал өзүн жоготуп отуруп калат. Адамдын аң-сезими, мээси, акыл-эси деле анчалык бекем болбойт тура. Ал рухий соккулардан жабыркап, эс-акылын жоготуп, өчүп калган чырак сыяктуу кыймыл-аракетсиз токтоп калат экен. Кийин аны кайра күйгүзүш оңойго турбайт. Алла таала эч кимди эс-акылынан ажыратпасын. Мындай жазаны мен душманга да каалабайт элем. Рухий оору ме-

нен ооруканада жаткандар мына биз жашап жаткан дооpдун, ааламдын майыптарынын өкүлдөрү. Азыр дүйнөдөгү ар бир шаарда мына ушундай медицина мекемелери бар. Кандай коркунучтуу! Мындай бейтаптардын руху денесинен чыгып кете албай денеде жүрүп адамды «айныtып» коёт экен. Ар нерсенин убакыт-сааты болгон сыяктуу эле оорулуу дил дагы ичер суусу түгөнгөнчө билип же билбей эле аба жутуп жүрө берет.

XIII бөлүм

Убакыт ар кандай жараатты дарылайт. Кийинки учурда Сиявуштун жүрөгүнө да кандайдыр бир учкун түшүп калгандай. Ал дагы жоро-жолдоштору менен жумуштан кийин көчө кыдырып, ар кандай оюн-зоокторго барчу болуп калды.

Досу Акмал сүйгөн кызы Ферузанын курбусу Наргизаны Сиявуш менен таанышtырып койду. Наргизанын атасы шаардагы белгилүү адамдардын бири. Наргиза университетте окуйт. Сиявуш бул кызга жолуккан алгачкы күндөрү ага кош көнүл мамиле жасап жүрдү. Тактап айтканда, ал Наргизанын жанына жалгыздыктан качып келер эле. Бара-бара жигит бул кызга көнүп баратты. Наргиза күн сайын Сиявуштун жашоосунун бир бөлүгүнө айланып бараткансыйт. Наргиза ак-саргыл келген, адептүү, ыйбалуу, табит менен кийинип жүргөн сулуу кыз...

* * *

Жаз келип Шахрухтун жылдыгына даярдык башталды. Бардык тууган-уруктар айтылды. Бул маркумдун акыркы эскерүү каадасы. Өлүм болгон бөлмөнүн дарбазасы ачык калат экен. Маркумдун сөөгү чыгарылган короого узун дасторкон жайылат. Эртең-бүрсүгүнү бул короодон дагы ый-өкүрүк угулат. Канткенде да бул кайгы ыйынын акыркысы болсун. Ошол күнү таң аткандан шамга чейин молдолордун тилават окуганы угулуп турду. Куран тилават окулуп жатканда айланада ушунчалык жымжырттык болуп турат дейсин, молдонун мукам үнү батага келген кишилерди сыйкырлап салгандай сезилет... Ушундай учурларда анын оюнан бул жалган дүйнөнүн кайгысы менен кубанычы бир бирден көз алдынан өтө баштайт...

* * *

Жаңы үй да бүтөйүн деп калды. Азыр боёкчулар иштеп жатышат. Өздөрү да колдорунан көрү төгүлгөн усталар экен. Алар имараттын дубалдарына ушундай кооз оймолор салышты дейсиз, аларды карап турсаңыз көзүңүз тойбойт. Короонун айланасы бийик дубал менен тосулган. Дарбазасы да оштуктардын тили менен айтканда «Санта-Барбара». Ага май тамчыласа жукпай турган кылып боёлгон. Жертөлө, гаражы да бар.

* * *

Пахта ачылды. Баары талаада. Шакир ата небересi менен калган. Фарангиз бешикте жатат. Карылык да. Бешикти терметип жатып көзү «илинип» кетиптир. Ошол учурда уйкудан ойгонгон Фарангиз кичинекей колдорун чыгарып алып, ыйлап-сыктап бешикти кыймылдата баштады. Буттарын тыбырчылатып жиберди эле, бешиктин жиби чечилип кетип, ал сөрүгө бети менен кулап түшүп, чыңырып ийди. Уктап жаткан Шакир ата чочуп ойгонуп кетти да, бешик тарапты карады. Фарангиз бешикте жок эле. Ошондо ал жаны чыгып кеткидей ары-бери жакты алаңдай карап, баланы издей баштады. Ымыркайдын үнү чыгат да, өзү көрүнбөйт. Ошондо чочулаганынан жүрөгү дүкүлдөп каккан Шакир ата ордунан кандай туруп кеткенин өзү да билбей калды. Ал араң ийилип небересин колуна алып турган жеринде катып калды...

Ушул учурда эшик ачылып, талаага кеткендер келип калышты. Санабархан эже күйөөсүнүн Фарангизди көтөрүп турганын көргөн көзүнө ишенбеди. Кабыл да, Камила да таш сыяктуу катып калышкан...

Билбейм, кудайдын боору ачыдыбы, же туулгандан бери Шакир атанын жанында жатып чоңоюп жаткан Фарангиздин үнү аллага жеттиби, бир керемет болуп бир нече жылдан бери кыймылсыз жаткан буттары иштеп кетти... Бул үйгө ымыркайдын буту жакканы кут болсун!

XIV бөлүм

Максуд уулу Сиявуш жана кызы Гүланда менен жаңы үйгө көчүп келишти. Абдан жарашыктуу, кооз бул имараттын туш тарабынан жаңы боёктун жыты аңкып жатты. Бул кенен имараттын чыныгы үйгө айлануусуна али көп убакыт талап кылынат. Анткени имарат заңкайганы менен али жасалгалана элек. Ар кандай турак-жай адам деми менен гана үйгө айланат. Биздин оюбузча, ал Сиявуштун тоюнан кийин чыныгы «башпаанага» айланат. Себеби чоң-чоң чоюн казандарга май салынып, жыт чыгарылат, койлор союлуп, кан чыгарылат. Бош жаткан чоң бөлмөлөрдө меймандар чогуу олтурушуп, дубалдарга жылуулук кирип, бөлмөлөргө күндүн нуру тиет, адамдардын кобурунан жымжырттык бузулат...

Бул үй өзүнчө бир керемет болду. Ортодо көп түстүү оргума, айланасына түрдүү-түмөн гүлдөр эгилген. Кыскасы, жаңы үй Мардан ака салдырган үйдөн ашса ашат, эч кем калбайт. Буйруса, алар аялы Дилфуза экөө карыган чакта Сиявуштун балдарын ушул үйдө багып отурушат.

Максуд эртелеп чоң эжеси Саадатханды үйүнө алдырып келди. Эртең алар тууган-уругун чогултуп кудайы өткөрүшмөк...

— Боюңан эжең айлансын, балам,— дейт Саадатхан эже Гүланданы маңдайынан өөп жатып. — Эскилерден табарик болуп мен эле калыптырмын. Раматылык эжем тирүү болгондо азыр экөөбүз кирип келмекбиз. Агам да тирүү туруп бул курулган имаратынарды көрсө болбойт беле, Максуд,— деди ал инисине ыйламсырап...

— Эмнесин айтасыз, эже «Бири кем дүйнө экен»...

Ушул учурда көчөдөн Сиявуш кирип калды. Аны көрүп Саадатхан эже:

— Эсен-аман жүрөсүңбү, уулум,— деди да маңдайынан өөп койду.

— Рахмат, эже, өзүңүз күүлү-күчтүүсүзбү? Ден-соолугуңуз дуруспу? Үйдөгүлөр тынч олтурушабы?

Түштөн кийин жаңы үйгө жакын туугандар чогула баштады. Самса, нан жабышты, койлор союлуп, эртеңки нанүштөгө даярдык көрүлө баштады...

Шылтоо менен чоңдор Сиявушту тез арада үйлөп коюу керектиги жөнүндө кеңеш курушту. Кабыл менен Камила дагы үч-төрт күн ушунда болушту. Сөздөн сөз чыгып

бардык тааныш-билиш, коңушу-колоң, көргөн-билгендердин кандай кызы бар экендиги жөнүндө да сөз болду.

— Балам, бирөө-жарымда көңүлүң болсо өзүң айт,— деди Саадатхан эже Сиявуш менен айванда чай ичип олтуруп.

— Болбосо биз табалы. Минтип жүрө берсең болбойт. Атаңа да кыйын болду. Сенин жашың деле кыйлага барып калды. Үйлөнө турган убактың да келип калды...

* * *

Ошондон бери Сиявушка бир нече кыз көрсөтүштү. Биринин өзү сулуу болсо да, ата-энеси туура келбеди. Биринин ата-энеси бай адамдар болсо, кыз жакпады. Биринин агасы ичкич экен, биринин эжеси жеңил ойлуу чыгып калды. Дагы бирөөнүн жашы туура келбесе, башкасын атасы таштап кеткен экен. Сиявушка жакса, Гүландага жакпайт, же айрым жеңелеринин көңүлүндөгүдөй чыкпай калат. Биринин мүнөзү, экинчисинин буттары жакпайт, үчүнчүсүнүн бою жапыз. Өмүр соодасы эң кыйын соода экен. Жылдызы жылдызына туура келмейинче тойду баштап болбойт. Айрым аялдар бул баланын «алды жагы байланып калыптыр» дешип Сиявушту бакшыларга да көрсөтүп келишти. Бирок, Сиявушка макул келген ылайыктуу кыз такыр табылбады. Кыскасы, үйбүлө мүчөлөрү, тууган-уруктун баары кыз издешип суй жыгылышты...

* * *

— Ата, ушул келишимде Дилфуза эжемди бир көрүп кетпесем уят ко?

Кызынын сөзүн уккан Максуд негедир сестене түштү.

— Эмне дедиң, Камила?

— Дилфуза эжемдин абалынан кабар алып койсом деген элем. Өзүңүз алпарып келсеңиз ого бетер жакшы болот эле. Күйөө балаңыз да кыжалат болуп жүрөт...

— Кандай болор экен? Сага нечен ирет жамандык кылган аялдын алдына барып, анын ал-абалын сурагың келип жаткан болсо...

— Мага жамандык кылса да кек сактабайм. Өткөн иш өттү. Мен да аял кишимин. Дилфуза эжемди түшүнөм. Ушул жолу алдына барып койсом сооп болот эле. Анын үстүнө бул аялдын башына мүшкүл иштер түштү. Мен

мындай кырсыктарды душманыма да каалабас элем. Баланын кайгысынан оор дарт болбосо керек бул ааламда. Дилфуза эжемде эч кандай күнөө калган жок. Ал бүгүн жаш баладай күнөөсүз, менин оюмча. Акыры ушундай кайгылуу жоготууну башынан өткөргөн адамдан капа болуп болобу? Албетте, жок!

Ушул учурда кызынын сөздөрүн көңүл коюп угуп отурган Максуд Камиланын мандайынан өөп, ага рахмат айтты.

— Мейли, кызым, сен айткандай эле болсун. Барсак барып келебиз. Бир гана жери, сени көрүп анын дагы жини тутуп калбаса деп корком...

XV бөлүм

Алар рухий оорулардын бейтапканасына жетип келишкенде Дилфуза короодо басып жүргөн эле. Аның көздөрү Камилага түштү да, көздөрү заматта чаканактап, ыйлап жиберди. Дилфуза короодо отурган калыбында Камиланы суктануу менен карап турду. Максуд, Камила менен Кабыл эч нерсе болбогондой Дилфуза отурган жерге жай басып келишти. Кабылдын колунда Фарангиз да бар эле. Дилфуза отурган жеринде катып калды. Камила болсо аны кучактап, беттеринен өптү да, анын ал-абалын сурады. Дилфуза лам дебей отурду. Ал көз жашын чубуртуп ыйлай берди. Ушул учурда Максуд менен Кабыл бири-бирине көз кысышып, ары басып кетишти. Дилфуза ыйлап-ыйлап, акыры чыдай албай өзүн Камиланын кучагына таштады.

— Мени кечириңиз кызым, кечириңиз. Сизге көп жамандыктар кылдым. Алла таала мени жасаган күнөөлөрүм үчүн жазалады...

— Коюңуз, андай дебеңиз... эже. Болбосо мен дагы азыр ыйлап жиберем. Сизге кымындай да капа эмесмин. Сиз мага эмне жамандык кылып коюпсуз?

— Сиз билбейсиз, сиз билбейсиз. Камилахан. Мен сизди алгачкы көргөн күндөн тартып жамандык кыла баштагамын. Сизге күн көрсөтпөдүм, кыйнадым, азапка салдым...

— Мейли, алардын баары артта калды. Келиңиз, эми жаман күндөрдү эстебейли, жакшы күндөр жөнүндө сүйлөшөлү.

— Жакшы күндөр... жакшы күндөр... — деди Дилфуза энтигип. — Мен акыретте күйгөн аялмын. Мага жакшы күндөр жөнүндө ойлонуу да буюрбайт. Эми менин мындан аркы жашоом тозоктон турат. Сиз кечирсеңиз да мен өзүмдү кечире албайм. Акыры жан дүйнө азабынан ашкан жаза барбы адам үчүн?

— Өзүңүздү колго алыңыз, эже. Баары жакшы болот. Мына мени айтты дейсиз. Небереңиз Фарангизди багып бересиз. Мен апамдан айрылып калгамын. Сиз болсо баланыздан ажырадыңыз. Мен апама күйсөм, сиз уулуңуз Шахрух деп боздойсуз...

Камиланын токтоо сөздөрүн угуп Дилфуза терең ойго түшүп кети. Ушул учурда анын жүрөгүндө Камилага карай азыраак болсо да жылуулук пайда болгонсуду. Ал аста-секин мээримге айланып, барган сайын ысып баратты. Бул ысык сезим Дилфузанын жүрөгүнөн ашып-ташып, көздөрүнөн кайнап суудай жаш болуп агып жатты. Азыр араң байкалган бул мээрим аялдын беттери аркылуу агып түшүүдө. Бир аздан кийин Дилфуза Камиланы «кызым, кызым» деп кучактады. Камила болсо Дилфузаны «апа, апакебай» деп ыйлап жиберди. Аялы менен кызынын кучакташып турганын көргөн Максуддун да көздөрүнөн жаш тамчылап кетти... «Кудайга шүгүр, кудайга шүгүр» деди ал ичинен.

* * *

«Жакшылыктын эрте кечи жок» деп бекер айтышпайт. «Жакшы сөз да, жаман сөз да бир ооздон чыгат». Адамды бир сөз менен өлтүрүп, бир сөз менен тирилтсе болот. Келиңиз, бири-бирибизден жакшылыкты аябайлы. Ооруп калсак бирибизге-бирибиз кан, жан берип жашайлы...

* * *

Камила кыштакка кайтып кетип баратып Дилфуза жөнүндө ойлоп кетти. «Бечара, ызалуу аял» деди ал ичинен. «Турмуш адамдарды кандай гана күүгө салбайт. Кээде ийилет, кээде сындырат. Кийин кайра тикелеп коёт. Бирде токмоктоп оозу-мурдун канатса, бирде ага күтүлбөгөн жерден бакыт берет. Балким жашоо ошонусу менен кызыктуудур. Кандай болгондо да биз жаратканга шүгүрчүлүк айтып жашообуз керек. Анткени алла таала

бизге мына ушундай тунук, жаркын дүйнөнү тартуулап, аны көрүп, ыракаттарын көрүүгө мүмкүнчүлүк берип коюптур. Бизди шайтан жолдон чыгарбаса, бирибизге-бирибиз жамандыкты ыраа көрмөк белек?..

Кабыл да азыр көргөндөрүнүн мазмунун унчукпай талдап баратты:

«Бул дүйнө ажайып дүйнө». Эң кызыгы, кечээ эле бири-бирин жек көрүп жүргөн адамдарга азыр укмуштай асыл сапат берип, мээрман эне-балага айлантып жиберип турса. Чын эле?! Ар кандай нерсе дал ушундай бактылуу чакта турса кана эми... Акыры биз бирибизден-бирибиз эмнени талашат элек? Бир күнү баары бир баарыбыз ошол эки метр жерге барабыз го. Алла таала баарыбызга нысап берсин...»

XVI бөлүм

Фарангиз болсо ушул учурда апасынын көкүрөгүн эмип уктап бараткан эле. Албетте, анын акылы али эч нерсеге жетпейт. Айланасында болуп жаткан окуяларга да көңүл кош карайт. Ал табияттын мыйзамы...

* * *

Сиявуш кыз көрө берип башы айланып калды. Анын көңүлү чөгүп жүргөн күндөрдүн биринде жеңеси дагы бир кызды таап келди. Жээнине кыз көрсөтө берип тажрыйбалуу болуп калган Фарида жолугушуунун убактысын көпкө созбоду. Жигит менен кызды Бабур атындагы театрдын жанындагы оргумалуу сейил бактагы столдордун биринин айланасында суу ичип, балмуздак жешти. Аянттын четиндеги даректар эми жалбырак чыгара баштаптыр. Ошого карабай күн кыйла ысып калган кез. Шаарда тойлор башталып кеткен...

Бир аздан соң Фарида менен кыз тараптан келген аял эки жашты эркин коюшуп, өздөрү оргума жакта ары-бери басып жүрүштү.

— Бири-бирине жагып калышты окшойт, ээ? Сиявушка анча-мынча кыз жакчу эмес эле. Табити ачылып кеттиби дейм? Лолахандан көзүн үзалбай эле калды.

— Кызыбыз озү ширин кыз да. Вой-буй, бул кыз күйөө тандай берип, тандай берип... Өзүнө тең келе алчусун

тандап жүрбөдүбү. Ажеп эмес, бири-бирине жагып калышса. Тагдыр-насип да...

* * *

Ошол күнү Максуддардыкында чыныгы майрам болду. Баарынын көңүлү көтөрүнкү эле. Ошол себептен Сиявуштун да кабагы жарык. Ал кыска мөөнөттүн ичинде бир топ өзгөрүп кетти. Аны тим эле бирөө менен алмаштырып койгондой. Кечээ эле көңүлү чөгүп, ой-кыялдардын сазына баткан бул жигит эми такыр башкача маанайда. Ал өзүн куштай жеңил сезет. Анткени Сиявуш бул ааламдагы өз теңин тапкандай сезер эле өзүн. Ошондуктан ага күч кирип, өзүн кыйла ыкчам сезип калды. Көз алдынан болочок колуктусунун жаркын жүзү кетпей койду. Кыздын таттуу үнү анын кулагына назик музыкадай жаңырып тура берет. Сиявуш Лоланы кыялында алда качан эле өзүнө ыйгарып алган. Кыялында алар күйөө- келин болуп калгансыйт.

Ал эми түндөрү оңойлук менен уктай албайт. Анын жан-дили кандайдыр шашылып, умтулуп турар эле. Чын эле анын жаздыгына жалгыз баш коюусу аяктап баратабы? Кээде уйкудан чочуп ойгонуп кетет, төшөктө жалгыз жатпагандай туюлат. Көзүн ачып караса жаздыкты кучактап алган болот. Ал эми дагы качанга чейин ушинтип жүрөр экен?

Кыскасы, ал той болор күндү чыдамсыздык менен күтүп жүрдү. Анын оюнча эч ким шашылбай, жай аракеттенип жаткандай сезилер эле. Үйдөгүлөргө сездирбесе да, баарынын жалаң эле той жөнүндө сүйлөшүп каалоочу.

Жигит менен кыздын бирин-бири жактырганын угуп Максуд да сүйүнүп кетти. Эми убакытты колдон чыгарбай кыздын үйүнө жуучу жибериш керек. Лолалардын үйү Шайит-Дөбө жакта эле. Лолалардын кең короосу, эки кабаттуу үйү бар. Бул үй Максуддардын үйүнөн калышпайт болчу. Саадатхан эже менен Дилфузанын апасы Зулайка эже экөо бул короого аста-секин кирип барышты. Лоланын апасы Равшанай эже меймандарды көрүп ордунан турду. Ал айванда көрпө кавып отурган эле. Үй ээлери жуучуларды ичкери баштап кетишти. Дубага алакан жайылтып, ал-акыбал сурашкан соң Саадатхан эже негизги максатына өттү:

— Айып этпейсиздер сиңдим, кыз бар жерге каныша да, кедей да кирип бара берет экен. Биз дагы сиздин кызыңыз Лолага кардар түшүп келдик.

— Кош келиңиздер, куттуу болсун эже,— деди Равшанай колдорун көкүрөгүнө коюп. — Сурагандын айыбы жок. Өзүңүздөр каерден болосуздар?

— Мен Максуджандын эжеси болом. Бул эжеңиз ал кишинин кайненеси. Кызыңыз Лоланы биздин жээнибиз Сиявушка көрсөткөн элек. Кызыңыз уулубузга жагып калыптыр...

— Болду, болду, эстедим. Бул баягы Фаридахан төрөгөн балабы?

— Ооба, ошол... Эми калган сөз сизде калды. Ыраазылык берсеңиздер тойду тез арада баштап жиберсек...

— Ооба, чын эле неберем Лолаханга жагыптырбы деги? — деди Зулайка эже кызыгып...

— Биле албадым, эже. Кыз бала жакты деп айтчу беле? Эмне болду, жактыбы деп сурасак, өзүңөр билгиле деп гана койду...

— Албетте, кыз бала уялат да. Өзүңүздөр билиңиздер деген болсо сөз сиздерде калыптыр да,— деди Зулайка эже.

— Ал го ошондой деңизчи, бирок шашпай коё турбайлыбы. Сиздер да биз жөнүндө ал жак — бул жактан сураштырып билиңиздер. Биз да башкалардан сиздер тууралуу маалымат алалы. Анткени бул иштин кыжалаттуу жагы да бар эмеспи. Туурабы?

— Сөзүңүздө жан бар, сиңдим. Акыры муну өмүр соодасы дейт ко. Анын үстүнө «Кызы бардын — назы бар» деген макал бар эмеспи. Бизди Ошто тааныбаган адам жок. Уулубуз адептүү, эстүү-баштуу жигит. Ал Америкадан окуп келген. Билимдүү, зээндүү бала. Иштеген жери да мактоого арзыйт,— деди Зулайка эже...

— Аныңыз го туура, бирок кеп анда эмес. Лола эми төртүнчү курста окуп жатат. Али тойго деле даярдыгыбыз жок. Аны жакын ортодо күйөөгө бериш да оюбузда жок эле...

XVII болум

Эки тараптын бирин-бири изилдеши ушул жуучулуктан кийин башталды. Кыз тарап жигит жакты, жигиттин туугандары кыз тарапты иликтей баштады. Бул иштин жүрүшүндө тараптардын тээ мурда өтүп кеткен

ата-бабалары, азыркы ага-инилери, тууган-уруктары да четте калышкан жок. Жигит менен кыздын балалык кездеринен тартып жүрүш-туруштары бүткүл шаарга маалым болду. Иши кылып ушундай «ашкере таанышуудан» кийин той болуп кетсе эле болгону. Антпесе бул эки тараптын тең «арты» шаарга ачылганы гана калат...

Акыры кыз тарап Максуд ойлогондой эле болочок кудагыйынын рухий оорукчан экенин «кармап» туруп алды. Той башталуу алдында Максуд Дилфузаны үйүнө алып келген эле. Үйдөгүлөр бул сөздү ага угузушкан жок. Бирок, муну Сиявуш билип капа болду. Ал түнү менен кирпик ирмебей чыкты. Тынбай тамеки тартты. Алкымына таш тыгылып калгандай эле болду... «Апамды оорукчан экен дешиптир. А-а, анда... Мага мындай үйбүлөнүн кызы керек эмес. Акыры адам баласынын кемчилигин көзүнө айтып болобу? Мындай иштерди маданиятсыз кишилерден гана күтүүгө болот. Тарбия көргөн инсан мындай пастыкка барбайт. Башка кыз куруп кетиптирби? Ал болбосо башкасы табылат». Сиявуштун жүрөгүнөн ушундай ойлор өтүп, анын таттуу арзуу-тилектери бир күндө тымтыракай болгонуна адамдардан көңүлү калды.

* * *

Ал болуп өткөн окуяларды жездеси Кабылга айтып берди эле, Кабыл жооткотту:

— Сиявуш сиз тынчсызданбаңыз. Майда-чүйдө сөздөргө көңүл бурбай, арканды узун таштап коё бериңиз. Салт өзү ошондой болот. Көрүнгөндүн сөзүн уга берсеңиз өзүңүздү кыйнап аласыз. Муну өмүр соодасы деп коюшат. Бир жигит менен бир кыздын башын кошуу оңой иш эмес. «Жети өлчөп бир кескен жакшы» деген сөз бар. Кийин өкүнүп жүргөндөн көрө азыр шашылбай, топуну бир чекеге коюп алып иш жүргүзүш керек. Бул арада биз кыз тарапты дурустап изилдеп алабыз. Анткени жат эки үй-бүлөнүн бири менен бири тууган болуп кетиши оңой нерсе эмес да. Ошондуктан сабырдуу болуңуз. «Сабырдын түбү сары алтын» деп коёт эмеспи.

Сиявуш жездесинин мазмундуу сөздөрүн тыншап отуруп кыйла тынчтанып калды.

* * *

Ошого карабай жигит тараптан кыздын үйүнө жуучулар бара беришти, бара беришти. Ортого аны да, муну да салып көрүштү. Бирок, кыз тарап бекем туруп алды. Баары бир жигит тараптын өкүлдөрү кыз тараптын дарбазасын «тешип» жиберишти. Акыры Максуд Лоланын атасы Касымжан менен өзү жеке сүйлөштү. Ал болгон сөздү болочок кудасына түшүндүргөн эле, Касымжан ака макулдугун берип жиберди.

* * *

— Неге аларга макулдук берип жибердиңиз, атасы деди Равшанай күйөөсүнө капа болуп.

— Эмне болуптур? Кызыңды берсең ошончолук жерге бересиң. Мен жигитти да көрүп келдим. Шыңга бойлуу бала экен. Улам каза берсең кемчилиги чыга берет. Эмне, бизде кемчилик жок дейсиңби? Болду, сөздү кыскарт. Мен Максуджанга макулдугумду берип койдум. Сөз бүттү, вассалам...

* * *

Пахта терим күчөп турган мезгил. Кыштактыктар эртеден кечке талаада. Балдарына түшкү тамакты Шакир ата ташып жатат. Кудайдын кудурети менен бир нече жылдан бери ордунан козголбой жаткан бул адам акыры бутуна туруп басып кетти. Күйөөсү оңолуп кетип Санабархан эжеге да кыйла жеңил боло түштү. Үй иштерин чоңоюп калган балдары өздөрү эле бүтүрүшөт. Фарангиз болсо «каз-каз» туруп калды.

* * *

— Камилахан, кызым, эми сиз дагы мектебибизге ишке кирип алыңыз. Үйдө отура берип кыйналып да кеттиңиз. Мына, неберемди эмчектен чыгарып алдык. Фарангизди мен багып отура берем,— деди Санабархан эже сөрүдө келини менен түштөнүп отуруп.

Кайненесинин сөзүн угуп Камила аябай сүйүнүп калды. Ал университетти бүтпөй жатып эле турмушка чыкпады беле. Ошол себептен мектепте бир да күн иштеген жок. Туура, Оштогу бир нече мектептерде практикада

болгон бир кездерде. Баары бир мектепте толук кандуу мугалим болуп иштеш башкача да...

— Чын эле, апа, мен мектепте иштейминби?

— Албетте, эгерде өзүңүз кааласаныз. Анан дагы көңүлүңүзгө «кайненем иште деп жатат» деген ой келип жүрбөсүн...

— Кантип эле каалабай калайын? Өтө-өтө каалайм иштегенди...

XVIII бөлүм

— Сүйүнчү бериңиз, Кабыл ака! — деди Камила кечинде күйөөсү талаадан келгенден кийин анын башына суу куюп берип жатып.

— Эмнеге, кимдир бирөө төрөдүбү?

— Төрөгөндө гана сүйүнчү сурайт бекен? — деди Камила Кабылга, кыткылыктап күлүп.

— Ко-ош, эмесе кандай окуя болуп кетти?

— Таап алыңызчы?

— Таба албадым.

— Анда угуп туруңуз. Мен ишке чыга турган болдум. Энем айтты.

— Чын элеби?

— Ооба, ооба.

— Бала эмне болот?

— Фарангизди энем карап турам деди...

— Өзүңүз билиңиз. Иштегиңиз келсе иштей бериңиз. Жаңылыгыңыз ушул беле? Мен Сиявуш уулду болгон окшойт депмин.

— Кызыксыз да, атасы. Сиявуштун үйлөнгөнүнө эми бир апта болсо... Алар балалуу болгончо...

— Эмне болуптур? Айта бериңиз, аягын жутуп жибербей...

Камила бир аз уялып туруп сүйлөдү:

— Тигил сиздин уулуңуз ини болуп калар бекен...

Кабыл аялынын туюк сөздөрүнөн Камиланын көздөрүнө көздөрүн кадап катып калды...

* * *

Алар абдан бактылуу жашашат эле. Акын туура айткан экен. Үйүң дос менен абат болот тура. Болбосо улуу нерсе да талкаланып жок болот. Кабыл менен Камила

мына ушул капкараңгы үйдө жашашса да алдыларына жарык, чоң-чоң максаттар коюп жашашат. Камила бир да жолу өмүрлүк жарынын көзүнө тик караган жок, Кабыл да Камиланы «сен» деп койбоду.

— Жаңа Сиявуштун тою эсиме түшүп кетти. Өзү да аябай чоң той болду ээ? Мен жыргап бийге түштүм,— деди Камила үйгө киргенден кийин.

— Атам дагы аябай сүйүндү да. Кубанганынан жоролору менен бир аз ичип да алыптыр. Бийге ушунчалык сонун түшөт экен...

— Дилфуза эжени айтпайсызбы? Ал дагы аябай жыргап жүрдү. Ичи ирим болуп турса да сыртынан билдирбеди. Мен аны сезип турдум. Албетте, Шахрух тирүү болгондо бул той андан да кубанычтуу, шаттуу өтмөк.

— Атам дагы кыйла жазылып келди,— деди Кабыл.

— Мен дагы ошого сүйүндүм да. Шаарга барып аба алмашып келди. Энем жатып келгени жакшы болду. Эртеси мени менен «бет ачарын» өткөрүп кайтты. Алар Фарангизди алып турушпаса мен жеңелерге жардам бере албайт элем...

— Эң негизгиси бактылуу болушсун. Сиявуш дагы кыйла чүнчүп кеткен эле. Мына эми үйлөнүп алды. Кантkенде да колуктусуна алаксып калат эми...

* * *

Күндөр бири менен бири жарышып өтүп баратат. Кабылдын да эки иниси бойго жетип калышты. Шакир ата ортончу уулу Кадырды келерки жылы үйлөйүн деп турат. Быйылкы жылы аракет текке кеткен жок. Ошол кирешеге той өткөрүп, келин алса болот. Санабархан эже көрпө-төшөк, башка бардык нерселерди тактап, даярдап койгон. Ошон үчүн Кабыл тун уул катары үйдү инисине бошотуп бериши керек. Туура, аны бул жерден эч ким айдап жаткан жок. Ал өзүн өзү ыңгайсыз сезип жүрөт. Эми ушул короонун бир бурчуна үй салып алса болот. Бирок, аны менен маселе чечилип калбайт.

Эң жакшысы айыл окмөтүнөн жаңы жер сурап, ошол жакка үй куруп алганы жакшы. Атасы, инилери жардам беришет да ... Бир күнү баары бир Кабыл дагы өзүнчө үй салышы керек да...

Күндөрдүн биринде Кабыл атасы менен сүйлөшүп олтуруп, ага ушул ойлорун айтты. Бирок, ага атасы капа болду:

— Каяктагы сөздөрдү айтасын, уулум. Сиздерди биз батырбай жатабызбы?

— Жок-э, ата, мен андай деп жатканым жок. Эртеби-кечби, баары бир биз дагы алейне үй-жай курушубуз керек деп гана айтмакчымын.

— Баарыбыз чогуу жашай берсек болбойбу?

— Жакшы эле болот, албетте... Ошондой болсо да мен жаңы үй салганга аракет кылсам жаман болбос эле...

Шакир ата туңгуч уулунун сөздөрүн угуп отуруп жооп берди:

— Мейли, уулум, ыктыяр өзүндө. «Зарыбыз бар, зорубуз жок» дейт эмеспи. Апаң менен мага силер кайда болсоңор да бактылуу жашасаңар болду. Үй салмакчы болсоң, биз карап турбайбыз. Колубуздан келишинче жардам беребиз...

— Рахмат, ата...

XIX бөлүм

Бул арада Камила мектепке ишке чыкты. Ал жогорку класстарга өзбек тили жана адабияттан сабак берип жатты. Фарангиз да кыйла чоңоюп, тили чыгып калды. Ал апасы ишке кеткенде чоң атасы, чоң энеси менен калат. Ушунчалык мамадаани, адабий тилде ар бир сөздү даана-даана сүйлөп берет. Камила өз билим деңгээлин өөрчүтүүдө көп эмгектенип атып, кесиптештерине жетип алды. Ал адабиятты өтө жакшы көрөт. Китепти көп окуйт. Адабият мугалими окуучуларды адабий китепти окуганга гана үйрөтпөстөн, турмушка да даярдашат. Бул илимди айрым жаштар анча таназар алышпоосу да мүмкүн. Бирок, андай адамдар кийин турмуштан кагуу жеп калышы мүмкүн...

* * *

Кыш келип, талаа жумуштары да токтоду. Кыштактагылар алган кирешесин тиричилигине сарпташып, жазга чейин талааларын түшүндө көрүп чыгышат. Пахтазарды аппак кар басып алган. Жер деле тынбай үч жолу — жазда, жайында, күзүндө иштеди. Азыр болсо, үстүнө ак көрпө жамынып алып уктап кеткен өңдөнөт. Балдар талааларда жана адырларда лыжа тебишет...

Кабыл кыш күндөрүн бекер кетирбеди. Керектүү даректерин топтоп айыл өкмөтүнө каттап жүрдү. Төрага жаз чыгаары менен бош жерлерден үйгө жер бөлүп берүүгө убада кылды. Бул жерге уулу менен бир-эки ирет Шакир ата да келип кеткен. Инсан үчүн эң негизги нерсе башпаана эмеспи. Үстүңдө жамынчуун болбосо андан жаман эч нерсе жок. Айрым үйсүз үй-бүлөлөр аргасыздан бирөөлөрдүн үйүндө ижарада турушат.

Бирөөнүн үйүндө отургандан жаман иш болбосо керек дүйнөдө...

Кабыл жер алып, үй салгандан кийин өзүнүн жеке менчик чарбасын уюштурмакчы. Ал пахта эгүү менен бирге мамлекеттен карыз акча алып беш-он баш малсал сатып алып, аларды көбөйтүп отуруп фермер болсом дейт. Ал жакында Россиянын коомдук телевидениеси аркылуу уюштурулган «Кара жолтой мурас» деген телесериалды көрүп, ошол видеофильмдеги «эт королуна» окшоп мал чарбасы менен алектенүүнү алдына максат кылып койгон. «Умтулганга ырыскы берет» деп коёт эмеспи. Эмгектене берсең бир күнү анын үзүрүн да көрөсүң. Келечекте ал өз айылында кичи агро өнөржай ишканасын уюштуруу менен жашамакчы болуп жүрөт. Кана эми6 анын цехтеринде чыгарылган балмуздак, идишке куюлган сүт, айран, ар кандай быштактар кыштагында да, шаарда да сатылып турса. Ашканын чет мамлекеттерге да сатса болот. Кабыл түзгөн пландарын инилери, достору менен бирге ишке ашырып алса кандай сонун болот эле. Албетте, бул жолдо көптөгөн тоскоолдуктар, кыйынчылыктар туш болушу мүмкүн. Бирок, «Таранчыдан корккон эгин экпейт» дейт эмеспи. Ошон үчүн эң мурда эч нерседен коркпостон, акылды, билимди пайдаланып илгери үмүт менен күндү күн, түндү түн дебей тер агызып эмгектениш керек. Кабыл өзү абдан күчтүү, эрктүү жигит. Биздин оюбузча, каармануыбыз бул иштердин өтөөсүнөн чыгат. Мында ага түбөлүк жары Камила жардам берет. Ага болгон мээрими, сүйүүсү жөлөк болот.

VI ГЛАВА

I бөлүм

Дилфузанын ден-соолугу бир кыйла оңолду. Ал ооруканадан дарыланып үйүнө кайткандан бери таптакыр башка адам болуп калды. Абысындары, туугандары менен болгон мамилеси да барган сайын жакшырууда. Уулу Сиявуштун тоюн туугандары, элижурту менен кеңешип өткөрдү. Куда-кудагыйларын жылуу-жумшак, мээримдүүлүк маанай менен узатты. Ал Максудга да, балдарына да муңайым сүйлөп, келини Лолага болсо өзгөчө мээримдүү мамиле жасайт. Сиявуштун маанайы жарык, Максуддун көңүлү көкөлөп, Гүланданын чүкөсү алчы турган кез... Ал такыр эле женесинин жанынан чыкпайт.

Кыскасы, бир жылга созулган дарттуу окуялардан кийин бул үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн да жаны бир аз болсо да жай тапты. «Айдын он беши караңгы, он беши жарык» дегендей, кечээ эле алардын башына кайгы-капа жаадырган тагдыр бүгүн алардын маңдайынан сылап турат...

* * *

Жаз келээри менен Кабыл айыл аймагынан эки гектар жер алды. Ошко барып жеке менчик чарбасын облустук юстиция башкармасынан каттоодон өткөрүп, райондук архитектура бөлүмүнөн уруксат алгандан кийин үй курууга киришти. Ата-энеси, инилери менен биргеле-

шип үйдүн жерпайы үчүн чуңкурча казышты. Кабыл кыска убакыттын ичинде заңгыраган имарат куруп жиберүүгө чама-чаркы жетпесе да, ашар жолу менен айылдаштары, коңшу-колоңдору жана дос-жарларынын жардамы менен бир-эки бөлмөдөн турган башпаанек тургузууга мүмкүнчүлүгү бар эле.

Ал үчүн адегенде үч-төрт машина шагыл, беш-он кап цемент алып келиш керек. Турпакты ушул жерден эле алса болот. Үйдүн дубалы пакса менен урулат. Суудан гана бир аз кыйынчылык болот. Азырынча аны кыштакты аралап өткөн каналдан алып турууга туура келет. Ошондуктан суу сактай турган атайын чоң идиш таап келишти. Четирээк жакка сөрү коюлуп, анын үстү жана айланасы жүгөрүнүн паясы менен тосулду. Кабыл инилери менен түндөлөрү да ушул жерде түнөп жүрүштү. Азык-түлүк менен оокатты үйдөн ташышат. Түшкү тамакты болсо ушул жерге таштан очок жасашып, бышырса болот...

Кабылдын үй салып жатканын укkан Максуд уулу Сиявуш менен кыштакка келип кетишти. Ал күйөө баласы күнү-түнү иштей берип өңүнөн азып, арыктап кеткенин көрүп боору ооруду.

— Кабылжан, мынча эле өзүңүздү кыйнайсыз?

Шаардагы үйүнөр бопбош турат ко. Ошондо барып эле жашай бербейсиңерби? Өзүңүздү бир жакшы ишке орноштуруп коёт элем... Ата-энеңиз менен иштеринизге шаарда туруп деле жардам берсеңиз болот да.

— Рахмат, ата. Сиз ансыз деле бизге көп жардам бердиңиз. Бирок, баарын эле сиз даярдап бере берсеңиз, биз бул жашоодон эмне иш бүтүрүп өтөбүз. Акыры биз деле эл катары үй куруп алалы. Бала-чака багып өстүрөлү. Бир нерсени өз мээнетиң менен жасап көрмөйүнчө анын баркына жетпейт тура, киши. Мен кыштакта эмгектенип чоңойдум. Мага шаардагы даяр үйдө кол куушуруп отуруп жашоо жакпайт. Өтүнөм, мени кечириңиз ата. Мен баарына өз күчүм, аракетим менен жетишим керек...

— Анда шаардагы үйүнөр эмне болот? Акыры мен аны Камилага бербедим беле?

— Ата, сизден суранам, бизди туура түшүнүңүз, сиздин көңүлүңүздү ооруткум келген эмес,— деп сөзгө аралашты Камила.

— Бирок, биздин дагы алдыбызга койгон үмүт-максаттарыбыз бар...

— Түшүнүктүү, мейли, өзүнөр билгиле. Бирок баары бир шаардагы үй силердики бойдон калат. Анын силерге кереги тийбесе, неберем Фарангиздин керегине жарап калар... Ал жерге каалаган учурларда барып-келип турасынар... Анан, курулушка менден кандай жардам керек болсо эч тартынбай айта бергиле. Ашар кылсаңар биз бейкапар калбайлы. Бул имаратка биздин колубуз да тийип калсын...

— Рахмат ата, рахмат!

— Кана эмесе бир дуба кылайлы. Силерге Кудай өзү күч-кубат, кайрат берсин. Оомийин!

* * *

Камила мурдагыдай эле мектепте иштеп жүрөт. Фарангизди чоң энеси багат. Шакир ата болсо уулдарына баш-көз болуп курулуш үстүндө. Ал ылайга түшпөсө да талаадагы алачыкта олтуруп, балдарынын ишине көз салып кеңеш берип турат. Ага-инилер болсо башына ак жоолук оронуп пакса урушат. Бир бөлмөсүнүн дубалы бүтөйүн деп калды.

Эшик, терезелери үчүн ачык жерлер калтырып кетишүүдө...

* * *

Камила мектептен чыгып түз эле курулушка барат. Кийимдерин алмаштырып, очокко от жагып, казан асат. Чакага суу кайнатып, чай демдеп, муздатып берет. Суу таңкыс боло бергендиктен жигиттер каналдан бери көздөй арык ачышып, суу алып келишти. Аянттын бир четине чоң чуңкур казып да коюшту...

Ага-инилер пешенелеринен шор-шор тер агызып иштешет. Арадан он-он беш күн өткөн соң үй бүтөйүн деп калды. Эртең торсун таштап, үстү жабылып, ылай басылмак. Ашарга эл чакырып коюшкан. Ынгайсыз болсо да капа болуп калышпасын деп кудаларга да кабар берип коюшту. Эртеси ашарчылар дубалга торсун ташташып жатышканда алыстан ак «Лимузин» көрүндү.

— Досум, кайнатаң келатат,— деди Кабылдын жоролорунун бири.

Ошол замат үй үстүндөгүлөрдүн баарынын көзү чын-

дап эле алар тарапка жакындап келаткан узун ак машинага түштү. Ал мында жете келип, көчөнүн чаңын асманга көтөрө барып токтоду. Ичинен Максуд, Дилфуза, Сиявуш түштү. Чоң табактар толо ар түрдүү даамдар, себептерде патир нандар, чакаларда ар кандай майда-чүйдө, мөмө-чөмөлөр... Айдоочусу машинанын багажынан бешалты дарбыз, коон алып чыкты...

Шакир ата, Санабархан эже, Камила меймандарды тосуп чыгышты.

— Ассалоому алейкум! А дегиле, куда! — деди Максуд кош колун Шакир атага сунуп.

— Валайкум ассалам, Максуджан, саламат болгула! — деди Шакир ата кудасы менен кучакташа көрүшүп.

Дилфуза болсо Санабархан эже, Камила менен өбүшүп учурашты.

— Чарчабай-чалыкпай бүтүрүп жатасыздарбы, эже, сиздерге кудай өзү күч-кубат берсин,— деди Дилфуза.

— Камилахан, өзүңүзгө күч келтирип албадыңызбы, деги? Этиет болуңуз, кош бойлуу эмессизби,— деди үнүн басаңдатып, эки жағын каранып...

Аңдыча там үстүндөгүлөр жерге түшүшүп, меймандар менен учурашышты. Андан соң баары сөрүнүн айланасына жыйылышып, батага алакан жайышты. Бири-бирининин ал-абалдарын сурашып бүтүшкөн соң:

— Эмесе ишке киришели, Шакир ата, күн ысып кетелекте там башын жаап алалы. Бүткөн соң ичине кирип баарыбыз тамактанабыз,— деди да, Максуд өздөрү ала келген эски кийимдерди уулу Сиявуш менен алмаштырыш үчүн үйдүн артына өткөнү калган эле, Санабархан эже:

— Бул канткениңиз куда, бизди ыңгайсыз абалда калтырбаңыз,— деди. Сиздерди иштете коймок белек. Сиз эң жакшысы кудаңыз менен сөрүдө чай-пай ичип, жигиттерге акыл-насаат айтып турсаңыздар эле жетишет. Ал эми ишти болсо балдар өздөрү бүтүрө беришет...

— Жок-э, Санабархан эже, ошончо жерден атайын келип ашарга катышпай кайра кетмек белек?— деди Максуд.

— Анын эмнеси бар экен, кудагый? Иштесе кызынын үйүндө иштейт да. Там башына бир-эки чака ылай бастырышып коїсо, асманы жерге түшүп кетмек беле! — деди Дилфуза Санабархан эжеге жылмая карап.

Ушул учурда сөрүдө уктап жаткан Фарангиз ойгонуп кетти. Ал чылпак баскан көздөрүн сыйпалап-сыйпалап, бир Максудду, бир Дилфузаны карайт. Ал экөө тең небересин биринен-бири талашып өөп-жыттап эркелетишти. Фарангиз да аларды астейдил кучактап өпкүлөдү...

* * *

Тамга торсун таштаалып, шып бекилип, бүткөн соң ашарчылар кара кагаз кагууга киришишти. Андан кийин анын үстүнө саман аралаш ылай басылды. Бул иш да бүткөн соң баары түшкү тамак ичүүгө төмөн түшүштү. Бул убакта күн кыйла кызып калган эле. Жигиттер тердеп кетишип, көйнөктөрүн чечип ташташкан. Алар көлмөдөн челек-челек муздак суу алышып, бири-биринин башынан ылдый куюп жатышты. Алар жуунуп бүткөнчө Санабархан эже менен Камила жаңы үйдүн ичинен кенен орун даярдап коюшту. Түйүндөрүндө ашарчыларга аталган көйнөктөрдөн тартып бир нече шише арак, коньяктар да бар эле...

Ошол күнкү ашар чоң ийгилик менен аяктады. Меймандар жол тартып кетишкенден кийин жигиттер каналга барышып, чөмүлүп келишкен соң кыйлага чейин көңүл ачып сүйлөшүп олтурушту. Чыныгы сайран курушуп, чоң канагат алышты...

Баары жакшы болду. Бир гана Кабыл түндөсү чыйрыгып, бүткөн бою титиреп, ойгонуп кетти. Күйөөсүнүн онтоп жатканын угуп калган Камила дароо ордунан туруп чырак жакты да, Кабылдын пешенесине колун койду.

— Кабыл ака, сизге эмне болду? Ысытмаңыз барбы? Бир жериңиз ооруп жатабы?

Кабыл болсо эки бүктөлүп, тынбай онтоп жатты.

— Үстүмө калыңыраак төшөк жаап коюңуз. Негедир чыйрыгып, үшүгөнсүп жатам.

Ал ушинтти да, сулк жаткан бойдон титирей баштады. Анын өңү дубалдай бозоруп кеткен, тиши-тишине тийбейт калтырак басты. Күйөөсүнүн абалын көрүп коркуп кеткен Камила үйдөгүлөрдүн баарын ойготуп жиберди. Жарым түндө Кабылды райондук ооруканага алып барып жаткырышты. Врачтардын айтуусуна караганда Кабыл бөйрөгүн катуу шамалдатып алыптыр. Күн куйкалаган аптапта иштеп, муздак сууга кириништин натый-

жасы ушул болуптур. Анын үстүнө теңтуштары менен 50—100 грамм арак да ичип койгон эле. Ден-соолугуна балким ошолор таасир эткендир.

Күйөөсүнүн күтүлбөгөн жерден эле ушундай абалга түшүп калганын көргөн Камиланын жүрөгү коркконунан жарылып кете жаздады. Анткени Кабыл буга чейин бир жолу да ооруган эмес эле. Санабархан эже келинин тынчсыздана бербе деп канча айтса да ал баары бир кабатыр боло берди. Таң атары менен үйдөгүлөрдүн баары Кабылды көргөнү ооруканага барышты. Ал биринчи кабаттагы палатада уктап жаткан эле. Ал ата-энеси, аялы, инилери, уулу Фарангизди көрүп ордунан турмак болуп обдулду, бирок туралбады. Ал өзүн көкүрөгүнө таш бастырып койгондой сезер эле. Ордунан турууга кубаты жетпеди. Кечээки титирек аны алсыратып коюптур. Түндө асма үкөл беришкен. Эртең менен ар түрдүү анализдерди алышты. Убак-убагы менен дарылап да турушту.

Кабылдын чүмүрөйүп кеткен жүзүн көрүп Камила ачынып-кыйналып алды. Фарангиз атасына барыш үчүн ыңтылган эле, аны көтөрүп турган байкеси ылдый болуп атасын өптүрүп койду. Баары Кабылдын ден соолугун сурашып, биринин артынан экинчиси сыртка чыга башташты. Санабархан эже менен Камила болсо улам-улам дарылоочу врачка жолугушуп, бейтаптын оорусунун себебине кызыгып жатышты:

— Эже, Кабыл акам эмне болуптур? Оорусу анчалык олуттуу эмеспи?

— Жок, анчалык деле эмес. Бирок, этият болуш керек. Титирөөсү кайталанса оорусу кайра күчөп кетиши мүмкүн. Биз ага «Кальций хлорид», «Алоэ» сыяктуу ысык үкөлдөрдү берип жатабыз. Анын тез арада оңолуп кетиши кыйын. Бир кыйла узак убакыт талап кылынат. Бөйрөгү акырындык менен мурдагы калыбына келет. Ошондуктан «Гентамицин» да берип жатабыз. Бирок, бул дары анын өтүнө терс таасир этпесе экен деп чочулап турам. Эми «Нитроксолин», «Нок-5» сыяктуу дарыларды алып келип бергиле,— деп доктор Камилага рецепт берди...

* * *

Кабыл ооруканада бир жума жатты. Ал бир топ дарыланса да биротоло оңолуп кете алган жок. Апасы болсо ар

кандай ысытмалар жасоодо. Үйдү инилери бүтүрүүдө. Эшик, терезелерди орнотушуп, дубалдын ичи-тышын шыбап коюшту. Эми актап-боёш иштери гана калды.

Бул мезгилде гозолор шаналап, айрым жерлерде пахта ачыла баштады. Жаңы жер бир кыйла түшүмдүү болуп чыкты. Кудай буюрса алар быйыл жакшы түшүм алышат. Пахта буласын токуучулук комбинатына сатып, иниси Кадырды үйлөп коюуга мүмкүнчүлүк бар. Кабыл калган акчага чоңураак малкана куруп, ал жерде мал чарбачылыгын өнүктүрмөк болду...

* * *

Кабыл бир аз оңолуп калгандан кийин Камила экөө Ошко — кайнатасынын үйүнө барып келишти. Камила атасына Кабылдын ооруп калганын айтпай эле коюуну чечти. Ал адегенде күйөөсү оорукчан болуп калабы деп чочулаган эле. Кайриет, Кабыл бир топ жакшы болуп калды. Эми өзү эсен-аман бошонуп алса болгону. Кызык, бул жолу да уул төрөйт бекен же кызбы?..

— Жүрөгүмдү жарып коё жаздадыңыз, атасы,— деди Камила күйөөсү менен жалгыз калганда. — Колу-бутум алсырап, жыгылып кетпей араң калдым. Сиз бирдеме болуп кетсеңиз бул дүйнөдө жашайт белем, жокпу — айта албайм. Бизге кудайдын ырайымы келди. Кудайга жалынып-жалбаргандарыбыз, сыйынганыбыз өз жемишин берди.

— Ысык жан болгон соң ооруп-нетип турат экен да адам деген. Ошого да ушунча бушайман болуунун кажети бар беле? Акыры сиз капаланбашыңыз керек го. Айыңыз да келип калды. Өзүңүздү этияттаңыз. Улам ар кандай майда-чүйдө нерселерге кабатыр боло бербеңиз.

— Кыз төрөйт бекем же уулбу?

— Менимче, кыз төрөйсүз.

— Сиз экинчи балабыз кыз болушун каалайсызбы?

— Мага баары бир. Кудайдын бергени болот да.

— Эгерде кыз төрөсөм кандай ат коёбуз?

— Билбедим. Бул тууралуу ойлобоптурмун.

— Аны эжемдин аты менен атасак болобу?

— Айбарчын эжекенинби?

— Ооба.

— Эмне үчүн болбосун? Акыры ыраматылык Айбар-

чын эже сизди аппак кылып жууп-тарап чоңойтподу беле. Апаңыздын ордуна апа болгон.

— Мен дагы ушул жөнүндө көп ойлоном. Кыз болуп эжеме эч жакшылык кыла албадым. Азыр тирүү болсочу...

— Эгерде уул төрөп калсаңызчы?

— Уўл төрөсөмбү? Билбедим. Мага негедир экинчи балабыз кыз боло тургандай сезилет. Шашпайлычы, биз али төрөлө элек ымыркайга ат тандап жатабыз. Буга атам, энемдер эмне дешер экен? Албетте эң мурда ошолордун айтканы болот...

* * *

Чынында эле Камиланын айы-күнү жетип калган экен. Ал эртелеп короо шыпырып жатып кыпкызыл болуп кеткен эле. Санабархан эже келинин карап, Камилахан бүгүн-эртең көз жарат деп койду ичинен. Ал жаңылбаптыр. Келиндин толгоосу башталаары менен облустук төрөт үйүнө алып жөнөштү. Кайриет, эсен-аман жетип алышты. Санабархан эже келини машинада баратып төрөп койбосо экен деп жанын уучтап баратты. Кабылдын жүрөгүнүн дүкүлдөгөнүн айтпайсызбы. Алар төрөт үйүнө жетери менен Камиланы төрөт бөлмөсүнө алып кирип кетишти. Бул жолу ал оңой эле төрөп алды. Кыз экен. Ооба алар жаңылышпаптыр. Санабархан эже менен Кабыл бул кабарды угушуп кубанып кетишти.

— Кыздуу болушуң менен, балам! — деп апасы Кабылдын бетинен, көздөрүнөн өптү.

— Өзүңүздүн неберелүү болушуңуз менен, апа! — деди Кабыл апасынын көздөрүнө тигиле.

— Рахмат, уулум, өмүрү узун болсун. Энеси да ымыркайды бооруна басып, ыраатын көрсүн...

Санабархан эже менен Кабыл кыштагына кайтып кетерден мурда Максуддардыкына кириштн, аларга бул кубанычтуу кабарды билдиришти. Дилфуза ичкериден сүйүнчү көтөрүп чыкты. Сиявуш Кабылды кучактап куттуктады. Жаңы келин, Гүланда да Санабархан эжени кучактап куттукташты.

— Биз азыр эле төрөт үйүнө барып Камиланы жаңы келген мейман менен куттуктап келебиз. Сиздер ичкери кириңиздер. Бир пияладан чай ичели...

Санабархан эже менен Кабыл ичкери кирүүгө көнүшпөдү. Айванда отурушуп дуба кылышты да, кыштакты көздөй жол тартышты.

* * *

— Сиявуш, ишканага телефон чалып тезинен атаңды тап, туптуура төрөт үйүнө барсын. Биз дагы азыр жетип барабыз дегин. Базардан гүлдесте, ширин даамдар сатып алабыз...

* * *

Гүландам да бойго жетип калды. Ал быйыл орто мектепти бүтүрөт. Келечекте женесине окшоп балдар врачы болууну эңсейт. Лола университеттин медицина факультетин бүтүргөнү турат.

* * *

Шакир ата кемпир менен уулунун шашылыш кетишине кабатырланып жаткан эле. Ушул учурда эшиктен Санабархан эже менен Кабыл кирип келишти. Алар Шакир атага «Небере куттуу болсун, небере!» дешти жарыша. Шакир ата Фарангизди жетелеп, тынчсызданып, эми эле көчөгө чыкканы турган.

— Рахмат, рахмат,— деди Шакир ата көңүлү жайлана түшүп. — Кайриет. Өзүнөрдү да куттуктайм! Айтмакчы, кызбы, уулбу?

— Кыз, кыз, атасы,— деди чексиз кубанган Санабархан эже.

— Эми ининдин тоюн баштап жиберсек болот экен да ээ, уулум? — деди Шакир ата Кабылга.

— Ананчы, ата. Албетте болот!

— Коош, келиним кызынын атын ким койгусу бар?

— Ымыркайдын атын адегенде сиздер коёсуздар да, ата. Сиздерден ашса, биз ойлонобуз...

— Жашырбай айта бер эми, небереме кандай ысым берсек дейсинер? Азыр бүгүнкү заманга ылайык, жаңы аттар пайда болду. Өзүнөр коё бергиле эч кыжалат болбой, биз ыраазыбыз.

— Келиниңиз кечээ түнү бул тууралуу сөз баштагандай болду эле...

— Анда айта бер тартынбай...

— Баягы... эжеси бар эле го, Камиланы багып чоңойткон...

— Э-э... эсиң курсун, аты ким эле? И-и, Айбарчын эже. Жаны бейиште болсун, ыраматылыктын. Укмуш аял эле да,— деди Санабархан эже.

— Мени чоңойтом деп жүрүп өтүп кетти — деп өкүнүп сүйлөгөн эле Камилахан.

— Айбарчын... Айбарчын... Уккулуктуу ат. Анын үстүнө Айбарчын эженин руху да сүйүнүп калат...

* * *

Кызалактын атын Айбарчын коюп Камиланын мүдөөлөрү бир аз аткарылгандай болду. Канткенде да анын колунда кымбаттуу эжесинин аты менен аталган ымыркай чоңоюп жатат. Камила эми эжесине кылалбай калган жакшылыктарын мына ушул кызалакка көрсөтүп, армандан чыгат.

Айбарчын эже бир кездерде өзүн кантип бөпөлөп чоңойткон болсо, Камила да Айбарчынды дал ошентип көзүнүн карегиндей сактап асырайт. Бөлөнчүккө салып алдейлеп, бешикке бөлөп терметет. Беттеринен өөп, кумардан чыгат...

* * *

«Аалам мынчалык кооз ээ? Аны тиктеп отурсаң көзүң тойбойт. Тынчтыктын заманында бала-чаканы чоңойтуп, үйлөп-жайлап, той өткөрүп жашаганга не жетсин? Бирок, адамдар арасында ошондой бактылуу, толуп-ташкан турмушубузду көрө албаган, колу менен көздөрү кансырап турган бирөөлөр табылып турат. Дал ошондойлордун кесепети тынчтыкты каалаган элдердин тынч жашоосуна зыян келтирет. Минтип от чыгарууну, кан төгүүнү өзүнө кесип кылып алган макулуктар да ааламда көп. Тээтиги даректардын, гүлкайырлардын кооздугун карагызчы. Кудай берген биринен-бири таттуу нерселерден даам татып, чырайлуу кыздардын капкара, күрөң, көгүш, жашыл көздөрүнө тигилип жашаса болбойт бекен

ошолор. Чамасы, алар мына ушундай жыргал заманда жашоодон эригип кетишсе керек. Айрыкча бизди, эркектерди, зеригип калбасын деп сулуу-сулуу аялдарды эрмек катары жаратып коюптур, алла таалам биздин бактыбызга. Эй арсыз! Эгерде күчүң ушунчалык эле көбөйүп кеткен болсо бир аялды сүйбөйсүнбү! Эгер сүйө албасаң кайсыл бир сулууну кучагыңа кыс да, жанынды тынчыт! Бирок, колуңа курал ала көрбө! Күнөөсүз балдардын канын төкпө! Сен сыяктуу кенебестердин айынан сопсоо, тынч эмгек менен жашап келе жаткан адамдар да мекенди коргоо үчүн колуна курал алууга аргасыз болуп жатышат. Аны менен сен «уруш» деген азап-тозоктун отун тутандырууга негиз түзүп жатасың. Бирок сен андан эчтеме ута албайсың. Толуп турган жаранын жарылып кетишине гана жетишесиң. Ар кандай адам, ал баатыр болсун, араң жан неме болсун, генерал болсун же катардагы жоокер болсун, бир ок менен күмжам болуп жерге кулап түшөт. Кантип эле сен ошончо адам окко учушун каалайсың? Эгерде сен чындап эле амалды көксөп калсаң, эң жакшысы өзүңдү-өзүң атып сал. Же сен оюнда элдин баарын өлтүрүп бул дүйнөдө жалгыз өзүм гана каламын деп ойлойсунбу? Жаңылышасың! Себеби сен деле болоттон эмессиң. Сен деле жандуу макулуксуң. Ошону эсиңен чыгарба! Сен баары бир дүйнөгө устун бололбайсың! Жакында телевизордон Пиночетти көрсөтүштү. Ал жаш кезинде не деген жырткычтыктарды жасап алып, азыр болсо адамдардан качып, ал жак, бул жакта жашырынып жүрүптүр. Бир мезгилде ал чыныгы «март» адам эмес беле. Эми болсо рак оорусуна туш болуп, өлүп калуудан коркуп жүрөт. Сага дагы кандай мисал келтирип берейин? Жаны ширин экен го ошол эле Пиночеттин да. Эмне үчүн ал жаш кезинде башкалардын өмүрү жөнүндө ойлогон эмес? Башкалардын жаны ал үчүн жан эмес бекен? Кап, сениби, канкор! Басалбай калыпсың го эми. Ана, бирөө колтугуңдан жөлөп жетелеп жүрөт сени. Адам деген сендей да сокур болобу?..

Максуд Россия телевидениеси аркылуу «Мезгил» маалымат программасын көрүп олтуруп мына ушундай ойлорго чөмүлдү...

Албетте, айрым учурларда бирде дүйнөнүн бир четинде, бирде башка болуп жаткан жанжалдар ар бир инсанды бушайман кылат. Косово, Чеченстан, Дагестанда бо-

луп өткөн кагылыштарга кандай баа берүүгө болот? Булардын баары ашынган беймааниликтен башка нерсе эмес. Аны айрымдар «Эл өз эркиндиги, дини үчүн күрөшүп жатат» деп баалашы мүмкүн. Азаттык үчүн бардык жерде эле бирдей күрөшө берсе да болбойт тура. Акыры баары бири менен бири уруша беришсе бул дүйнөдө эмне калат? Анда ким эркин, өзүнүн ишенимине сыйынып жашайт? Мындай уруштардан адамгерчиликке караганда айбанчылык менен жапайылыктын жыты сезилип турат.

Максуд жеке көйгөйлөрүнөн бир аз жеңилдеп, дүйнөлүк маселелерге баш уруп калганын өзү да сезбей калды. Себеби ал өзү ушул ааламда жашайт эмеспи. «Кемеге түшкөндөрүнүн баарынын жаны бирге» деп бекеринен айтпайт эмеспи...

* * *

Ошондой болсо да жашоо уланып жатат. Баарыбызды тойлорго жеткизсин жараткан. Өлүм болбосун. Биз, адамдар, кайсыл улуттан экенибизге карабай достукта, ынтымактыкта жашообуз керек. Бөлүнүүчүлөр, ажырашуулар, талаш-тартыштар жакшылыкка алып барбайт...

* * *

Бул арада Шакир ата уулу Кадырдын тоюн да баштап жиберди. Кыз өз кыштагынан жөнөкөй, карапайым үй бүлөдөн. Деги эле Камила келин болуп келген ушул үйгө туш болууну бул кыштактагы бардык кыздар эңсешчү. Мындай бакыт райондук ооруканада медсестра болуп иштеген Сахибага туш келди. Бул кызды Санабархан эже Кабыл ооруканада дарыланып жаткан күндөрү барып жүргөндө көрүп калган эле. Кыз медициналык окуу жайын аяктап ушул жерде иштеп жүргөн эле...

Той болор алдында Кабыл жаңы үйгө көчүп кирди. Ал өзүнөн кийин кезек күтүп жүргөн инисине үйдү бошотуп бериши керек да...

* * *

Күз да аяктап баратты. Суук күндөр башталып калды. Шакир ата тойду тездетип жиберди. Бир жуманын

ичинде келинди киргизип алышты. Той көңүлдөгүдөй өттү. Камила абысыны менен эже-синдидей болуп кетти. Фарангиз көбүнчө чоң энесинин үйүндө болот. Кабыл менен Камила болсо ымыркайды чоңойтушууда. Камила азырынча үйүндө олтурат. Кабыл болсо мүдөө-максаттарын ишке ашыруу аракетинде жүрөт. Ал жер участогунун төмөн жагына чоң малкана курдуруп, он асыл тукум уй сатып алды. Кышка жете турган жем-чөп да даярдап койду.

Бул жылы кыш эрте келди. Декабрь айы келип-келбей туруп эле кыштакка кар жаап салды. Бүткүл аймак ак шейшепке оронгон. Кабыл күнү-түнү мал менен алышат. Аларга чөп, жем суу берип туруш керек да.

Бардык иш жакшы баратты. Бирок, Айбарчын күтүлбөгөн жерден ысытмалап ооруп калды. Тез эле анын температурасы кырктан ашып кетти. Үй жаңы эмеспи, меш жакшы ысыбай, түтүн кайтарып туруп албадыбы, каран калгыр. Анын үстүнө тез-тез эшик ачылып-жабылып, баланы шамалдатып алышты. Ымыркай дем ала албай, ыраңы көгөрүп кетти. Кабыл менен Камиланын эси чыгып кетти. Камила эмне кылышын билбей Айбарчынды Кабылдын колуна карматты. Ымыркай болсо дале кыйынчылык менен дем алууда. Кабыл да корккончунан эриндери титиреп, эмне кыларын билбей баласын силкилдетип жатты. Бала бир аз өзүнө келе калды эле, аны жылуу төшөккө ороп, эрди-катын атасынын үйүн көздөй жөнөштү. Эки үйдүн аралыгы кыйла бар эле. Кабыл кызалакты бооруна бекем кыскан бойдон баратты. Камила болсо күйөөсүнүн билегине асылып алган. Айлана капкараңгы. Лапылдап чоң-чоң кар жаап жатты. Алар Шакир аталардын үйүнө жетип келишкенде түн жарым болуп калган эле. Үйдөгүлөрдүн баары уктап калышкан. Кабыл эси кетип, эшикти такылдата баштады. Бир топтон кийин ичкериден «бул ким?» деген добуш угулду.

— Бул мен Кабылмын ата. Эшикти ачың...

— Кабыл, сенсиңби уулум? Тынччылыкпы? — деди Шакир ата кооптоно карап.

— Тынччылык, тынччылык..

Шакир ата эшикти ачып: уулунун ымыркайды көтүрүп турганын көрүп чочуп кетти.

— Небереңиз ооруп калды, эмне кыларыбызды билбей, аны алып келдик...

— Кап кана ичкери киргиле, вой-буй үшүп калган турбайсыңарбы...

— Тыштагы кобур-собурду укkан үйдөгүлөрдүн баары чырак жагышып, ичкериден биринден чыга баштады.

Айбарчын ысытмадан күйүп-жанып жатты. Дагы жакшы жаңы келин медсестра экен. Болбосо алар ошондой ымыркайынан айрылып калышы мүмкүн эле. Сахиба ымыркайды көрүп чыгып, ага тезинен укол берди. Бир аздан соң Айбарчындын ысытмасы төмөндөдү. Эртеси эртең менен Камила менен баласын райондук балдар ооруканасына жеткизишти. Байкуш баланын денесине ийне сайыла берип, бытыгый колдорунун бүтүн жери калбады. Ошондой болсо да бул дарылоолор Айбарчынга жардам берди. Анын абалы күндөн-күнгө жакшыра берди. Ага чейин Кабыл менен Камила ары барып бери келишти. Кабыл үйүндө, Камила болсо түнү бою ооруканада кирпик какпай чыгышат. Уйкусуздуктан көздөрү да кызарып кетти. Экөө тең бейтап перзентинин дартына дабаа тилеп кудайга жалбарышат.

«Эй, Кудай кызыбызга өзүндүн ырайымың келсин. Анын мүштумдай жанын сактай көр. Ымыркайдын дартына даба бер. Аны бизден аяба! Керек болсо, менин жанымды ал. Бирок, кызалагыма ырайым кыл. Сенден ушуну өтүнүп-өтүнүп суранам» — деди Камила эриндерин бүлкүлдөтүп.

«Алла таалам сенден жалбарып сураймын кызыбызга өзүң шыпаа бер. Энесин да мени да азапка салба. Балдарыбызды артыбызда калтыр, өмүрлөрүн узак кыл...» — деп Кабыл кайра-кайра кайталайт.

* * *

Арадан дагы бир нече күндөр өттү. Айбарчындын абалы бир кыйла жакшы болуп калды. «Кудайга шүгүр, кудайга шүгүр» — дейт Камила ичинен. Аларды үйгө чыгарышты. Ошол күнү Санабархан эже уулунукунда түнөп калды. Кызалак болмонун бурчундагы кроватта эртеден бери уктап жатат. Бир нече күнгө созулган ысытма анын алын курутуп коёгон эле. Ошондуктан ал бышылдап дем алууда. Жүрөктөрү түшүп калган ата-энеси болсо баласынын мынча коп уктаганына кабатырланышат:

— Апа, неге небересиз эч ойгонбойт, уктаганы, уктаган. Курсагы да ачкандыр эле, байкуштун.

— Тим койгула, мейли, уктай берсин. Жакшылап уктап алсын. Бир топ азап чекпедиби балам бечара...

— Жакшы болуп кетээр бекен апа? — деди Кабыл апасына жалдырай тиктеп.

— Неге жакшы болбосун, оңолгону ушул да. Бир аз уктап дем алып алса аттай болуп кетет садага болуп кетейиним... Мына мени айтты дейсинер. Неге мынча коркосунар? Акыры жанынарда мен турамын го...

* * *

Небересинин ооруп калганын укkан Максуд Дилфуза менен буту-бутуна тийбей жетип келишти. Камила атасын көрүп ыйлап жиберди.

— Кой ыйлабагын. Баары артта калды. Айбарчын эми жакшы болуп кетет. Бир аз шамалдатып алыпсынар. Үйүңөр суук экен. Макул десең шаардагы үйүңөргө алып барып коём. Ошондо кыштап жазда кайра келесиңер. Ымыркай ушундай назик болот да.. Аны өтө этиятташ керек...

— Атаңыз туура кенеш берип жатат Камилахан. Силерди шаарга алып кетели. Ошол жерде биз да каралашып туралы,— деди Дилфуза.

— Кантип кетебиз? Баары жогубуз ачык. Анын үстүнө коргонубуз да жок. Мал-салды да таштап кете албайбыз. Аларга күн сайын жем-чөп, суу берип туруш керек.

— Кызым азыр ошондой нерселерди ойлоп отура турган мезгилби? Кызалагынар жакшы болуп кетсе болду. Туурабы? — деп Максуд күйөө баласын тиктеди.

— Өзүңүздөр билиниздер ата, мага кызым айыгып кетсе болду. Болбосо Камилахан ымыркай менен сиздердикине барып турсун. Мен үйдү карап мында болоюн. Чын эле баары жогубуз ачыкта. Малдарды да караш керек...— деди Кабыл жер тиктеп...

* * *

Бирок, бул кенешим ошол бойдон калды. Камила менен Кабыл шаарга кетишкен жок. Тескерисинче, өз үйлөрүндө, балдары менен калышты. Фарангизди да алып келип алышты. Алардын үй-бүлөсүндө эми төрт адам бар.

Бири-бирисиз бир саам да жашай алышпайт. Алар үчүн бири-бирисиз жашоонун эч кандай кызыгы жоктой эле. Кабыл да, Камила да балдарына ушунчалык үйрөнүп калышкан эле, махабат жемиштери болгон бул периштелер жан-дили эле...

Чындыгында бир эле баланы чоңойтуп, аны эл катарына кошуу канчалык мүшкүл иш. Не деген кабатырлануулар, уйкусуз түндөр менен чоңоёт ар бир бала. Ошон үчүн эч кандай ата-эненин перзент чоңойтуудагы эмгектери текке кетпесин...

* * *

Дүйнөдө адам баласындай эң жакшы жана эң жаман тирик жан жок. Эми эле кызалагы айыгып, көңүлдөрү бир аз жай тапкан Кабыл менен Камилалардын малканасында ушул түнү кимдир-бирөөлөр төрт уюн уурдап кетишиптир. Акмактар. Үй ээлери эчен күндөн бери канына уктай алышпай жүргөндүктөн ушул түнү укташкан эле. Шоокум-сүрөөндөрдү да угушпаптыр. Бул иште Кабылды көрө албагандар кылса керек. Кабыл жазга чыгып мал чарбасын дагы көбөйтөйүн деп жүргөн. Уйларды гана алып чыгып кетишиптир да! Бирөөнүн буюмуна кол салууга кантип көңүлү барды экен ошолордун?! Уйларынын уурдалганын көрүп эрди-катын бир ачынышты дейсиз... Кабыл үч-төрт күн маанайы пас жүрдү. Камила аны алдап-соолап жубатып жатты:

— Коюңуз эми атасы, ошону эсиңизден чыгарып эле салыңыз. Капа болгонго арзыбайт алар. Бизге буюрган эмес экен. Эми кантмекпиз, эсен болсок мындай уйлардан дагы неченин сатып алабыз. Кызыңыз ооруп жүргөн күндөрдү эстеңиз. Алла таала бизди ушундай күндөрдөн сактасын. Мейли, ошол уйлар балдарыбыздын башы-көзүнөн садага.

— Сөзүңүз туура. Мен уйларга ичим ачышып жатканым жок, бир гана ушундай адамдар менен бирге жашап жүргөнүбүзгө гана күйөм...

* * *

Кайриет, Кабыл менен Камила балдары менен кыштан аман-эсен чыгып алышты да, эрте жаздан талаа иштерин баштап жибериште. Кабыл инилери менен трактордун жардамы менен жер айдашып, дагы чигит эге башташты. Банктан ссуда алып, малынын туягын көбөйттү. Өткөн жылы сатып алган жаныбарларынын саны он музоого көбөйдү. Кыскасы Кабыл өз максаттарына тырышып-тырмышып ынтылууда. Бул жылдын түшүмүн сатып, малканасын кеңейтүүнү көздөп жүрөт. Кышка да көбүрөөк жем-чөп даярдаш керек. Аракети текке кетип жаткан жок. Ой мүдөөлөрү биринин артынан экинчиси ишке ашууда. Куда кааласа баары ойдогудай болот...

* * *

Арадан беш жыл өттү. Бул мезгилдин ичинде Камила менен Кабыл дагы бир уулдуу болушту. Анын атын тун уулуна окшоштуруп, Фарух деп аташты. Кабылдын иштери өзү күткөндөн да жакшы жүрүүдө. Ал кыска мөөнөттүн ичинде малынын башын жүзгө жеткирип алды. Жаныбарлар жылдан-жылга өзүнөн-өзү эле көбөйүп жатышат. Ал букаларынын бир тобун кушканага тапшырып андан түшкөн акчага малканасын кеңейтүүгө киришти. Шаар-мектептерине, балдар-бакчаларына, калкка сүт-айран, каймактарды сата баштады. Жеке менчик фермасына саанчыларды, малчыларды ишке алды. Аукцион аркылуу сүт, жүк ташуучу атайын машиналарды, тракторду сатып алды. Кийин ферма имаратын бүгүнкү күндүн талабына ылайыкташтырып, кайра кура баштады. Бир-эки чет элдик фирмалар менен байланыш түзүүдө. Максаты — ушул кыштакка өзү эңсегендей заманага ылайык дүйнөлүк стандартка жооп бере ала турган агро өнөр жай ишканасын түзүү. Ушул эле жерден эт, сүт азык-түлүктөрүн иштеп чыгаруу...

Камила да бекер жаткан жок. Ал кыштактагы мектептин директору болуп дайындалды. Кабылдын жеке менчик чарбасы ушул мектепти аталыкка алды. Окуучулар ашканасына күн сайын сүт, эт акысыз берилет. Бул үй-бүлөнүн мүчөлөрүнө бир гана өз кыштагынын эмес, мүмкүн бүт райондун калкы ыраазы эле.

* * *

Бул жылы Кабыл ата-энесин ажыга жөнөттү. Шакир ата менен Санабархан эже Меккеден аман-эсен зыярат

кылып кайтышты. Алар уулу Кабылга миң ирет ыраазы болушту. Кана эми ар бир ата-эненин ушундай уулу болсо.

Фарангиз, Айбарчын, Фарух балдар-бакчасына барышат. Буд бакчаны да азык-түлүк менен алардын атасы Кабыл камсыз кылып турат. Кыштактын калкы быйыл Кабылды депутаттыкка талапкер кылып көрсөткөнү жатат. Буюрса ал эл өкүлү болуп калат.

* * *

Жылдар өтүп Максуд менен Дилфузанын жаштары да кыйлага барып калды. Сиявуш эки балалуу болду. Бир кыз, бир уул. Алар мурдагыдай эле тууган-урук, куда-кудагыйлары менен катташып турушат. Гүланда жогорку окуу жайын бүтүрүү алдында. Ал өзү эңсегендей балдар врачы болот. Женеси Лола болсо борбордук балдар ооруканасында иштеп жатат. Уулу менен кызы бакчага барышат.

Максуд картайып баратканынан улам бардык иштерди акырындык менен Сиявушка өткөрүп берүүдө. Сиявуш атасынын иштерин кыйла өздөштүрүп алды. Ал эми чоң эле киши болуп калбадыбы. Чоң-чоң иштерге баш уруруга убактысы келди. Албетте, атасы да четте туруп калган жок.. Уулуна жол көрсөтүп устаттык кылат.

Күйөө баласы Кабыл менен кызы Камиладан болсо көңүлү ток. Күйөө баласы иштин көзүн биле турган жигит чыгып калды. Максуд кыштакка барган сайын дагы бир жаңылыктын үстүнөн чыгат. Кабыл бул жолу ата-энесинин эски үйүн бузуп салып, ордуна заңгыраган үй куруп берди. Өзүнүн кичүү иниси Касымды да үйлөп койду. Үйдө күйөөгө узатыла турган бир гана карындашы Сажида гана калды. Ата-энеси картайган чагында карылыктын ардактуу доорун сүрүп отурушат.

* * *

Кабыл мээнеткечтигинен эртеден кечке тыным билбейт. Ал бирде район, бирде облус борборуна барып турат. Ар кандай даректер даярдайт. Эсеп-кысап иштерине билими болгондуктан, айрым иш-кагаздарын өзү толтурат. Жигитке үч доор келет дешет. Кабылга аялы Камилага

үйлөнгөндө бир доор келген болсо, азыркы учурда экинчи доорду башынан өткөзүп жатат чамасы. Эми кеп ошону кармап калыш. Аны туура пайдалана билиш. Айрым бирөөлөр өз дооорлорунун күлүн көккө сапырып жиберишет. Утурумдук жыргалга берилип, кумар ойнойт же баңгичилик заттарды «жыттоону» адатка айлантып күйүп кетишет. Бирок, Кабыл андай пас жигиттерден эмес. Анын алдында чоң-чоң мүдөө максаттар турат. Ал бүгүн жетишкен ийгилигине эртең канааттанбайт. Тынымсыз алдыга умтулат. Кылган иштерин келечек максаттарын башталыш катары гана карайт. Ооба. Ал дагы көп нерселерге жетишет «сенден аракет, менден берекет» дейт эмеспи.

* * *

Жай күндөрүнүн биринде Кабылдын фермасына чет элдик меймандар келишип, анын чарбасы менен жакындан таанышышты. Турмушка ашырылып жаткан иштери, келечектеги максаттары чет элдиктердин чоң кызыгуусун туудурду. Франциялык меймандардын бир тобу аны менен кызматташ болууга даяр экендигин билдирди. Алар колбаса, быштак, каймак иштеп чыгара турган сүт менен айранды идиштерге куючу машиналар жагынан жардам берише тургандыктарын айтышты. Кабыл чет элдиктер менен өз ара кызматташуу боюнча келишимдерди түздү. Пахта талааларын да көрсөттү. Пахта го өзүбүздөн ашпайт. Кабыл жыл сайын бардык түшүмүн Оштогу «Текстилчи» акционердик коомуна тапшырат. Бул ишкана үзгүлтүксүз иштеп турса миндеген мекендештерибиз иш менен камсыз болушат да. Өзүнүн кызыкчылыгын гана ойлоп пахтасын чет элге сатып жиберсе адамгерчилик болбос. Бул токуу ишканасы токтобой, чыт чыгарып турса, андан «Канат» тигүү ишканасы жаздык менен көрпө тыштарын, шейшептерди, аялдардын халаттык, балдардын көйнөктөрүн тигип турса жаманбы? Муну менен канчалаган жумушсуз жүргөн келин-кыздарыбыз туруктуу иш менен камсыз болушат.

* * *

Кабылдын чет элдик шериктери өз сөзүндө турушту. Көп өтпөй чет элден ар түрдүү жабдуулар келе баштады.

Буга чейин Кабыл ошол машиналарды орнотуш үчүн атайын имарат курдура баштаган эле. Тез арада чет элдик жогорку чеберчиликтеги адистер өздөрү менен кошо алып келишкен жабдууларды цехтерге орното башташты. Кудай кааласа жазда эле бул жерден алгачкы азык-түлүк продукциялары чыга баштайт...

* * *

Камила адаттагыдай эле мектепке эрте келди. Ал чачын кооз түрмөктөп, мода журналдары сунуш кылгандай кийимдерди кийинген. Кабыл күн сайын аялын ишине таштап өтөт, кээде иштен кийин алып кетет. Анын кийимдери да модалуу жагынан аялынан кем калбайт. Күн бир аз суук боло баштагандыктан, үстүнө узун кара плащ, башына кара шляпа кийип алган. Мойнунда галстук. Балдарын да бакчага таштай өтүшөт. Келерки жылы Фарангиз апасы директор болуп иштеген мектептин биринчи классына барат. Камила да күйөөсү Кабыл сыяктуу эле өзүнө да кол алдында иштегендерге да талапты катуу коёт. Анын мектеби бүт район, а балким облус аймагындагы алдыңкы окуу жайларынын бири...

Эрди-катын ынтымактуу жашашат. Бири-бирине ишенишет. Камила да Кабыл да тез-тез кызмат сапарларында, түрдүү түмөн чогулуштарда болуп турушат. Кудай кааласа күздө Кабыл Францияга барып келет. Аны Парижге чет өлкөлүк шериктери тажрыйба алмашууга чакырышууда. Келечекте өз кыштагынан үч-төрт жигитти атайын курстарга окууга жиберүүнү көздөөдө. Айтмакчы азыр Оштогу бир нече жогорку окуу жайларында бул кыштактан бир топ студенттер Кабылдын жеке менчик чарбасынын эсебинен стипендия алып жатышат. Алар ушул райондун келечеги эмеспи...

* * *

Арадан айлар, жылдар өтүп баратат. Өткөн мезгилдин ичинде Максуддун инилери Машрап менен Мансур да биринин артынан экинчиси уул-кыздарын үйлөп-жайлап алышты. Машрап атасынын үйүн кенже иниси Мансурга калтырып, өзү жаңы үй салып көчүп кеткен. Мардан аканин балдары эстүү-баштуу чыгышты. Алар бири-бири менен бир үй талашып, жанжалдашкан да жок. Тескерисинче, улуусу, кичүүсүнө, иниси агасына жардам беришти. Алардын ортосундагы ынтымакка жарака кеткен жок. Балдарынын тойлорунда бири-бири менен кеңешип, макулдашып өткөрүштү. Гуланданы Ташкентке узатышты. Аны Севара күйөөсүнүн туугандарынын бирине алып берди. Максуд менен Дилфуза болсо Сиявуштун балдары менен алектенишип, каарылык доорун сүрүшүүдө.

* * *

Карачы убакыт деген өтө берет тура. Эгер көңүл бурган болсоңуз, Сиздерге аңгеме кура баштагандан бери үчүнчү муундун өкүлдөрү бойго жетип, төртүнчү муундун өкүлдөрү баяныбызга кошулууда. Арадан канча-канча суулар агып өттү. Нечендеген адамдар ааламдан кайтыш болуп, нечендеген ымыркайлар дүйнөгө келишти. Адам баласы ар кандай нерсеге көнөт экен, чыдайт экен. Башына балээ келсе дарт-байрат дешип, ыкыбалына жакшылык туш болсо, башы бактыдан айланып жашай берет экен. Бир сөз менен айтканда бул ааламда адамзаттай сабырдуу, чыдамдуу тирик жан болбосо керек. Кээде жадыраган саратан анын алын курутса, кээде караандай суук сөөктү зыркыратат, бирок ал керек болгондо салкындап, мүмкүнчүлүк болсо ысынып турмуш кечире берет.

Бул дүйнөдө ар түрдүү адамдар жашайт. Ар бирине өзүнө жараша кулк-мүнөзү, турмуштук адаттары улуту, тили, көз карашы бар. Бирок, ички сезимдери окшош. Баары бирдей сүйүнүшөт, күйүнүшөт, ыйлашат, күлүшөт. Колу буттары да бирдей. Айрымдарынын гана терисинин, чачтарынын түстөрү ар түрдүү.

Бирок, жана айтканыбыздай, адамзаттын улуту ар түрдүү болсо да күлкүсү, жылмаюусу бирдей. Буга мен азыр сиз окуп жаткан ушул «Камила» романын жазып жатканымда дагы бир жолу ынандым. Аны ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү жана элеттиктер да окушту жана баары бирдей кабыл алышты. Кээде Камиланын кайгылуу тагдырына боорлору ооруп көздөрүнө жаш алышса, кээде анын бактысы ачылып асмандын жетинчи кабатында учуп жүргөнүнө кубанышты.

* * *

Акыры Кабыл күткөн, эңсеген күн да келди. Бүгүн кыштакта агро өнөржай борборунун ачылыш салтанаты өткөрүлмөк. Ага Оштон, коңшу мамлекеттердин облустарынан да меймандар катышат. Басма сөз, телевидение, радиодон келген өкүлдөр болушат. Бул жаңылык эртең эле бүткүл Кыргызстанга таркайт.

Эң негизгиси, Кабыл өзү көздөгөн бийиктикке жетишти. Эми анын арманы жок. Эми ал өзүн чыныгы эркекмин деп эсептесе болот. Эң сыймыктуусу, ал ушулардын баарына адал жол менен жетишти. Адалдык. Ал өзү эмне? Анын арамдыктан кандай айырмасы бар? Деги эле адал менен арам кандайча ажыратылат? Адалдык биздин оюбузча таза кол, таза дил, жарык жүз, чын жүрөктөн чыккан ой. Арамдык болсо анын тетири көрүнүшү: ыплас кол, баткактуу дил, кара беттик. Жийиркеничтүү көздөр. Адал жол менен табылган бир дан бүтүн бир кырманга толот, арамдык менен табылган үй толо нан болсо бир ушакка да татыбайт. Бул жаңылык эмес, эң эски накыл. Ал ата-бабаларыбыздан калган. Демек, чындык. Адалдыкка сыйынып жашаган инсандын тигил дүйнөсү да, бул дүйнөсү да жарык болот.

Досум, ынынын айтчы, сен адал нан жейсиңби же арамдыбы? Адал нан жей турган болсоң, анын даамы сага тааныш болсо керек. Ал мага да тааныш. Ар дайым аны тиштеп жатканымда көз-өңүм ушунчалык нурланып кетет, аны сөз менен сүрөттөй албайм. Аны жеп өзүмдү куштай жеңил сеземин. Жан дүйнөмдөгү бардык чалыгууларым чыгып кетет. Арам нан жештен кудай өзү сактасын бизди. Менин ашказаным ар кандай туура эмес жолдор менен табылган оокатты төгүп таштай турган акыр-чикир салынуучу идиш эмес. Мен дайыма жүрөктүн да, ашказандын да тазалыгы үчүн күрөшөм. Бирок, бул өтө татаал жол. Анын натыйжасында сен көпчүлүктөн бөлүнүп калышың турган сөз. Сени көргөндө айрым адамдар сенин адалдыгыңдан жийиркениши да мүмкүн. Тазалыгың үчүн да жек көрүп калуучулар бар, бул дүйнөдө. Бирок, сен аларга көңүл бурбай жашай беришиң керек... Ал жагынан сага алла таала өзү күч-кубат берет. Ал сени жаман адамдарга кор кылып койбойт. Сен бир гана кудайга ишен! Ошондо ал сени эч качан жалгыз калтырбайт. Адал жашап, учуу майданына чыгып алсаң эле

жетишет. Ары жагына тазалык менен салтанат курасың. Бирок, кээде мына ошол учуу майданына аман-эсен жетип алыш оңойго турбайт. Сени жолдон кайтармакчы да болушат, моюн сунбасаң, сындырууга аракеттенишет... Бирок сен адалдыктын жолу менен алга умтула берсең, алла таала баары бир сени колдойт...

Кабылдын бир нече жылдык аракети сая кеткен жок. Анын агро өнөржай борбору ишке түштү. Колбаса, быштак даярдоочу, сүт, айран, каймак куюлуучу цехтер ишин башташты. Ушуну менен ондогон айыл-кыштактардын эли туруктуу иш менен камсыз болушту. Бул ишканада чыгарылып жаткан азык-түлүк продукциялары тез арада облустун базарларына чыкты. Сүт, айран, каймактар бири-бирине кооз полиэтилен идиштерге куюлууда. Келечекте бул жерде томат, ар кандай шербет ичимдиктерди чыгаруу да көңүлгө алынган. Түстүү картон кутучаларга куюлган өрүк, шабдалы, жүзүм, алма, кайнолу шербеттерин ким эле жакшы көрүп сатып албасын?

* * *

Камиланын иштери да дурус бараткан эле. Бирок, бирөөнүн ийгилигине көз артуу жаман нерсе экен. Бирөөнүн жетишкенин көрө албастык — бул жаман оору. Ага кириптер болгон адам өз-өзүнүн үй-бүлөсү же балачакасы менен да эсептешпейт тура. Карөзгөй адамдар өздөрүнүн жеке иштерин четке сүрүп коюп, өздөрү жетмекчи болгон нерселерге өзгөлөр жетип алганынан азап чегип, ал жак, бул жакка «тоголок» каттарды жаза баштайт экен. Камиланы көрө албагандар да дал ушундай ишке барышты. Ушакчылар Камиланын өмүр баянын изилдешип, ыраматылык апасынын эстелигин тиштеп көрүүдөн да кайра тартышпады. Алар Гүланда студенттик жылдары бир жигит менен «жүрүп» коюп, Камиланы төрөп жатып өлүп калган деп жазышыптыр. «Ошондой аялдын кызы кантип мектепте директор болот!» дешиптир ичи каралар. Камиланы райондук билим берүү бөлүмүнө чакыртышып, ал жерде анын жеке ишин териштиришти. Бирок, райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы, карыя педагог Абдуллажан ака адилеттүү, таза инсан болгондуктан Камилага жардамга келди. Камила адегенде капа болуп иштен кетмекчи да болду. Бирок,

ага жакын адамдар өз ордунда бекем турууга кеңеш бериштн. «Сиз иштен кетсеңиз, душмандарыңыз жеңген болуп калат» деп айтышты алар. Камила бул окуядан кийин көпкө чейин өзүнө келалбай жүрдү.

— Ушундай жалаа жабууга бул адамдардын колу кантип барды экен? — деди ал күйөөсүнө ыйламсырап.

— Көңүл бурбаңыз. Тилекке каршы, адамдар арасында ушундай жийиркеничтүүлөрү да болот. Күрүч күрмөксүз болбогондой, адамдардын ичинде да жакшы-жамандары болот.

— Акыры мен аларга кандай жамандык кылдым эле? Алар өзү кимдер, мени көрө албагандар?

— Андайларды колунан кармап алыш өтө мүшкүл иш. Себеби, алар өңү-түсү жок макулуктар. Бүгүн алдыңызда жакшы сөздөрдү сүйлөп сиз менен бир дасторкондо чай ичип отурушат, эртең артыңыздан күрөккө илинбес ушактарды таратып жүрө беришет. Андайлар элдин баарына астыртан жамандык кыла берип, ошондой иштердин устасы болуп кетишкен. Ошондой болгон соң, Сиз андайларга такыр көңүл бурбаңыз. Тескерисинче, Сиз ошого сыймыктаныңыз. Демек, алар сизге тенелмекчи болушкан, сиздей болууну эңсешет...

Кайриет, дүйнөдө жакшы адамдар көп экен. Алар баары бир Камиланы каралагандардын сөзүнө ишенишпеди. Тескерисинче, баары аның ал-абалын сурашып, ага боору ооруй турган болуп калышты. Кыскасы, ошол шумдуктуу «тоголок» каттан кийин Камиланын кадыр-баркы артса артты, кемиген жок.

* * *

Тирүү жан бар жерде баары бир жаңжал болбой койбойт экен. Камиланы жаманатты кылууга аракет кылган белгисиз бироолор эми Кабылга «кол салып» көрүштү. Бул кара ниеттерин ишке ашырууда алар Кабылдын секретарь кызын пайдаланышмакчы болушту. Душмандар Дилабзаны алдап-соолап торго түшүрүштү. Анын алдына Кабылды жолдон чыгаруу, үй-бүлөсүн бузуу, эл-журт ичинде абийирин төгүү милдетин коюшту. Бул кызмат үчүн ага көп акча берүүгө убада кылышты.

Дилабза өзү кембагалдын кызы болсо да бир аз аягы суюгураак эле. Ал албетте, көп акчага эт-бети менен кулап түштү. Аны-муну сатып алып кийинмек болду. Ошол себептен иш күнү аяктаса да үйүнө кетпей отура берчү өнөкөт чыгарып алды. Кабыл болсо күн сайын кабинетинде кыйлага чейин иштеп отуруп калчу. Дилабза эчтекеден эчтеке жок эле Кабылга чай демдеп алып кирди.

— Кабыл ака, мынчалык көп иштейсиз, мынабу чайдан ичип бир аз дем алып алсаңыз? — деди ал.

— Э, Дилабзахан, сиз алиге чейин үйүңүзгө кете элексизби? Кеч болуп калды го. Ата-энеңиз кабатыр болуп атышкандыр. Мен го телефон чалып койдум. Анын үстүнө сиз алыска кетесиз да.

— Эчтеке эмес. Жетип алам. Бир аз машинка баса турган иштерим бар эле. Кеталбай калсам машинаңыз менен таштап өтөрсүз,— деп Кабылдын көздөрүн кылыктана тиктеди.

Кабыл болсо карындашындай көргөн бул кызга аял катары эмес, балким, катардагы кызматкери катары карооо көнүп калган. Бул жолу:

— Мейли, жолубуз бир, таштап өтөрмүн,— деди олуттуу түр менен.

Арадан бир сааттай өткөн соң, Кабыл кабинетин жаап кабылдамага чыкты.

— Дилабзахан, кетебизби? Калган ишти эртең бүтүрөрсүз эми. Кеч болуп калды.

Кабылдын кабинетинен чыгышын чыдамсыздык менен күтүп отурган Дилабза ордунан туруп:

— Азыр, азыр, мына баратам,— деп сумкасын алып Кабылдын артынан көчөгө чыкты.

Алар Дилабзанын дарбазасынын жанына жетип келишкенде, ал жерде бир топ аял сүйлөшүп турушкан экен...

* * *

Эртеси болсо бүтүн кыштакка сөз тарады.

— Уктуңбу? — деди Дилабзанын коңшусу жолдун аркы бетинде башка бир коңшусуна.

— И-и, эмне болуптур?

— Кечээ кечинде көчөдө салкындап отурсак алиги мектебибиздин директору бар го, ошонун эри коңшубуз Дилабзаны тээ караңгы түшкөн мезгилде машинасы менен алып келип таштап кетти.

— Вай шорум, тигил фирмасы бар кишиби? Алиги жасанып кийинип жүрүп калчубу? Кайнатасы да чондордон дешчү шаарда.

— Ооба, дал ошонун өзү.

— Аны элдин баары макташчу эмес беле?

— Ал да бузулуптур. Өз көзүбүз менен көрдүк.

Так эшигинин астанасына түшүрүп кетти го өлүп кеткирди...

— Вай, аялын да макташчу эле, керемет неме деп. Ал киши Дилабзанын эмнесине кызыкты экен? Кайран гана киши, ушундай кадыр-барктуу адам ээ?

— Алар кандайча таанышып калышыптыр деги?

— Дилабза көптөн бери ошо кишинин секретары болуп иштейт эмеспи.

— Бул Дилабза өлүп кеткир өзү шойкомдуу кыз эле. Эми ошол кишинин башын айландырып жүрүптүр да...

Ошол ошол болду, кыштакта Кабыл менен Дилабза жөнүндө кыйла сөздөр айтылчу болду. Бул имиш-имиштер таркала-таркала отуруп акыры Камиланын кулагына да угулду.

Камила бул сөздөргө адегенде ишенбеди. Бирок, мындай ушакка ишенбей коюуга канчалык аракеттенбесин, баары бир күйөөсүнөн шектене турган болуп калды. Камила бул имиш-имиштерди угуп, өзүнчө дайыма эле күйөөсүнүн үйгө кеч келгендигинин себебин түшүнгөндөй болду. Мектепте да, кыштакта да баш көтөрүп жүрө албай калды. Көрө албагандар сүйлөй берет экен да. Акыры ал балдарын жанынан артык көрөт го. «Анын үстүнө мага болгон мамилесинин өзгөргөнүн сезбедим» деген ойлор Камиланын көңүлүнөн өтүп турду.

Кабыл болсо айланасында болуп жаткан сөздөрдөн таптакыр кабарсыз эле.

Бирок, Дилабза убакытты бекер өткөргөн жок. Үстүндөгү жаңы, кымбат баалуу кийимдерди, тагынган алтын буюмдарды элге мактанып көрсөтөр эле. А негизи бул жалтырак буюмдарды баягы бузуку, жалаакорлордон алган акчаларга сатып алып жүргөн.

Дилабза начар үй-бүлөнүн кызы эле. Ошондуктан кийинки учурда анын үстүндө пайда болгон ар кыл жасалгаларды көрүп, коншу-колондордун ишенбеске аргасы жок эле...

* * *

Ошол күнү Кабыл ишинен адаттагыдан өтө эле кеч кайтты. Ал бир аз ичип да алган эле себеби текшерүүчүлөр келишип, алар менен райондун борборундагы ресторанда отурушуп, үйгө кеч келди. Камила болсо күйөөсүнүн түндө келгенинен көңүлү бузулуп, түнөрүп отурган болчу...

— Жакшы келдиңизби атасы? — деди Камила өзүн колго алып.

— Энеси, алиге уктай элексизби? Жатып дем ала бербепсиз да, эртең ишке барасыз го,— деди Кабыл аялынын көздөрүнө тигиле.

— Атасы, сиз менен сүйлөшө турган сөзүм бар эле, улам шектенип жүрө бербей араны ачып алганыбыз жакшы. Айтсам тилим, айтпасам дилим күйөт... Бул жөнүндө көптөн бери сөз козгоюн деп жүрөм, бирок, эмнеден баштарымды билбейм... Ушул сөз чынбы?

— Кайсы сөз? — деди Кабыл чочулай түшүп. — Түшүндүрүп айтыңыз энеси, сизге эмне болду өзү?

Ушул учурда Камиланын жүрөгү толуп турган экен, чыдай албай ыйлап жиберди.

— Ие, ыйлап жатасызбы? Кызык, эмне болуп кетти өзү. Эч түшүнбөй турам.

Камила болсо өзүн токтото албай ыйлап берди.

— Сизге эмне болду энеси, ооруп-сооруп калган жоксузбу? Же мектебиңизде бирдеке болдубу?

— Жок, мектепте эч нерсе болгон жок. Кептин баары өзүңүздө...

Аялынын сырдуу сөздөрүн угуп, Кабыл айран-таң болуп отурду.

— Коош, мен эмне кылыптырмын?

— Мен сизге толук ишенет элем. Студенттик жылдарыбыз эсиңиздеби? Ошондо бир кечирген элем. Эми ал кайталанган болсо чыдай албаймын. Бул жөнүндө бүткүл кыштак айтып жүрөт. Мектепте баш көтөрүп баса албай калдым...

— Эмне болду деги? Мен эч түшүнбөй турам. Ким эмнелер тууралуу айтып жүрөт? Мен өзү кандай күнөө кылыпмын? Түшүндүрүп айтыңызчы...

— Эчтеме билмемиш болбой эле коюнуз. Азыр да ошонун жанынан келсеңиз керек... Мен акмак сиздин сүйүүңүзгө ишенип адашкан экемин. Мурдараак эле ай-

тып койсоңуз болбойт беле, ушундай кетериңиз бар экен...

— И-и, кеп бул жакта дебейсизби. Мен баятан бери такыр түшүнө албай турган элем сөз эмне жөнүндө болуп жатканын... Жаңылышпасам, сиз мени кимдендир кызганып жатасыз, чамасы... Мындай сөздөрдү сиз кайдан уктуңуз?

— Уга элексизби? Ал жөнүндө азыр элдин баары айтып жүрөт. Акыры аларды мага да жеткиришти. Билесиз го, душмандарыбыз көп...

— Деги мен эмне кылыптырмын?

— Тигил секретарыңыз Дилабза менен жүрөт экенсиз го.

— Менби?! Кайдагы сөздү айтып жатасыз, Камила. Дилабза карындашым менен тең кыз го акыры. Мен балачакалуу адам болсом... Кызык экенсиз. Ушул да сөз болдубу? Ушундай ушактарга да ишенесизби?

— Дилабзаны күн сайын үйүнө таштап жүргөнүңүздү өз көзү менен көргөндөр бар экен. Ага кымбат баалуу белектерди, алтын тагылмаларды алып берип жүрүпсүз... Мейли, атасы, Дилабзаны жактырып калган болсоңуз ошону менен жашай бериңиз,— деп Камила кайрадан ыйлап кирди.

Кабыл аялынын чачынан сылап аны жубатмакчы болгон эле Камила «Мага колунузду тийгизбеңиз эми» деп колун түртүп жиберди.

Маселе бир топ олуттуу экенин байкаган Кабыл өзүн коргоого астайдил кириштри:

— Ким айтса бекер айтыптыр. Ырас. Бир жолу Дилабзаны үйүнө таштап койгомун. Ал иш боюнча көп отуруп, кеч кирип кеткен экен. Бул имиш-имиштерди ошону көргөндөр таркатышса керек. Калганы жалган... Мен ага эч нерсе алып берген эмесмин. Билбейм, жаңы кийимдерди каяктан алып жүрөт...

— Күйөөсүнүн сөздөрүн унчукпай угуп отурган Камила башын көтөрүп, Кабылдын көздөрүнө тигилди:

— Сөзүңүз чынбы? — деди ал көз жашын ааарчып жатып.

— Эмне, мага ишенбей калдыңызбы? Сиз мени акмак деп ойлойсузбу? Коюңузчу. Сиз менен ушунча жыл турмуш куруп жеткен жерим ушул болдубу? Эмне кылсам ишенесиз? Дилабзаны эртең эле иштен бошотуп жиберейинби?

— Акыры мен сизге ишенип жашап жүрөм го. Азыр менин ордума өзүңүздү коюп көрүңүзчү.

Мектебиңизде жаш-жаш жигиттер иштешет. Анын үстүнө билим берүү бөлүмүнө да каттап турасыз. Алиги бөлүм башчыңыз бар го, ал кээде сизди машинасы менен үйгө жеткирип эле жүрөт ко...

Камила күйөөсүнөн мындай сөздү күткөн эмес эле. Кабыл болсо кырдаалдан пайдаланып, өзү тымызын шектенип жүргөн адамдардын аттарын бир четтен айтып өттү. Камила болсо күйөөсүнүн сөздөрүн угуп, жакасын кармады... Ошондо Кабыл:

— И-и, энеси, кандай болот экен шектенген? Мен да сизди кызганам! Бирок, аны сездирбеймин. Тилимди тишиме басып жүрөмүн...

* * *

Ошентип жашоо улануууда. Бардык икир-чикир, майда-чүйдөлөрү менен. Биз алардын ишине киришпей эле коёлучу.

«Эрди катын урушу — чыт дака жоолугунун кургашы» деп коюшат эмеспи. Алар өздөрү билгенинче жашай беришсин. «Бирин-бири кызганып жатышабы, демек сүйүшөт». Ооба, мындай учурларда дайыма ушундай деп коюшат.

Ошентип, Кабыл менен Камилага бул жолу да каршылаштарынын тиши өтпөдү. Туурасы, алла таала аларды туура жолго салды, ынтымакка келтирди. Айрым адамдар бул жөнүндө өтө тайыз ойлошот. Алардын ою боюнча, кимдир бирөөгө жамандык кылат да, бирок, аны эч ким көрбөйт. Билбейт. Бирок, бардык нерсени көрүп-билип турган алла таала бар экендигин андай адамдар кээде эсинен чыгарып коюшат...

Арадан дагы беш жыл өттү. Камиланын балдары чоноюп калышты. Фарангиз бешинчи класста окуп жатат. Айбарчын үчүнчүдө, Фарух болсо быйыл биринчи класска барды. Ушуга чейин Кабылдын да, Камиланын да чачтарына бирден ак кирди. Жылдар өткөн сайын алар дагы да эстүүрөөк, дагы да оор басырыктуу болуп баратышат. Кайриет, тууган-уруктун баары сак-саламат. Жайы бейиште болсун, бул арада Саадатхан эже ааламдан өтүп кетти...

Кабыл өткөн жылдардын ичинде дагы көптөгөн иштерди аягына чыгарууга үлгүрдү.

Эски үйүн бузуп, ордуна кайнатасыныкынан да кооз үй салды. Бул үйдүн дал ортосунда оргума, арт жагында көлмөсү бар. Балдары ал жерде чөмүлүшүп, суу жээгинде күнгө какталып жатышат... Бул арада карындашы Сажиданы да турмушка чыгарышты. Өзүн болсо райондун калкы облуска депутат кылып шайлашты. Кабыл күнүтүнү эл кызматында. Турмушу начарларды баягыдай эле колдоп кубаттайт. Бир нече жолу чет өлкөлөргө да барып келди. Камила болсо райондук билим берүү бөлүмүнө ишке өттү. Гүланда менен Айбарчын эже да Камилалардыкына улуу күндөрү келип-кетип турушат. Кызынын бактылуу жашап жатканын көрүп кубанышат.

* * *

Бул жылы Максуд менен Дилфуза ажыга барып келишти. Тууган-урук алардын эсен-аман кайтып келишин чыдамсыздык менен күтүп жатышат эле. Мааладагилар Меккеден кайтып келгендерди көчө башына чейин килем төшөп тосуп алышты. Кан чыгарылып, чоң сый тамак берилди. Кабыл кайнатасына алтындын буусу жалатылган тон жапты. Алар Камила экөө эки ноопас да алып келишти. Бул күн айрыкча эсте кала турган күн болду. Албетте, аны эстелик үчүн сүрөткө да тартып алышты. Бул күн Максуддун өмүрүндөгү эң бактылуу күндөрдүн бири болду десек жаңылышпайбыз.

* * *

Тууган урук, дос-жарлар мына ушундай күнү аскатат да. Жалгыздыктан кудай сактасын! Кубансаң кубанчыңды, капалансаң капалыгыңды бөлүшө турган адамдар болсун айланаңда. «Жакшылык тез унутулат, жамандык болсо өмүр бою эсиңде тамгадай басылып калат» дейт эмеспи. Келгиле, бири-бирибизге жакшылык кылганыбызды унутсак унутуп коёлу да, бирок, эч качан бири-бирибизге жамандык кылып, аны өмүрүрбүздүн акырына чейин эстеп жүрбөйлү. Адам адамга кымбат. Дүйнөгө адам болуп келдикпи, адам бойдон жашайлы.

Сиз чыгарманы окуп жатып балким мага эмне үчүн

Камиланын сулуулугун кийин сүрөттөбөй койдуңуз деген мыйзамдуу суроо берип каларсыз? Азиз окурман, сиз эгерде мага ушундай суроо берип калсаңыз, мен ага мындайча жооп берген болор элем. Чыгарманын башында каармандыгымды каалаганымча мактап, анын ажайып жамалын көккө көтөргөн элем. Себеби учурунда Камила жаш кыз эле, башкача айтканда, анын башы ачык болчу. Эми анын күйөөсү бар, бала-чакалуу аял. Элибизде үй-бүлөлүү аялдарга «көз артышпайт». Бул мусулман элдеринин улуу салттарынын бири. Ошол себептен улам мен да ушул чыгарманы жазуу учурунда мүмкүн болушунча улуттук каадаларды колдонууга аракет кылдым...

Балким Кабыл өмүрлүк жарын менден кызганбас. Кандай болгондо да ал Камила менен мен аркылуу таанышты. Мындан тышкары, Камиланын азыркы курагында анын тышкы сулуулугун сүрөттөш анча туура болбойт. Бул куракта аялзатынын тышкы сулуулугунан көрө ички дүйнөсүн сүрөттөө туура болор эле.

* * *

Камила өзү ким? Ал биздин турмушубузга кайдан кирип келди? Ал тагдырдын курмандыгыбы же каармандыбы? Же сиздин боорукуз оорусун деген ой менен табылган бир образбы? Келечекте ал балким кыздарыбыз үчүн идеалга айланып, ага суктанган инсанга айланып кетер. Акыры андан жаштарыбыз үлгү алса арзый турган касиеттери чоң мааниге ээ. Камиладан кыздарыбыз көп нерсени үйрөнсө болот. Камила биринчи кезекте жакшы кыз. Жүрөгү таза инсан. Колунан жакшылык гана келе турган жан. Анын үстүнө ал өмүрлүк жарына берилген, кайната-кайненесине кичи-пейил келин, тууган-урукка мээримдүү, дос-жарларына ишеничтүү дос. Ал сабырдуу, мээнеткеч инсан, бала-чакасына мээримдүү эне... Бүткүл өмүрүндө эч качан эч кимди саткан эмес, бирөөгө жамандык кылган жок. Жүрөгү таза, улууга урмат, кичүүгө ызаат көрсөтүп жашоону адат кылган. Камила жалган сүйлөгөндү билбейт. Өткөндөрдү эсине сактап жашайт. Келечекке үмүт менен карайт. Арзуу-каалоолор менен жашап келет...

Дал ушул сапаттары анын балдарына да өткөн. Энеси жакшы, атасы жакшы болсо алардан эч качан жаман

перзент төрөлбөйт. Акыры шекерге шекер кошулса, ал эч качан ууга айланып кетпейт го. Анын үстүнө алардын ата-энелери да жакшы адамдар болушкан. Ынсаптуу адамдардан кантип жаман муун калсын? Алла тааланын кудуретин караңыз. Эки адамдан үчүнчү адамды жаратат. Атасынан каш алса, энесинен көз алат, биринен бой көчүрсө, экинчисинен үн алат. Балдарынын пейилдерин айтпайсызбы? Табият ата-эненин кулк-мүнөзүн алардын перзенттерине ушунчалык тактык менен аралаштырып берип коёт экен, аны сырттан байкаган адам дароо байкап коёт. Бирок, бул баланын кимге окшоштугун эч ким аныктайта албайт. Себеби, бала бирөөгө атасын эстетсе, дагы бирөөгө энесин эстетип турат. «Сүт менен кирген, жан менен чыгат» деп ушуну айтышса керек. Ошондуктан Фарангиз да, Айбарчын менен Фарух да бардык жерде башкаларга үлгүдүр.

Убакыт — эч кимге карматпаган ат. Аны эч качан эч ким кармап калган эмес жана анте албайт да. Ал сайдагы суу сыяктуу агып кете берет. Күндөр артынан күндөр, айлар артынан айлар кубалашып келе беришет. Мына, антип-минткиче Фарангиз дагы бойго жетип калды. Быйыл ал университетке сыноо тапшырат. Айбарчын болсо орто мектепти бүткөнү турат. Кенжеси Фарух сегизинчи класста окуп жатат. Балдары чоңоюп калган Кабыл менен Камиланын да тышкы иштери ого бетер көбөйүп кетти. Кечээ эле эмне берсе жеп, алып бергенди кийип жүргөн балдар эми бойго жетип калышты. Ар биринин өзүнө жараша мүдөөсү, пикири, ой-жүгүртүүсү, арзуу-каалоолору бар. Бири юрист болууну кааласа, экинчиси врач болом дейт. Үчүнчүсү экономист болгусу келет. Адатта тунгуч балдар негедир ата-энесинин жаштык жылдарына окшош болушат. Ортончулары болсо алардын орто жашын, кенжелери өмүрүнүн акыркы жылдарындагы тышкы көрүнүшүн эстетип турушат.

Жогорку окуу жайларына кирүү сыноолору башталды. Фарангиз документтерин университеттин юридикалык бөлүмүнө тапшырды. Ал мектепти алтын медаль менен бүтүргөн. Бүгүн абитуриенттер тест тапшырышууда. Университеттин короосуна ата-энелер толуп алышкан. Төр жактагы скамейкада Кабыл менен Камила отурушат. Ушул учурда Камиланын көзү бет маңдайынан өтүп бараткан бир аялга түштү. Бул аялды кимдир бирөөгө окшотуп жиберди. Ооба, аны бир кездерде көрүп жүргөн. Камиланы көрүп, ал аял дагы аны таң кала тиктеп калды.

— Сиңдим, кечиресиз, кокусунан атыңыз Камила эмеспи? — деди Назира бир мезгилде о дүйнөгө кеткен курбусу Гүланданын кызына узак тигилип.

— Сиз Назира эже болосуз ээ? Саламатсызбы! — Бул эже кимгедир окшош деп ойлонуп аттым эле — деди Камила Назирага кучагын ачып.

Алар кучакташып көрүшүп бүткүчө бир аз көз жаштарын да төгүп алышты.

— Сизди көрүп кайрадан Гүландамды көргөндөй болдум, Камилахан. Сиз энеңизге ушунчалык окшошсуз, карап туруп таң калдым. Сак-саламат жүрөсүзбү? Өзү да акыркы ирет кыз бала кезиңизде көргөн элем. Мына, чопчоң аял болуп калыпсыз. Үй-бүлөңүз, балдарыңыз болсо керек?

— Ооба, айтмакчы, таанышып алыңыздар. Бул киши менин өмүрлүк жарым. Аты Кабылжан,— деди Камила Назирага күйөөсүн көрсөтүп.

— Ие, жаңылышпасам бул жигит дагы өзүбүздүн кыштагыбыздан болсо керек эле. Ушундайбы?

— Саламатсызбы, Назира эже. Мен да сизди дароо тааныдым.

— Ко-ош, бул жерде неге отурасыздар?

— Уулубуз тест тапшырганы кирип кеткен эле. Ошону күтүп отурабыз. Өзүңүзчү? Кимди күтүп жатасыз?

— Неберем тест тапшырып жатат.

— Чын элеби? Кайсыл факультетке кирип жатат?

— Англис тили боюнча.

— Өзүңүзгө окшогусу келиптир да?

— Мен аны бала кезинен даярдай баштагам. Мархабо англис тилин бир кыйла өздөштүрүп алган. Ал менин тунгуч неберем... Камилахан, өзүңүз канча балалуу болдуңуз?

— Менин үч балам бар, эки уул, бир кыз.

— Ээ, кап десең... апаңыз Гүландам тирүү болгондо мага окшоп неберелеринин чоңойгонун көрүп жүрмөк...

— Эмнесин айтасыз, Назира эже...

— Атаңызчы, жакшы жүрөбү?

— Рахмат, жаман эмес... Дагы жакшы бактыма атам бар экен...

— Мен ар дайым сизди көргөндө так эле курбум

Гүланданы көргөндөй болом. Иши кылып тагдырынар окшош болбосун. Апаңыздын өмүрүн да сизге берсин кудай...

Ушул учурда ичкериден Фарангиз чыгып, ата-энеси отурган жерге келди. Камила уулун Назира менен таанышты. Алар эми эле таанышып турушканда Назиранын небереси Мархабо да акырын басып чоң энесинин жанына келди. Ал Камила менен кол алыша учурашып жатып чоң энесине кайрылды:

— Чоң эне, үйгө кетелиби эми? Тесттин жыйынтыктарын кечирээк айтышат экен. Анан келип билебиз...

Ушул жерде Камила менен Назира коштошуп, үйлөрүнө жөнөп кетишти...

* * *

Меймандарды Шафаат эже күтүп алды. Ал Камила менен Фарангизди беттеринен өөп көрүшүп, Кабыл менен кол берип учурашты.

— Куш келипсиздер, кызым, кайсыл шамал учурду? Сиздерди көрө турган да күн бар экен ээ?

— Фарангиздин шамалы,— деп тамашалады Кабыл уулуна көз кысып.

Камила болсо Шафаат эже менен кучакташып көрүшүп, анын ал-абалын сурай баштады:

— Өзүңүз тынч отурасызбы, эже? Жалгыз кыйналып калган жоксузбу? Кудай кааласа Фарангиз окууга өтүп калса, ал сиз менен бирге турат...

— Ошондойбу уулум? — деди Камила Фарангизди карап.

Фарангиз болсо унчукпады.

— Кудайга шүгүр, чоң жигит болуп калыптыр,— деди Шафаат эже анын маңдайынан дагы өөп. — Мен дагы картайып калдым. Үч-төрт күндүк өмүрүм калдыбы, жокпу, билбейм. Фарангиз мында келип алса, кароонузду уулуңуздун колуна таншырып алсам арманым калбайт эле,— деп көзүнө жаш алды Шафаат эже.

...Үй ичинде баары сарамжалдуу, жыйнактуу, май тамса жалагыдай таптаза эле. Камила Шафаат эжеге ушунча жылдардан бери бул үйдү шыпырып-сыйрып таза кармап отурганы үчүн ыраазычылык билдирди...

* * *

Эртең Камиланын туулган күнү. Бирок, ушул жашка келип ал бир жолу да туулган күнүн белгилей элек. Себеби ал төрөлгөн күнү апасы Гүланда көз жумган. Ошондуктан Камила ар жылы туулган күнү мазарга барып апасынын урматына куран окуп тилават кылат. Ошон үчүн Кабыл жыл сайын бул күнү эки гүлдесте алып келет. Бирин Камилага берип, экинчисин көтөрүп мазарга барышат. Ошондон болсо керек, Камила туулган күнүнө анчалык маани бербейт. Бирок, балдарынын туулган күндөрүн эң сонун кылып өткөрүп берет.

* * *

Камила эртелеп эле уулу окууга өтүп калганынан көңүлү ток ишине келди. Уулу университетте окуса сүйүнбөй карап турмак беле. Кудай кааласа, Фарангиз жогорку билимдүү юрист болот. Ал мыйзам бузуучуларга каршы күрөшөт. Адилеттүүлүк үчүн кызмат кылат. Кор болгондорду коргойт. Адилеттүүлүктү табыш үчүн жанын да аябайт...

* * *

Арадан дагы үч жыл өттү. Бул убакыттын ичинде Айбарчын орто мектепти аяктап, университеттин медицина факультетине өттү. Ал өзү эңсегендей дарыгер болот. Камиланын кызы Айбарчынга доктор Акрамалиевдин уулу Асрар лекция окуйт. Алар жакында Камила менен факультеттин имаратынын короосунда жолугушуп калышты. Атасы да, апасы да пенсияда экен. Асрар эки кыз, бир уулду болуптур. Жашы кыйлага барып калган. Чачтары аппак. Бирок, көздөрү ошол бойдон экен. Адам картайса да, анын көздөрү өзгөрбөйт экен. Мындан бир нече жыл мурда алар кандай болсо, азыр ошондой эле жайнап турат...

* * *

Асрар дагы үйлүү-жайлуу болгон. Севара анын кызын Камиланын чоң уулуна алып берсек бекен деп жүрөт. Камила эжеси Севара менен барды-келди болуп катта-

шып турушат. Алар менен бирге Асрар дагы үй-бүлөсү менен Ошко келип-кетип турат. Алардын мамилелери жакшы. Буюрса эртең-бүрсүгүнү эле алар куда болуп калышы мүмкүн.

Санабархан эже менен Шакир ата да неберелерин багып чал, кемпир болуп отурушат. Уулдарынын баарынын астында машина. Ар биринин өзүнүн үйү бар. Шакир атанын короосу бейиштей эле. Жүзүм, бий алма, нак баары сонун. Алардын үзүрүн неберелери көрүшөт.

* * *

Дилфуза менен Максуд да бири-бирине сүйөнүп калышкан. Сиявуш күнү-түнү ишканасынын иштери менен алек. Ата-энесин өтө этияттайт. Аларсыз бир пияла чай да ичпейт... Кечинделери иштеп келген соң атасынын буттарын укалап берет...

* * *

Камила жакында келиндүү болот. Кабыл эртең-бүрсүгүнү кайната аталат. Убакыттын өтүшүн карабайсызбы. Кечээ эле өзүлөрү келин-күйөө эмес беле! Мына бүгүн болсо уулкыздарын үйлөп-жайлай турган болуп турушат. Тууган-урук менен кеңешкенден кийин Фарангизге Асрардын кызы Согдиананы алып бермек болушту. Тойго даярдык башталып кетти. Жигит менен кызга бир-биринин сүрөтүн гана көрсөтүп тим болушту. Аларды жолугуштуруп отурушпады. Фарангиз кыз тандоону ата-энесине тапшырып койгон эле. «Сиздерге жакса эле болду, үйлөнө берем» деген ал атасына. Ата-эне перзентине жамандык кааламак беле? Айрыкча Кабыл менен Камиладай инсандар... Фарангизге болсо үй даяр. Шаардагы үйдү Максуд Камиланын атынан Фарангизге өткөрүп берди. Алар келип экөө ошол үйдө жашап, окушат... Тойду болсо албетте кыштакта, өз короосунда өткөрөт... Кабыл уулуна «Мерседес» тартууламак болуп жатат. Той болсо ушундай болсун!..

* * *

Эң кубанычтуусу ушунда эле. Камила күн өткөн сайын өзүнүн аянычтуу өтмүшүнөн ыраактап баратат. Анын жүрөгүндөгү жарасы таптакыр айыгып баратканда туюлат. «Убакыт ар кандай жараатты дарылайт» деген туура экен. Бүгүн анын көңүлү илгеркидей жарым-жарты эмес. Эми Камиланын боору бүтүн эле. Айланасында сүйөнүүчү тоолору бар. Акыркы учурларда ал кайгы-капа эмне экендигин биротоло унутуп жиберди десе болот. Ал бул Ааламда эч качан кайгырбагандай, азап чекпегендей сезет өзүн. Тескерисинче, дайыма ушундай көтөрүңкү рух менен, төрт тарабы төп келген турмушта жашап келе жаткандай...

Кызынын бактылуу — шаттуулугуна Максуд да ыраазы болуп көңүлү ток. Ал өмүр бою ушундай күндөргө жетүүнү эңсеп келбедиби беле. Акыры ниетине да жетти. Кудай буюрса неберелеринин тоюн көрөт, кийинчерээк чеберелүү болот... Баарыбызга мына ушинтип перзенттерибиздин бойго жеткенин көрүү буюрсун, ылайым.

* * *

Убакыт өткөн сайын той күнү жакындап келе жатат. Никелешүү күнү жакындаган сайын Камиланын тынчсыздануусу күчөдө. «Чын эле ушул күндөргө жеттимби?!» дейт ал өзүнчө. «Эй, алла таалам, сенин ушунуңа шүгүр. Бир кездерде сага шек келтирип ыйлаган болсом кечир. Бүгүн сага өз ыраазычылыгымды кантип билдирүүнү билбей турам. Берген бактыңа шүгүр, жарык күндөрүнө кулдук урам!» — деп Камила эми эле көзүнө жаш алып турган эле, кокусунан кайыптан бир жуп шапалактай-шапалактай көпөлөктөр учуп келишип өз ара айлана уча башташты. Алар бир-бирин кубалашып Камиланын баш жагына келишип учуп жүрүштү. Бул көпөлөктөрдүн канаттары ушунчалык кооз эле, мындайды мен эч жерден көргөн эмесмин. Күрөң түстүү кымкапка басылган биринен бири кооз гүлдөр сыяктуу. Сыртынан алтындын буусу сүртүлгөндөй... Кээде алар учуп келип Камиланын бети башынан сылап-сыйпалашат. Алар Камиланы өөп жаткандай туюлуп жатты. Ооба, бул эки мейман Гүланда менен Айбарчын эже эле... Ошол күнү Камиланын эсине апасы түшүп, бекитип койгон жерден Гүланданын эски альбомун алып чыгып, аны бир-бирден баракатай баштады. Альбомдун орто ченине келгенде анын көзү дагы ошол тааныш сүрөткө түштү. Сүрөттөн жапжаш ата-энеси аны унчукпай тиктеп турушту. Камила

бул сүрөттү көпкө чейин ойго термелип отуруп, башынан өткөн күндөрүн бир-бирден көз алдынан өткөрдү...

Той болордун алдында Санабархан эже уулунукуна келип алды. Ал үч-төрт күндөн бери Камилалардыкына келинге бериле турган көрпө-төшөктөрдү кавып жатат. Санабархан эже кызыл жакандоздун үстүндө отуруп, келини Камилага минтти:

— Балам, Фарангиз менен Фарухтун тою эсиңиздеби? Убакыттын өтүшүн караңызчы. Кечээ эле небереларимдин колун алалдаган элек. Ошого он беш жылча болуп калыптыр. Эсиңдеби? Ажайып той болгон ээ?

— Ырас эле карасаңыз. Күн өтө берет тура. Сезбей да калыппыз...

— Кудам бечара укмуш киши да, экөөнө эки тай жасалгалап алып келген. Анда Фарух кичинекей эле. Фарангизди атасы көтөрүп тайга мингизгени али да көз алдымда турат...

— Өзү да чоң той болгон эле да. Ошол тойдо атамдын бийге түшкөнүн көрүп ичимден кубангамын. Атам өзү да бир жазылып алган эле небереларинин тоюнда. Дагы жакшы бактыма атам бар экен. Тойдун башынан аягына чейин туруп берген. Берки атамды го айтпай эле коёюн. Бир жума бою тыным билбеди... Ылайым экөөнүн тең өмүрлөрү узун болсун. Бактыбызга дайыма саламат жүрүшсүн. Дагы жакшы ошолор бар экен. Кудайга шүгүр кудай кааласа келининин алаканына да өздөрү май салышат...

— Туура айтасыз. Улуулардын баары жакшы да кандай болгондо да. Жаштардын боору бүтүн болот. «Бешик тойлорду» айтпайсызбы кызым. Армансыз өткөрдүк го. Иши кылып дайыма тойго жеткирсин жараткан, өлүм болбосун.

* * *

Ушунчалык да жарык болот экен ээ, дүйнө. Ал туптунук сууга окшоп турат. Аалам ушунчалык жарык, анын тазалыгынан көкмөк асманда сүзүп бараткан аппак-аппак булуттардын ичи да көрүнүп турат. Айрыкча бактылуу күндөрдө ал ого бетер нурлуу болуп кетет... Бул аалам-да сен өзүңдү кудум туптунук көл түбүнө чөгүп кеткендей сезесиң. Бул дүйнөнү мен эң таза хрусталга окшоткум келет. Түндөлөрү бул жарыктык «адамдардын көз

нурун алып койбоюн» дегендей кайдадыр жашынып алат. Таң заарында болсо бекинип алган жеринен бой көрсөтүп дагы бардык жакты нурга, жарыкка бөлөйт. Анын ар бир кичинекей бөлүкчөсү көзүбүздүн тереңине сиңип, жүзүбүздү жарык кылсын, дилибизди тазартсын, кыялдарыбызды өндөсүн, гүлдөтсүн. Биз дүйнөнүн өзүндөй жарык арзуулар, жаркын үмүттөр менен жашайлык жана бизге ушундай бакытты ыйгарган алла таалага ак тилектерибизди айталы...

* * *

Жараткан баарыбызга нысап берсин. Ал Дилабза сыяктуу каразгөй аялды да мусулман кылып он жолго салып койду. Азыр ал күнүнө беш убак намаз окуйт. Өмүрүнүн ар бир ирмемин тооба кылып өткөрүүдө. Алла таалага өзүнө көрсөткөн кең пейилдиги үчүн шүгүр деп жүрөт. Жараткандын пейили кең. Ал баарыбызды мурат-максатыбызга жеткирүүгө даяр. Бир гана нээтибиз калыс, туура болсо болгону.

Бул дүйнөдө эч ким жасаган күнөөлөрү үчүн жазадан качып кутула албайт. Ар бир нерсенин эсеп-китеби бар. Эсиңиздеби, Кабылдын бир курсташы бар эле. Исраил деген. Ал Кабылга каршы жамандык иш уюштурган эле ошондо. Жакында ал өз аялын жат эркек менен кармап алды. Бала көрбөй, бир тырмакка зар болуп жүрөт. Аны шаарда тааныбаган эркек жок экен. «Бирөөгө ор казсаң өзүң түшөсүң» деген сөз чын тура. «Өч алуу кайтат». Мурда бирөө бирөөгө жамандык кылса кырк күндө кайтса, айрым учурда кырк мүнөттө кайтып жатат. Ошондуктан сиз эч кимге эч качан жамандык кыла көрбөңүз. Өзгөнүн жашоосуна чаң салбаңыз. Бардык улууларды ортого салып айтамын, эч кимге кудук казбаңыз. Тескерисинче бири-бириңиздерге жакшылык кылыңыздар. Колуңуздардан келсе, албетте. Келбесе сооп иш кылбаңыз, мейли. Бирок, күнөө ишке да кол созбоңуз. Сизден ушуларды өтүнүп сураймын.....

* * *

Бүгүн той. Фарангиз менен Согдиананын никелешүү кечеси болот. Эртең менен аларга мечитте нике окушту, ошентип алар алла таала алдында эрди-катын болушту.

Кийин расмий каттоодон өтүштү. Эми алар мыйзам алдында да, алла таала алдында да эрди-катын.

Камила уулу менен келининин төрдөгү столдо отурушканын карап туруп көздөрүнө жаш алды. Бул анын кубанычынын жана мээриминин жаштары эле. Ооба, ооба, жакшы күндөр үчүн сактап жүргөн бакыт тамчылары. Жана суктануунун да тамчылары. Алла таала адамды кызык эле кылып жаратып койгон экен. Капаланса да, кубанса да көзүнө жаш алат. Эмне үчүн мындай? Көз жашы... Ал кайдан келет өзү? «Көз коркок, кол баатыр» деп да коюшат. Эмне, көздөр коркоктугунан ыйлаак болуп калышканбы? Деги эле көз жашы эмне үчүн шордуу болот? Алла тааланын кудуретин караңыз. Ырайымдуулугунан адамзат үчүн дагы бир ирет боорукерлик кылыптыр. Арган түгөнгөндө ыйлап алышка мүмкүнчүлүк бериптир. Пенделерине көз жаш атаптыр. Бирок, башынан өтө оор күндөр өткөн инсан гана бактылуу күндөрдө жаш алышы мүмкүн. Анда эмне үчүн инсан жакшы күндөрү да ыйлайт? Себеби, жарык күндөргө жеткен жүрөк кара күндөр артта калганына сүйүнүп эзилет...

Бул жолу бир эле Камиланын эле эмес, балким анын бардык жакындарынын көздөрүнөн жаш тамчылап жатат. Максуддун да, Санабархан эженин да, Шакир атанын да... Анткени, алар дүйнөдө ушунча жыл жашап биринчи ирет небере тоюна катышып жатышкан эле. Мына ушундай күндөргө жетип келгендерине кубанып көз жаштарын төгүп жатышат. Кабылдын көздөрү да нымдашкан. Азыр анын көңүлүнөн эмнелер өтүп жатты экен? Ал да сүйгөнү Камила менен мына ушундай жаркын күндөргө жетип келгенине сүйүнгөндөгү көз жаштардыр... Шафаат эжечи? Ага ыйлашты ким коюптур? Ал бул үй-бүлөнүн мүчөсү деле эмес ко! Фарангизге деги эле жети атасы кошулбаса... Бирок, мен аны жакшы түшүнүп турам. Шафаат эже Камиланын мына ушундай бактылуу күндөргө чейин жетип келгенине сүйүнгөнүнөн ыйлап жатат.

* * *

Той улантылууда. Куунак ыр-күүлөр жаңырат. Жаштар бири коюп бири бийге түшүүдө. Музыка күүлөрү баарынын жүрөгүн кытыгылайт. Кулактар аркылуу жан дүйнөнө кирип, жүрөктүн күү тамырларын титиретет, колубутун тез кыймылга келтирет. Далылар, каштар кыймылга келет. Көкүрөктөр калтырайт. Көздөр да бийге түшүшөт.

Тойго бүткүл кыштак көчүп келген. Бала-бакыралардын ыраазылыктарын айтпайсызбы. Бүгүн бул жерге эки аял да келишкен. Бирок, аларды эч ким көрө албайт... Аларды көрүш шарт деле эмес. Эң негизгиси, алар баарын көрүп турушат. Ошонун өзү алар үчүн жетиштүү...

Ооба, биз дал ушул жерде баяныбызга чекит коюп, кайра көрүшкөнчө кош бол, Камила деп коштошуп калабыз...

МАЗМУНУ

I ГЛАВА 3
II ГЛАВА 41
III ГЛАВА 79
IV ГЛАВА 118
V ГЛАВА 158
VI ГЛАВА 199

Адабий-корком басылма

Каримов Рахим

КАМИЛА

Редактору *Р. Сакелова*
Тех. редактору *В. Крутякова*
Сүрөт редактору *Б. Жайчыбеков*

Басууга 17.01.05 кол коюлду. Форматы 84x108$^{1}/_{32}$. Колому 15,0
басма табак. Нускасы 10000. Заказ № 2136.

Т. Суванбердиев атындагы «Кыргызполиграфкомбинат» ААК
«Шам» басмасы
720005, Бишкек, Т. Суванбердиев көчөсү 102



Рахим Каримов – акын, жазуучу, котормочу 1960-жылы Ош шаарында туулган. Шаардагы Нариманов, Октябрдын 50 жылдыгы атындагы мектептеринен билим алган. 1986-жылы Москвадагы М. Горький атындагы Адабият институтун бүтүргөн. Өзбек, кыргыз, орус тилдеринде жазат.

Ырлары, аңгемелери, повесть жана романы облустук, республикалык, бүткүл союздук, эл аралык басылмаларда басылган. Онго жакын китептердин автору. Республикалык Молдо Нияз атындагы адабий сыйлыктын ээси. «Камила» романы 2000-жылы Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгына сунуш кылынган.

Кыргызстан Журналисттер жана Жазуучулар кошундарынын мүчөсү.